. Ж. ОСМОНОВ
. С. МЫРЗАКМАТОВА

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ:

## УРУНТТУУ УЧУРЛАР

10

(байыркы доордон XIX к. ортосуна чейин)



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:***
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

Ө. Ж. Осмонов, А. С. Мырзакматова

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ:
## УРУНТТУУ УЧУРЛАР
## (БАЙЫРКЫ ДООРДОН XIX к. ОРТОСУНА ЧЕЙИН)

Орто мектептин 10-классы үчүн окуу китеби

Ондолуп, толукталып экинчи басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

«Билим-компьютер»
Бишкек – 2012

УДК 373. 167.1
ББК 63.3 (2Ки) я 721
О–74

**Осмонов Ө., Мырзакматова А.**
Кыргызстандын тарыхы: урунттуу учурлар. Орто мектептин 10-кл. үчүн окуу китеби. – Онд., толук. 2-бас. – Б.: «Билим-компьютер», 2012. – 240 б.: ил.
О–74
ISBN 978-9967-452-06-0

О 4306020600–12

УДК 373. 167.1
ББК 63.3 (2Ки) я 721

© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© Осмонов Ө., Мырзакматова А., 2012
© «Билим-компьютер», 2012

ISBN 978-9967-452-06-0

## *КЫМБАТТУУ ОКУУЧУЛАР!*

*Окуу китеби Кыргызстандын эң байыркы доордон XIX к. ортосуна чейинки тарыхынын урунттуу учурларына арналды. Кыргыз этносунун пайда болушу, алардын Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөшү, Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн негизделиши жана өнүгүшү, азыркы Кыргызстандын чектериндеги саясий, социалдык-экономикалык жана маданий процесстер, кыргыз элинин калыптанышы жана көз карандысыздык үчүн күрөшү бул мезгилдин негизги өзгөчөлүгү болгон.*

*Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин республикабыздын тарыхын объективдүү чагылдырган оригиналдуу окуу китептери жазыла баштады. Кыргызстандын байыркы доордон XIX к. ортосуна чейинки тарыхын силер 6-, 7- жана 8-класстардан окугансыңар. Эми аларды жыйынтыктап, ошол мезгилдеги орчундуу окуяларды бирдикте карап, тереңдетип окууга киришесиңер.*

*Китепти жазууда авторлор тарыхый окуяларды адаттагыдай* ***хронологиялык тартипте*** *горизонталдуу баяндоого аракеттендик. Бул тарыхый маселелерди баштан аяк бирдиктүү кароого, аларды комплекстүү үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Буга чейин окуу китептеринде кеңири чагылдырылган маселелерге азыраак, ал эми көмүскөдө калып келген окуяларга көбүрөөк орун берилди.*

*Окуу китеби орто мектептин 10-классына арналгандыктан, айрым талаш-тартыштуу маселелер боюнча автордук тексттин ичинде ар кайсы доордо жашаган түрдүү көз караштагы тарыхчылардын эмгектеринен, тарыхый булактардан үзүндүлөр, документтүү материалдар берилди. Окуу китебинин мындай түзүлүшү силерди өз алдыңарча ой жүгүртүүгө, тыянак чыгарууга үйрөтөт деген ишеничтебиз.*

*Билим сапарыңар байсалдуу болсун!*

## § 1. ТАРЫХ ИЛИМИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК

**Тарых сабагы эмнени окутат?**

Гуманитардык билим берүү адистерди мезгил талабына ылайык даярдоодогу маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Анткени ал жеке адамдын интеллектуалдык жактан өнүгүшүнө түрткү берип, анын чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Тарых илими байыртадан эле гуманитардык илимдердин маанилүү тармагы катары эсептелет.

**Тарых – адам коомунун өткөндөгүсү жана азыркы учуру, коомдук турмуштун ар кыл формаларынын мейкиндик-убакыт өлчөмдөрүндө өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим.** Тарыхтын мазмунун адамзат турмушундагы өзгөрүүлөр, сакталып калган тарыхый эстеликтер менен булактардагы маалыматтар түзөт. Алар аркылуу элдердин, мамлекеттердин чарбасын, ички жана тышкы коомдук турмушун, тарыхый инсандардын ишмердиктерин билебиз.

Ушундан улам, *Кыргызстан тарыхы – биздин Ата Мекенибиздин өнүгүү процессин, байыркы доордон бери Кыргызстандын аймагында жашаган этностордун, биринчи кезекте кыргыздардын тарыхын, мамлекеттик жана коомдук институттардын калыптанып өнүгүшүн, тарыхый инсандардын ишмердигин окута турган илим десек болот.*

Тарыхый процесстин татаалдыгына байланыштуу тарых илими да көп тармактуу. Ал социалдык, граждандык, согуштук тарых, экономиканын, саясаттын, диндин, укуктун ж. б. тарыхы деген өз алдынча тармактарга жиктелет. Адамдардын өткөн турмушунан калган **заттык эстеликтер** – эмгек куралдарынын, үй-тиричилигинин калдыктары, кооздук жасалгалар, ошондой эле турак жайлар, көрүстөндөр, казыналар ж. б. аркылуу тарыхты изилдеген **археология** жана элдердин турмуш-тиричилигин жана маданиятын изилдөөчү **этнография** да тарых илимдерине кирет.



Тарых өзү окута турган объекттин көлөмү боюнча дүйнө тарыхы (бүткүл дүйнөлүк же жалпы тарых), континенттердин (мисалы, Азия жана Африка тарыхы), айрым бир өлкөлөрдүн, элдердин же элдердин тобунун тарыхы (мисалы, Кыргызстан тарыхы) болуп бөлүнөт.

Тарыхты изилдөөдө ага жардамчы илимдер зор көмөк көрсөтөт. Алар адам коомунун конкреттүү жактарын атайлап изилдөө аркылуу тарыхый процессти терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алсак, убакытты эсептөөнүн системасын – *хронология*; жазуу эстеликтерин жана жазуунун тарыхын – *палеография*; тыйын, медалдар, ордендер, акча системасын, соода тарыхын – *нумизматика*; таштагы, чоподогу, металлдагы жазууларды – *эпиграфия*; элдердин, уруулардын, жеке адамдардын келип чыгышын – *генеалогия* (санжыра); өлкөлөрдүн, шаарлардын, жеке инсандардын гербдерин – *геральдика*; мөөрлөрдү – *сфрагистика*; географиялык аталыштардын келип чыгышын – *топонимика*; тигил же бул жерлердин, аймактардын тарыхын – *край таануу* ж. б. атайылап изилдейт.

Тарыхтын көмөкчү тармактарынын ичинен өзгөчө орун тарыхый булактарды изилдөөгө арналган *булак таанууга* (источниковедение) жана тарых илиминин өнүгүшүндөгү тарыхчылардын көз караштарын, идеяларын жана концепцияларын талдаган *тарых наамага* (историография) таандык.

Тарых азыркы адамзатка кызмат кылып жаткан илимдин дүйнөдөгү эки миңдей тармактарынын ичинен эң байыркысы, нарктуусу жана барктуусу. ЮНЕСКОнун рейтинг таблицасында тарых азыркы илимдердин ичинде төртүнчү орунда турат. Тарых илимдин башка тармактары өзгөчө философия, социология, саясат таануу, психология, укук таануу, адабият таануу, экономика теориясы, ал тургай физика, математика, астрономия, биология өңдөнгөн табигый илимдер менен да тыгыз байланышта өнүгөт. Бирок алардан айырмаланып, тарых коомдун өнүгүү процесстеринин ар кыл жактарын бир тутумда карап, коомдук турмуштун бардык жактарын (экономиканы, саясатты, маданиятты, турмуш-тиричиликти ж. б.) бири-бири менен байланышта талдайт. Илимдин азыркы кездеги тармактары адам коомунун өнүгүшүндө өздөрүнүн тарыхына ээ. Ошондуктан илимдин жана искусствонун бардык тармактарынын (физиканын, музыканын, астрономиянын, кинонун ж. б.) өздөрүнүн тарыхы бар. Тарых менен башка илимдердин ортосунан тарыхый география, тарыхый геология сыяктуу тармак аралык илимдер калыптанып өнүгүүдө.

**Тарыхый таанып-билүүнүн функциялары**

Тарых бир катар социалдык функцияларды аткарат. Биринчиси – *таанып-билүү*. Анткени тарыхты окуган адам элдердин, мамлекеттердин өнүгүшүн объективдүү чындыктын негизинде үйрөнүп, адамзат тарыхы боюнча өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин байытат.

Экинчиден, тарых *саясий-практикалык* функцияны аткарат. Себеби бул илим тарыхый фактыларды теориялык жактан терең талдоо менен, коомдун өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт. Бул илимий негиздеги саясий багытты аныктоого, субъективдүү чечимдерден оолак болууга өбөлгө түзөт. Өткөн тарыхты билбей туруп кыргыз коомун бириктирүүчү улуттук идеологияны иштеп чыгуу мүмкүн эмес.

*Дүйнө таануу* – тарых илиминин үчүнчү функциясы. Тарых өткөндөгү тарыхый маанилүү окуялар, тарыхтын өнүгүшүнө салым кошкон инсандар, ойчулдар жөнүндө документалдуу повесттерди жаратат. Тарых түзгөн объективдүү чындык – окуучунун дүйнөгө, коомго, анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнө терең түшүнгөн илимий көз карашынын калыптанышына жардам берет. Тарыхты изилдөөдө жана үйрөнүүдө фактылардын ролу өтө зор. Коом жөнүндөгү илим фактыларга таянат. Фактылар тарых илиминин пайдубалын түзөт. Тарыхый жыйынтыктар илимий негизде болушу үчүн тигил же бул тарыхый процесс, окуя боюнча бардык фактыларды чогултуу, аларды терең талдоо зарыл. Ошондо гана объективдүү тыянакка келип, таанып-билүүнүн илимий негиздүүлүгүн камсыз кылууга болот.

Тарыхтын *тарбиялык таасири* өтө чоң. Бул – анын төртүнчү функциясы. Бардык элдердин тарыхын, жалпы тарыхты билүү адамдын граждандык мүнөздөрүн – патриоттуулук жана интернационалдык сапаттарын калыптандырат; коомдук өнүгүүдөгү элдердин, айрым граждандардын ролун аныктайт; адамзаттын адепахлактык эрежелерин аңдап билүүгө мүмкүндүк берет; адамдык абийир, коом алдындагы милдет өңдүү дөөлөттөрдү баалоого, коомдогу жана адамдардагы жакшы-жаман сапаттарды ажырата билүүгө, жакшы эмес сапаттардын коомго, адамдардын тагдырына тийгизген кесепет-таасирин аңдай алууга мүмкүндүк берет.

Улуу Конфуций: «*Келечекти аңдап билүү үчүн өткөн тарыхты үйрөнгүлө*», – деген. Анткени тарыхты үйрөнүү тарыхый түшүнүктөр менен ой жүгүртүүгө, коомду тынымсыз өнүгүүдө кароого, учурдагы коомдук турмушту өткөн мезгил, доор менен салыштырып баалоого, келечекке илимий негизде көз жүгүртүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Учурду, өткөн турмушту жана келечекти, тарыхый биримдикте, хронологиялык жана диалектикалык байланышта кароо – тарых илиминин эң негизги милдети.



**Тарых илиминин методологиясы (изилдөө ыкмалары)**

Тарыхты изилдөө жана үйрөнүү ыкмалары башкы маселелерден. Мындан эки миң жылдай мурун эле тарыхый ой жүгүртүүдө эки негизги багыт пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин тирешип, талашып, өнүгүп, жашап келүүдө. Алар: тарыхты *идеалисттик* жана *материалисттик* түшүнүү.

Тарыхты идеалисттик түшүнүү концепциясын жактоочулар материя менен жаратылышка караганда рух менен аң-сезим биринчи жана маанилүү деп эсептешет. Ушуга байланыштуу алар тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүн жана мүнөзүн адамдардын руху жана аң-сезими аныктайт, ал эми экономикадагы ж. б. чөйрөдөгү процесстер экинчи орунда туруп, рухка баш ийет дешет. Ошентип идеалисттер тарыхый процесстин негизин адамдардын руханий адеп-ахлактык деңгээли аныктайт, адам коомун адамдар өздөрү өнүктүрөт, ал эми адамдарга андай жөндөмдүүлүктү Кудай берген деп эсептешет.

Тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясын жактагандар тескерисинче далилдешет. Бул боюнча адамдардын аң-сезимине карата материалдык турмуш биринчи орунда турат. Экономикалык түзүлүш, коомдогу процесстер, кубулуштар рухий өнүгүүнү, адамдардын ортосундагы башка мамилелерди аныктайт.

Тарыхты түшүнүүдөгү бул эки концепция пайда болгондон бери адамзат коомундагы не деген залкар акылмандар бул экөөнүн кимиси туура деген маселенин тегерегинде баш катырып, таймашып келет. Бул күрөштүн негизинде коом жөнүндөгү илим да тынымсыз өнүгүүдө. Дүйнө тарыхында XIX к. ортосуна чейин тарыхты идеалисттик түшүнүү үстөмдүк кылып келген. Бул концепция батыштын тарых илиминде азыр да басымдуулук кылат.

Тарыхты материалисттерче түшүнүү концепциясынын өнүгүшүнө маркстык-лениндик окуу көп салым кошкон. Совет доорунда СССРдин тарых илими материалисттик көз караште өнүгүп, бир топ бийиктиктерге көтөрүлгөн. Бирок советтик тарыхнаамасынын өнүгүшүнө ошол кезде үстөмдүк кылган партиялык идеология бир топ тоскоолдук кылып, анын таптык мүнөздө өнүгүшүн талап кылган. Натыйжада советтик тарых илими бир жактуу өнүгүп, объективдүү өнүгүшүнө чоң тоскоолдуктар болгон.

Идеологиялык көзөмөлдөн кутулгандан кийин эгемендүү республикалардын тарых илими бир жактуулуктан арылып, тарыхый процесстерди илимий негизде объективдүү чагылдырууга мүмкүндүк алды. Постсоветтик республикалардын (Кыргызстан) тарых илимине материалисттик концепция мүнөздүү.

Бул негизги ыкмадан тышкары тарых илиминде: тарыхый материалдарды ырааттуулукта караган – хронологиялык; коомдо болуп жаткан окуяларды бир мезгилде окуткан – синхрон-

дук; тарыхый процесстерди мезгилдерге бөлүп караган – дихрондук; тарыхый моделдештирүү; статистикалык деп аталган ыкмалар да бар.

**Тарыхты окуунун принциптери**

Тарыхый таанып-билүүнүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн тарыхый кубулуштарды жана окуяларды үйрөнүүдө илимий принциптерди бекем кармоо зарыл. Бул принциптер тарыхый фактыларды окуп үйрөнүүдө маанилүү милдеттерди аткарышат.

Илимий принциптерге төмөндөгүлөр кирет:

*Тарыхыйлык (историзм) принциби* бардык тарыхый фактыларды, кубулуштарды жана окуяларды конкреттүү тарыхый абалга ылайык, өз ара байланышта кароону талап кылат. Ар кыл тарыхый окуяны өнүгүүдө кароо, т. а. ал кандайча пайда болгондугун, өзүнүн өнүгүшүндө кандай баскычтарды басып өткөндүгүн, аягында эмне болгондугун изилдөөнү талап кылат. Бул принцип боюнча окуяларды же адамдарды ошол учурдан бөлүп алып, абстракттуу кароого болбойт.

*Объективдүүлүк принциби* боюнча бурмаланбаган, атайлап мурда аныкталган схемаларга ылайыкташпаган фактыларга таянуу керек. Бул принцип ар бир кубулушту көп кырдан жана карама-каршы жактарынан, кемчиликтери менен жетишкендиктерин бирдикте кароо талабын коёт. Бул принциптин ишке ашышы тарыхчынын теориялык көз карашына, ыкмасына, маданиятына, адистик чеберчилигине, чынчылдыгына байланыштуу болот.

*Социалдык жактан талдоо принциби* (бул таптык же партиялуулук принциби деп да аталат) тарыхый процесстерди изилдөөдө калктын ар түрдүү катмарларынын социалдык кызыкчылыктарын эске алууну талап кылат. Бул боюнча жалпы адамзаттык кызыкчылыктар таптык же тар чөйрөнүн кызыкчылыгы менен алмаштырылат. Өкмөттөрдүн, партиялардын, жеке адамдардын субъективдүү ролу ашкере бааланат.

*Альтернативдүүлүк принциби* объективдүү турмушту терең талдоо аркылуу тигил же бул тарыхый окуянын, кубулуштун, процесстин болуу же болбоо мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Тарыхый альтернативдүүлүктү таануу ар бир өлкөнүн, элдин, тарыхый инсандардын басып өткөн жолун, ишмердигин жаңыча баалоого, пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөрүн, катачылыктарын көрүүгө, келечекте андан сабак алууга мүмкүндүк берет.

Тарыхты таанып-билүүдө аталган ыкмаларды жана принциптерди сактоо, аларды бирдикте кароо гана өткөн жашоотурмушту илимий негизде, жеткиликтүү, объективдүү үйрөнүүгө жол ачат.



**Тарыхтын негизги мезгилдерге бөлүнүшү**

Тарых илиминин орчундуу маселелеринин бири – адам коомунун тарыхый өнүгүшүн мезгилдерге бөлүү болуп эсептелет. Коомдук өнүгүүнү хронологиялык тартипте мезгилдерге бөлүүдө дүйнөдөгү бардык өлкөлөргө же алдыңкы өлкөлөргө тиешелүү чечүүчү факторлор негиз болуп келген.

Тарых илими пайда болгондон бери окумуштуу тарыхчылар коомдук өнүгүүнү мезгилдерге ажыратуунун түрдүү варианттарын иштеп чыгышкан.

Алсак, байыркы грек акыны **Гесиод** (б. з. ч. VIII–VII кк.) элдердин тарыхын беш мезгилге (кудай жараткан, алтын, күмүш, жез жана темир) бөлүп, улам кийинки мезгилде адамдардын жашоо деңгээли төмөндөйт деп белгилеген. Байыркы грек ойчулу **Пифагор** (б. з. ч. VI к.) айланпа теориясын жетекчиликке алып, өнүгүү бир гана нукта жүрөт, анын башталышы, гүлдөшү жана өлүмү бар деп эсептеген.

Немец окумуштуусу **Бруно Гильдебранд** (1812–1878-жж.) чарба жүргүзүүнүн түрлөрү боюнча адамзат коомун натуралдык чарба, акча чарбасы, кредиттик чарба деп үч мезгилге бөлгөн.

Орустун географ жана социолог окумуштуусу **Л. И. Мечников** (1838–1888-жж.) тарыхты суу жолдорунун өнүгүшү боюнча дарыя жолдорунун (байыркы цивилизация), Жер Ортолук деңиздик (орто кылымдар) жана океандык (жаңы жана соңку доорлор) жолдордун мезгили деп бөлөт.

XIX к. ортосунда **К. Маркс** (1818–1883-жж.) тарыхты материалисттик түшүнүү принцибинин негизинде адам коомун беш коомдук-экономикалык формацияга бөлгөн. Анын негизин өндүрүш ыкмалары – өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин конкреттүү биримдиги түзгөн. К. Маркстын формация концепциясы боюнча адам коому бири-бирин ырааттуу алмаштырган беш коомдук-экономикалык формациялар (алгачкы жамааттык, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик жана коммунисттик) боюнча өнүгөт.

К. Маркстан айырмаланып, батыштын окумуштуулары XX к. тарыхый процесстер, аймактык цивилизациялар айланпа боюнча бири-бирин алмаштыруу принциби менен өнүгөт деген теорияны негиздеген. Алардын көрүнүктүү өкүлү **А. Тойнбинин** (1889–1975-жж.) пикири боюнча адамзат тарыхында цивилизациянын 8 түрү жашап жатат.

XX к. 60-жылдарында америкалык окумуштуу **У. Ростоу** (1916-ж. туулган) экономикалык өнүгүү стадияларынын теориясын иштеп чыккан. Ал экономикалык өнүгүүнүн беш стадиясын (салттуу коом, өткөөл коом, «учуу» жана акырындап жылуу мезгили, бышкан мезгил, жогорку массалык керектөө эрасы) көрсөтөт. 70-жж. У. Ростоу буларга алтынчы стадияны ко-

шуп, аны адамдын турмуш шарттарын сапаттуу жакшыртуунун жолун издөө мезгили деп атаган. А. Тойнби менен У. Ростоунун теориялары батышта колдоого алынган.

Бул окуу китеби адам коомун алгачкы жамааттык коом, байыркы дүйнө, орто кылымдар, жаңы жана соңку доор деп бөлгөн дүйнөлүк тарых илиминде басымдуулук кылган концепциянын негизинде жазылды.

Ардактуу окуучулар, «Тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк» деп аталган бул бөлүмдөн силер тарых илиминин коомдук илимдердин ичинде ээлеген өзгөчө маанилүү ролун аныктап түшүндү деген ойдобуз. Өкүм сүрүп келаткан узак мезгилден бери тарых илими дүйнөнүн ар кыл өлкөлөрүндө жетишкен тажрыйбалардын негизинде байып, өркүндөп келди. XX к. улуттук тарых мектептеринин жана тарых илимдеринин ортосундагы чектер жоюлуп, интернационалдык мүнөзгө ээ болду. Кыргызстан тарыхы – жалпы тарыхтын бир бөлүгү. Аны окуп үйрөнүүдө биз дүйнөлүк тарых илиминин жетишкендиктерине таянабыз. Дүйнө тарыхынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген Кыргызстан тарыхын окуп-үйрөнүү аркылуу силер кеминде эле эки миң жылдан ашуун жолду басып өтүп, Борбордук Азиядагы эң байыркы эл аталган кыргыз элинин ары татаал, көп кырдуу жана көп сырдуу, ары катаал жана даңазалуу тарыхын зор кызыгуу менен окуп-үйрөнөсүңөр деген ишеничтебиз. Эмесе, сүйүктүү Ата мекенибиз Кыргызстандын тарыхын окуп-үйрөнүүдө силерге ийгилик каалайбыз.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Тарых сабагы, анын ичинде Кыргызстандын тарыхы эмнени окутат?
2. Тарыхтын көмөкчү тармактарына мүнөздөмө бергиле.
3. Тарыхый таанып-билүүнүн функциялары кайсылар?
4. Тарых илиминин методологиясы дегенди кандайча түшүндүңөр?
5. Тарыхты окутуунун принциптерин талдап бергиле.
6. Окумуштуулар тарыхты кандай мезгилдерге бөлүшөт?
7. К. Маркстын теориясы боюнча коомдук-экономикалык формацияларды санап, аларга кыскача мүнөздөмө бергиле?



## § 2. «МАНАС» ЭПОСУ КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫНЫН КӨӨНӨРБӨС БУЛАГЫ

«Манас» эпосу – кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхынын алтын казынасы. Бул чыгарма элибиздин руханий табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн тарыхый жолунун орчундуу окуяларын чогултуп, укумдан-тукумга өтүп келген улуу мурасы, улуттук сыймыгы. Кыргыз эли өткөн миң жылдыктагы адамзаттын дүйнөлүк маданиятына «Манас» эпосун жаратуу менен чоң салым кошту деп сыймыктануу менен баса белгилесек болот.

«Манас» эпосу – дүйнөдө теңдешсиз зор көлөмдүү көркөм чыгарма. Эпостун манасчы Саякбай Карала уулунан жазылып алынган үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 500 миң сап ырды түзөт. Бул гректердин «Иллиадасы» менен «Одиссеясын» бирге кошкон көлөмүнөн 20 эседей көп. «Манастын» ошол бир эле варианты илимде узак убакыт эң көлөмдүү эпос делип келген инди элдеринин «Махабхаратасынан» эки жарым эсе чоң.

Жанрдык белгилери боюнча баатырдык эпос катары эсептелген бул чыгарманын мазмуну, берген маалыматтарынын көлөмү боюнча баатырдык эпостордун демейки алкагынан чыгып, андан алда канча терендиги, масштабдуулугу менен айырмаланат. Дүйнөгө белгилүү Ч. Валиханов, В. Радлов өңдүү окумуштуулар XIX к. эле «Манас» эпосу – аны жараткан кыргыз элинин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын, жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак экендигин баса белгилешкен.

Кыргыз элинин турмушунун көркөм энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунда кыргыз элинин эң байыркы доордон берки басып өткөн тарыхый жолунун урунттуу учурлары боюнча маалыматтар берилет. Андан байыркы жамааттык коомдук формациянын түзүлүшүнүн айрым мүнөздүү белгилерин – аскер демократиясын (согуштан түшкөн олжолорду бөлүштүрүүдө кошуундун мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу, жол башчыларды, хандарды шайлоо ж. б.) баамдоого болот. Окуялар болуп өткөн жерлердин, уруулардын, элдердин, адамдардын аттары архаикалык мүнөздө берилет.

**«Манас» эпосунун жаралышы жана анын өнүгүү доору**

С. Малов, В. Жирмунский, Б. Юнусалиев, К. Рахматуллин ж. б. көрүнүктүү изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча «Манас» эпосунда Енисей кыргыздары IX–X кк. саясий жактан жогорулап турган мезгилдеги жана андан кийинки тарыхый окуялар чагылдырылган. М. Ауэзов, А. Бернштам



Айкөл Манас. (*А. Чилдебаев*)

«Манас» эпосунун жаралышы жана анын доору мындан эртерээк мезгилге туура келип, эпостогу негизги окуялар VII к. башталган деген пикирди айтышат.

«Манас» эпосунун «Жайсаң» вариантына таянсак, Айкөл Манас бабабыз VII к. экинчи – VIII к. биринчи жарымында жашап, ошол кезде Кыргызстанды басып алууну көздөгөн Кытай баскынчыларына каршы күрөшкөн. Эң күчтүү душман болгон кытайлардын кыйраткыч чабуулунун алдын алуу үчүн Манас баатыр аларга «Чоң Казат» уюштурган. Эпостун бул вариантынын мазмуну, андагы Конурбай баштаган Манастын душмандарынын аттарынын (Алмамбеттин да) кытайча берилиши, ошол кездеги Кытайдын Таң династиясынын Орто Азияга, анын ичинен Кыргызстанга жасаган баскынчы саясатын элестетет. Эгерде тарыхка кайрылсак, VIII к. биринчи жарымында кытайлар Чүй өрөөнүн басып алып, андагы Суяб шаарын талкалап, элди кырган. Ушул кезде арабдар да Орто Азияны багындыруу үчүн чабуул баштаган. Кытай менен арабдардын армиялары 751-ж. азыркы Талас шаарына жакын Атлах деген жерде беттешкен. Бул салгылашка эки тараптан 200 миң аскер катышып, дээрлик баардыгы кырылган. Ушул согуштан кийин кытайлар менен арабдар өз жерлерине чегинип кетүүгө аргасыз болушкан. Балким Манас бабабыз кытайлардын ошол кездеги баскынчы саясаты менен күрөшкөндүр. Мүмкүн «Чоң Казаттан» кийин кытайлар Чүй өрөөнүнө кирип келгендир...

Жогоруда айтылгандар «Манас» эпосу VII–VIII кк. пайда болгон деген гипотезаны колдойт. Айрым окумуштуулар «Манастын» жаралышын б. з. ч. мезгил менен байланыштырып, ал мындан үч миң жыл мурдагы окуяларды баяндайт деп божомолдошот.

Азырынча илимде «Манас» эпосунун жаралышын Енисейде кыргыздар IX–X кк. түзгөн Улуу Кыргыз кагандыгы (мамлекети) менен байланыштырган тыянак үстөмдүк кылат. Бирок, бул эпостун андан мурда жаралгандыгы жөнүндөгү версияны четке какпайт. Анткени IV–IX кк. Ортоңку Енисей өрөөнүн мекендеген кыргыздар Борбордук Азияда биринин артынан



экинчиси үстөмдүк кылып келген Түрк, Карлук жана Уйгур кагандыктарына көз каранды болбос үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүп келишкен. Ал окуялар жөнүндө кытай китептеринде жана Орхон-Енисей эстеликтеринде жазылып, Кыргызстан тарыхы боюнча бир катар эмгектерде тастыкталган.

IX к. башында буга чейин Борбордук Азияда эң күчтүү мамлекет катары өкүм сүргөн Уйгур кагандыгында карама-каршылыктар күчөп, бийлик үчүн өз ара күрөш башталат. Бул абалдан пайдаланып, кыргыз ажосу 840-ж. 100 миң аскери менен азыркы Монголияга карай жортуулга чыгып, Орхон суусунун боюндагы Уйгур кагандыгынын борбору Ордо-Балыкты курчаган. Бир канча күндөн кийин шаар алынып, кыйратылган. Тарыхый маалыматтар боюнча кыргыз ажосу уйгур каганынын сарайын талкалоого өзү катышкан. Ордо-Балыкты кыргыздар ээлеп, өрттөгөндүгүн анын калдыгынан табылган археологиялык буюмдар да ырастады. Уйгур кагандыгын кыйраткан кыргыздар кийин Түштүк Сибирди жана Борбордук Азияда көп жерлерди каратып алышкан. Алар чыгышта Манчжуриядан батышта Иртыш дарыясына, түндүктө Красноярдан Түштүк чыгыш Түркстанга чейинки аймакты ээлеген ири мамлекетти түзүшкөн. Археологиялык табылгалар ушул аймактардын баарында кыргыздар үстөмдүк кылгандыгын айгинелейт. Жогоруда айтылгандарга таянып, көпчүлүк окумуштуулар Улуу Кыргыз мамлекети жашап турган доор «Манас» эпосу жаралган мезгил деп эсептешет.

«Манас» эпосунда анын башкы каарманы ар тарапка, алыскы жерлерге жортуулга барганы айтылат. Бул Енисей кыргыздарынын 840-ж. кийинки саясий жактан жогорулап турган доорду элестетет. Тарыхый маалыматтарга таянсак, IX к. экинчи жарымында Енисей кыргыздары түндүк-батышта азыркы Новосибирск, Томскиге чейин барышкан. Аны ал жерлерден табылган кыргызга тиешелүү буюмдар, көрүстөндөр ырастайт. Ушул эле мезгилде кыргыздардын Тоолуу Алтайга барганын андагы кыргыз жоокерлерине арналган руна жазуулары далилдейт. Батыш тарапта болсо кыргыздардын Иртыш дарыясына чейин жеткенин далилдеген археологиялык табылгалар бар. Кыргыздардын Борбордук Азияда эң ири мамлекет түзүшү, алардын согуштук ийгиликтери «Манас» эпосунун алгачкы варианттарына негиз болушу толук ыктымал.

Кыргыздардын IX к. 40-жж. аскердик жүрүштөрүн жазма булактар да, материалдык эстеликтер да ырастап турат. Алардын айрымдарында кыргыздардын «Кытай жортуулу» тууралуу айтылат. Россиялык окумуштуу С. Кляшторный өзүнүн эмгектеринин биринде мындай деп жазган:

«Азыр кыргыздардын бүткүл тарыхындагы Кытайга жасаган биринчи «Чоң Казаты» 842–843-жж., «Улуу Кыргыз кагандыгынын» башталышында болуп өткөн жана аны жер коnушу Алтай менен Тувада жайгашкан кыргыз кол башчысы Алп Сол жетектеген деп ырастоого болот. Андан бери көп кылымдар өттү, бирок ал жүрүш унутулбастан, башка көптөгөн окуяларга катмарлашып кетти да, анын каарманы алтайлык кыргыздарда Алп Манаш деген ысымга ээ болду. Анан XVI к. кыргыздар Алайдан Тянь-Шанга жер которуп көчкөн кезде, «Чоң Казат» жана анын башкы каарманы Манас жөнүндөгү баян жаңы мекенде өз ичине кыргыз элинин сан кылымдык татаал тагдырын камтыган эбегейсиз зор элдик дастанга айланган».

Окумуштуу С. Кляшторныйдын бул жазгандары тарыхый чындыкка жакын. Бирок, эпостун башкы каарманы Манастын прототибин аныктоодо бир гана тарыхый инсан менен чектелүүгө болбойт. Айкөлдүн көркөм образын түзүүгө кыргыз элинин баатырларынын бир нече муундарынын эрдик иштери өбөлгө болгон. Тарыхта белгилүү улуу каган Барсбекти да, улуу кол башчы Алп Солду да Манастын прототиби катары кароого негиз бар.

«Манас» эпосунун жаралуу доору жөнүндө атактуу түркolog С. Малов: «Эпос негизинен кыргыздардын тарыхында орчундуу окуялар өтүп жаткан мезгилде, атап айтканда б. з. IX к. пайда болгону талашсыз», – деп жазган. Бирок, «Манас» эпосунда ошол доордо чагылдырылган окуялар бара-бара өзгөрүп, Енисей кыргыздарынын IX–X кк. согуш ийгиликтеринин жалпы фону, элеси гана сакталып, алардын ордуна кийинки кылымдарда Чыгыш Тянь-Шань, Жунгария, Жети-Суу жана Орто Азияда болуп өткөн тарыхый окуялардын сюжеттери кирип калган. «Манас» эпосун тарыхый булак катары пайдаланууда ушул жагдайга өзгөчө көңүл бурушубуз абзел.

«Манас» эпосу кыргыздардын тарыхынын Енисейдеги доoруна туура келерин эпостогу географиялык аталыштар да айгинелейт. Мисалы, эпосто «Кенжут» деген жердин аты бир нече жолу кайталанат. Рашид ад-Дин (XIII к.) ж. б. авторлордун китептеринде Жогорку Енисей Кем-Кемжиут (Чоң-Суу) деп аталат. IX–XII кк. кыргыздардын бир бөлүгү жашаган бул жер, дарыянын аты М. Ауэзовдун пикири боюнча эпосто Кенжут болуп айтылып калган.

Демек, эпостун эң алгачкы варианттарында Енисейлик компоненттер басымдуулук кылып, кийин тяньшандык компоненттерге өтүп кетиши, кыргыздардын Енисейден Тянь-Шанга журт которушуна байланыштуу жүргөнү талашсыз. Чыгыш авторлорунун маалыматтары боюнча енисейлик кыргыздар Пан-Тегин





Бакай. (*А. Чилдебаев*)

башчылык кылган уйгурларды кубалап жүрүп отуруп, кыргыздардын алгачкы ата журту болгон Тянь-Шань жана Жети-Сууга келишкен. Бул жөнүндө кытай китептеринде бир нече ирет такталып жазылган. X к. аягында жазылган «Дүйнөнүн чек арасы» аттуу перс тилиндеги эмгекте: «Пенчул (азыркы Үч-Турфан) карлук өлкөсүндө жайгашкан, аны мурун тогузгуздар (уйгурлар) ээлеп турушкан, азыр кыргыздар басып алышты», – деп эскерилген. Ушул эле китепте кыргыздардын Жети-Суу өрөөнүндө, Чыгыш Түркстандын аймагында жашап тургандыгы жөнүндө кеңири маалыматтар берилген.

Енисей кыргыздарынын бир бөлүгүнүн IX к. Тянь-Шанга келгендигин бир катар археологиялык табылгалар да бекемдейт. 1961-ж. Жунгар Ала-Тоосунун жанындагы Текели шаарынан алыс эмес жерден 76 темир жана коло буюмдары табылган. Алар VIII–X кк. аралыгында жасалгандыгы аныкталган. Ушул сыяктуу буюмдар Кочкор өрөөнүнөн да табылган. Бул табылгалар енисейлик кыргыздардын буюмдарына өтө окшош экендиги аныкталган.



Кошой. (*А. Чилдебаев*)

«Манас» эпосунда Беш-Балык шаары жөнүндө көп айтылат. Белгилүү тарыхчы Ө. Караевдин пикири боюнча «Манас» эпосундагы Ордо-Балыкка байланыштуу алгачкы сюжеттер бара-бара Енисей кыргыздарынын Беш-Балыкка карай жортуулундагы окуялар менен алмаштырылып калса керек.

Беш-Балык – Чыгыш Түркстандагы (азыркы Үрүмчү шаарына жакын жерде) ири шаарлардан болгон. Анын калдыктары азыр да бар. Енисейден качкан Пан-Тегин баштаган уйгурлар ушул шаарга келип токтоп, кыргыздарга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Катуу согуштардан кийин кыргыздар Беш-Балыктан Үч-Турфанга чейинки жерлерден уйгурларды сүрүп чыгып, ал жерлерге өздөрү биротоло отурукташып алган. Бул жердеги мурда «Ли-и-дэ-цзянь» деген дарыяны X к. баштап кыр-

гыздар «Манас» дарыясы деп атап алышкан. Кийинчерээк бул дарыянын боюндагы өрөөн, шаар да Манастын атынан аталган. Тарыхый маалыматтар боюнча Чыгыш Түркстанда уйгурлар менен кыргыздардын ортосунда кайра-кайра чоң согуштар болуп, ал узак жылдарга созулган. Бул согуштарда Беш-Балык шаары колдон-колго өтүп турган. Бул кармашуулар «Манас» эпосунун енисейлик вариантынын тянь-шандык вариантына өтүшүнө негиз болуп калышы ыктымал. Ө. Караевдин пикири боюнча Чыгыш Түркстандагы Беш-Балык шаары байыркы заманда Бэйтин деп аталган. «Манас» эпосундагы Манас баатыр «Чоң Казат» уюштурган Бээжин ушул Бейтин шаары болушу толук ыктымал. Айрым манасчылар, окумуштуулар деле, эпостогу Бээжинди азыркы Кытай мамлекетинин борбору Пекин менен байланыштырышат. Бул пикирдин негизи жок. Анткени Пекин Кытайдын «Түндүк борбору» катары XV к. бери гана белгилүү. Ал эми 840-ж. кийин Чыгыш Тянь-Шанда, айрыкча Бэйтин (Беш-Балык) тарапта уйгурлар менен кыргыздардын ортосунда кан төгүлгөн ири кармаштар болуп тургандыгы жөнүндө тарыхый маалыматтар арбын. Эки элдин ортосундагы кастык Тянь-Шанга келген кыргыздардын ислам, ал эми уйгурлардын будда динин кабыл алышы менен ого бетер курчуган.

«Манас» эпосундагы Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Суу аймагындагы тарыхый окуялар Беш-Балыктан кийинки «Каркыра» деген ат менен байланыштуу. Каркыра «Манас» эпосундагы Көкөтөйдүн ашы өткөрүлгөн жер. Уруу аксакалдары кеңешип отуруп, Кошой карыянын сунушу боюнча бул жер ашты өткөрүүгө ылайыктуу жер деп тандалат. Географиялык реалияда Каркыра жайлоосу азыркы Алматы областынын түштүк чыгышындагы Кыргызстанга чектеш жайгашкан аймак.

«Манас» эпосун Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Суу аймагындагы Карахандар доорун окуп-үйрөнүүдө да тарыхый булак катары пайдалансак болот. X к. орто чегинде чигил уруусунан чыккан Сатук Абд ал-Керим Карахан Ат-Башы – Кашкар айланасында Карахандар мамлекетин негиздеген. Ал мусулман динин кабыл алып, каапырларга каршы күрөшүү ураны менен Кашкария, Борбордук Тянь-Шань жана Жети-Сууну каратып алган. Сатуктун мурасчылары X к. аягында батышта Аму-Дарыяга чейинки жерлерди жеңип алышкан. 1020-жылдары Карахан Жусуп Кадыр хан Газневи султан Махмуд менен жолугушуп, ошол мезгилдеги Орто жана Кичи Азиядагы эн ири мамлекеттердин башкаруучулары катары өз ара милдеттенмелерди кабыл алышкан. Алардын ортосундагы сүйлөшүүлөр Манас баатырдын Аму-Дарыянын боюндагы Акун кан менен жолугушкандагысы, анда экөө кабыл алган милдеттенмелер менен өтө



окшош. «Манас» эпосунда Карахандар мамлекетинин борбору Баласагын жана Самаркан шаарлары, Абу Насрдин ысымдары да кездешет. «Мажму ат-таварихтеги» Манас баатырдын диний насаатчысы Айкожону Саманид Абу Наср менен окшоштурууга болот.

Карахандар доорунда Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Сууда жашаган кыргыздар мусулман динин кабыл алышкан. Ал жөнүндө XI–XII кк. аралыгында жашаган ал-Марвизи кеңири маалымдайт. Тарыхый маалыматтар боюнча енисейлик кыргыздар өлгөндөрүн өрттөшкөн. Кыргыздар мусулман динине өткөндөн кийин өлгөндөрдү жерге көмүү салты башталат. «Манас» эпосуна ислам дини үчүн күрөш да IX к. кирген десек болот. Баатыр Манас да азан айтып, намаз окугандыгы жөнүндө эпосто айтылат. Коңурбай Манасты намаз окуп аткан учурда жарадар кылат.

«Манас» эпосунда XII к. башында Орто Азияга, анын ичинен кыргыздардын жерине басып кирген кара-кытайлар (кыдандар) менен наймандар доору жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Моңголдордун түпкү теги болгон кыдандар өздөрүн «кытайбыз» дешкен, мусулмандар аларды «кара-кытай» деп аташкан. Аларды баштап келген ханзаада Элүй Даши алсырап калган Карахандар мамлекетин оңой эле каратып, кара-кытайлардын Си Ляо (Батыш Ляо) деген мамлекетин негиздеп, Баласагынды мамлекеттин борборуна айландырган. Кыргыздар кара-кытайларга катуу каршылык көрсөтүп, экөөнүн ортосундагы кармаштар бир кылымга жакын убакытка созулган. Профессор И. Б. Молдобаев «Манас» эпосу мына ушул доордо пайда болуп, буга чейинки жана мындан кийинки окуяларды чагылдырат деп эсептейт. Элүй Даши «Манас» эпосундагы Жолойдун прототиби болушу ыктымал деген божомол да айтылат.

Кыргыздардын кытай же кара-кытайлар менен болгон мамилеси эпостогу эң негизги каармандардын бири **Алмамбет** жөнүндөгү баяндардан билинет. Эпосто Алмамбет теги боюнча кытай канзаадасы (өз аты Сушуйа) атасы Соорундук (айрым варианттарда Азизкан) кытайдын башкы кандары Эсенкан, Алооке, Каракан менен бир тууган. Сушуйа өзүнүн туугандарына таарынып, адегенде казактын каны Көкчөгө, кийин Таласта турган Манас баатырга келип кошулат. Сушуйага кыргыздар Алмамбет деп ат коюшат. Ушундан тартып Алмамбет


Алмамбет. (*А. Чилдебаев*)



Каныкей. (*А.Чилдебаев*)

эпостогу окуяларга активдүү катышып, Манас менен тең катар эле айтылат. М. Ауэзовдун сөзү менен айтканда Алмамбеттин образы кээ бир учурда борбордук орунду бөлүшө алган бирден-бир образ. Эпостогу бул идея кыргыздардын коншу элдер менен достук мамилесин, аларга болгон ишенимин айгинелейт. Тарыхта ар түрдүү себептер менен өз элинен, жеринен кетип, кыргыздарга кошулган инсандар, ал тургай урук-урууллар көп болгон. Алмамбеттин окуялары ошол доордо кыргыздар менен кытайлардын байланышында зор роль ойногон тарыхый инсандын образы экендиги талашсыз.

XIII к. кийин моңгол, айрыкча ойрот калмактардын чабуулуна байланыштуу «Манас» эпосунда енисейлик кыргыздардын, Карахандардын жана кара-кытайлардын доорундагы сюжеттердин дээрлик бардыгы алмаштырылган. Салыштырмалуу соңку доорго туура келгендиктен, кыргыздардын калмак баскынчыларына каршы күрөшү эпостун мазмунунда басымдуу орунду ээлеп калган. «Манас» эпосун тарыхый булак катары пайдаланууда муну эске алуу маанилүү.

Калмактар «Манас» эпосунун бардык варианттарында салттуу түрдө айтылган кыргыздардын душманы болуп баяндалат. «Калмак» деген термин XIII к. ортосунда Алтай, Кангай тоолорунун аймагына ооп келишкен урууларынын тобуна карата пайда болгон. Ушул мезгилден тартып алар кыргыз урууларынын айрым топтору менен чектеш жашап, карым-катнашта болгондуктан, өз ара мамилелери да (тынчтык, согуштук) өнүгө баштаган. XIV к. калмактар «Дөрбөн ойрот» (төрт ойрот) деген мамлекеттик бирикмеге биригет. «Манаста» бир вариантында Алмамбет «Төрт арыштуу ойроттун төрөсүнүн баласы» экендиги айтылат. Арийне, «Төрт арыштуу ойрот» деген салттуу туюнтма «Төрт уруудан курулган мамлекеттик бирикме» дегенди түшүндүрөт. Мамлекеттик бирикме түзгөндөн кийин калмактардын басып алуу саясатынын күчөгөндүгү, алар Моголстанга тынымсыз чабуул жасай баштаганын В. Бартольд тарыхый даректердин негизинде белгилеген.

Дөрбөн ойрот мамлекеттик бирикмесинин башчысына XV к. ортосунда Эсентайчы келгенден кийин калмактар кыргыз, казак, кара калпак элдерине үзгүлтүксүз чабууларды жүргүзүп, өтө оор бүлгүнгө учуратып турган. Ушул доордо калмактар Орто



Азия элдеринин, анын ичинен кыргыздардын оозеки чыгармаларында салттык душман катары айтылып калган. XVII к. ортосунда Баатыр-Контаажы бийликке келгенден баштап (1634–1653-жж.) калмактар Орто Азия элдерине катуу сокку уруп, кыргыз менен казактарды өз ата журтунан сүрүп чыгарып, оор кезеңдерге дуушар кылган. Калмактардын чабуулуна байланыштуу тарыхый кырдаал эпостун окуяларынын өнүгүшүнө жана жаңы эпикалык эпизоддордун жаралышына өбөлгө болгон. Ошентип, кыргыздар менен коңшу элдердин калмактарга каршы өз эркиндигин коргогон бир нече кылымдык (XIV–XIX кк.) күрөшү «Манас» эпосунун салттык окуяларына тарыхый фон берип, тарыхый баатырдык эпос катары дагы жаңы бийиктикке көтөрүлүп, XIX к. ортосунда өзүнүн апогейине жетишине түрткү болгон.

**Эпосто кыргыз элинин турмушунун чагылдырылышы**

«Манас» эпосунан кыргыз элинин согуштардагы абалы менен катар жай турмуштагы жашоосу жөнүндө өтө бай жана так маалыматтарды билүүгө болот. Элдин жай турмушу согуштар ортосундагы окуяларда айтылуу менен гана чектелбейт. Эпосто элдин абалын, жашоо шартын, үрп-адатын, дүйнөгө карата болгон философиясын чагылдырган көлөмдүү эпизоддор өтө арбын кездешет.

Эпостун сюжетинен кыргыз элинин коомунда элдик баатырлар менен катар эле аялзаты өзгөчө бааланып, аларга өтө аяр мамиле жасалганын, кыргыз аялдары коомдук турмушта эң маанилүү орунду ээлегендигин билебиз. Эпосто аялдын башкы милдети үй-оокатын жүргүзүү, эне болуп бала тарбиялоо, баатырга – үй ээсине кызмат кылып, жардамчысы болуу деп түшүнүлсө да, аялдар зарыл учурда чачты төбөгө түйүп, жоо кийимин кийип, душманды беттегендиги жөнүндө көп айтылат.

Чыгармадан кыргыздардын турмушун белгилүү бир жагын чагылдырууга арналып, аны терең деталдаштырып берген маалыматтарды кездештирүүгө болот. Мисалы, баласыз улгайган адамдын зарланганынан, балалуу болуу, ага байланыштуу элдик ырым-жырымдар, жаш баланы турмуш менен тааныштырып, тарбия берүүгө байланыштуу материалдар негизинен *«Манастын туулушу жана балалык чагы»* бөлүмүндө берилет. Кыргыз элинин эл башкаруу, уюмдашуу, элди бириктирүү жөнүндөгү аракеттери *«Манастын кан шайланышында»* чечмеленет. Элибиздин куда түшүү, баласын үйлөөгө байланыштуу каада-салттары *«Манастын Каныкейди алганында»* чагылдырылса, адам өлүмү, сөөк коюу үрп-адаттары *«Көкөтөйдүн ашы»*, *«Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу»* бөлүмүндө баяндалган.

**«Манас» эпосунун варианттары**

«Манас» эпосу зор көлөмдүү, узак убакыт оозеки жүзүндө гана жашап келгендиктен, анын өзгөрүүсүз сакталган (канондук) тексти жок. Эпостун мазмуну, ыр саптары устаттан шакиртке, бир муундан экинчисине өткөндө, ал түгүл бир эле манасчы эпосту улам кайталап аткарганда өзгөрүүлөргө учураган. Ушундан келип эпостун түрдүү варианттары жаралган.

Азыркы кезде «Манас» эпосунун негизги бөлүмдөрүнүн кагаз бетине түшүрүлгөн 70тен ашуун варианты белгилүү. Эпостун улам жаңы үлгүлөрүн жыйноо иши дагы эле улантылууда. «Манастын» варианттарынын дээрлик бардыгында эпостогу негизги мазмунду, окуялардын нугун түзгөн салттык туруктуу эпизоддор сакталган. Бирок эпостун варианттарынын көлөмү, мазмундук, формалык касиеттери, көркөмдүк деңгээли бир кылка эмес. Бири-биринен орчундуу айырмачылыктарга ээ варианттар да, көп белгилери боюнча жакын турган, бир эле окуяны айрым өзгөчөлүктөр менен айткан варианттар да бар. Эң алгачкы Манасчы катары **Үмөт уулу Жайсаң** эскерилет.



Үмөт уулу Жайсаң

Чыгарманын бардык негизги окуяларын камтыган толук кандуу варианттар чыныгы же чоң манасчылар тарабынан түзүлөт. Манас таануу илиминде эпостун окуялары толук камтылган үлгүлөрү такталган. Аларга эпостун биринчи бөлүмүнүн Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракман уулу), Багыш Сазан уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Ыбрайым Абдыракман уулу, Мамбет Чокмор уулу тарабынан түзүлгөн варианттарын, ал эми «Семетей», «Сейтектин» Саякбай Карала уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сары уулу, Мамбет Чокмор уулу, Акмат Рысменде уулу, Актан Тыныбек уулу ж. б. жараткан варианттарын кошууга болот.



Сагымбай Орозбак уулу.

«Манасты» кыргыз аялдары да айтышат. Мисалы, Сейдене Молдоке кызы, Зууракан (Зукай) Акимкан кызы ж. б. элге манасчы катары таанылган.

Азыркы учурда да манасчылардын жаңы мууну өсүп келе жатат. Аларга Т. Бакчиев, Д. Сыдыков, Р. Исаков, У. Исмаилов, З. Баялиев ж. б. кирет.



Саякбай Карала уулу.

«Манас» эпосунун негизги варианттарынын ичинен чоң манасчылар **Сагымбай Орозбак уулу** (1867–1930-жж.) менен **Саякбай Карала уулунан** (1894–1971-жж.) жазылып алынган тексттер башка варианттардан материалдарынын толуктугу жана өзгөчө кеңири планда айтылышы, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугу менен айырмаланып турат.

«Манас» эпосунун бардык негизги варианттарга мүнөздүү өзөк окуяларга төмөндөгүлөр кирет: күчтүү душман тарабынан кыргыздардын чабылышы; баатырдын төрөлүшү жана бала чагы, алгачкы эрдиктери; ата журтту баскынчылардан бошотуу, Алтайдагы кыргыздардын Ала-Тоого кайра келиши; Шоорук, Алооке окуялары; Манастын Каныкейге үйлөнүшү; Көз камандар окуясы; Алмамбеттин тарыхы; Көкөтөйдүн ашы; Чоң Казат; Манастын өлүшү жана ага күмбөз салдыруу.

Эпосто бул өзөк окуялардын берилиши ыгы, ар бир окуянын орду туруктуу. Айрым учурларда гана окуялар орун алмашып кеткен же айрым эпизоддор өз ордуна эмес башка бөлүмдө айтылып калган учурлар болот.

Жогоруда айтылгандай кыргыз элинин ичинде «Манас» эпосунун ондогон варианттары сакталып, алардын көпчүлүгү араб, латын жана азыркы орус алфавиттери менен кагазга түшүрүлгөн. Көптөгөн варианттар Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып, илимий талдоолорго муктаж. «Манас» эпосунун варианттарынын дээрлик бардыгы өткөн кылымдарда жана XX к. башында такталып, кагаз бетине түшүрүлгөн.

«Манасты» тарыхый булак катары пайдаланууда эпостун түрдүү варианттарын изилдеп-иликтөө өзгөчө мааниге ээ. Эпостун жарык көргөн варианттары менен катар Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турган бардык варианттарын илимий жактан иликтеп-изилдөө маанилүү милдет. Мындан тышкары Кытайдагы кызыл-суулук, оогандык ж. б. жерлердеги эпостун варианттарынын бардыгын чогултуп пайдалануу кыргыз тарыхы боюнча эң бай материалдарды берери шексиз. «Манас» эпосунун бардык варианттарына бирдей мамиле кылып, аларды объективдүү, терең изилдеп, кыргыз элинин тарыхын окуп-үйрөнүүдө кеңири пайдаланууну ыйык парз катары эсептешибиз керек.



Манас. *(Т. Герцен)*

Мындан аркы терендетип жүргүзүлгөн изилдөөлөр элибиздин тарыхый тагдырына эпос тийгизген зор таасирди дагы да дааналоо менен, эпикалык поэманын башта белгисиз жаңы, таасын кырларын ачат. «Манас» жыл өткөн сайын мындан да жылдызы жанып, келечектеги урпактардын жолун жарык кыла берерине терең ишенсек болот.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Манас» эпосунун көлөмү жана мааниси жөнүндө айтып бергиле.
2. Эпостун жаралыш доору жөнүндө кандай пикирлер бар?
3. Эпосто кыргыз элинин турмушу кандайча чагылдырылган?
4. «Манас» эпосунун өзөктүү окуяларын санап бергиле.
5. Улуу манасчылардан кимдерди билесиңер?



## § 3. КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ ТАШ ДООРУ


**Таш доорунун пайда болушу. Таш куралдары**

Таш доору – адам коомунун өнүгүшүндөгү тарыхый-маданий мезгил. Бул учурда эмгек жана согуш куралдары негизинен таштан жасалып, жыгач менен сөөк да колдонула баштаган. Анын акыркы баскычында карапа идиштерди жасоо өнүккөн. Таш доору – адамзат тарыхындагы узакка созулган доор, ал адамдын айбанаттар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгышынан башталып (мындан 2,5 *млн* жылдай мурда), металл пайда болгонго (мындан 8 миң жылдай мурда) чейин созулган. Бул доор маданияттын өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө ылайык байыркы таш доору (палеолит), жаңы таш доору (неолит) жана бул экөөнүн ортосундагы өткөөл доору – ортоңку таш доор – мезолит деп бөлүнөт. Булар да өз алдынча мезгилдерге ажырайт. Таш доору алгачкы жамааттык түзүлүш коомунун көп мезгилин камтыйт. Башкача айтканда, адамзат тарыхынын 99 проценти таш дооруна туура келет.

Учурунда СССРдин аймагында таш дооруна таандык 900дөн ашык эстелик изилденген. Алар Орто Азияда, Казакстанда, Арменияда, Абхазияда, Түштүк Осетияда, Украинада, Молдавияда ж. б. жерлерде кездешет. Кыргызстандын аймагындагы Он-Арча жана Кожо-Бакырган-Сай палеолит «устаканасы» таш доорунун эң байыркы эстеликтерине кирет. Неолит доорунун эстеликтери Крымдын үңкүрлөрүндө, Ока, Жогорку Волга,



Кыргыз археологдору иш үстүндө. 2002-ж. *Баткен.*




Днепр, Балтика боюндагы жерлерде тараган. Неолиттин аягында мурдагы СССРдин түштүгүндө, кийин түндүгүндө жез куралдары пайда болуп, энеолит доору башталган.

Болжол менен миллион жыл мурун Түштүк Казакстанда, Борбордук Азияда, анын ичинде азыркы Кыргызстандын аймагында адамдардын үйүрлөрү пайда болгон. Кыргызстандагы эң байыркы адамдардын турмушун ошол кезде жасалып, массалык түрдө пайдаланылган таш куралдары аркылуу билебиз.

Байыркы таш доору палеолиттин биринчи баскычы болгон *эрте палеолит* (б.з.ч. 2,5 *млн* 140-миң жылдыктар) учурунда Кыргызстандагы адамдар кадимки эле таштарды бири-бирине ургулап, эң жөнөкөй кескичтерди, кыргычтарды, учтуу көзөгүчтөрдү, бычактарды ж. б. жасашкан. Кийинчерээк таштардын түрүн пайдалануунун натыйжасында андан жасалган куралдар акырындык менен өркүндөтүлгөн.



Кыргызстандын аймагынан табылган эң жөнөкөй таш куралдар б. з. ч. 800–10-миң жылдыктарга таандык. Алар Нарын областындагы Он-Арча суусунун жээгинен, Ысык-Көлдө Балыкчы шаарына жакын жерден, Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасындагы Кожо-Бакырган-Сайдан табылган.

Эрте палеолит доорунда Кыргызстандагы адамдар отту пайдаланууну үйрөнүшкөн. Табияттын татаал шарттарында, куралдардын жөнөкөйлүгүнөн улам адамдар жырткыч жаныбарлардан коргонуу жана ири жаныбарларга аңчылык кылуу үчүн **адам үйүрү** деп аталган майда топторго биригип жашашкан.

*Ортоңку палеолит* (б.з.ч. 140–40-миң жылдыктар) доорунда таш куралдары бир кыйла жакшырган. Бул доорго таандык эстеликтер Ысык-Көл өрөөнүндөгү Тосор суусунун боюнан, Чүй өрөөнүнүн Георгиевка дөңсөөсүнөн, Ош областынын Араван районундагы Сасык-Үңкүрдөн табылган. Алай тоо кыркасындагы Даңгирекдере капчыгайынан эң байыркы таш талкалоочу жай табылган. Бул өнөрканада кара, боз, жашыл түстөгү кат-кат кремний таштарын табигый издери менен жарып мурдагыдан миздүү, учтуу куралдарды жасашкан. Бул мезгилде инстинктке негизделген коомдук мамилелер аң-сезимдүү өнүгө баштаган. Кыргызстандын эң байыркы тургундары питекантроп менен синантроп типтеринде болгон. Эволюциялык өнүгүшү боюнча «акыл-эстүү адам» – лат. «homo sapiensc» негизинен аңчылык менен күн көрүп, ар үйүрүндө 25–50дөн киши болгон. Ошол доордо жашаган адамдардын сөөктөрүнүн калдыгы Баткен облусундагы Айдаркен шаарчасына жакын Сел-Үңкүрдөн табылган. Өзбекстандагы Тешик-Таш үңкүрүнөн табылган өспүрүмдүн сөөгүнөн мындан 40 миң жыл мурда өлгөндөрдү жерге жашыруу жөрөлгөсү пайда болгонун билебиз.

*Соңку палеолит доорунда* (б. з. ч. 40–10-миң жылдыктар), окумуштуулардын пикири боюнча, адамдар планетабыздын бардык климаттык алкактарында жайгашып, адамдардын жаратылыш шарттарына ыңгайланышынын натыйжасында расалык топтор жана расалар калыптанган. Дал ушул



Тосор полеолит эстелигин казуу учурунда. 2001-ж. *Жети-Өгүз району.*

доордо коомдук мамилелердин өркүндөшүнүн натыйжасында алгачкы адам үйүрлөрү эне тарабынан кандык байланышка негизделген **уруулук коомдорго** биригишкен.

Адам тукумун улантуудагы жана коомдун үй-чарбасындагы ээлеген орду үчүн байыркы адамдарда аял заты өзгөчө аздектелген. Илимде бул коом эне бийлигинин коому – *матриархат* делип аталат. Энелик урукка негизделген коом мурдагы адам үйүрүнө караганда жогорку баскычта турган. Бара-бара адамдын аң-сезими өскөн. Жаныбарлардын сөөктөрүнөн, жыгачтан эмгек куралдарын, шибеге, ийне жасоону үйрөнүшкөн. Бул доорго таандык куралдар Азыркы Баткен областындагы Сел-Үңкүрдөн, Исфана өрөөнүндөгү Кожогор булагынын жанынан табылган. Алгачкы коомдо искусствонун пайда болушу ошол кездеги адамдардын дүйнөгө болгон көз карашын айгинелейт. Ысык-Көл аймагындагы бийик тоолуу Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чуңкур үңкүрүндө 10 миң жыл мурун байыркы сүрөтчүнүн жаныбарларды, адамдардын аң уулоо, бийлөө учурун үңкүрдүн бооруна чагылдырган эмгектери сакталып калган. Адамдардын таштан жасалган турпаттары да ушул мезгилде пайда болгон.

Дал ушул жогорку палеолит доорунда азыркы кебете-кешпирдеги адамдар калыптанган. Алар ойлонууга, оюн айтып түшүндүрүүгө жарап калышкан.

**Мезолит (**ортонку таш доору б. з. ч. 10–5-миң жылдыктар) доорунда анчалык чоң эмес миздүү, учтуу таш куралдарына жыгачтан же сөөктөн сап жасоо өздөштүрүлгөн. Сапталган таш куралдары көптөгөн функцияларды аткарууга, колдонууга өтө ыңгайлуу болуп, курчтугу жагынан темир куралдардан кем калышпаган.

Мезолитте адамдар алыска атыла турган жаа менен жебени ойлоп тапкан. Ушул доордо жаныбарлардан биринчи болуп ит колго үйрөтүлгөн, балык кармоочу тор, кайырмак, кайык да ушул мезгилде пайда болуп, натыйжада аң улоо, балыкчылык өнүккөн.

Мезолит доорунда адамдардын майда топтору бир жерге байыр албастан тамак-аш издеп көчүп жүрүшкөн. Алардын турак-жайлары да убактылуу жасалып, кичине болгон.



Таш куралдары. *Неолит*. Алай.



**Жаңы таш доору** (неолит) б. з. ч. 5–3-миң жылдыктарды камтыйт. Бул учурда адамзат табиятты өздөштүрүүдө ири секирик жасаган. Анткени адамдар буга чейин жыйноочулук жана аңчылык менен жан багып келген. Ушул мезгилден тартып азык-түлүктү адамдар өздөрү өндүргөндү үйрөнүшкөн. Бул илимде *неолит революциясы* же *биринчи агрардык революция* делип аталат. Бул революциянын натыйжасында дыйканчылык менен мал чарбачылыгы өздөштүрүлүп, ал тургай чарба жүргүзүүнүн негизги тармактарына айланат. Албетте, аңчылык менен жыйноочулук көмөкчү кесип катары сакталып кала берген. Орто Азиянын өрөөндүү жерлеринде мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык көбүрөөк өнүккөн. Негизинен тоолуу аймак болгондуктан, Кыргызстанда алгач мал чарбачылыгы өнүккөн. Неолит дооруна таандык эстеликтер Ысык-Көлдөгү Сары-Жаз өрөөнүнүн жанындагы Ак-Чуңкур жергесинде жана Нарын шаарына жакын Теке-Секирик үңкүрлөрүндө, Чүйдөгү Аламүдүн суусунун боюнан, Чолпон-Ата шаарынын жанынан ж. б. жерлерден табылган. Бул доордо жашагандар кийимди токуп кийгенди, карапа идиштерди жасаганды үйрөнүшүп, айрым жерлерде кен иштетүүнүн алгачкы аракеттери башталган.

Социалдык жактан неолит доорунда өндүрүш каражаттарына карата жалпы менчикке, коллективдүү эмгекке негизделген *уруулук жамаат* өнүккөн. Бул мезгилде уруулар жана уруу бирикмелери түзүлүп, ага бир уруктан тараган жана бир типтеги чарба жүргүзүүчү бир нече ири же майда уруктар бириккен. Бул мезгилдеги Кыргызстандагы неолит уруулары өздөрүнүн чарба жүргүзүүдөгү жана маданиятындагы өзгөчөлүктөрүн сактоо менен коңшу региондогу уруулар менен тыгыз байланышта болгондугун тарыхый эстеликтер айгинелейт.



Таштык маданиятынын доорундагы күрүстөндөн табылган, тамгалар чегилген чүкөлөр (б. з. ч. 1 к. – б. з. V к., *Хакасия*.)

Байыркы кыргыздардын мекени болгон Енисейден да неолит дооруна тиешелүү мүрзөлөр табылган. Ал мүрзөлөргө



Таш куралдары. Мезолит. *Таш-Көмүр.*

коюлган сөөктөр менен кошо тоо эчкилердин, аркарлардын, кулжалардын, көбүнчө койдун чүкөлөрү табылган. Кызыгы чүкөлөргө эн тамгалар түшүрүлгөн. Андагы эн тамгалар кыргыз уруулары XX к. чейин колдонуп келген эн тамгаларга окшош. Ушундан улам окумуштуу А. Окладников кыргыздын байыркы уруулары таш доорунун сонунда, өзгөчө Андронов маданиятынын доорунда эле калыптана баштаган деген пикирди айткан.

Таш доорунун акыркы этаптарында таштан жасалган өндүрүш куралдары бир кыйла жакшырып, кой, уй, жылкы сыяктуу айбандар колго үйрөтүлө баштаган. Бара-бара дыйканчылык менен мал чарба өндүрүшү бир кыйла өнүгөт. Эмгек куралдары негизинен жез, коло сыяктуу металлдардан жасалган. Коомдо аялдарга караганда эркектердин ролу тездик менен жогорулаган. Ошентип, аталык уруулук түзүлүш – *патриархат* энелик доорду (матриархат) алмаштырган. Металл мезгилинде илгерки үйүр топтук никелешүүнүн ордун үй-бүлө байланыштары ээлеген. Бул мезгилге ар бир уруулар энеге карап бөлүнбөй, атага карап бөлүнүп, ал уруулар эркектин наамы менен атала башталган. Өндүрүштө эркектердин негизги орунга өтүшү менен, өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчиктүүлүк жана адамдарды адам эзүү мезгили башталат.

**Энеолиттин пайда болушу жана анын негизги белгилери**

«Энеолит» деген латын жана грек тилдеринен алынып «энеус» – «жез», «литос» – таш, *жез-таш доору* деген маанини түшүндүрөт. Кээде энеолит терминининин ордуна «халколит» сөзү да колдонулат (грек тилинде «халкос» – жез). Бирок терминдердин экөө тең жездин пайда болгондугун далилдесе деле турмушта таш куралдары басымдуулук кылган. Негизинен, энеолит б. з. ч. 4–3-миң жылдыктарда – неолит менен коло доорунун ортолугундагы мезгилди камтыйт. Жез кендери, көбүнчө тоолуу райондордо жайгашканы белгилүү. Ошондуктан жезди пайдалануу алдыңкы Азияда жана Закавказьеде кеңири тараган. Металл Алдыңкы Азиядан Балканга, кийин Днепрдин оң жээгине тараган деп болжолдонот. Ошондой эле Чыгыш Европадагы Урал жана Карпат тоолорунан да жез алынгандыгы белгиленет. Жез кендерин пайдалануу Теңир-Тоонун жана Алтай тоолорунун аймагында болгондугу далилденген.



Жездин алгачкы ачылышы б. з. ч. 6-миң жылдыкка туура келип, биринчи жолу Алдыңкы Азияда колдонулгандыгы болжолдуу түрдө айтылат. Б. з. ч. 5-миң жылдыктарда адамдар эмгек куралын жезден жасай баштаган, бирок жезди алып өздөштүрүүдө көбүнчө мурдагы СССРдин түштүк аймагында жез кендеринин көп кездешкендигине байланыштуу бул жактан жездин кеңири пайдаланылганын далилдеген эстеликтер ачылууда. Башкырстандын Бакр-Узяк (башкыр тилинде «Жез колот») деген жеринен энеолиттик адамдар жезди ачык эле, жердин үстүнкү бетинен алышкандыгы, алар Донго чейинки аймакты жез менен камсыз кылып тургандыгы белгилүү болду. Киимбай дарыясынын боюндагы Еленово (Казакстан) байыркы жез кени бар. Алтайдагы Белоусов кенинен адамдын сөөк калдыгы ичине руда салган чаначы менен табылган. Кенди казууда алтайлыктар таштан жасалган барсканды колдонушкан. Мындай далилдер абдан аз болсо да, бул табылгалардан улам адамдар коло дооруна чейин эле жердин тереҥ катмарынан жезди казып алышкандыгын билебиз.

Байыркы кездерде жезди иштетүүнүн эки түрү (муздак жана ысык) колдонулган. Алгачкы жез куралдары муздак жол менен даярдалган, т. а. уюган жезди таш балка менен керектүү түргө келтирип жасашкан деп болжолдошот. Аны ысытуу аркылуу эритүү кийинчерээк пайда болгон. Жез жумшак жана ийкемдүү болгондуктан, адамдар андан зым, мык, ийне ж. б. ар кандай формадагы буюмдарды жасап алышкан. Эң алгач ургулоо жолу менен жезден ийне, бычак, шибеге, төөнөгүч ж. б. сыяктуу майда эмгек куралдарын жасашса, кийинчерээк жезди эритип, куралдарды калыпка куюп жасай баштaшкан. XIX к. акырына чейин археологдор таш доору менен коло доорунун ортосунда *жез-таш доорунун* болгонун белгилешкен эмес, себеби байыркы жез буюмдар химиялык анализден өтпөгөн, ошондуктан жезди кадимки эле коло деп эсептешип, таш доору коло доору менен түздөн-түз алмашкан деп ойлошкон. Химиялык жол менен изилдөөдөн улам байыркы металл куралдары коло эмес эле, таза жезден жасалгандыгы далилденген. Ошентип, адамзат тарыхынын белгисиз доору археологдор тарабынан эмес, химиктер тарабынан ачылган. Металл куралдарынын пайдаланылышы менен өндүрүштүн бардык түрүндө өзгөрүү пайда болот. Уруулардын жалпы массасынан байыркы дыйканчылык жана мал чарбачылык менен кесиптенген уруулар бөлүнүп чыккан. Ошондой эле энеолиттик адамдар алыскы жердеги өлкөлөр

менен байланыш түзүшүп, алыш-бериш мамилелерин өнүктүрүшкөн. Жезди алуу үчүн адамдар анын чыккан жерине келүүгө мажбур болушкан. Бир нече миң километр соода жолун басып өткөн адамдар өз ара экономикалык байланыштарын кеңейткен. Узак жолдо жүрүүгө, жүк ташууга ылайыктуу каражаттар, унаанын түрлөрү талап кылынган. Ушундай учурда дөңгөлөктүн пайда болушу, өз убагындагы маанилүү ачылыштардын бири болгон. Дөңгөлөк биринчи жолу энеолит мезгилинде пайдаланууга кирген. ***Энеолит доорунда карапа жасоочу айланпа жана токуучу станок пайда болуп, кол өнөрчүлүк мал чарбачылыгы менен дыйканчылыктан бөлүнүп чыккан.*** Энеолит доору өзүнө мүнөздүү болгон беш белги менен айырмаланат: 1. Дыйканчылыктын кетмендөө түрүнөн жерди буурсун менен айдоого өтүшү; 2. Жезден жасалган эмгек куралдары менен бирге таш куралдарынын колдонулушу, таш куралдарынын өзгөчө басымдуулук кылышы; 3. Алгачкы жамааттык топтор жашай турган чоң, көлөмдүү ылайдан согулган үйлөрдүн пайда болушу; 4. Энелик урууга мүнөздүү болгон аялдардын айкелдеринин (турпаттарынын) чоподон жасала башташы; 5. Оймо-чиймеленген карапа идиштер менен буюмдардын пайда болушу, т. а. ар түрдүү боёктордун жардамы менен карапага оймо-чиймелер түшүрүлгөн.

Неолит (алгачкы мезгилин эсептебегенде) жана энеолит бир мезгилге таандык болуу менен бири-биринен хронологиялык жактан эмес, маданиятынын деңгээли боюнча гана айырмаланышат. Мында биз ар түрдүү өлкөлөрдөгү маданияттын ар башкача өнүккөндүгүн унутпообуз керек. Энеолит мезгили Борбордук Азияда (Түркмөнстандын түштүгүндө), Закавказьеде, Түштүк-Батыш Украинада, Молдавияда жана Сибирде айрыкча жакшы изилденген. Ал эми башка райондордогу энеолиттик маданияттар жөнүндө окумуштууларда бирдей ой-пикир азырынча жок.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Таш дооруна мүнөздөмө бергиле.
2. Адам үйүрү менен уруулук коомдун айырмасы кандай?
3. Мезолит доорунда адам коомунда кандай жетишкендиктер болгон?
4. Неолит революциясы деген эмне?
5. Энеолиттин белгилерин санап бергиле?




## § 4. КОЛО ДООРУ. ОШ ТУРГУН ЖАЙЫ

Колодон жасалган эмгек куралдары, тиричилик буюмдары колдонулган мезгил – коло доору б. з. ч. 3-миң жылдыкта башталып, 2-миң жылдыкта өзүнүн гүлдөгөн мезгилине жетип, 1-миң жылдыктын башталышында бүткөн. Техника менен маданияттын өнүгүшү коло доорунда бир топ ылдамдаган. Мунун негизинде Жакынкы Чыгыштагы кул ээлөөчүлүк мамлекеттерде жерди сугаруу, айдоо, кол өнөрчүлүк, жазуу иштери өнүккөн. Европа менен Азиянын көпчүлүк өлкөлөрүндө мал чарбачылыгы кеңири тарап, энелик доорду аталык доор, коло доорун темир доору алмаштырган. Алгачкы коомдук түзүлүш маалында Борбордук Азиянын түштүк-батышында отурукташып дыйканчылык менен кесип кылган уруулар коло иштетүү жагынан жогорку деңгээлге жетишкен.

Болжол менен б. з. ч. 5-миң жылдыкта Орто Азияда жез кеңири жайылып, андан эмгек куралдары жасала баштаган. Бирок жезден жасалган куралдар жумшак келип, тез мокогон. Качан гана адамдар жез менен калайдын кошулмасынан колону алууга үйрөнгөндө адамзат коомунда ири прогрессивдүү өзгөрүштөр башталган. Коло доору Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда, б. з. ч. 3-миң жылдыктан б. з. ч. X–VIII кк. чейинки мезгилди камтыйт. Чүй өрөөнүнүн Сокулук, Садовое кыштактары, Кочкордун Шамшы коктусунан табылган коло куралдардын кенчи Кыргызстандын аймагында б. з. ч. XII–VIII кк. коло доорунун өзгөчө өнүккөндүгүн айгинелейт.

Жез кендери Оштогу Ноокаттан, Чаткалдан, Кетмен-Төбөдөн, калай Ысык-Көлдөгү Сары-Жаз суусунун жээгинен казылып алынган. Коло доорунда Кыргызстандын аймагында эки маданият өнүккөн. Борбордук Теңир-Тоодо, Ысык-Көлдө, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө көчмөн мал чарбачылыгы аздыр-көптүр дыйканчылык, аңчылык менен айкалышып өнүккөн. Бул кездеги адамдар казак талааларындагы жана Түштүк Сибирдеги элдер, уруулар менен байланышта болгон. Тектеш чарбалык маданий эстеликтеринен улам алар **Андронов маданиятынын** өкүлдөрү делип аталып калган. Анткени Сибирдеги Ачинск шаарына жакын жайгашкан Андронов кыштагынын жанында бул маданияттын алгачкы эстелиги табылган. Бул маданияттын эң бай кенчи Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы айылында табылган. Андронов маданиятынын өкүлдөрү Кыргызстандагы бийик тоолуу Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүн да өздөштүрүшкөн, аска беттерине сүрөт тартышкан. Кол өнөрчүлөр өз алдынча кесип ээлери катары бөлүнө баштаган. Колодон канжар, найзанын, жебенин учтарын, орок, балта жасашкан, жүндөн кездеме токуганды жана тери иштеткенди мыкты өздөштүрүшкөн. Кездемеден жана териден кийимдерди тигишкен.

Археологдор Андронов маданиятындагы уруулардын бир катар турак жайларын, көрүстөндөрүн жана аскага тартылган сүрөттөрүн табышкан. Коло доорунун тургун жайы Чүй өрөөнүндөгү Беловодскиден, б. з. ч. XII–IX кк. таандык эстеликтерди Аламүдүндөн, Александровкадан, Жайылмадан жана Кайыңдыдан табышкан.



Андронов маданиятына тиешелүү буюмдар: 1 – металл орок, 2 –металл бычак, 3–4-бычактар, 5-найзанын учу, 6–9-балталар, 10–27-кооздук, асем буюмдары, 28–30-карапа идиштер.




Токтогул районунун жаңы борборун куруу мезгилинде Андронов маданиятынын мезгилиндеги турак үй табылган. Ал бир метрдей казылган жана 70 чарчы метрдей жерге тургузулган. Бул жер үйдүн дубалы жана үстү устундар менен бекитилип, чырпык менен каланган жана ылай менен шыбалган. Мында 25тей адамдан турган үй-бүлө биргелешип чарба жүргүзгөн.

Коло доорунда өлгөндөрдү өрттөө жана жерге коюу салты колдонулган. Мүрзөлөргө тамак-аш, металлдан жасалган бычактар, ийнелер, сөйкөлөр, билериктер ж. б. кошо коюлган.

Кыргызстандын айрым жерлеринен коло дooруна тиешелүү байыркы кенчтер табылган. Мисалы, Александровка (Чүй областы) айылынан бир эле жерден отуздай орок, Кара-Кол шаарына жакын жерден беш канжар табылган. Бул куралдар алмашуу же сатуу үчүн даярдалса керек.

Коло доорундагы аскага тартылган сүрөттөр бул доор жөнүндө көп маалыматтарды берет. Алар Жалал-Абад областынын Тогуз-Торо районунун борбору Казарман кыштагынан анчалык алыс эмес жерде жайгашкан Көк-Арт суусунун батышындагы **Саймалы-Таш байыркы сүрөт галереясында** (100 миңден ашык) топтолгон. Кыргыз жериндеги Саймалуу-Таш – таш бетине чегилген сүрөттөрдүн дүйнөдөгү эң чоң галереясы болуп эсептелет. Аз сандагы аскага тартылган сүрөттөр Сулайман тоосунан, Араван кыштагына жакын аскадан (Дулдул-Ата мазары), Чолпон-Ата шаарына жакын жерден, Кетмен-Төбө жана Алай өрөөндөрүнөн табылган. Бул сүрөттөр б. з. ч. 3-миң жылдыктан баштап, орто кылымдарга чейин ташка чегилип келгени аныкталган.



Саймалы-Таш петроглифтери.

Андронов маданиятындагы уруулар негизинен мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан. Негизинен уйларды, койлорду, эки өркөчтүү төөлөрдү кармашкан. Жылкыны өзгөчө аздектеп асырашкан. Андронов маданиятындагылар алгачкылардан болуп кымыз жасаганды үйрөнүшкөн деген пикир бар. Алар малды кышкысын колго багышкан, ал үчүн тоют даярдашкан. Чочко багылган эмес.

Коло доорунун аягында мал чарбасында көчүп жүрүү шартына ылайык уйдун саны азайып, жылкы көбөйгөн. Ошентип, көчмөн мал чарбачылыгы пайда болгон.

Андронов маданиятынын өкүлдөрү социалдык жактан чоң үй-бүлөлөргө бөлүнүп жашашкан. Ал үй-бүлөлөр уруктарды түзгөн. Уруктар ири урууларга бириккен. Коомдук өндүрүштүн жакшырышы менен азык-түлүк, байлыктар көбүрөөк өндүрүлө баштаган. Урук башкаруучусу мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, байлыктын көбүн өзүнө ыйгарган. Аскер башчылары жана дин башчылары өзгөчө укуктарга ээ болушкан. Ошентип, коомдо теңсиздиктин алгачкы белгилери пайда болот.

Бул доордо уруктун жана уруунун башына эркек жол башчылар туруп, ата бийлигинин доору – патриархат өз үстөмдүгүн жүргүзгөн.

Кыргызстандын түштүгүндөгү Фергана өрөөнүндө байыркы дыйканчылыкка негизделген экинчи маданият өнүккөн. Ал шарттуу түрдө **Чуст маданияты** делип аталган. (Наманган областындагы Чуст кыштагында ушул маданияттын алгачкы тургун жайы табылган.) Бул маданияттын өкүлдөрү буудай, арпа, таруу, сулу өстүрүшкөн. Кол өнөрчүлүк андронов маданиятына



Андроновчулардын турак-жайынан боз үйдүн пайда болушу.



салыштырмалуу күчтүү өнүккөн, бирок мал чарбасы буларда негизги тармак болгон эмес. Түшүмдү таш, коло ороктор менен орушкан. Эгинди үйдүн ичине казылган ороолордо сакташкан. Айрым ороолорго бир тоннадай эгин баткан. Байыркы фергана-лыктардын таш ороктору Ысык-Көлдүн үч жеринен, Чыгыш Түркстандан, Өзбекстандын түштүгүнөн табылган.

Кыргызстанда чуст тургун жайлары Өзгөндүн жанынан, Куршабдан, Ноокаттан табылган. Бул маданияттын Оштогу Сулайман тоосунда жайгашкан тургун жайы жакшы изилденген.

Ош шаарына жакын Айым кыштагына (Өзбекстандын Анжиян областы) жакын жерден 2 миңдей адам жашаган ири тургун жай табылган. Аны тегерете ылайдан калыпка куюлуп жасалган кыштан (кирпичтен) тургузган дубал курчап турган.

Чуст маданиятындагы уруулардын социалдык түзүлүшүндө да теңсиздик өкүм сүргөн. Мартабалуу байлар менен карапайым дыйкандардын ортосундагы карама-каршылыктар билине баштаган.

Кыргызстанда коло доорунда өнүккөн эки маданияттын өкүлдөрү тең европеоид түспөлүндө болушуп, чыгыш-иран тилдеринде сүйлөшкөн деген божомол бар.

Жыйынтыктап айтканда, коло доорунда Кыргызстанда металл иштетүү өздөштүрүлгөн. Көчмөн мал чарбачылыгы жана дыйканчылык калыптанып өнүккөн. Коомдук мамилелердин, өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнүн натыйжасында коомдо социалдык жактан теңсиздик пайда болгон.

**Ош тургун жайы**

Алгачкы коомдун тарыхында коло доору өзгөчө бир маанилүү этапты түзүп турат. Б. з. ч. III–II кк. көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Борбордук Азияда да таштан, сөөктөн жана жыгачтан жасалган куралдар менен катар колодон жасалган буюм-тайымдар, куралдар кеңири колдонула баштаган. Колонун табылышы металлургиялык өндүрүштү жана жалпы эле коомдун өндүргүч күчтөрүн бир кыйла өркүндөткөн. Адамдар баарынан мурда турмуш-тиричиликте, чарбачылыкта темирден жасалган буюмдарды көбүрөөк пайдаланган. Кыргызстандын түштүгүндөгү дыйканчылык кылган калктардын эң байыркы жана өзүнчө айырмалуу эстеликтеринин бири – коло доорундагы **Ош кыштагы** болуп саналат. Ал күтүүсүз жерден ачылды. 1976-ж. жазында Ош шаарынын крайтаануу музейинин илимий кызматкери Сулайман тоосун ашып өтүүчү жолго байкоо жүргүзүп жүрүп, бир жерден коло доорунун карапасы бар маданий катмардын чыгып калгандыгын байкаган. Мындай карапа археологиялык адабияттарда биринчи жолу табылган ушундай эстеликтин аты боюнча *чуст карапасы* деп аталып калган эле.

Ошол эле 1976-ж. жайында СССР Илимдер академиясынын Археология институтунун Ленинграддагы бөлүмүнүн Фергана экспедициясы Сулайман тоосун изилдей баштайт.

Казуу учурунда жер бетинен эки метр терендикте шагыл менен жабылып жаткан, бир кезде адам жашаган аянттагы чарбачылыкка пайдаланылуучу үч тегерек ороосу бар сокмо топурактуу жер ачылган. Бул жердеги маданий катмар үстүнөн шагыл менен жабылып, калындыгы 1 *м* жетет. Казылган жерден көптөгөн чуст карапасы, ал гана эмес бүтүн жаткан кумура да табылды. Айрыкча, байыркы устаттын колу аркылуу кызыл фонго кара боёк менен түшүрүлгөн келишимдүү геометриялык кооздуктарга бай жарты кесени белгилөөгө болот. Алынган маалыматтар Ош шаарынын ортосунда жайгашкан Сулайман тоосунун чыгыш капталында чуст мезгилиндеги кыштактын сакталып калгандыгын көрсөттү. Ал узундугу 200 *м* кем эмес аянтты ээлеп жаткан. Үч жылдын ичинде (1978–1980-жж.) бул жерде ошол тургун жайдын жалпы көрүнүшүн, үйлөрдүн түзүлүшүн, чопо идиштердин тобун, таштан жасалган буюм-тайымды ж. б. элестетүүгө мүмкүндүк бере турган кенири изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Байыркы тургун жай тоонун түштүк тарабындагы тик капталда тектир-тектир болуп жайгашкан. Археологдор эн жогор-



Ош тургун жайынын табылгалары.



кусун, тоо башындагы аскалардын түбүнөн башталган тектирди изилдешти. Ошол кезде элдердин үйлөрү Сулайман тоосунун борборундагы бийик асканы тегерете жайгашкандыгы жөнүндө божомолдоого болот. Дээрлик бүткүл тектирлерде кылымдардан бери тапталып калган жердин бетинен көптөгөн тегерек оороолор (чункурлар) даана көрүнүп турат. Бардыгы болуп 70тен ашуун ар кыл диаметрдеги жана терендиктеги ороолор тазаланды. Алардын баары тен дан ж. б. азык-түлүктөрдү сактоо үчүн арналган.

Жалпы аянты 600 чарчы метр жерди казуу иши өтө татаал шарттарда жүргүзүлдү. Чопо, кум, шагыл аралашып, тапталып калган катмардын арасынан байыркы тектирдин негизин, үйлөрдүн контурун жана ороолорду таап чыгуу оңойго турган жок.

Тургун жайдын калдыктары азырынча эң акыркы эки тектирден гана табылды. Алардын биринде тик бурчтуу, кууш, жерге бир метр терендикте казылып жасалган жер төлө (жер үй) тазаланды. Анын туурасы 3,5 *м* ал эми сакталып калган бөлүгүнүн узундугу 5 *м* жакын келет. Жертөлөнүн тоо жак тарабына чыккан түштүк бөлүгү бузулуп бүткөндүктөн, анын көлөмүн так билүүгө мүмкүн эмес. Жертөлөнүн ичинде анын дээрлик бүткүл аянтын ээлеп турган 8 ороо ачылган. Ал эми түндүк батыш бурчунда болсо, формасы шалгам сыяктанган чоң, сыртын өтө көө баскан казан сакталып калыптыр. Ал басылып талкаланган, ошентсе да сыныктары толук сакталып калгандыктан кайра мурдагы калыбына келтирилди. Казанды азыр музейдин көргөзмөсүнөн көрүүгө болот. Ага жакын жерден дагы бир идиштин бөлүгү жана ага жанаша жаткан жаргылчактар табылды. Бул жер төлө түндүктөн түштүккө карай узунунан жайгашкан, жантайыңкы айбаны аркылуу өзүнөн ылдыйкы, дагы төрт жер төлөнүн калдыктары табылган тектир менен биригет.



Ош тургун жайындагы жер төлө (үй) (*реконструкция*).

Алардын бирөө көлөмүнүн чоңдугу менен айырмаланып турат: узуну – 2, туурасы – 5 *м*ден кем эмес болуп, жалпы аянты 60 чарчы метрге жакын келет. Мунун түбүнөн дагы 15тен ашуун ороолор табылды. Алар бир мезгилде казылбаган. Ороолор керектөөгө жараша, алгачкылары пайдалануудан чыгып калган соң гана кийинкилери казылгандыгы жана эски ороолорго тамак-аштын калдыктарын, жаныбарлардын сөөктөрүн, идиш сыныктарын, таш куралдарды таштаганы көрүнүп турат. Алардын ар биринде көп сандаган табылгалар сакталган. Алар көптөгөн кызыктуу ачылыштарды жасоого үмүттөндүргөндүктөн, археологдор аларды өтө кылдаттык менен тазалап чыгышкан.

Ушул сыяктуу эки ороонун ичинен археологдор бир килограммга жакын бир кыйла жакшы сакталган көмүр жыйнашып, радиоуглероддук анализге жөнөтүшкөн. Ленинграддагы атайын лабораторияда ошол үлгүлөр аркылуу көмүрлөрдүн күйгөн убактысын далилдешкен жана ошону менен бирге эле Ош кыштагынын жашаган мезгилин, жашын аныкташкан.

Жер төлөлөрдүн бардыгынын сырткы формасы так эмес. Бул алардын жакшы сакталбагандыгы менен түшүндүрүлөт. Жер төлөлөрдө үй куруу боюнча материалдар өтө эле аз. Ошентсе да Ош, Дальверзин жана Чуст кыштактарынын үйлөрүнүн окшош экендигин белгилөөгө болот.

Жогоруда айтылгандай жер төлөлөр ар башка тектирлерде жайгашкан. Кыштактын мындай тектир-тектир болуп пландаштырылышы Ош кыштагынын өзгөчөлүгүн түзөт, ал эми мындай кыштак Борбордук Азияда али кездеше элек. Казуулардан алынган табылгалардын негизги массасын адаттагыдай эле чоподон жасалган бүтүн идиштер жана алардын сыныктары түзөт. Дал ушулар ошол элдин маданий белгилеринин, эстеликтин өзүнүн жашаган мезгилин аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Төрт жыл ичинде коло доорунун карапасынын 10 миңден ашык фрагменттеринен турган эбегейсиз коллекция жыйналды. Бул коллекцияда чуст уруулары колдонгон чопо идиштердин бардык түрлөрү бар. Аны үйрөнүү идиштердин эң жакшы көрүнгөн формалары жана байыркы кол өнөрчүлөр жасаган буюмдарын кооздоочу оймо-чиймелердин кеңири жайылган мотивдери жөнүндө түшүнүк алууга мүмкүндүк берет.

Бардык идиштер колго жасалган. Ошол учурда Борбордук Азиянын түштүк областтарында кеңири белгилүү болуп калган кол өнөрчүлөрдүн жөнөкөй станогун Ферғананын чеберлери али билишкен эмес. Көпчүлүк идиштер сыртынан кызыл түстөгү жука чопо менен капталган. Идиштердин негизги формалары чуст эстеликтерин кайталайт. Булар айрыкча жарым сфералык кеселер, каптaлдары кескин ийилген чоң мискейлер, азыркы гүл отургузуучу горшокторду элестеткен конус формасындагы идиштер, тоголок кумаралар. Аз санда кыска чорголуу жана башкалардан бөтөнчөрөөк туткасы бар идиштер табылды. Мата баштыкка салып жасалган, отко кызыткандан кийин боорунда ар кандай кездеменин издери сакталып калган идиштер да бар. Мындан бизге ошол мезгилде кандай маталар жасалгандыгын (алардын өзүнөн эч нерсе сакталып калбаса да) билүүгө болот.

Коло доору үчүн оймо-чиймелер менен кооздолгон идиштер өзгөчө мүнөздүү болуп эсептелет. Кызыл өңдүн үстүнөн кара боёк менен геометриялык саймалар, үч бурчтуктар, ромбдор жол-жол сызыктар түшүрүлгөн. Кээде бул мотивдер боёк менен жылчыксыз капталган, ал эми кээде тор же керегe түрүндө боёлгон. Баарынан да эң сейрек табылга – эчкинин сөлөкөтү түшүрүлгөн идиштин фрагменти өзгөчө кызыгууну туудурду. Бул – чуст карапасындагы изилдөөнүн 30 жылдык тарыхында биринчи жолу кездешкен ушундай табылга.

Байыркы чеберлер эң жөнөкөй ыкмалар менен айкын кооздукту берүүгө жетише алышкан. Ош кыштагынан оймо-чиймелүү идиштердин бардыгы болуп 600дөн ашуун фрагменти табылды жана ал Фергана боюнча Дальверзинден кийинки экинчи орунга чыкты.

Бетине кооз түр түшүрүлгөн идиштер кымбат жана сейрек болуп, аларга ээ болуу кадыр-барктуулуктун белгиси катары эсептелген. Ошону менен катар идиштерге түшүрүлгөн орнаменттик кооздуктар өз убагында утилитардык, эстетикалык маанилерден башка да, терең символикалык, ал гана эмес сыйкырдык мааниге ээ болгондугу белгилүү. Ош кыштагы, баамыбызда, Ферганадагы бүткүл Чуст маданиятынын өзгөчө маданий-идеологиялык борбору сыяктанат.

Бул жерде көп сандагы казандар жана азык-түлүк, суу сактай турган чоң-чоң идиштер да табылган. Бийиктиги 4–6 *см* келген тырнактай идиштен тартып диаметри, бийиктиги 50 *см* жана андан да чоңураак 2–3 чака суюктук бата турган көлөмдөгү идиштер кездешет. Жалпысынан Ош кыштагынын чопо идиштери Ферганын бардык башка эстеликтериндеги идиштер менен бирдей. Бул кол өнөрчүлүктүн бирдей деңгээлде өнүгүшүн көрсөтөт.

Байыркы адамдар чарбачылыкта жана күнүмдүк тиричиликте али да болсо таш куралдарды кеңири пайдаланышкан. Муну казуу учурунда жыйналып алынган үч жүздөн ашуун таш буюмдар, куралдар далилдеп турат. Алардын ичинде таштан жасалган оροктор бар. Мындай ороктор менен эгин орушкан. Бул куралдардын натыйжалуулугу эксперименттик тажрыйбалар менен аныкталды, алардын жардамы менен арпаны, буудайды жана башка өсүмдүктөрдү ылдам эле оруп алууга мүмкүн болгон. Дан жана башка азык-түлүктөрдү даярдоодо сокуларды, жаргылчактарды пайдаланышкан. Жаргылчактардын байыркы кыштактан көп табылгандыгы, ундун көп керектелгендигин

айгинелейт. Уникалдуу табылга болуп эсептелген, жол башчынын бийлик белгиси катары колдонулган алмурут формасындагы таш төөнөгүчтү өзгөчө белгилөөгө болот. Ал учурда темир сейрек табылып, кымбат бааланган. Эреже катары, сынган металл буюмдар ыргытылбастан, кайра эритүүгө жиберилип турган. Байыркы эстеликтерден кокусунан гана сакталып калган темир буюмдар табылат. Ошондуктан Ош кыштагында коло буюмдар өтө эле аз. Үч жылдык изилдөө учурунда үч коло шибеге гана табылган.

Кооздук буюмдарынын ичинен акак таштан жасалган мончоктор гана бар. Бүткүл буюмдар тобун башка Чуст тургун жайларындай эле таштан, колодон, сөөктөн (оюндарда колдонулуучу чүкөлөр бар) жасалган буюмдар түзөт. Ушундан улам ушул жерде жашаган элдин негизинен жер иштетип, мал багышкандыгын, кол өнөрчүлүк кылышкандыгын, таш иштетип, темир куралдарды даярдагандыктарын билүүгө болот. Ошентип, Ош кыштагын Чуст маданиятына таандык эң бай маданият катары эсептөөгө болот. Муну ошол ороолордон табылган көмүрлөрдү радиоуглеводдук анализдөөнүн натыйжалары бекемдеди. Азыркы Ош аймагындагы биринчи отурукташып, жер айдаган калктуу кыштак мындан 3 миң жыл мурда пайда болгондугу айкын. Орто Азиянын башка шаарларынын тегерегинде мындай байыркы эл отурукташкан жерлер азырынча табыла элек. Ош шаарына 3000 жыл болгон деп ишенимдүү айтсак болот.

Ош кыштагы тоо капталында жайгашкандыктан, анын калдыктары жогортон түшкөн шагылдардын шилендилери менен басылып калып, бүгүнкү күнгө чейин сакталган. Коло доорунун акырынан баштап, Ош шаарынын аймагында отурукташкан эл үзгүлтүксүз жашап келет. Кийинки доорлордун эстеликтери аздыр-көптүр изилденип калды. Орто кылымдардагы Ферғананын жазуу эстеликтеринде ири маданий, саясий жана соода борбору катары белгилүү болгон Ош шаарынын тарыхый өнүгүшүн иликтеп чыгыш үчүн дагы зор жумуштарды аткаруу керек.

Буга чейинки аныкталган жана ачылган табылгалар байыркы Рим менен мезгилдеш болгон Борбордук Азиялык жалпыга маалым шаардын тамырынын терең, тарыхынын бай экендигин көрсөтүп турат.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Коло дооруна мүнөздөмө бергиле.
2. Андронов маданияты менен Чуст маданиятынын айырмасы кандай?
3. Саймалы-Таш сүрөт галереясы жөнүндө айтып бергиле.
4. Ош тургун жайы жөнүндө айтып бергиле.
5. Эмне үчүн Ош шаарына 3000 жыл болду деп эсептейбиз?



## § 5. САК УРУУЛАРЫ ЖАНА АЛГАЧКЫ МАМЛЕКЕТТЕР

**Сактар дүйнөлүк тарыхта**

Б. з. ч. VIII–III кк. Орто Азия республикалары менен Казакстан ээлеп турган эбегейсиз зор мейкиндикте жалпы жонунан сактар, же скифтер деп аталган көп сандаган уруктар жашаган. Индиялык булактарда буларды турлар, байыркы кытайлык маалыматтарда сэ эли деп аташат.

«Сак» деген түшүнүк «эркин адам», «күчтүү эркек (жоокер)» дегенди билдирген.

Орто Азиянын элдеринин тарыхы боюнча алгачкы маалыматтар Зороастризм дининин ыйык китеби – Авестада (б. з. ч. VI–IV кк.), Дарий Інин мезгилиндеги байыркы персиялыктардын жазууларында (б. з. ч. 522–486-жж.) кездешет. Дарий Іге баш ийген элдердин катарында сактардын үч бөлүгү: Хаумаварга, сака-ти-ай-тара-дарайя жана сак-тиграхауда көрсөтүлөт. Окумуштуулар сактардын биринчи бөлүгү – Памирде (Мургаб, Фергана), экинчиси – Арал деңизинен түштүк-чыгыш тарабында, үчүнчүсү – аларга коңшулаш жайгашкан деп божомолдошот.

Байыркы авторлор Азиянын талааларындагы урууалардын бардыгын эле сактар деп аташкан. Ошондуктан алардын сактар жөнүндө билдирүүлөрүнүн бардыгын эле Кыргызстанда жашаган сактарга тиешелүү деп эсептөөгө болбойт.

Борбордук Азиянын элдери жөнүндө маалымат Геродоттун (б. з. ч. 484–425-жж.) шарттуу түрдө *«Тарых»* деп аталган китебинде берилет. Анын маалыматтары боюнча көчмөн уруулар Дон дарыясынан Теңир-Тоого чейин отурукташкан. Анда «сактар» (скиф уруулары) баштарына чуштугуй, калың баш кийим кийишкен, жаа, канжар, айбалта менен куралданышкан. Сактардын атчандары эр жүрөктүүлүгү менен айырмаланышкан.




Толук сак.

Ктесий (б. з. ч. болжол менен 400-ж.) сак аялдарынын баатырдыгы, алардын согушта күйөөлөрүнө көрсөткөн жардамы, мидандар менен болгон кагылышуудагы Зарина аттуу аялдын эрдиги жөнүндө жазат. Полизи (б. з. ч. II к.) сактардын үч падышасынын: Саксефар, Фамир жана Аморгдун ысымдарын атаган.

Б. з. ч. VI–V кк. Орто Азиялык сактар эки ири уруу союзуна биригишкен. Биринчи союзга массагеттер, абилер, апасиакилер, дебектер, дахилер ж. б.

уруулар кирген. Байыркы персиялык булактарда булар «тиграхауда сактары» ал эми байыркы гректерде «ортокарибант сактар», которгондо «шуншугуй калпакчан сактар» делип аталган. Сактардын айрым жолбашчылары баштарына куштун (бүркүттүн) канатын сайынып жүрүшкөн. Бул союзга кирген сактар Каспий деңизинен жана Узбойдон тартып, Теңир-Тоо менен Иле дарыясынын өрөөндөрүнө чейинки аймакты ээлеген. Экинчи союз Түндүк Индиядан Алайга жана Ферганага чейинки мейкиндикти ээлеп турган. Перстер аларды «хаумаварга», т. а. «хаум чөбүн урматтаган сактар» деп аташкан. Булар хаум (кырг. чекенде) деп аталган өсүмдүктүн ашынан касиеттүү деп эсептелген суусундук жасашкан. Азыркы Кыргызстандын түндүк районунда «тиграхауда сактары», ал эми түштүгүндө «хаумаварга сактары», жашашкан. Сактар байыркы түрк тилдеринде сүйлөшкөн, көбүнчө европеоид түспөлүндөгү уруулардын союзу болгон. Тиграхауда сактарынын айрымдарында монголоиддик белгилер кездешкен. Сактарды түрк тилдүү элдердин ата-бабаларынан болгон деп эсептесек болот. Белгилүү кыргыз тарыхчысы, профессор С. Аттокуров «Тайлак баатыр» деген эмгегинде кыргыздын саяк уруусу генеологиялык жактан сактар менен байланыштуу деген пикирди айтат. Окумуштуу Ч. Тукембаев: «Перстер саяк деген этнонимди өздөрүнүн тилине ылайыктап – сак деп аташкан» – деп эсептейт.

Коомдук түзүлүшүндө сактар үй-бүлөлөрдөн турган көчмөн жамааттарга бириккен. Ал эми жамааттык түзүлүштүн бузулушунун натыйжасында урук-уруулардын ак сөөктөрү бөлүнө баштайт. Аскер башчыларынын мартабалары жогорулап, байлыктары өскөн. Б. з. ч. V к. сактардын коомунда социалдык теңсиздик пайда болгондугун аларга тиешелүү көрүстөндөрдүн көлөмү, андан табылган археологиялык эстеликтер далилдейт. «Падышалардын» дөбө-мүрзөлөрүнүн диаметри 50дөн 120 *м*, бийиктиги 9–15 *м* жетет. Мындай чоң дөбө-мүрзөлөр Кыргызстандын аймагынан көп кездешет. Ушундан улам сактардын борбору Кыргызстандын аймагында болгон деген пикирлер бар. Уруунун ак сөөктөрү диаметри 30–45 *м*, бийиктиги 5–7 *м* келген мүрзөлөргө, эрдик көрсөткөн жоокерлер чонураак, ал эми карапайым адамдар бир аз гана белгиленген мүрзөлөргө коюлган. Эң чоң мүрзөлөрдөн 4 миңге чейинки алтын буюмдар, карапайым адамдардыкынан бирин экин гана чопо, идиштер табылган. Коомдун эң төмөнкү баскычында аз сандагы кулдар турган. Коомдук түзүлүшү боюнча сактар мамлекет түзүүнүн алдында турган десе болот.




Сактардын курал-жарактары.

---

Сак урууларынын археологиялык эстеликтеринин ичинде дөбө-мүрзөлөр басымдуулук кылат. Бул мүрзөлөр көзү өткөн падышаларга, уруу башчыларына, кадырлуу ак сөөктөргө арналып салынган өзгөчө инженердик курулуш болгон. Археологдор аларды «Падыша дөбө мүрзөлөрү» деп аташат. Бул мүрзөлөрдөн сактардын маданиятына тиешелүү өтө баалуу буюмдар табылган. Көпчүлүк мүрзөлөр ошол байыркы замандарда эле кöркоо адамдар тарабынан уурдалган. Мүрзөлөрдө сакталып калган буюмдар сактардын өлүктү көмүүдөгү каада-салттарынан баалуу кабар берет. Борбордук Азиянын ар кайсы чөлкөмдөрүндөгү дөбө-мүрзөлөр сырткы көрүнүшү, ички түзүлүшү боюнча бири-биринен айырмаланат. Эгерде Алтай менен Сибирде карагайлардан жасалган табыт терең казылган чоң казанактын ичине жасалса, Казакстан менен Орто Азиянын, анын ичинен Кыргызстандын аймагында өлгөн адамдын сөөгү жатуучу жай 6–7 метрлик карагайлардан үй сыяктуу тегиз жерге жасалып, үстүнө дөбө үйүлгөн. Бул чөлкөмдө өлүктү жер астына казанак оюп койгон учурлар да кездешет. Дөбө мүрзөлөрдүн баары адегенде таш, шагыл менен, андан кийин чий, чычырканак менен жабылып, алардын үстүнө топурак үйүлгөн. Эң чоң дөбө мүрзөлөрдүн диаметри 100–120 метрге, бийиктиги 20–30 метрге жеткен. Мын-



Сактардын жер алдына көмүшү (кесип көрсөтүү).



Сактардын жер үстүнө көмүшү:
1 – сырткы көрүнүшү. 2 – схемасы.

дай дөбө-мүрзөлөр түндүктөн түштүктү карай катары менен жайгашкан. Ушундан улам кыргыздар аларды «желе дөбө» деп аташат. Мындай дөбөлөрдү Кыргызстандын көп аймактарынан азыр да көрүүгө болот.

---

Жаратылыш шартына ылайык Кыргызстандын түндүгүндөгү сактар негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ферганалык сактар болсо мал чарбасын дыйканчылык менен айкалыштырган. Мал чарбасында короо-короо кылчык жүндүү койлорду, тоого ылайыкташкан үйүр-үйүр жылкыларды, эки өркөчтүү төөлөрдү, уйларды багышкан. Дыйканчылыкка ылайык жерлерде сугат иши өнүккөн. Буудай, арпа, таруу айдашкан. Сүт менен эт сактардын негизги азык-түлүктөрүн түзгөн, жүндөн, өсүмдүк буласынан жип ийрип, кездеме токушкан. Кыргыздардыкына өтө окшош кийизден жасалган шуштугуй калпактарды кийишкен. Териден кийим тигип, ат жабдыктарын, идиштерди жасоо кеңири тараган.

Кыргызстандан сак маданиятынын эстеликтери Чүй өрөөнүнөн, Ысык-Көлдөн, Теңир-Тоодон ж. б. жерлерден табылган. Курмандык чала турган такта, шам чырактар, конус формасындагы буттары бар казандар өтө зор кызыгууларды туудурат. Белгилей кете турган нерсе бул буюмдар айбандардын колодон жасалган сөлөкөттөрү менен өтө чебер коздолгон. Археологиялык эстеликтер сактарда зергерчилик иши жогорку чеберчиликке жетишкенин айгинелейт. Алтындан, колодон жана чоподон жасаган буюмдар, ар түрдүү кооздуктар, өзгөчө айбанаттардын сөлөкөттөрүн жасоо жана сүрөтүн түшүрүү өнөрү сактардын дүйнөгө болгон көз карашын, философиясын чагылдырат.

Б. з. ч. VI к. тиграхауда сактары өзүнүн көз каранды эместиги үчүн күчтүү перстер (ирандыктар) менен кармашат. Б. з. ч. 550-ж. Персиянын падышасы Кир II Мидия мамлекетин талкалап, Жер Ортолук деңизинен Инди өрөөнүнө чейинки мейкиндикти ээлеген, борбордоштурулган кубаттуу Ахемениддер мамлекетин негиздейт.



Томирис.

Улуу грек тарыхчысы Геродоттун жазып калтырган маалыматтары боюнча Кир II өзүн кудайларга теңеп, эч качан жеңилбесмин деп эсептеген. Ал өзүнүн гвардиясын «өлбөстөр» деп атаган.

Б. з. ч. 530-ж. ал тиграхауда сактарын талкалоо үчүн 200 миң күчтүү аскери менен аттанат. Бул согушта сактардын башында ханыша **Томирис** турган. Адам каны суудай аккан бул кыргында перстер жеңилип, дүйнөлүк бийликке умтулган Кир II өлөт. Бул салгылашта өзгөчө эрдик көргөзгөн сактардын гвардиясы «кыргычтар т. а. кыргын салуучу жоокерлер» (кыргыздар) деп аталган деген маалымат бар.



Б. з. ч. 519–518-жж. Ахемениддер династиясынын кезектеги падышасы *Дарий I* сактарды баш ийдирүүгө жетишип, аларды салык төлөп турууга мажбур кылат. Канчалык аракет кылганы менен ирандыктардын бийлиги Сыр-Дарыядан түндүккө өтө алган эмес. Кыргызстандын түндүгүндө жашаган сактар Персияга каршы согуштарга катышканы менен өз жерин иран баскынчыларына тепсеткен эмес.

Кийинчерээк сактар иран элдери менен тынчтык жана согуштук мамиледе болуп, дүйнөлүк ири тарыхый окуя болгон грек-перс согуштарына (б. з. ч. 500–449-жж.) катышкан. Айтылуу Марафон салгылашуусунда (б. з. ч. 490-ж.) сак атчандары каарман эрдиктерди көрсөтүшкөн. Согуш ишине өтө машыккан сак жоокерлери Грецияны жана Египетти басып алууда перстерге чоң жардам беришкен. Вавилондун жана Египеттин шаарларында сактардын аскер кыштактары болгон.

Сактардын тарыхынын кезектеги барагы байыркы дүйнөнүн тарыхындагы белгилүү полководец Александр Македонскийдин баскынчылык согушуна байланыштуу. Грек-македон баскынчылары Ахемениддер династиясын талкалап басып алгандан кийин Орто Азияга жортуул жасашкан.

Б. з. ч. 331-ж. Македонскийдин аскерлери перстер менен сактардын аскерлерин жеңип, 329-ж. Сыр-Дарыянын жээгине чыгат. Бирок бул жерден баскынчылар сактардын күчтүү каршылыгына дуушар болгон. Анткени сактар б. з. ч. IV к. бул



Бехистун эстелиги Бехистун тоосуна (Ирак) Дарий Інин буйругу боюнча бийиктиги 105 м аскага чегилген. Анда Дарий Інин жеңиштери баяндалган. Туткундардын акыркысы болуп сак Скунханын элеси тартылган.



Селевк. *Тыйындын бетиндеги сүрөт.*

жерде өздөрүнүн мамлекетин негиздеп, экономикалык жана саясий жактан бир кыйла жөнгө салынып калган. Аскердик тартип чыңдалып, согуш өнөрү өскөн. Курал-жарагы боюнча алар грек-македондуктардан кем калышкан эмес.

Александр Македонскийдин аскерлери менен сактардын чечүүчү салгылашы б. з. ч. 329-ж. Сыр-Дарыянын жээгинде болгон. Орто Азия элдери күрөштө жеңилген, баскынчылар да баштагы күч-кубатынан кайтып калышкан. Ошондуктан Македонскийдин Индияга жүрүшү кечеңдеген. Индияга жасаган жортуулдан кийин Александр Вавилонго кайтып келип, б. з. ч. 323-ж. капысынан дүйнөдөн кайткан.

Грек-македондуктар Кыргызстандын аймагына терендеп кире алышкан эмес. Чыгыш тарабынан алар Ош областынын Лейлек району аркылуу агып өткөн Кожо-Бакырган-Сай суусуна чейин гана жетишкен.

Александр Македонскийдин кол башчысы **Селевк** б. з. ч. 312-ж. өзүнүн жаңы Грек-Бактрия мамлекетин (б. з. ч. 312–64-жж.) негиздеген. Бул мамлекеттин эң чыгышындагы Антиохия шаары – азыркы Өзгөндүн жанында болгон деген божомол бар. Бул фергналыктардын кыска мөөнөттө гректерге көз каранды болгондугун айгинелейт. Алыскы Греция менен Кыргызстандын түштүгүнө чейинки байланыш кийин Кытайдан Римге чейин созулган Улуу Жибек жолунун түзүлүшүнө өбөлгө болгон.

Сактардын акыркы мезгили жөнүндө маалыматтар тарыхта аз. Сактардын арасында уруу биримдиктеринин начарлашы чыгыштан келген күчтүү көчмөндөрдүн кысымына туруштук бере алган эмес.

Б. з. ч. II к. дарыянын аркы өйүзүндөгү сактарды хунндар тарабынан Чыгыш Түркстандан сүрүлүп чыккан юэджилер (тохарлар) жеңип алган. Юэджилер Теңир-Тоо менен Ферганада көпкө тура алышкан эмес. Алар сактар менен биргелешип Орто Азиядагы Грек-Бактрия падышалыгын талкалашат. Хунндардын империясы күч алып турган чакта өз алдынча болууга умтулган усундар б. з. ч. II к. ортосунда Чыгыш Түркстандан Борбордук Теңир-Тоого жылып, бул жердеги сак урууларын каратып алышкан. Ушуга байланыштуу жети-суулук жергиликтүү сактар батышка, Орто Азиянын борбордук бөлүктөрүнө, бийик тоолуу жерлерди карай журт которууга аргасыз болушкан. Сактардын калган бөлүктөрү усундар менен аралашып, кийинки элдердин калыптанышына өбөлгө болгон.



**Хунндардын мамлекети**

Эгерде сактар мамлекет түзүү алдында болсо хунндар, усундар жана дабандыктар мамлекет түзүүгө жетишкен. Кытай булактарында хунн уруулары б. з. ч. I миң жылдыкта эскерилет. Тарыхый булактар боюнча хунндар 24 урууга бөлүнгөн. Аларды уруу аксакалдары бийлеген. Хунндар Тынч океандан жана Түндүк Кытайдан Алтайга жана Жети-Сууга чейинки кеңири мейкиндикти ээлешип, жаңы аймактарды басып алуу үчүн батышка жылган. Бул мамлекет «Чыгыш» жана «Батыш» чөлкөмдөргө бөлүнүп, аларды «теңир куту» деп аталган уруудан чыккан ак сөөктөр башкарган. Хунн империясын Томан (Тоумань, *кырг.* Түмөн) негиздеген.

Мамлекеттин башчысынын өзүнө тиешелүү 10 миң аскери болгон. Мамлекеттик бийликте турган чоң чиновниктердин да бир нече миң адамдан турган аскери болгон. Мамлекет уруулардын санына жараша 24 административдик аймакка бөлүнгөн. Хунндарда ак сөөктөр үч даражага бөлүнгөн: 1) хан тукумдары; 2) тектүү ак сөөктөр; 3) уруу башчылары. Теңир куттар мамлекеттеги маселелердин баарын ушул даражалуу адамдар менен кеңешип чечкен.

Хунндарда граждандык укуктар туруктуу жөнгө салынган. Мисалы, оор күнөө кылган адам өлүм жазасына тартылып, уруунун бардык мүлкү конфискацияланган. Майда күнөө кылгандардын бетин тырык болгудай кылып бычак менен тилип салышкан. Аскердик милдеттен качкандар же аскердик тартипти бузгандар өлүм жазасына буюрулган.



Модэ шанүй.

Хунндардын жогорку бийлиги Шанүйгө (*кырг.* «теңир кут») тиешелүү болгон. Б. з. ч. 209–174-жылдары хунндардын мамлекетин Томандын тун уулу **Модэ теңир кут** бийлеген. Ал кытайлыктардын хунндардын жерлерине көз арта баштаганын баамдап, адегенде кытайлар менен болгон чек араны бекемдеген. Ушундан кийин Модэ кытай жергесине бир нече ирээт чабуул уюштурат. Б. з. ч. 200-ж. Модэ 300 миң аскери менен чабуул коюп, Кытай императорун 320 миң аскери менен курчоого алат. Ошондо Кытай императору Гаоцзуй Модэнин алдына тизе бүгүп, ага өзүнүн кызын аялдыкка берип, жыл сайын салык төлөөгө мажбур болот. Ошентип, Модэ менен императордун ортосунда «тынчтык жана тууганды жөнүндө» келишим түзүлөт. Ушундан улам ошол кезде эле 30 *млн* калкы бар кытайды чөгөлөткөн хунндар күчтүү мамлекет түзгөн деген тыянакка келсек болот.

Модэ хан жөнүндө төмөндөгүдөй уламыш сакталып калган. Модэге коншулаш Дунху урууларынын өлкөсүнөн үч ирээт элчилер келет. Биринчи жолу элчилер күчкө салып Модэнин аргымагын берүүсүн талап кылат, экинчи жолу Модэнин акылдуу жана сулуу аялын сурашат. Модэ өзүнүн кеңешчилери менен макулдашып, аргымагы жана аялы үчүн кан төгүлгөн согуштан баш тартып дунхулардын падышасынын талабын аткарат. Алган белектерине шерденген дунхулардын башчысы үчүнчү жолу элчилерин жөнөтүп эки өлкөнүн чек арасындагы хунндарга тиешелүү таштак, жайытка ылайыксыз жерди берүүсүн талап кылат. Модэнин кеңешчилери таштак жерди берсе болот деген пикирди айтышат. Муну уккан Модэ ачуусуна чыдабай «Жер – мамлекеттин негизи! Жерин берген элдин келечеги жок!» – деп ураан чакырып, «жерди берели» деген кеңешчилеринин башын алдырат да, Дунху өлкөсүнө чабуул коюп, аны талкалайт. Мындан Модэ баштаган хунндарда патриоттук сезим өтө жогору болуп, тууган жердин ар бир укуму үчүн жан берүүгө даяр болгонун билебиз. Көпчүлүк окумуштуулар Модэнин тарыхтагы Ууз (Өгүз) хан деп эсептешет. «Манас» эпосунда Түмөн да, Ууз хан да Манас баатырдын түпкү бабалары катары эскерилет.

Б. з. ч. I миң жылдыкта хунндардын мамлекети экиге бөлүнөт. Хунндардын түштүк жагын Хуханье деген шанүй жетектеген, булар кийин кытайга баш ийип беришет. Хунндардын түндүк бөлүгүн Чжи-Чжи теңир куту башкарып, алар батышты карай орто азиялык уруулар менен аралашып, өздөрүнүн көз карансыздыгын сактап калышат. Б. з. ч. 71-ж. буларга кытайдын Чэнь-Тан баштаган армиясы Талас суусунун боюнан кыйраткыч сокку урат. Бул согушта кытайлыктарга усундар жардам берген.

**Усун мамлекети**

«Усун» этноними тарыхка кытайлык династиянын хроникасынан кирген. Тарыхчы А. Өмүркуловдун пикири боюнча «Усун» этноними байыркы түрк тилинен которгондо «он урук эл» (ус – урук, ун – он) дегенди түшүндүрөт. «Усун» сөзүн «асман» же «теңир» менен байланыштырган пикир айтылат. Бул эл Чыгыш Түркстандагы Упса (Узун) дарыясынын атынан аталган деген да божомол бар. Генеологиялык болжолдорго жана түрк санжыраларына таянсак, усундар – түрк элдеринин бир салаасы. Усундар сырткы кебетеси жагынан сакалдары кызгылт сары, көздөрү көк болуп, Түркстандын тургундарынан айырмаланып турган.

Усундар адегенде хунндар жана юэджилер менен коншулаш болуп, Улуу Кытай дубалынын батыш жагында көчүп жүрүшкөн. Алардын бир бөлүгү б. з. ч. 160-ж. сактарды жана юэджилерди талкалап, Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келишкен. Көп убакыт өтпөй чыгыштан хунндар менен, батыштан Талас дарыясы түштүктөн Фергана жана Чыгыш Түркстан



менен чектешкен жаңы мамлекет түзүлгөн. Түндүктө усундардын ээлиги Балхаш көлүнө чейин жеткен. Усундардын падышасы – күнбаг (күн бий) деген титулду алып жүргөн. Алардын борбору – Чигу, же Чигучэн деген шаар болгон. Бул сөздүн котормосу – Кызыл өрөөндөгү шаар. Акыркы жылдардагы археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасы боюнча бул шаар Ысык-Көл областынын чыгышындагы Түп суусунун куймасына жакын, айрым маалыматтар боюнча Жети-Өгүз районунун борбору Кызыл-Суу айылынын этегинде жайгашкан деген гипотезаны берди. Эки жээкте тең суунун астында шаардын негизги бөлүгүнүн калдыктары жатат. Анын жашоочулары дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенишкен. Б. з. башында көлдүн суусу көтөрүлө баштап, шаарды көмүп калган.

Усундардын мамлекети эрте таптык түзүлүштө болгон. Күнбагдын бийлиги мураска өткөн, башкарууда күнбаг аксакалдар кеңешине таянган. Мамлекеттин аппаратында 16 миңден кем эмес чиновниктер болгон. Кытайдын Усун өлкөсүнө б. з. ч. 117-ж. келген элчиси Чжан Цяндын маалыматы боюнча бул мамлекетке 630 миң адам жашаган жана керек учурда 188 миңден ашык жоокер жыйналган. Ошондуктан усундар менен Хан Кытайы жана ошол мезгилдеги Борбордук Азияга үстөмдүк кылган хуннулар да эсептешүүгө аргасыз болгон.

Орус окумуштуусу Н. Аристов 1893-ж. «Усундар жана кыргыздар же кара-кыргыздар: Батыш Тянь-Шандын калкынын тарыхы менен турмуш тиричилигинин очерктери жана анын тарыхый картографиясы боюнча изилдөөлөр» деген эмгегинде: «Усундар Батыш Тянь-Шанды жердеп турган азыркы кара-кыргыздардын түздөн-түз бабалары болуп саналат», – деп белгилеген. Ушул эле эмгегинде Н. Аристов енисейлик кыргыздар менен тянь-шандык кыргыздар качандыр бир кезде бир эле элди түзүп, б. з. ч. III кылымдан мурда экиге бөлүнүп кеткен. Алардын бир бөлүгү Енисейде жашаган. Чыгыш Тянь-Шанда турган экинчи бөлүгүн кытайлар усундар деп аташкан деген пикирди айткан. Окумуштуу Ч. Нусупов «Кыргызстандын саясий тарыхы» деген эмгегинде мындай деп жазат:

> «Б. з. ч. 201-жылда кыргыз уруулары азыркы Батыш Монголиянын аймагына жана Чыгыш Түркстанга чачырап тарашкан жана б. з. ч. III кылымдан баштап тарыхый адабиятта усундар деген ат менен көбүрөөк белгилүү болгон үйшүндөрдүн батыш канаты болуп эсептелет. Алар Орто Азияда жашаган сак урууларын сүрүп чыгарган. Түндүк кыргыздар болсо Саяндын артына, Енисейге кетишкен».

Бул пикирлерге таянсак усундар кыргыз элинин ата-бабалары болуп эсептелет. Бул гипотезанын чындыгын тастыктоо үчүн изилдөөлөр жүргүзүлүүдө.

Б. з. ч. II к. экинчи жарымынан тартып усундар Хань империясынын чоң саясатынын чөйрөсүнө тартылган. Ал мезгилде Хан империясынын алдында эки маанилүү милдет турган. Биринчиси, эзелки душмандары болгон хунндар мамлекетин талкалоо эле. Кытайлар орто азиялык ээликтерге чейинки Улуу Жибек жолуна көзөмөлдүк жүргүзүү усундардын колунда экендигин түшүнүшкөн. Б. з. ч. 117-ж. Чигу шаарына кытай тынчысы жана элчиси Чжан Цянь келет. Б. з. ч. 115-ж. Кытай менен келишим түзүлөт. Бул экинчи милдет болчу. Император У-ди б. з. ч. 109-ж. усундарга баалуу белектерди жана күнбагга аялдыкка берүүгө кытайлык тектүү бийкени коштогон элчилерин жөнөтөт.

Б. з. ч. I к. башында Усундар мамлекетинин күнбагы Унгүйми такка отурганда *Фейван* деген атка ээ болгон. Ал дагы кытайлык хан кызына үйлөнгөн. Фейван хунндарга каршы биргелешкен согуш аракетин жүргүзүү жөнүндө Хан империясы менен келишим түзөт. Б. з. ч. 71-ж. усундардын 50 миң аскери кытайлардын 160 миң кишилик армиясы менен бирдикте аракеттенишип, хунндарга кыйраткыч сокку урган. Натыйжада чоң олжолуу (40 миң туткун, 700 миң баш мал) болушту. Ошол эле жылы алсыраган хунндарга кытайлар дагы бир нече жолу кол салып талкалашат. Ошентип, мурдагы кубаттуу дөөлөт кыйрап жок болгон.

Усундардын күч алышы Хан империясын тынчсыздандырган. Ага атаандаш эмес, тил алчаак шериктеш керек эле. Ошон үчүн кытай башкаруучулары акырындап усундардын ички иштерине кийлигишүүгө өтөт.

Б. з. ч. 64-ж. Фейван күнбаг дүйнөдөн өтөр алдында кытай аялы төрөгөн уулу Юаньгүймини падышалык тактынын мураскысы деп жарыялады. Усундардын башчысы императорго кайрылып, кызын өз мураскысына берүүсүн өтүндү. Күнбаг калың иретинде миң аргымак, миң качыр бермекчи болду. Хан империясына бул кудалашуу аябагандай керек болчу, анткени ал усундардын хунндарга каршы саясатынын кебелбес туруктуулугун камсыз кылып турмак. Бул саясий келишимдин маа-



Усундардын карапа идиштери.

нилүүлүгүн усундардын мурасчысынын колуктусун (апасынын кичүү синдиси, т. а. таяжеси) алыскы Ысык-Көлгө узатуу салтанатынын аземи эле айгинелеп турат. Усундардын болочок падышасынын колуктусуна жүз адам кошуп берген, алар кызды усун тилинде сүйлөөгө үйрөтүшкөн, колуктуну күйөөсүнө жеткирүү үчүн төрт төрө шайланган. Императордун өзү принцессаны узатуунун урматына чоң той берген, бул тойдо ар кандай оюн-зооктор болгон. Ырас, ошондо эле падышанын ак сарайында усундар империядан тээ алда кайда алыс турушат, алардан дайыма эле жардам жетип келет деп ишенүүгө болбойт деген өңдүү күмөн санаган күбүр-шыбыр сөздөр жүргөн эле.

Чынында эле ушундай болду. Үйлөнүү үлпөтүнүн катышуучулары, кыз-күйөө Кытайдын батыш чек арасына жетип-жетпей эле, карт кунбаг Унгүйми-Фейван набыт болду деген кабар жетти. Усундардын аксакалдар кеңеши падышалык такка анын кытай аялынан төрөлгөн уулун эмес, энеси хунн падышасынын кызы болгон жээнин отургузушту. Жаңы күнбаг Ними такка отургандан кийин Куанван деген ысымды алды. Кырдаал Кытайдын пайдасына чечилген жок, ошол себептүү император принцесса кайра кайтып келсин деген буйрук берди.

Кытайдын тарыхый хроникасы усундар менен «тынчтыктын жана туугандашуунун» кырк жылдык саясатынын жыйынтыгын чыгарып: «Усундар эки тарап болуп турушат, ошондуктан алар менен кандайдыр бир келишимге келүү кыйын. Падышалардын аялдары (албетте кытай аялдары) усундарга бүлө болуп келишкенине кырк жылдан ашуун убакыт өтсө да эриш-аркак болуп жашап кете алышпады. Ушул себептен улам Кытай чек арасы чыныгы тынчтыкка туш боло албады», – деп өкүнүү менен белгилеген.

Күнбаг Ними-Куанвандын эл арасында кадыр-баркы жогору эле. Даңктуу адамдардын жардамы менен бийликти колуна алып, ал ар дайым ошол адамдардын кызыкчылыгын жактап, карапайым элге кысым көрсөткөн. Кытай аялы бул тууралуу ошол замат эле императорго тымызын кабар берген. Император мындай ыңгайлуу учурду текке кетирбөөгө аракет кылып, күнбагга каршы козголоң (заговор) уюштурууну буюрган. Мына ошол буйрукту аткарып күнбагдын кытай аялы Чигу шаарындагы ак сарайда чоң той берет. Той кызып калган кезде жоокерлердин бири Куанванды кылычы менен чаап жиберет. Кылыч таамай тийбей, чала тийип, күнбаг жарадар гана болот.

Императордун ордосундагылар иштин оңунан чыкпай калганына аябай өкүнүшөт. Арийне, козголоңдун ийгиликсиз аякташына кимдир бирөө жооп берүүгө тийиш эмеспи. Ошондуктан өздөрүнө шек келтирбес үчүн Кытай ордосу козголоңчуларды даргага астырып, күнбагды дарылоого дары, дарыга кошуп 20 теңге алтын, бир нече таңгак жибек жиберет.

Ошого карабастан күнбаг Куанвандын көрөр күнү эсептелинүү эле. Куанвандын өмүрүнө кол салынгандан кийин усундар династиясынан козголонго катышкандардын бирөөсү тоого качып кетет да, ошол жерде ыңгайлуу учурду күтүп жүрөт. Мындай учур келгенде Куанванга күтүүсүздөн кол салып, аны өлтүрөт. Мына ушундан кийин, т. а. б. з. ч. 60-жылдардын орто ченинен 45-ж. чейин усундук күнбагдардын «хунндук» жана «хандык» бутактарында жогорку бийлик үчүн күрөш жүрөт. Бул талашка Кытай дайыма кийлигишип турган.

Хунндар тарабындагылар карамагында болгон кичи күнбагдын элинин ич ара ырксыздыгы улуу күнбаг (Чань тарабындагылар) Цылимиге өз таасирин тийгизбей койгон жок. Б. з. ч. 45–14-жж. ал аябагандай даңкталат. Ошол учурдагы хроникага караганда Цылими бийликти катуу жүргүзүп, усундардын бектерин өзүнө багындырып алды. Кытай адабияттарында көрсөтүлгөндөй «анын карамагындагы жерлерде Унгүйминин тушундагыдай мемиреген тынчтык өкүм сүрдү. Күнбаг өз жергесинде «анын жайытына эч бир жан малын киргизбесин» деген жарлык кийирген. Мындай өкүм чыгаруу менен күнбаг мыкты жайытты мамлекеттик менчикке, азыркыча айтканда, корукка алган. Цылими усундарды бириктирип, мурдагы бирдиктүү кубаттуу мамлекетти түзүп берүүнү көздөгөн. Бирок ал өз максатына жете албай калды. Анткени кичи күнбагдардын бири аны өлтүрө турган кишини жөнөтүп, усундардын эң таасирдүү башчысы чыккынчылык менен өлтүрүлгөн.

Цылиминин өлтүрүлүшү менен усундардын мамлекети бир кыйла алсырап кетти. Күнбагдар биринин артынан бири алмашып, алардын жан-жөөкөрлөрү чет элдик мамлекеттерге баш калкалап кетишти. Каңгүйгө эле 80 миң адам көчкөн. Биздин замандын чегинен тартып усундар жөнүндөгү акыркы маалыматтардын бири 435-ж. усундардын элчиси Дун-Жиндин отчетунда баяндалган. Бул учурда усундар жуан-жуандардын (аварлардын) катуу каршылыгына туш болгон болчу. Б. з. 437-ж. усундар түрктөрдүн курамына кошулган.

Усундардын мамлекети социалдык топторго жиктелүү жаңы эле пайда боло баштаган учурда түзүлгөн, уруулук түзүлүштүн таасири катуу сакталган өлкө болчу. Күнбагдардын бийлиги укумтукумга өтүп, мурас катары берилип келген. Жогорку бийликтеги адам аксакалдар кеңешине таянган. Ошол эле мезгилде мамлекеттик аппарат бир кыйла өнүккөн болчу. Мамлекеттик бийликте эле 16 минден ашык адам эмгектенген. Күнбагдын өзү саны он миңден турган аскерге ээ болгон. Усундар жарым-жартылай көчмөндүү болуп, мал багышкан. Ошол эле мезгилде Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдүн жээгинде жашаган эл отурукташып алып, дыйканчылык менен жан сакташкан. Теңсиздик аябагандай өнүгүп кеткен. Эң бай адамдар төрт-беш миңден жылкы кармашкан. Усундук коомдо кулдар да бар эле, бирок алар негизинен эркин жамааттарда, үй чарбасында иштешкен. Негизги коомдук уюм болуп патриархалдык үй-бүлө эсептелинген. Көп аял алууга жол ачык болгон, жесир калган аялды күйөөсүнүн бир туугандарына никелештирүү адатка айланган.

Усундардын өздөрүнүн маданияты сактардыкынан бөлүнүп көрсөтүлө элек. Сыртынан караганда усундардын дөбө-мүрзөлөрүн сактардын дөбө-мүрзөлөрүнөн айырмалоо мүмкүн эмес. Ошол себептен окумуштуулар сактардын жана усундардын мүрзөлөрүн жалпылап *сак-усун дөбө-мүрзөлөрү* деп аташкан. Мындай дөбө-мүрзөлөр Ысык-Көлдөн, ошондой эле Чүй өрөөнүнөн, Кочкордон, Соң-Көлдөн ж. б. табылган. Ошол доордон калган дөбө мүрзөлөрдү азыр да көрүүгө болот. Эл аларды «желе дөбө» же «калмак дөбө» деп коюшат.

Усундук эстеликтерди изилдеген окумуштуулар булардын маданиятынын хунндардын маданияты менен кээ бир окшоштуктары бар деп божомолдошот. Ушул маселе боюнча алып караганда Бишкек шаарынын түндүк жагында жүргүзүлгөн казуулардын материалдары чоң кызыгууларды пайда кылары шексиз. Бул жерден сабында тегерек алкагы бар канжар жана бычак, жебеси үч кырдуу жаанын огу, салмагы оор алтын билерик жана башка буюмдар табылган. Айрыкча күмүштөн тордолуп, эки бугунун сүрөтү түшүрүлгөн соот таасирдүү көрүнөт.

**Дабан мамлекети**

Тоо этектериндеги зонасы жана чыгыш бөлүгү кийинчерээк Кыргызстандын курамына кирген Фергана өрөөнүндө б. з. ч. 1-миң жылдыкта эле отурукташкан дыйканчылык маданияты өнүккөн мамлекет пайда болгон. Бул мамлекет миңдеген жылдарды камтыган тарыхый өсүшкө ээ. Бирок, ал тууралуу жазуу жүзүндөгү маалыматтар б. з. ч. II–I кк. тартып гана кездешет. Тарых булактарында байыркы Фергана мамлекети Дабан (Даван) деп аталган. «Фергана», «Дабан» аталыштары байыркы түрк тилинде «перидей сулуу жер», «ажайып кооз жер» дегенди түшүндүрөт. Перстер бул мамлекетти «Сог», ал эми кытайлар «Полоно» деп аташкан.

Б. з. ч. II к. Фергана чарбачылыгы өнүккөн күчтүү мамлекет болгон. Анын экономикасынын негизин сугат дыйканчылыгы түзгөн. Калк күрүч, буудай, жүзүм, пахта, беде өстүргөн, атагы алыска жеткен аргымактарды багышкан. Бул жерде кичинеси-чоңу болуп, 70 шаар бар эле, алар өз-өзүнчө кооз оазистерден орун алышкан. Борбору болуп **Эрши шаары** (урандылары Ош областынын Араван районунун борбору Араван кыштагына жакын жерде сакталган) эсептелинген. Шаарды катаркатар курулган чеп айланта курчап турган. Анын борбордук

бөлүгүндө калың дубалдар, бийик мунаралар болгон. Дубалдар да, мунаралар да бышпаган кыштан тургузулган. Ферганалыктардын дээрлик көпчүлүгү анчалык чоң эмес айылдарда, бирок өтө бекемделип тургузулган үйлөрдө жашаганын археологиялык казуулар көрсөтүп турат. Фергананын калкы болжол менен 300 миңге жакын адамдан турган. Сырт келбеттери боюнча алар европеоиддерге окшош эле. Кытай эмгектеринде «...көздөрү чүңкүл, сакалдары коюу болгон» деп көрсөтүлөт.

Коомдук мамилелери таптык мүнөздө болгон. Мамлекетти падышалардын династиясы башкарган. Алардын бийлиги мансаптуу адамдардан түзүлгөн аксакалдар кеңеши менен чектелип турган. Аксакалдар кеңеши падышаларды тактан алган жана такка отургузган, согуш же тынчтык маселелерин чечкен, элчилик байланыштарды түзгөн же үзгөн. Эмгектерден көрүнүп тургандай, аксакалдар кеңеши эки жолу ферганалык падышаларды өлүм жазасына буюрган. Аксакалдар кеңешинин чечими айрым шаар башкаруучулары үчүн да мыйзамдай милдеттүү болгон. Башкаруучу төбөлдөр айылдык эркин жамааттарды бекем кармашкан. Бул жамааттар чынында да мамлекеттин таянычы болгон. Кокус согуш чыгып калса, дал ушул жамааттардан саны 60 миңден турган элдик кошуун түзүлгөн, алар жаа жана найза менен куралданышкан. Чарба иштеринде болсо кулдардын эмгеги колдонулган, бирок кул ээлөөчүлүк басымдуулук кылган эмес, анткени өндүрүштө айылдык жамаат басымдуулукка ээ эле.

Б. з. ч. II к. аягында Дабан элине күчтүү жана агрессивдүү Хан империясы менен болгон узак күрөштүн оор кесепетин башынан кечирүүгө туура келди. Император У-ди падышалыгын узак мезгил кылган (б. з. ч. 140–87-жж.) учурунда Хан империясы жүргүзүп келген кошуналарын басып алуучулук саясаты тез-тез кайталанып турган. Хундардын көчмөн мамлекетин алсыздандырып, империя Чыгыш Түркстандын бир топ жерлерин басып алган. Ал басып алган жерлер аркылуу кадимки кеңири белгилүү соода артериясы – ***Улуу Жибек жолу*** өткөн.



Эрши шаарын коргоо.

Император У-ди б. з. ч. 105-ж. усундар менен шериктештик түзүп, Улуу Жибек жолундагы эң маанилүү пункт катары Дабан мамлекетин каратып



алууну чечкен. Бул жакка айтылуу аргымактарды алуу максатында атайын элчилер жиберилген. Ферганалык аксакалдар кеңеши кытайларга аргымактарды сатуудан биротоло баш тарткан. Кытай элчиси өйдөсүнүп текеберленгени үчүн чек арада турган **Ю** шаарында (азыркы Өзгөндөгү Шоро-Башатка жакын жерде) өлтүрүлгөн. Согуштун чыгып кетиши үчүн ушинтип өзүнөн-өзү шылтоо табылат. Каарданган император Ферганага согуш жарыялаган. Анын 6 миң атчандар жана бир нече миң кошумча жоокерлерден турган кошуунун полководец Ли Гуанлинин жетекчилиги менен жолго чыккан. Б. з. ч. 103-ж. Кытайдын Дуаньхуандагы кошууну батышты карай аттанган. Оор салгылашуудан кийин бул кошуун **Ю** шаарына кирип, аны каратып алган. Бирок жергиликтүү элдин катуу каршылыгына туруштук бере алышпай, чабуулду андан ары улантып, Фергананын борборуна жылууга мүмкүнчүлүк болбой калат. Ли Гуанли кайра чегинүүгө мажбур болот. Хан армиясындагы жоготуулар эбегейсиз чоң эле: Армия аттанып чыккан Дуаньхуан шаарына жоого аттанган ар бир он жоокерден арандан зорго экиден гана жоокер кайтып келген.

Хан империясынын Батыштагы атак-даңкы Фергападагы жортуулдан кийин биротоло төмөндөп калат. Мына ошондуктан, Дабанды өз жайына кой деген кеңешке карабай император багынбас мамлекетти биротоло талкалап, ошону менен кылтыйып сынай карап турган коншу мамлекеттерге сес көрсөтүп коюуну максат кылат. Ошентип ал, бүтүндөй империясын түп көтөрүп, Ли Гуанлинин карамагына 100 миңге жакын жоокер топтойт да сансыз колду сан жеткис кербен коштоп, дээрлик 140 миң малга артылган жүк менен жолго чыгарат. Б. з. ч. 101-ж. империянын колу Эрши шаарына жетип, аны курчоого алат. Кырк күн камап жаткандан кийин кытайлар шаарга барчу сууну башка жакка буруп жиберет. Андан соң шаарды курчап турган коргонду талкалашып, кадыр-барктуу аксакалдар кеңешин бүт бойдон туткундашат. Шаарды коргоп турган Мугуа падышанын колу ички шаарга чегинүүгө аргасыз болот. Ички шаардан кудук казып алып, тамак-аш менен камсыз болгон жоокерлер жоонун мизин кайтарууга чечкиндүү турушат.



Дабан аргымагы. *Сулайман тоосундагы сүрөт.*

Эрши коргонунда болгон жеңишке карабастан, ошол учурдагы кытай армиясынын абалы анча деле жакшы эмес болчу. Фергана менен коншу

турган Каңгүй мамлекети да кытайларга тикеден-тике каршы турушту. Усундук атчандардын эки миң адамдан турган отряды Ли Гуанлиге жардамга жиберилгени менен согуштук салгылаштарга катышкан эмес. Ал түгүл карсылдашкан кармаштардын жүрүшүн байкоого алышып, ферганалыктар тарабына өтүп кетүүгө даяр турушкан эле. Душмандын тылында калган **Ю** шаары да дарбазасын ачып берген жок. Коргонуу бекем болгону менен ферганалык төбөлдөрдүн ичинен чыккынчылар чыгат. Ал башынан эле кытайларга жан тартып келген Моцай төрө эле. Ал бийликке жетүүнү көксөгөн. Ошентип ички саясий тирешүүнүн натыйжасында падыша Мугуа өлтүрүлүп, аксакалдар кеңеши тынчтык сурашат.

Ли Гуанлиге Мугуанын башын тартуу кылып, келишимге келүүнү суранышат. Түзүлгөн кырдаалдын жайын түшүнгөн кытай полководеци аксакалдар кеңешинин сунуштарына макул болот. Бул сунуштарда көрсөтүлгөн шарт боюнча хандыктар ондогон аргымактарды жана үч миңдей жылкы алышты. Мугуа өлтүрүлгөндөн кийин бошоп калган падышалык тактыга кытайларга жан тарткан Моцай төрө отурду. Ошентип, Эршини басып ала албай, баскынчылардын аскерлери кайра кайтууга аргасыз болушту. Кытайга мурдагы аскерлердин алтыдан бир бөлүгү гана кайтып келди. Ал эми ферганалыктардан алган үч миң жылкынын миңи гана жетти.

Ли Гуанлинин аскерлери кетишери менен Ферғананын мамлекеттик иштерине Хан империясынын саясий кийлигишүүсү биротоло токтолду. Аксакалдар кеңеши падыша Моцайды чыккынчы катары күнөөлөп, өлүм жазасына тартты. Падышалык тактыга болсо Мугуанын бир тууган иниси Чаньфын отургузулду. Мына ушинтип, Хан империясына каршы болгон төрт жылдык согуштун жыйынтыгында, Орто Азия жана Чыгыш Түркстан элдеринин колдоосу менен байыркы Фергана мамлекети өзүнүн көз каранды эместигин сактап калган.

Байыркы Кытайдын тарыхый хроникасында (Н. Я. Бичуриндин котормосунан) дабандыктардын жашоо турмушу жана адеп-ахлагы тууралуу мындайча жазылган:

«Дабан башкаруучусунун Гуйшани шаары Чанъандан 12250 *ли* (1 *ли* – 500 *м*) аралыкта. Калкы 60 миң үй-бүлөдөн, 300 миң адамдан турат, Дабан жергесинин бүткүл аймагында жүзүмдөн шарап ачытышат. Бай адамдар жүзүм шарабынын мол запасын сакташат, ал бир нече жыл бою бузулбай тура берет. Дабандыктар жүзүм шарабын жакшы көрүшөт, алардын аттары болсо мусу чөбүн (бедени) жешет. Дабанда жетимиштен ашуун шаарлар бар. Аргымактары аябагандай көп. Аргымактар тердегенде кызгылт тер чыгат. Ал аргымактар жылкылардын асман тукумунан пайда болгон деген легенданы айтышат. Дабандан ары ба-



тыш жакта Аньси (Персия) мамлекети бар, алардын сүйлөгөн сөздөрүндө чоң айырмачылыктар болгону менен, тилдери окшош, сүйлөшө келгенде бири-бирин түшүнүшөт. Жашоочулары чүнкүл көздүү, калың сакалдуу, соодага жөндөмдүү келишет, пайда издөө жагынан бири-бири менен эрегишип турушат. Аялзатын сыйлашат, аялы айткан сөздү эркектери эч качан жерге калтырбайт. Ал жерде шайыны, лакты да колдонушканы менен, чоюн буюмдарын куюшканды билишпейт. Жакырланган кытай элчилигинин кызматкерлери сатылып кетип, аларды курал куюуга үйрөтүшкөн...»

V к. Фергана эфталиттердин мамлекетинин курамына кирген, ал эми VI к. орто ченинде аны түрктөр багындырып алышкан.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда жашаган байыркы элдер бүткүл дүйнөлүк маанилүү тарыхый процесстерден сыртта калышкан эмес, башка элдер менен өз ара байланышта болушкан, эл аралык саясый, экономикалык, маданий жана социалдык мамилелерде өздөрүнүн татыктуу ордун ээлеп турушкан.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Сактардын кыргыз тарыхы менен байланышын айтып бергиле.
2. Сактардын коомдук түзүлүшү кандай болгон?
3. Томирис жөнүндө эмне билесиңер?
4. Хунндардын мамлекетинин өзгөчөлүктөрү кайсылар?
5. Усун мамлекетине мүнөздөмө бергиле.
6. Дабан мамлекетинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бергиле.

## § 6. БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР

**«Кыргыз» этнониминин биринчи оозго алынышы**

Кытай тарыхчысы **Сыма Цянь** (б. з. ч. 145–86-жж.) өзүнүн «Ши цзи» – «Тарыхый жазмалар» эмгегинде белгилегендей, б. з. ч. 201-ж. хунндардын падышасы Модэ шанүй (*кыт.* шанүй – теңир куту) түндүккө жана түнду... гуштук жортуулга чыккан. Бул жортуулда ал кө... бир катар: гяньгун, генгүн, динлин, синьли ж... каратып алган. Бул маалыматтын кыргыз тар... си өтө зор. Гяньгун же Цзяньгун (гэгунь, ци... камут, когыр, кыргур ж. б. варианттары ба... ып, байыркы кыргыздарды аташкандыгы илимде т... ган.


Сыма Цянь.

Цзяньгундар – байыркы кыргыздардын кытайлыктар тарабынан аталышы. Которгондо «темир эл» дегенди түшүндүрөт. Кытай жазмаларында кыргыздардын жери жез, темир, алтын кендерине өтө бай болгондугу айтылат. Кыргыздар темир кендерин казганды жакшы өздөштүргөн. Ошондой болсо да кыргыздар асмандан түшкөн метиорит тектүү – кан темирди өзгөчө баалап, андан өтө бекем, курч куралжарактарды жасагандын сырын билген. Кытай жазмаларында кыргыздар кан темирди иштетүүнүн сырын X кылымга чейин бөлөк элдерге билгизбей жашыруун сакташкан. Кан темирди кытайлар цзяша деп аташкан. Ушундан улам алар байыркы кыргыздарды цзяньгундар, кыргызча которгондо «темир эл» т. а. темирди, өзгөчө кан темирди жакшы иштеткен эл деп аташкан.

Ушул маалыматтан кыргыздар б. з. ч. III к. аягында эле болгондугун, алар ээлик кылган жерлер бар экендигин билебиз. Ошентип, «кыргыз» деген этноним, түбү түрк тамырынан тараган азыркы элдердин ысымдарынын эң байыркысы болуп саналат. Өзбектер, уйгурлар, казактар, түркмөндөр, татарлар, башкырлар ж. б. түрк элдерине тиешелүү этнонимдер бир кыйла кийинчерээк пайда болгон.

Кыргыздардын байыртадан бери сакталып келген энчилүү аты болгон – «кыргыз» этноними боюнча талаш-тартыштар көп мезгилден бери эле жүрүп келүүдө. Бул терминди түрк тилдеринин негизинде гана чечмелөөгө болот. «Кыргыз» этнонимин чечмелөөдө элдик вариант (элдик этимология) менен илимий вариант бири-биринен айырмаланат.

**Уламыштар кыргыздар жөнүндө**

«Кыргыз» аталышын элдик чечмелөө аракеттери көбүнчө уламыш түрүндө кездешет. Элдик варианттар бул этнонимди «кырк» деген санга жана «кыз» деген сөзгө (кырк кыздан тараган урпактар), же «кырк» сан жана «ууз» этнонимине (кырк ууз бирикмеси), айрым учурда «кыр» сөзү жана «ууз» этнонимине (кырдагы, т. а. тоолуу аймактардагы ууздар) байланыштырып түшүндүргөнү менен мүнөздөлөт.

Тарыхтын бир булагы катары каралган санжыраларга да көз чаптырып көрөлү. Уламышка караганда түрктөрдүн мифтик бабасы – «бөрү уулу» үйлөнүп, төрт уулдуу болот. Анын эң улуусу Нодулу-шад байыркы түрктөрдүн Ашина династиясынын негиздөөчүсү болгон, дагы бирөө Афу жана Гянь дарыяларынын аралыгындагы Цигу (кыргыз) деп аталган жерде падышалык кылган.

Түрк тилиндеги улуттардын тарыхын бир кыйла терең изилдеген Мухаммед Абулгазы Баатырхан (1603–1664-жж.) – Хива ханы жана көрүнүктүү тарыхчы, өзүнүн «Түрктөрдүн санжырасы» деген атактуу чыгармасында ууздар анын бир тармагы деп аталган кыргыздардын тарыхы жөнүндө көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүп келип, кыргызды Ууз хандын небереси деп жазган. Кыргыздар так ошонун уругунан келип чыккан, т. а. түрк атанын тукуму дейт.

XVI к. жашаган Моголстандын дуглат уруусунун тарыхчысы Мухаммед Мурза Хайдар тарабынан жазылган *«Тарих-и Рашиди»* деген китебинде, Сейф ад-Дин Ахсыкендинин (XVI к.) *«Мажму ат-таварих»* эмгегинде жана башка көптөгөн санжыралардын негизинде Кудаяр хандын (XIX к.) мезгилинде жазылган *«Насаб-наама»* деген Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусундагы санжыра схемасында кыргыздардын теги жөнүндө төмөнкүдөй айтылат.

Адам атадан Нух пайгамбарга чейинкиси белгисиз. Нух пайгамбардын Топон суусунан кийинки анын Сам, Яфас, Хам деген балдарынан тараган урпактарына токтолуп, Түрк атадан тарагандан Ууз ханга чейинкисин, Ууз хандын улуу зайыбынан 6 уул болгонун жазат. Андан ары: «Ал уулдары – Күнхан, Айхан, Жылдызхан, Көкхан, Тоохан, Деңизхан. Бул 6 уулунун ар биринен төрттөн уул болгон. Тоохандын уулдары: Кыргыз хан, Салр, Имар, Алайунтали. Ууз хандын бул 6 уулунан башка кичүү аялынан да көп уул, кыздары болгон». «Насаб-нааманын» *«Кыргыз элинин баяны»* деп аталган бөлүмүндө кыргыздардын түпкү Мекени Саланкар, Анкарамуран дарыяларынын чегинде болгондугун, Чыңгыз хан кыргыздар менен бир атадан тарагандыгын жана Кыргыз хан Ууз хандын небереси Тоохандын баласы болгондугун белгилейт. Ал эми анын дагы бир *«Кыргыздардын Нух пайгамбардан Кыргыз ханга чейинкиси»* деген бөлүгүндө Кыргыз атанын ата-теги мындайча айтылат: Нух пайгамбар Алейхисалам, андан Яфас Алейхисалам, андан Түрк хан, андан Элже (Элче) хан, андан Делоку хан, андан Күйүк хан, андан Аланча хан, андан Могол хан, андан Ууз хан, андан Тоохан, андан Кыргыз хан.

Элдик этимологиянын үлгүлөрү кытайлык *«Юань ши»* – (*Юань сулалеси тарыхы*) эмгегинде (XIV к.) кытайлык кырк кыз менен Түндүктөгү Ус өрөөнүнүн калкынын урпагы – кыргыздар деп жазганынан көрүнөт. Ал эми ферганалык Сейф ад-Дин Ахсыкендинин (XVI к.) маалыматында болсо Султан Санжар Чыгыш Ферганага кол салганда (XII к.) өзгөндүк кырк ууз Кожентке (Түндүк Тажикстанга) качып барып баш калкалашып, алардан кыргыздар келип чыккан деген уламыш жазылган.

Дагы бир уламыш боюнча кырк кыз Фергана тоолорунан отуз уулду кездештиришет. Кыргыз эли мына ошол кырк кыз менен отуз уулдан тараган.

Айрым уламыштарда табияттын чегинен чыккан пикирлер айтылат. Аны жактоочулар кыргыздар кырк кыз менен карышкырдан тараган экенбиз деп келишет.

Кыргыз элинин курамына кирген урук, уруу бирикмелери өздөрүнүн уламыштарын ойлоп чыгарышкан. Мисалы, Кыргыздын бугу уруусу өздөрүн жакшынакай Бугу энеден таркатат. Багыштар кара багыштан, сары багыштар болсо калың токой кожоюну багыштан тараган. Ак илбирстин тукумубуз дегендер да бар. Уламыштардын ар кандай түрлөрү кездешет. Алардын көпчүлүгү адамдардын аң-сезимине тотемизм же болбосо анын калдыктары үстөмдүк кылып турган байыркы мезгилдерде жаралган.

Кыргыздардын генеалогиялык уламыштарынын бири – санжыра, уруктардын жана уруулардын чыгышы жөнүндө сөз кылат. Алардын бири бирине каршы келген жерлери көп. Санжыра элдин чыгышы жөнүндөгү маселени чече албайт.

**Окумуштуулардын илимий божомолдору**

«Кыргыз» этноними илимий негизде да чечмеленүүдө. Окумуштуулар лингвистикалык жана ономастикалык усулдарга таянуу менен «Кыргыз» этнонимин ар кыл бөлүктөргө ажыратып түшүндүрүүгө аракет жасашат.

Анын айрым варианттары: 1. «Кырк» жана «йүс» («кырк жүз», В. Радловдун пикири); 2. «Кырк» жана «эр» («кырк киши», Ахмед Тоган); 3. «Кыра» жана «гыз» («кара чачтуу эл», Д. Айтмуратов); 4. «Кыргуу» – «кырг» жана ага көпчүлүк санды туюнтуучу – «ыз» мүчөсүнүн жалгаштырылышы («кызылдар», К. Петров); 5. «Кырг» жана «ууз» («кызыл ууз», т. а. түштүк ууздар же батыш ууздар, Н. Баскаков); 6. «Кыргын», «кыргыт», «кыргыз» (албырган жүздүү, көк көздүү эл, А. Кононов); 7. «Кыргыз» (кырылгыс, түгөнгүс, жаңыланып туруучу, түбөлүктүү, жеңилгис эл, А. Өмүркулов); 8. «Манас» эпосунун «Жайсаң» варианты боюнча, кыргыз кырк ууздан (т. а. Ууз хандын кырк уулунун тукуму) тараган эл. С. Орозбаковдун варианты боюнча Ууз хан Манастын тогузунчу атасы болгон; 9. Кыргыч (кыргын салуучу жоокер), кыргыз. Акай Кине.

«Кыргыз» этнонимин чечмелөөдө боордош түрк элдеринин ысымдары да «гыз», «гуз», «гун», «гар», «газ», «ар», «аш», «ас» (огуз, гагогуз, уйгур, булгар, чуваш) ж. у. с. бири бирине үндөш компоненттерден куралганын эске алыш керек.

«Кыргыздар» деген терминдин орто кылымдардагы көчмөндөр арасында (Енисейден Уралга чейин) кеңири тарагандыгына караганда: «кыргыз» деген термин «сак» деген термин сыяктуу эле адепки учурларда «кайраттуу, күчтүү жоокер, күжүрмөн адам» деген түшүнүктү берген даңазалуу аталыш болгон. Ошондуктан бир кыйла көчмөн уруктар өздөрүн «кыргыз» деп атоого аракет кылышкан, – деген божомол чындыкка жакыныраак.

Бир кезде бүткүл Азия чөлкөмүндө жашаган көчмөндөрдүн баарын «кыргыз» деп атап келишкен. Орто кылымдарда Низами «Искандер намесинде», кийинчерээк орустун улуу акыны А. С. Пушкин *«Капитан кызы»* повестинде, орустун улуу тарыхчысы Н. М. Карамзин *«Россия мамлекетинин тарыхы»* деген китебинде Урал дарыясынын чыгыш тарабында жашаган элдин баарын «кыргыздар» деп атаган. Бул салтты батыш европалык авторлор да кеңири колдогон.

Ошентип, «кыргыз» этноними белгилүү бир уруунун же уруулар бирикмесинин аталышы катары пайда болуп, кийинчерээк Борбордук Азиядагы көпчүлүк түрк тилдүү элдердин жалпы аталышына айланган даңазалуу да, сыймыктуу да этноним болгон.

**Кыргыздардын байыркы ата журту**

Тарыхый жазуу булактарында б. з. ч. III к. тартып эске алынган кыргыздардын ата журту тууралуу да ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Сыма Цяндын эмгегинде кыргыздар эскерилгени менен алардын турган жери жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Айрымдар алгачкы кыргыз журту Енисейде болгон дешсе, башкалары азыркы Түндүк Батыш Моңголиядагы Хыргыз-Нур (Кыргыз Көл) аттуу көлдүн аймагында болгон деп жоромолдошкон. Акыркы божомол Кыргызстандын тарыхнаамасында көп жылдар бою басымдуулук кылып келген.

Кытайлык байыркы тарыхчы **Бань Гу** (б. з. I к.) өзүнүн ***«Хань шу»*** – («Хань сулалесинин тарыхы») эмгегинде: «Кыргыздардан чыгышта 7 миң *ли* (1 ли – 500 *м*) узактыкта хунндардын шанүйлөрүнүн ордосу жайгашкан», – деп жазат. Археолог, профессор Ю. Худяков, синолог Л. А. Боровкова жана азыркы кыргыз тарыхчылары бул маалыматка негизденип, кыргыздардын б. з. ч. I к. журту Чыгыш Теңир-Тоо аймагында болгондугун далилдешүүдө. Бул журт азыркы Чыгыш Түркстандагы Манас, Кара-Шаар сыяктуу шаарлардын түндүк тарабында, Боро-Хоро тоо кыркасынын түндүгүндө орун алган. Байыркы түрк элдеринин ичинен хунндар, усундар, динлиндер, дилдер, ошондой эле Чыгыш Түркстандагы индиевропалык тилдерде сүйлөгөн калктар (юэджилер, т. а. тохарлар) эзелтен кыргыздарга коңшу болгон.

Кыргыздардын байыркы ата журту көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүүгө, кандайдыр бир даражада дыйканчылык менен кесиптенүүгө, кол өнөрчүлүктүн түрүн өнүктүрүүгө (металл иш-

тетүү, зергерчилик, жыгач усталык, тери иштетүү, кийиз жасоо, өрмөчүлүк, оймочулук ж. б.), аң уулоочулук кесиптин, аскердик өнөрдүн жана оюн-зооктун өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн берекелүү жайлардын бири болгон.

Б. з. ч. I к. ортосунда хунндардын башчысы Чжи-Чжи өзүнүн армиясын кыргыз жоокерлери менен чындап Енисейдин Миң-Өзөн өрөөнүндө жайгашкан урууларды басып алат. Ушундан кийин кыргыздардын негизги бөлүгү өздөрүнүн жаңы мекенине (Енисейге) келишкен деген пикир бар. Хунндар болсо Енисейде көпкө кармалбай, азыркы Кыргызстандын аймагына көчүп келишип, Талас өрөөнүнө отурукташып калган. Бул жерден б. з. ч. 36-ж. хунндарга кытайлар кыйраткыч сокку урат. Чжичжи хан туткунга алынып башы кесилет.

Бул маалымат боюнча кыргыздардын жаңы ата конушка (Енисейге) жылышы хунндардын саясаты менен байланышат. Кээ бир изилдөөчүлөр кыргыздардын Енисейге көчүп барышын башка себептер менен түшүндүрүп, бөлөк мезгилди көрсөтүшөт.

Кыскасын айтканда, кыргыздардын Енисейге көчүп барышынын себептери, мезгили жөнүндө тарыхый маалымат эч бир жерде жазылган эмес. Мүмкүн, андай жазуу булактары тарыхчылардын колуна тийбей жаткандыр.

**Байыркы кыргыздардын хунн дөөлөтүнө баш ийиши**

Кытай тарыхчысы Сыма Цянь – «Тарыхый жазмалар» эмгегинде белгилегендей, негизинен азыркы Моңголиянын аймагын жерделген хунндардын бийлик эгеси Модэ шанүй б. з. ч. 201-ж. түндүккө жана түндүк-батышка согуштук жортуулга чыгып, көз карандысыз бир катар уруулар менен катар кыргыздарды өзүнө каратып алганын билебиз.

Кыргыздар Модэ шанүйгө баш ийерде өзүнчө мамлекеттүүлүккө ээ болгон десек болот. Демек б. з. ч. III к. соңунан тартып кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси кудуреттүү Хунн дөөлөтүнө баш ийип, анын таасири астында өнүккөн.

Хунндар түзгөн көп улуттуу мамлекетте этностор аралык маданий аралашуу жүрүп, байыркы түрк этносторунун тилдик жана каада-салттык жакындыгы күчөгөн. Хунндардын саясий башкаруу практикасы жана аскердик өнөрү байыркы кыргыздар тарабынан өздөштүрүлдү. Натыйжада кыргыздар да хунндар сыяктуу эле оң канат, сол канат, чордондук топ – «ичкилик» болуп жиктелүүсүн уланткан. Хунндардын саясий орбитасында калган кыргыз кошуундары кытайлык империяга ж. б. мамлекеттерге каршы согуштарда хунндар менен бирдикте катышкан.

Дал мына ошондуктан, кыргыз тарыхый баатырдык дастандарынын башаттык доору хунндар Борбордук Азияны бийлеген заманга барып такалаары тууралуу жоромолдо чындыктын үлүшү чоң.



**Кыргыздар б. з. ч. I к. биринчи жарымында**

Хунн дөөлөтүн Цзүйдихэу-шанүй бийлеп турган маалда, б. з. ч. 99-ж. кытайдын Ли Лин жетектеген 30 миң атчан аскерлери хунндардын ээликтерине кол салып, бирок курчоодо калып, женилет. Ошондо колго түшкөн кол башчы **Ли Лин** хунндарга кызмат өтөөгө макул болот. Анткени, Кытайга кайтып барса, өлүм жазасына тартылмак.


Ли Лин.

Цзүйдихэу-шанүй Ли Линге өз кызын күйөөгө берген жана «батыш канаттагы чжуки-бек» деген титулду ыйгарып, ага енисейлик кыргыздардын журтун хунндардын атынан башкарууну тапшырган. Ли Лин менен анын хунн аялынын урпактары кыргыздарды Чыңгыз хандын жортуулу башталганга чейин бийлеген, Улуу Кыргыз дөөлөтүн негиздеп, уйгур кагандыгын 840-ж. талкалаган кыргыз каганы да Ли Линдин тукуму болгон деген божомол бар.

Б. з. ч. 90-ж. Ли Лин жетектеген кыргыз кошуунун хунндардын ири аскердик колуна кошулуп, Хангай (Кангай) тоолорундагы Яньжань деген бир тоонун жанынан кытайлык аскер колуна каршы салгылашууга катышкан. Хунндар тарапта кыргыздар, динлиндер, тарпандык аскерлер болгон. Бирдиктүү күчтүн соккусунан Хан династиясынын кубаттуу жортуулчул аскер колу (армиясы) биротоло талкаланган. Кытайларга каршы бирдиктүү боштондук жортуулу идеясы кыргыздын «Манас» дастанында да чагылдырылган. Теги кытайлык болгон Алмамбеттин кыргыздарга жана түрктөргө ак кызмат өтөшү сыяктуу «Манастагы» сюжеттер, мотивдер байыркы тарыхыбызда Ли Лин менен байланыштуу окшоштуктарга эгедер.

Б. з. ч. 60-ж. чейин кыргыздар Хунн дөөлөтүнүн туруктуу вассалдары болгон. Хунн шанүйү кыргыздардын аймагын өз ордосунан дайындалган адам аркылуу башкарып турган. Б. з. ч. 71-ж. хунндарга каршы усун, динлин элдеринин көтөрүлүшү чыкканда кыргыздар аларга кошулган эмес. Демек, Хунн мамлекетинин системасына туруктуу кирип калган кыргыздар хунн саясатын жүзөгө ашырууга катышкан.

**Кыргыздардын алгачкы көз карандысыз мамлекети**

Саясий бытырандылыкка кириптер болгон Хунн дөөлөтүнүн борбордук башкаруусу начарлаган кырдаалда – б. з. ч. 56-ж. кыргыздар саясий көз карандысыздыкка, эгемендүүлүккө жетишишкен. Алардын чордондук аймагы Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк (тескей) жагында Боро-Хоро тоо кыркасы менен Дзосотин-Элисун чөлүнүн ортосунда жайгашкан.

Дал ушул жылдан тартып жазуу булактарында эң алгачкы ирет Кыргыз падышалыгы тууралуу эскертилет (кытайлык байыркы тарыхчы Бань Гу чакан кыргыз мамлекетин «го» – «падышалык» термини менен белгилеген). Байыркы кыргыздардын бул чакан өлкөсү географиялык обочо абалына байланыштуу бир нече жыл бою хунндардын көңүлүнөн чыгып, кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн жаңы башаты болуп калды.

Б. з. ч. 49-ж. гана түндүк хунндардын башчысы Чжи-Чжи шанүй азыркы Манас шаарынын аймагындагы Уцзи падышалыгын талкалап, батыш жагындагы Кыргыз падышалыгын, алардын түндүктөгү Динлин өлкөсүн каратып алды. Чжи-Чжи шанүй кыргыздардын өлкөсүндө саал байырлап, андан ары Каңгүй падышалыгы менен ымала түзгөнүнө байланыштуу батышка жүрүшкө чыккан. Чжи-Чжи шанүйдүн жүрүштөрүнө байланыштуу айрым кыргыз аскер топтору б. з. ч. 48–42-жж. Талас өрөөнүнө чейин келгендиги айрым изилдөөчүлөр тарабынан белгиленүүдө.

**Кыргыздар б. з. I–V кылымдарында**

Бул мезгилде Кыргыздар Теңир-Тоонун чыгыш тарабын мекендеп турган. Түрк урууларынын теле (төөлөс) саясий бирикмесине коңшу катары эскерилген кыргыздар тууралуу кытай булактары «Яньцинин (Кара-Шаардын) түндүгүндө, Ак-Тоонун жанында» жайгашкан эл катары сыпаттайт. Ушул эле булактан динлиндердин бир катар бөлүктөрү кыргыздашканын, айрым хунндар да кыргыздарга кошулганын биле алабыз.

V к. кыргыздар төөлөстөр сыяктуу эле Түндүк Кытайдан оол келген жуан-жуандарга (жужан, т. а. авар) каршы согушуп, бирок бул мамлекетке баш ийүүгө аргасыз болушкан. Ашина (перс тилинде көк, көгүлтүр дегенди түшүндүрөт. Көк бөрү ушундан калышы мүмкүн.) түрк уруусу менен кыргыздардын да жакын байланыштары болгонун кытай даректеринде жазылып калган бөрү эне тууралуу уламыштын мазмуну да айгинелейт. Анда кыргыздар түрктөрдүн жалпы уламыштык бөрү энесинин урпактарынын бири катары сыпатталган. Көк бөрү, илбирс, бугу сыяктуу жаныбарлар кыргыздар ыйык туткан тотемдер болгон. Башка түрктөрдөй эле кыргыздар да Теңирге (көк – анын символу), жер-сууга, Чолпон жылдызга, Айга сыйынган. Отту ыйык тутуу ошол байыркы доордон башталган.

Жалпысынан алганда, байыркы доордон бери аты жазуу жүзүндөгү тарыхый жылнаамаларда белгилүү кыргыздар өздөрүнүн узак жолду басып өткөн тарыхында башка түрк уруулары менен жуурулушуп, Борбордук жана Орто Азиянын (азыркы саясий термин боюнча – Ички жана Борбордук Азиянын) бир далай түрк эмес элдеринин өкүлдөрүн ассимиляциялап келген. Алардын байыркы тарыхынын чыгыш Теңир-Тоолук баскычы б. з. V к. акырына чейин созулган.



## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Кыргыздар жөнүндө элдик уламыштар менен илимий божомолдорду салыштыргыла.
2. Кыргыздардын байыркы ата журту кайсы чөлкөмдө болгон?
3. Хунндар кыргыздарды качан каратып алган?
4. Модэ шанүй, Ли Лин жөнүндө эмнелерди билесинер?

# §§ 7–8. ТҮРК КАГАНДЫКТАРЫНЫН ДООРУ

**Улуу Түрк кагандыгы**

I миң жылдыктын экинчи жарымы – Түштүк Сибирде, Казакстанда, Орто Азия жана Борбордук Азиянын чек арасында алгачкы түзүлгөн байыркы феодалдык түрк мамлекеттеринин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө таандык. Ошондуктан бул мезгил *түрк кагандыктарынын доору* (VI–XIII к. башы) деп аталат. Ушул доордо бул аймактарда алгачкы феодалдык мамилелер түзүлө баштайт.

VI к. орто ченинде Борбордук Азияда Кыргызстандын тарыхында көрүнүктүү роль ойногон биринчи түрк мамлекети түзүлгөн. Бул Түрк кагандыгы эки кылымча (552–744-жж.) жашаган.

«Түрк» деген этноним (кытайларда «туцзие» деп аталат) кытай жыл баянында (летописинде) биринчи жолу 546-ж. эскерилген болчу. Согдулар, перстер жана византиялыктар жаңы талаа багынтуучуларын «түркүт» деп аташкан. Бул сөз элдин өз аты, руна сымал текст боюнча алганда «асман менен жердин, дүнүйөнүн түркүгү», «түбөлүктүү», «күчтүү», «бекем» дегенди билдирип, этностук мааниге караганда социалдык маанини көбүрөөк түшүндүргөн. «Түрк» дешип алды менен аскердик аристократиянын өкүлдөрүн гана аташкан. Акырындап отуруп бул ат башында аристократия турган урууга гана эмес, ага баш ийген көптөгөн тектеш элге да өткөн.

Түрк уруусу IV–V кк. Борбордук Азия хунндарынын чөйрөсүндө түзүлгөн. Алар өздөрүнүн ата-бабалары дешип мифте айтылган карышкыр уулу Ашинаны эсептешет. V к. орто ченинде түрктөр жуан-жуандардын (аварлардын) кагандыгына баш ийишкен. Жуан-жуандардын кагандыгы болсо ал учурда Борбордук Азияда үстөмдүк кылышып, Алтайга чейин жеткен. Бул жерде түрктөр бай кенди өздөштүрүп, темир эритип турушкан. Аны ушунчалык көп эритишкендиктен, жуан-жуандардын салыктарынан да темир менен кутулушкан. Түрктөрдүн чечкиндүү башчылары Асан-шад, Туу жана Бумын кенчилердин, эритүүчүлөрдүн жана усталардын бүтүндөй мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланышкан. Алар соот кийинишкен атчан аскерлерди түзү-

шүп, ошол аскерлердин жардамы менен жүз жылга жетпеген мезгилдин ичинде бүтүндөй алтай урууларын өздөрүнө багындырып алышкан. Өзүнүн күчүнө жана атчан аскерлерине таянган түрктөрдүн башчысы Бумын 546-ж. бүтүндөй Жуңгарияны ээлеп турган жер жайнаган теле элин (тегрег же төөлөс) талкалап, анын жерин өз жерине кошуп алган. Ошондон тартып түрктөр салык төлөөдөн кутулуп, Борбордук Азияда үстөмдүк кылуу үчүн жуан-жуандардын атаандаштарына айланышкан.

Кармашууга шылтоо таппай турган карт Бумын жуан-жуандардын каганы Анахуанга (520–552-жж.) кызын мага аялдыкка берсин деп тийиштик кылган. Өз даңкына жана күч-кубатына эсирген Анахуан түрктөрдүн күчкө толуп турганын аңдабай, каардыныпп, Бумынды кемсинте, мазактап, анын суроосун четке каккан. Түрктөрдүн башчысына ушул эле керек болчу. Согуштун чыгышына мындан артык себептин кереги жок эле. 552-ж. түрктөр жуан-жуандарга кол салышып, аларга баш көтөргүс сокку урушкан. Күтүүсүздөн жеңилген Анахуан өзүн-өзү өлтүргөн.


Жеңишке жеткен Бумын жуан-жуандардын мамлекет башчысынын «илиг каган» деген титулун алган. Ошентип, Борбордук Азияда **Улуу Түрк кагандыгы** (552–603-жж.) түзүлгөн. Каган өз ордосун Орхонго (Түндүк Моңголияга) көчүргөн, ал жер бара-бара жаңы мамлекеттин администрациялык саясий борборуна айланган. 553-ж. Ашиналардын улуу түрк династиясынын негиздөөчү илиг каган Бумын дүйнөдөн кайткан.

«Манас» эпосунда кытайлар Бумын деп атаган Бөөн хан Манас баатырдын бабаларынын бири катары эскерилет.

Талаа элдеринин салтына ылайык бийлик Бумындын иниси Истеминин колуна өткөн. Ал өз агасы өлгөнгө чейин эле Жети-Сууну, Борбордук жана Батыш Теңир-Тоону жердеген он ок урууcун (он жебе элин) өз ээлигине кошуп алган. Ушундан кийин Истеми «он уруу каганы» деген титулга ээ болгон. Ал чындыгында мамлекеттин батыш бөлүгүндө гана бийлик жүргүзгөн. Өлкөнүн чыгыш бөлүгүн башкарып турган Бумындын туугандары кагандын бийлигин жөн эле улантымыш болгону менен тышкы саясатты толук бойдон өз алдынча жүргүзүшкөн. Эгерде илиг каган Мухан (553–572-жж.) Түштүк Сибирди жана Түштүк Кытайды багынтуу менен убара болсо, анда он уруунун каганы Истеми Орто Азия жергесин жана Казакстандын кеңири талаасын багынтып алуу саясатын жүргүзгөн. Ал учурда Орто Азияны эфталиттер бийлеп турушкан болчу.

Иран V к. экинчи жарымынан тартып эфталиттерге салык төлөп турган. Ошондуктан Ирандын Истеми менен достошуп алып, эфталиттик түйшүктөн кутулууну эңсегени түшүнүктүү. 555-ж. эфталиттерге каршы союз түзүлүп, бул келишим Ирандын шахы Хосров Анушивандын (531–579-жж.) Истеми кагандын кызына үйлөнүшү менен бекемделет. Шериктештер эфталиттер менен кармашка катуу даярданышат. Батыштагы түрктөр өздөрүнүн тылын бекемдөө үчүн дайыма касташып турган вархониттерге (псевдоаварларга) кол салышып, аларды Волганын аркы өйүзүнө чыгара куушат. Бул учурда вархониттер Арал деңизинин боюнда көчүп жүрүшкөн. 563- жана 567-жж. эфталиттерге Ирандын аскерлери батыштан, түрк атчан аскерлери түндүктөн кол салышып, аларды талкалашат. Аму-Дарыясы жеңүүчүлөрдүн чек арасы болуп калат. Орто Азиялыктардын жери менен кошо он ууру каганы Истеми эфталиттердин тактан түшүрүлгөн падышасынын титулун да алат. Кагандын убактылуу ордосу Теңир-Тоого жайгашкан, бул жерден бардык жактарга соода кербендерин, элчилерди жөнөтүп турууга ыңгайлуу эле.

Эфталиттерди талкалагандан кийин эле Иран менен Түрк кагандыгынын ортосунда чыр чыгат. Талаалыктардын салты боюнча Хосров Анушириван шах күйөө бала катары кагандын кичүү иниси болуп калууга тийиш болчу. Бирок шах бул салтка баш ийгиси келбейт. Анын үстүнө Истеми мурда эфталиттерге берип жүргөн салыктын баарын эми түрк казынасына төгүүнү талап кылат. Бул талапты күч-кубаты артыла түшкөн Иран аткарбай коёт. Каган менен шахтын саясий тирешүүлөрүнүн артында башка себептер да жаткан. Алардын мамлекеттеринин Улуу Жибек жолундагы соода кылуудан түшкөн кирешелерге байланыштуу экономикалык кызыкчылыктар боюнча карама-каршылыктары бар эле.



Байыркы түрктөрдүн курлары.

Бул чыр тез арада чечилүүгө тийиш болчу. Түрктөр Иранга биринин артынан экинчи элчисин жиберишет, бирок Хосров Ануширван элчилердин талабын жоопсуз калтырган. Кырдаалды экинчи элчиликтин мүчөлөрүнүн Иранда набыт болушу ого бетер татаалдатты. Перстердин түрктөр үчүн Ирандын аптаптуу климаты терс таасир берди деген күлкү келерлик шылтоосуна карабастан, Истеми элчилер ууландырып өлтүрүлгөн деген чечимге келди. Бул мурдагы шериктештерди биротоло ажырашууга алып келди. Эми Иран батыш түрктөрү менен согушууга даярдана баштаган.

Ирандын талкаланышына түрктөргө караганда согду соодагерлери көбүрөөк кызыгышкан. Согдулардын башчысы Маниах Истеми каганга Ирандын баштатан жоолашып келе жаткан душманы Византия менен союздашууга сунуш кийирди. Теңир-Тоого аттанып жолго чыккан Маниах баштаган түрктөрдүн элчилиги Иран жергесин Каспий деңизинин бою жана Кавказ аркылуу айланып өтүп, 568-ж. Константинополго келген. Император Юстиниан II элчилерди жакшы ниет менен кабыл алган. Көп өтпөй Иранга каршы союз түзүү үчүн каган Истемиге жооп иретинде аскер башчысы Земарх башчылык кылган элчилерин жөнөткөн. Византиялык элчилер Маниах басып өткөн жолду басып өтүшүп, ошол учурда эле «согдулардын жери» деп аталган Талас жана Чүй өрөөндөрүнө келишкен. Бул жерден Земархты Теңир-Тоодогу Актаг тоосунун этегине жайгашкан кагандын ордосуна узатышкан. Актагда византиялыктарды берекеси ашып-ташкан дасторкон күтүп турган. Шериктештик түзүлүп, түрктөрдүн аскерлери Ирандын чек арасына кириштИ. Андан аркы окуялар китептерде чаташтырылып берилет. Түрктөр Ирандын провинциясы Журжанды басып алышат. Бирок түрктөрдүн аракети батыш жактан византиялыктар тарабынан колдоого алынган жок. Ирандын шахы Хосров эки тарап менен согушуудан чочулап, Истеми менен союздаш болууга шашылды. Бирок, 571-ж. союздашуунун шарты боюнча Иран мурда эфталиттерге төлөп турган салыкты эми түрктөргө төлөөгө макул болду. Ажырымдашуунун башкы себеби болгон жибек менен соода кылуу жөнүндөгү маселе да жоюлган. Түрктөр менен тынчтык келишиминин түзүлүшү Ирандын Византияга жана Месопотамияга бир катар кыйратуучу сокку уруусуна мүмкүндүк берген. Иранды жеңип алгандан кийин батыш түрктөрү Грецияга болгон кызыгууларын биротоло жоготушкан. Константинополдун келишимди кайра калыбына келтирүүгө жасаган бир нече жолку аракеттеринен эч кандай майнап чыккан жок. 576-ж. түрктөрдүн башкаруучусу Түрксанф Кара деңизди бойлой жайгашкан Византияга кол салып, Босфорду каратып алат. 580-ж. түрктөр Крымды басып киришип, Херсонести курчап алышкан. Натыйжада борбору мурдагысындай эле Теңир-Тоодо жайгашкан Түрк кагандыгы евроазиялык кубаттуу өлкөгө айланган.



Ошентип, өздөрүнүн тышкы саясатында кайраттуу Истеми башында турган түрктөр чоң ийгиликтерге жетишкен. Бирок ийгиликтерди бекемдеп калууга мүмкүндүк болгон жок, анткени кагандыктын өзүндө ич ара ыйкы-тыйкы күчөп, бийлик үчүн узакка созулган кармашуу башталган. 575-ж. эл арасында кадыр-баркы жогору болгон Истеми каган дүйнөдөн өтөт. Түрк кагандыгын Таспар (572–581-жж.) кыңк эттирбей башкарып турган. Ал өлгөн соң Кагандыктын тактысын төрт талапкер талашып, бири-бири менен айыгышкан күрөшкө чыгышат да, бир туугандардын кандары төгүлөт. Бул согуш төрт талапкердин үчөөсү өлгөндөн кийин гана басылат. Алардын арасынан Истеминин тирүү калган мурасчысы Тарду Боке каган батышта 587-ж. түрк падышасынын тактысына отурган. А бирок бийлик үчүн күрөш анын такка отурушу менен эле бүтүп калган жок.

Уруулар ортосундагы кандуу кармашуу Түрк кагандыгын алсыратып, анын тышкы саясатын кескин түрдө басандатып жиберген. Бул мезгилдин ичинде түрктөргө оор салык төлөп келишкен бытыранды Кытай **Суй династиясына** (581–618-жж.) баш кошуп, биригип алган эле. Экинчи бир салык төлөгөн өлкө – Иран 588-ж. Гераттын алдында түрктөргө оор сокку урду. 590-ж. болсо Византия түрктөрдөн Босфорду бошотуп алган.

Тарду Боке каган өлгөндөн кийин 603-ж. түрк мамлекети Чыгыш жана Батыш кагандыктары болуп экиге бөлүнүп кеткен.

Кыргызстандын мындан ары тарыхы Батыш Түрк кагандыгы менен байланыштуу.

**Батыш Түрк кагандыгы (603–704-жж.)**


Евроазиялык Түрк кагандыгындагы уруулардын жана элдердин массалык түрдө аралашып кетүүсү Кыргызстандын калкын да түрктөшүүгө алып келген. Жергиликтүү уруулар келгиндер менен ассимиляциялашып кеткен. Алардын сырт кебетелеринде барган сайын монголоиддердин түсү басымдуулук кыла баштаган, ирандык топко кирген согду тилинде сүйлөшкөн эл да түрк тилине оогон.

VII к. башында Батыш Түрк кагандыгы Он ок эли мамлекетинин аты менен аталган. Ашина династиясынын мамлекет башчыларынын расмий титулдары болуп түрктүн *жабгу каганы* же *он ок элинин каганы* эсептелинген. Мамлекеттин аты да, кагандардын расмий титулдары да жетекчи абалды он ок бодун (он ок эли) ээлеп турганын далилдеп турат. Себеби бул эл Борбордук Азиядан келген түрк урууларынан эмес, Теңир-Тоонун жергиликтүү эли эле. Эң чоң эки бирикмеден: беш уруу бири-

гип «нушиби» конфедерациясын түзүп, Сыр-Дарыядан Чүй суусуна чейинки жерди ээлеп турган, экинчи беш уруу эл *дулу* деген жалпы ат менен Чүй дарыясынан тартып – Алтай менен Жунгария аймактарына жайгашкан. Батыш Түрк кагандыгынын курамына Чыгыш Түркстан, Орто Азия чөлкөмдөрүнүн дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлери, Арал боюндагы, Түндүк Кавказдагы талаалар кирген. Анын административдик-саясий борбору болуп алды менен Талас өрөөнүндөгү Миң-Булак шаары, 618-ж. баштап Суяб шаары (Токмок шаарына жакын жаткан Акбешим шаар урандылары) эсептелинген.

Батыш түрктөрү өз ич ара салгылашуунун кесепетинен **Тон жабгу кагандын** бийлигинин тушунда гана (618–630-жж.) кутулушту. Замандаштары ага саясий жактан да, аскердик жактан да жогорку баа беришкен. «Ал эч нерседен тартынбаган жана баарын алдын ала билген көрөгөч адам болгон. Кандай кармашуу болсо да жеңиш менен аяктаган» деп жазышат кытай жылнаамачылары. Тон жабгу каган Иранга каршы саясатты активдүү жүргүзгөн. Ийгиликтүү чабуул коюунун натыйжасында ал Ирандан Тохарстанды тартып алып, Афганстанды бүт бойдон жана Индиянын түндүгүн ээлеген. Византиянын императору Ираклий менен келишим түзүп, Ирандын Закавказьедеги ээлеп турган жерине кол салып, Дербент, Тбилиси жана Партав шаарларын каратып алган.

Тон жабгу каган маанилүү саясий-административдик реформа жүргүзүп, көчмөн эл менен Орто Азиянын оазистеринде жана Чыгыш Түркстанда жашаган даражалуу адамдардын укукта-



Байыркы түрктөрдүн мүрзөсү (өлгөн адам аты менен кошо коюлган).



рын теңеген. Бул болсо мурда кескин түрдө артыкчылыктарга ээ болуп келген талаа аристократтарынын мыйзамсыз жеңилдиктерин биротоло жойгон. Вассалдык башкаруучулардын иштерин байкоого алуу үчүн жана салыктарды жыйнап туруу үчүн атайын наместниктер – тутуктар дайындалган. Көп узабай талаа феодалдарынын бири күтүлбөгөн жерден Тон жабгу кагандын турагына кол салып, аны өлтүргөн.

Мына ушул окуя Ашина династиясынын он ок элинин жана аларга көз каранды болушкан Орто Азия менен Чыгыш Түркстан элдеринин арасындагы кадыр-баркын биротоло кетирген. Кайрадан уруулар арасында согуш башталып, кагандардын уламулам алмашышына жана борбордук бийлик үчүн күрөштүн күчөшүнө алып келген. Он ок элинин жол башчылары Ышбара Эльтериш Шир каганы (634–639-жж.) реформа жүргүзүүгө, дулу жана нушиби элдеринин конфедерациясынын борбордук бийликке көз карандылыгын жоюуга мажбурлаган. Уруулар арасында бөлүнүү улантыла берген. Аларды чет элдик күчтөрдүн басып келүү коркунучу токтото алган эмес.

VII к. аягында Кытайда Таң династиясы (618–907-жж.) күч алган. Кытайдын императору Тайцзун башкарган феодалдык төбөлдөрү басып алуучулук согуш жолуна түшүшкөн. Таң башкарган Кытайдын маанилүү тышкы саясатынын бири Улуу Жибек жолун ээлөө болуп эсептелинген. 630-ж. кытай аскерлери көчмөн тогуз ууз уруусу менен бирдикте Чыгыш Түрк кагандыгын талкалаган. Ар кандай түрк отряддарынын күчү менен 640-ж. Тайцзун Гаочан мамлекетин (Турпан оазисинде) басып алып, өз бийлигин орноткон. Бул жер ал үчүн Батыш Түрк кагандыгына чабуул коюунун базасы болуп калган. Көп жылдар бою батыш түрктөрү Чыгыш Түркстандын элдери менен бирдикте душмандардын мизин кайтарып келишкен. Согушта ийгилик бирде бул тарапта, бирде тигил тарапка өтүп турган. Акырында Иле дарыясында (565-ж.) болгон салгылашууда Кытай полководеци Су Динфан Ышбара кагандын аскерлерин талкалаган. Ышбара каган болсо өз аскерлери менен Чүй өрөөнүнө чегинет. Ал ушул жерден биротоло талкаланып, өзү колго түшүп, эки жылдан кийин өлтүрүлөт.

Тээ алыста жаткан Теңир-Тоо жергесине реалдуу бийлик жүргүзүлүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, Таң императору он ок элинин башына Ашина династиясынын батыш бутактарынын өкүлүн койгон. Марионеткалык кагандар элдин урматтоосуна жетише алышкан эмес. Кагандык улам начарлай берген. Ашина династиясынын 23-каганы акыркысы болгон. Аны 704-ж. Кулан шаарында (азыркы Луговая станциясына жакын) түргөштөр өлтүрүшкөн. Ошентип Жети-Сууда жана Теңир-Тоодо түргөш кагандарынын династиясы бийликке келген.

**Түргөш кагандыгы (704–766-жж.)**

Теңир-Тоодогу мамлекеттик өнүгүү өз агымы менен өтүп жатты. VIII к. баш ченинде Батыш Түрк кагандыгынын урандыларында Түргөштөрдүн мамлекети пайда болду.

Түргөштөр он ок элинин дулу конфедерациясына киришкен жана Чүй менен Иле дарыяларынын аралыгын ээлеп турушкан. Алар сары түргөш жана кара түргөш урууларына бөлүнүшүп, төбөлдөрү өз ара атаандашып турушкан.

Сары түргөштөрдүн уруу башчысы Үч-элиг каган (704–706-жж.) жаңы династиянын негиздөөчүсү болуп калган. Ал Суяб шаарын ээлеп, анда өзүнүн башкы борборун түзгөн. Түргөштөрдүн бийлиги алдындагы жерлер Сыр-Дарыянын ортоңку агымынан Иртыш суусунун баш чагына чейин созулуп жатчу. Үч-элиг каган өзүнүн жеринде жыйырма чөлкөм түзгөн, алардын ар бири жети миңден аскер берип туруучу. Түргөштөрдүн бийлиги Чыгыш Түркстанга да тараган.

Үч-элигдин ордун анын уулу Сакал каган (706–711-жж.) ээлейт. Ошол учурда мамлекеттин абалы татаал болчу. Ага түштүктөн Таң империясынын аскерлери, чыгыштан өзүлөрүнүн кагандыгын калыбына келтирип алышкан түрктөр, түштүк-батыштан араб баскынчылары коркунуч түзүп турушкан. Сакал каган бардык тараптагы коркунучтун мизин кайтарууга аракеттенген. 709-ж. ал Аньсиге кол салып, кытай аскерлерин жеңет да, наместникти өлтүрөт. Андан кийин түргөштөр аскерлерин Орто Азияга жиберишип, согдулар менен бирге Бухаранын алдында араб кол башчысы эмир Кутейбу ибн Муслимди камоого алат. Кутейбу союздаштардын ич ара араздашуусун пайда кылып, аргасыздай болуп көрүнгөн абалдан абийир менен чыга алган. Бирок, түргөштөргө каршы негизги коркунуч Түрк кагандыгы тарабынан түзүлгөн эле.

Чыгыш түрктөрү 679-ж. көтөрүлүш чыгарышат да, натыйжада Таң империясынын ээгүсүнөн кутулушат. Кыймылдын башында Ашина династиясынын мүчөлөрүнүн бири турган. Экинчи жолу түзүлгөн Чыгыш Түрк кагандыгы эң жогорку күчкубатына Капаган кагандын тушунда (691–716-жж.) жеткен. Ал зор жана күчтүү армияны түзөт. Ага таянып, түрк акимдери өзүлөрүнүн түпкү ата-бабалары Бумын жана Истеми кагандардын мамлекеттеринин чек араларын калыбына келтирүүгө аракет кылып көрүшөт.

710-ж. үчилтик коалиция бул умтулуулардын жолунда олуттуу тоскоолдук болду. Ага Таң Кытайы, Енисейдеги Кыргыз жана Теңир-Тоодогу Түргөш кагандыктары кирген болучу. Союздаштардын чыгыш түрктөрүнө каршы биргелешкен чыгуусу 711-ж. белгиленген эле. Чыгыш түрктөрдүн Капаган каганы амалдуулук кылып, союздаштарга биринчи болуп сокку урмай болот. Мына ошол максатта ал тынчтык келишимин түзүү менен Таң мамлекетин бейтарапташтыра алат. Андан кийин Саян аркылуу кышкы оор жортуулда чыгыш түрктөрү Енисейдеги кыргыздарды талкалашат. Убакытты текке кетирбестен, Капаган жолсуз жер менен өзүнүн аскерлерин Алтай аркылуу жашыруун жиберип, аларды Иртыш суусунан өткөрөт. Иртыштан батышка карай өткөөлдүн бириндеги Болучу деген жерде чыгыш түрктөрү түргөштөрдүн сандаган армиясынын таш-талканын чыгарган. Сакал каган колго түшүрүлүп, асылып ташталган. Түргөштөрдүн жерлери убактылуу Экинчи Түрк кагандыгынын курамына өткөн.

716-ж. Капаган өлтүрүлгөн болучу. Тактыга анын жээни Билге каган (716–734-жж.) отургузулган. Ал жыйырма жылча кол баштап, Енисейден Орто Азияга чейин тынымсыз жортуулдарды уюштуруп турган. Билге каган кытайлардын таасири менен чоң храм курдурган. Анын алдына чет элдик элчилердин элеси түшүрүлгөн таш балбалдардан аллея жасаткан. Ошол учурда түргөштөр толук көз каранды эместикке жетишип, аларга кара түргөш урууларын башчысы Чабышчор Сулук (716–738-жж.) каган болуп калат. Жаңы каган мыкты дипломат болгон. 717-ж. ал Кытайга барып, анда жакшы кабыл алынат. Андан кийин Сулук түргөштөр үчүн коркунучтуу үч каган менен нике союзун түзгөн: Ашина династиясынын батыш бутагынын урпагынын кызына үйлөнөт, экинчи аялы Билге кагандын, үчүнчүсү Тибет падышасынын кыздары болгон. Каган өзүнүн кызын Билгенин уулуна берген. Чыгыштагы дипломатиялык ийгилик түргөштөргө батыштагы согуш аракеттерин активдештирүүгө мүмкүндүк берди.

Багдад халифинин Хорасандагы өкүмдары түргөштөрдүн түрктөрдөн жеңилүүсүн пайдаланып, чоң ийгиликтерге жетишкен. (Согдияны, Тохарстандын бир бөлүгүн жана Хорезмди багындырып алышкан.) 720-ж. тартып Чабышчор Сулук каган арабдарга каршы бир нече жортуул жасайт. Күрөштүн жүрүшүндө арабдарга каршы коалиция түзүлүп, ага Фергана, Чач (Ташкент оазиси) жана Түргөш кагандыгы кирген. Союздаштардын күч-аракеттерин көп убактарга Согдиянын калкынын көтөрүлүштөрү колдоп турган, арабдар бир катар жеңилүүлөргө учурап, 728-ж. Согдияны таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Ошондо арабдар капырларга каршы газават (ыйык согуш) жарыялашат. Арабдардын күчтүү армиясы 729-ж. Аму-Дарыя аркылуу өтүп, Бухарага бет алат. Ага согдиялык падыша Гурек аскерлери менен кошулган. Түргөштөрдүн, ферганалыктардын жана чачтыктардын аскерлери Чабышчор Сулук кагандын башчылыгы алдында аларды тосуп чыгат. Бухаранын чет жакасында бир катар салгылашуулар болуп, ким жеңип чыкканы аныкталган эмес.

Согдулардын күчтүү отряды бурулуш жасап, каган тарабына өтүп кеткен. Орто Азия элдеринин бириккен күчтөрү узакка созулган камалоодон кийин араб армиясын шаарды таштап кетүүгө аргасыз кылган.

Арабдар басып алган жерлерге ислам динин күч менен киийирген. Чабышчор Сулук ислам динин кабыл алууну сунуш кылган. Бирок түргөштөр бул сунушту четке каккан.

Ийгиликсиздикке капаланган Багдад халифи наместникти алмаштырып, Орто Азияга бир кыйла чындоолорду жиберет. Жаңы наместник адегенде бир аз ийгиликтерге жетишет, бирок 721-ж. катуу жеңилүүгө учурайт. 734–735-жж. чейин арабдар Согдияны басып алууга эч кандай аракеттерди жасаган эмес. 734-ж. арабдардын көрүнүктүү колбашчысы Харис ибн Сурейж Омейаддардын династиясындагы халифтердин башкаруусуна наразы болуу менен Орто Азия мамлекеттеринин коалициясы тарапка өтүп кетет.

Харис маанилүү саясий актыны жасоого барат: ал Чабышчор Сулук каганга баш калкалайт. Каган Хариске, вассалы катары «күн көрүүгө» Фарьяб шаарынан салык алууну тартуулайт. Козголоңчу колбашчы, Хуттал (Түштүк Тажикстан) жана тохар карлуктары менен биригип, арабдарга кол салышат, бирок жеңилип калышат. Арабдар Харисти колдогону үчүн өч алууну көздөп Хутталга кол салат. Хутталдыктар каганды жардамга чакырган.

Чабышчор Сулук башчылык кылган түргөштөр Чүй өрөөнүнөн чыгышып, Хутталга 17 күн дегенде жетет. Мында алар арабдарды талкалашып, алардын жүктөрүн бүт бойдон колго түшүрүп алышат. Арабдар Хорасанга чегинишет. Душмандын алсыраган бытыранды аскерлери жеңил олжо болот деп эсептеген каган 737-ж. кышында чакан күчтөр менен Хорасанга басып кирет. Бирок олуттуу коркунуч алдында, араб аскерлери өзүлөрүнүн мыкты сапаттарын көрсөтүшүп, тез арада топтошуп, түргөштөргө кыйратуучу сокку урушкан. Каган аз жерден колго түшүп кала жаздап, калган аскерлери менен Чүй өрөөнүнө кайра кайтып келген.

Бул жеңилүү Сулуктун өмүрүнө татыган. Адамдарынан ажыраган жана материалдык жактан жоготууларга туш келген түргөш төбөлдөрү жеңилүүгө Сулук себептер деп эсептешкен. Ызага чыдабаган Сулук шал болуп, жатып калат да, 738-ж. каза болот.

Кагандын өлүмү «кара түргөштөр» менен «сары түргөштөрдүн» ортосунда бийлик үчүн узакка созулган күрөштүн башталышына шылтоо болгон. Бул ички чыр-чатак мамлекетти алсыраткан. Учурдан пайдаланып, VIII к. орто ченинде кагандыктагы бийликти карлук уруулары тартып алган.



**Карлуктардын мамлекети**

Түргөш кагандыгынын урандыларында Түрк урууларынын бирикмеси – карлуктардын мамлекети пайда болгон. «Карлук бодун» (карлук эли) же «үч карлук» (карлуктардын үч уруусу) деген атты Моңгол Алтайынан Балхаш көлүнө чейинки, Тарбагатай кырка тоолорунан түштүккө жана түндүккө карай аймакты ээлеп жаткан көчмөн түрк тилдүү уруулардын күчтүү союзуна таркатышкан. Карлук бирикмесинин курамына булак, чигил (же себек) жана ташлык деген үч ири уруу кирген болучу. Уруулардын карлук союзунун тарыхынын баштапкы мезгилинде эле алардын аймактык жана саясий бытырандылыгы белгиленген. Карлуктардын бир бөлүгү VI к. экинчи жарымында же VII к. башталышында Тохарстандын аймагынын бир бөлүгүн ээлеген. Алардын башчысы «жабгу» наамын кабыл алып, батыш түрк, андан кийин түргөш кагандарына көз каранды болгон. Тохарстандык карлуктар араб баскынчылары менен күрөштө көрүнүктүү ролду ойношкон. Карлуктардын башка бир бөлүгү алыскы чыгыштагы моңгол талааларында калышкан.

Тарбагатайлык карлуктардын күчтүү армиясы болгон. Чыгыш жана Батыш Түрк кагандыктарынын чек арасындагы аймакты ээлеп, кээде бирине, кээде экинчисине баш ийип турган. Алар өтө тынчы жок жана козголоңчу букаралар болушкан. Маселен, VIII к. биринчи чейрегинде алар үч жолу Чыгыш Түрк кагандыгына каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Карлуктар экинчи Түрк жана Түргөш кагандыктарынын кулашына алып келген саясий ири окуяларда башкы ролдордун бирин ойношкон. *744-ж. басмыл, уйгур жана карлук урууларынын бириккен күчтөрү экинчи Түрк кагандыгын кыйратышат. Талаадагы жаңы дөөлөттүн каганы уйгурлардын колбашчысы болуп калат.* Ал Элетмиш Билге каган (744–759-жж.) деген титулду алат. Мамлекет **Уйгур кагандыгы (744–840-жж.)** деген атка конот. «Уйгур» деген аталыш байыркы түрк тилинде «уюшкан», «уюткулуу», «уюткан» дегенди түшүндүрөт. Бул этностук бирикмеге 19 уруу баш кошкон. Булардын башында Яглахар уруусу турган.

Уйгурлар тогуз ууз урууларынын күчтүү бирикмесине киришкен чыгыш түрктөрүн жеңип чыккандан кийин, алар өздөрүнүн бийлигин Алтайдан Манчжурияга чейинки аймакка таркатышкан.

Карлуктардын башчысы «жабгу» наамын гана алгандыктан өзүнүн баштагы союздаштарына көз каранды болуп калат. Мунун өзү бир катар кагылышууларга алып келет. **Уйгурлар кысымга алышкан карлуктар 746-ж. Жети-Сууга көчүп кетишет.** Мында саясий кырдаал абдан татаал болучу. Түргөш кагандыгындагы токтолбогон кармашуудан улам андагы бийлик жүргүзүлбөй калат. Муну Чыгыш Түркстандын Таң наместник-

тери өз таламдары үчүн пайдаланышкан. 748-ж. Кытай армиясы Чүй өрөөнүнө басып кирип, Суяб шаарын ээлеп, аны кыйратат. Кийинки жылы кытайлар Чач (Ташкен) акимин туткунга түшүрүп, аны асып ташташат. Кытайларга карлуктар жардам берген. Жагдайды байкап турган арабдар Таң империясынын Орто Азиянын иштерине мынчалык одоно кийлигишүүсүнө жол беришкен эмес. Зияд ибн Салих башчылык кылган аскерлер кытайларга каршы бет алышат. Бул кабарды уккандан кийин кытай колбашчысы Гао Саньчжи жүз миң аскери менен арабдардын жолун тосуп Суябдан чыгат. Эки армия 751-ж. июлда Талас өрөөнүндөгү Атлах шаарында (азыркы Манас районунун Покровка айылынын түндүгүрөөк жагындагы урандылар) беттешишкен. Бет келишкен эки армия тең дарыядан өтүүгө батынбай, туура төрт күн тирешип турушту. Бешинчи күн дегенде карлуктардын атчандары кытай армиясынын арт жагынан сокку урат. Ошондо арабдар алардын бет маңдайынан чабуулга өтөт. Эки жактан тең кысымга алынган кытай аскерлери туруштук бере албай, Талас дарыясынын тар капчыгайын көздөй (азыркы Киров суу сактагычы жайгашкан жер) баш калкалап качышат. Орто кылымдардагы тарыхчы Ибн-ал-Асирдин маалыматтарына караганда Атлахтагы салгылашууда кытайлар набыт болгон 50 миң жана туткунга түшкөн 20 миңдей адамынан айрылышкан. Түрктөр үчүн бул жеңиштин мааниси чоң болгон. Анткени ушул жеңилүүдөн кийин Кытай аскерлери болжол менен миң жылча Орто Азиянын чек араларына жологон эмес. Мунун өзү региондо мусулман маданиятынын өнүгүшүн камсыз кылган.

Жети-Суулук жана енисейлик кыргыздар менен карлуктардын саясий-экономикалык жана ынтымагы жөнүндө, булардын Араб халифаты менен байланыштары тууралуу В. Бартольд менен А. Бернштам жазышкан.

Ошентип, карлуктар кытай аскерлерин кыйратууда маанилүү роль ойношуп, Жети-Сууда өзүлөрүнүн абалын бекемдешти. Бирок, карлук төбөлдөрүнө саясий үстөмдүк кылуу үчүн дагы узак убакытка күрөш жүргүзүүгө туура келген. Карлук жабгулары талааларга ээлик кылуу үчүн Уйгур кагандыгы менен күрөшүүнү өзүлөрүнүн башкы милдети катары эсептешкен. 751-ж. алар уйгурларга каршы коалицияны түзө алышкан, ага карлуктардан тышкары, түрктөр, кыргыздар жана чик уруулары киришкен. Союздаштар макулдашып, чечкиндүү аракет кылышкан эмес. Качып өткөндөр коалициянын душмандык ниеттери жөнүндө уйгурларга билдиришкенде, Элетмиш Билге каган чыгаан кол башчылык сапатын көрсөтүп, союздаштарды жалгыздап талкалаган. Карлуктар 40 жыл илгерки түргөштөрдөй эле Иртыш дарыясынын сол жээгиндеги Болучу деген жерде жеңилишкен. Бир жылдан кийин карлуктар түргөштөр жана басмылдар



менен союзда болуп, талаалардын түпкүрүнө жортуул жасашып, Уйгур кагандыгынын борбору – Өтүкенге (азыркы Монголияда) жетишкен. Уйгурлар басмылдарды, карлуктар менен түргөштөрдүн бириккен отряддарын талкалашат. Өжөр карлуктар мындан кийин да уйгурларга бир нече жолу кол салышып, бирок дайыма зыян тартып чегинип турушкан. Ошол эле убакта карлук жабгулары Жети-Сууда саясий үстөмдүк үчүн күрөш жүргүзүшкөн. Мында алардын башкы атаандаштары он ок элинин конфедерациясына киришкен ууздар болушкан. Ууз каган жөнүндө легендаларда жана уламыштарда Ысык-Көлдүн жана Талас өрөөнүнүн аймагы ууз элинин түпкү мекени катары айтылат. Күрөш айыгышкан мүнөздө өтүп, арасында тыным алуулар болуп, жыйырма жылга созулган. Согуш карлуктардын жеңиши менен аяктап, алар 766-ж. Суяб жана Тараз шаарларын ээлешкен. Огуздардын бир кыйла бөлүгү Жети-Сууну таштап, Арал боюна көчүп барышып, анда өз мамлекетин негиздешкен.

Жети-Сууга жана Тенир-Тоого бекем орношуп алган соң, карлуктар тибеттиктер менен шериктеш болушуп, Чыгыш Түркстанда жана Жуңгарияда уйгурлар менен күрөштү улантышкан. Адегенде алар ийгиликке ээ болушат, бирок 791-ж., андан кийин 812-ж. уйгурлар союздаштарды оор жеңилүүгө учуратышкан болчу. Уйгурлар жабгуну уйгур каганын таанууга мажбурлашкан. Карлуктардын башына түшкөн кырсыктан пайдаланып, ошол эле 812-ж. арабдар аларга каршы аттанышат. Отрардын алдында, жабгунун үй-бүлөсү туткунга алынат, ал эми жабгунун өзү Иртыштагы кимактардын өлкөсүнө качып кетет.

IX к. орто ченинде Орто жана Борбордук Азияда маанилүү саясий окуялар болуп өтүп, карлуктардын мамлекетинин тагдырына таасирин тийгизген. Орто Азия элдеринин араб баскынчылары менен токтолбогон күрөшү мында жергиликтүү феодалдардан бөлүнүп чыккан Саманиддер династиясынын бийликти басып алышы үчүн оңтойлуу шарттарды түзгөн. Борбордук Азияда жыйырма жылдык айыгышкан күрөштөн кийин, Енисей кыргыздары Уйгур кагандыгын кыйратышты (840-ж.). Уйгурлардын чакан бөлүгү гана Турпанда жана Ганьчжоу районунда көз карандысыз эки кичине мамлекетти түзгөн. Бул окуяларды карлук жабгусу Билге Кул Кадыр хан өз мамлекетинин беделин көтөрүү үчүн пайдаланган болчу.

Кыргыз каганы өзүнүн борборун Өтүкенге көчүрүп барган жок, аны хунндардын заманынан тартып миң жыл бою көчмөндөрдүн жогорку бийликтери гана ээлеп турган. Бул болсо кыргыздардын каганы талаадагы, формалдуу болсо да, жогорку бийликке доомат кылган эмес дегенди көрсөткөн. 840-ж. Билге Кул хан «каган» наамын кабыл алып, муну менен көчмөн элдерге карата өзүнүн доосу жөнүндө ачык билдирди. Бул акт

Борбордук жана Орто Азиянын бардык түрк уруулары күтүлбөгөн жерден өздөрүн карлуктарга көз каранды деп таанышты дегендикке такыр эле жатпайт, анткени чыныгы күч, демек бийлик да Енисей кыргыздарынын колунда болгон.

Ошол эле жылы Самарканддын Саманид наместниги Нух ибн Асад каапыр түрктөргө каршы диний согуш жарыялаган. Ал Исфижаб шаарын (азыркы Чымкентке жакын жерде) алып, анда орношкон. 893-ж. Саманид Исмаил ибн Ахмед карлуктарга жортуул жасап, Тараз шаарын камаган. Каган Огулчак Кадыр хан узакка созулган камалоого туруштук берсе да, шаарды тапшырууга аргасыз болгон. Исмаил өзүнүн бийлигин бүткүл Талас өрөөнүнө жана Мерке шаарына чейин Чүй өрөөнүнүн бир бөлүгүнө таркаткан. Бул аймакты каратып алып, Саманиддер эки максатка жетишкен: бул жерлерди «каапырлардын» арасында исламды таркатуу борборуна айландырышкан жана Шельжи областында (Талас дарыясынын өйдө жагы) бай күмүш кендерин алышкан. Огулчак Кадыр хан өзүнүн борборун Кашкарга көчүрүп, Саманиддерге каршы согуш аракеттерин уланта берип, алардын чыгышка карай андан ары илгерилешин токтоткон. Жүз жылдын ичинде Теңир-Тоонун, Жети-Суунун жана Чыгыш Түркстандын карлук урууларынын арасында кубаттуу Карахандар династиясынын айланасында баш кошуп, Саманиддерди кулатып, Орто Азияны жеңип алган күчтөр жетилген.

Кыргыздын саруу уруусу генеологиялык жактан карлуктар менен байланыштуу деген илимий гипотеза бар.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Түрк» деген этноним эмнени түшүндүрөт?
2. Улуу Түрк кагандыгына мүнөздөмө бергиле.
3. Батыш Түрк кагандыгы жөнүндө айтып бергиле.
4. Түргөш кагандыгында саясий окуялар кандайча өнүккөн?
5. Карлук мамлекетинин өзгөчөлүктөрү кайсылар?
6. Атлах салгылашуусу жөнүндө эмне билесиңер?



## § 9. КЫРГЫЗДАРДЫН БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ҮСТӨМДҮК ҮЧҮН КҮРӨШҮ

**Барсбек – кыргыздардын каганы**

VII к. аягында – VIII к. башталышында кыргыздардын Енисейдеги мамлекети коңшуларын олуттуу эсептешүүгө мажбурлаган. Анын башында Барсбек ажо турган. Барсбек баатырдын тушундагы гүлдөп өнүккөн мезгил – кыргыз тарыхынын өзгөчө бир ажайып барагы. Кеп кыргыздардын байыркы тарыхындагы эң чоң «ак тактардын» бири тарыхты жаратышкан инсандар жөнүндө, алиге чейин белгисиз калып жаткан кыргыз элинин баатырлары жөнүндөгү маалыматтардын дээрлик толук жок экендигинде. Башка тилдеги бир дагы байыркы же орто кылымдардагы тарыхый булакта кандайдыр бир кыргыздын жеке ысмы так эскертилген эмес. Түрк элдери (алардын ичинде кыргыздардын өзүлөрү да) жазууну үйрөнүшкөнгө чейин ушундай болгон. XIX к. экинчи жарымында орус илимпоздору Енисейден (Енисей – Чоң дарыя) табылган руна сымал жазууну окушкан. Бул жазуу VIII к. башында кыргыздар жана аларга туугандаш, бирок кас түрктөр тарабынан жазылып, анда кыргыздардын каганы Барсбек жөнүндө айтылган. Бул жазуу булагында кездешкен биринчи кыргыз ысымы эле.

Кийин бул ысым терең изилденмек тургай, кайдыгерлик менен жөнү жок эстен чыгарылып ташталган эле. Биз аны «Кыргыз ССР тарыхынан» алгачкы үч басылышынан таппайбыз. Барсбек тууралуу «Кыргыз ССР тарыхынын» төртүнчү басылышында гана кыскача эскертилген.

Барсбек Борбордук Азиядагы саясий жагдай кескин өзгөрүп турган кезде кыргыздарга башчылык кылган. Ал эми Орхон түрктөрүн (Моңголияда) Таң империясынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө баштап чыккан. Алар талаада кытай аскерлерин жана алардын союздаштарын бир нече жеңилүүлөргө учуратышкан. Эски Ашина династиясынын мүчөсү Кучлуг башчылык кылган түрктөр **Экинчи Түрк кагандыгын** түзүшөт. Кыргыздар, башка талаа элдери сыяктуу эле, үстүртөн болгон кытай бийлигинин ордуна аларга үстөмдүк кыла турган күчтүү мамлекеттин болушун каалашкан эмес. Алар Баз кагандын тогуз ууздары, курыкандар, кытайлар, татарлар менен биргелешип, Таң империясынын союздаштары болуп чыгышкан. 688-ж. чыгыш түрктөр Баз кагандын коалициясын талкалашып, толук бойдон талаанын ээси болуп калышты. Кыргыздар бул салгылашууга катышкан эмес, ошондуктан өздөрүнүн аскерлерин сактап калышат. Барсбек ажо Түрк кагандыгынын түндүк чек араларындагы түрктөргө каршы күчтөргө башчылык кылып калды. 688-ж. ки-



Барсбек.

**Барсбек, Ынанчы Алп Билге** – VIII к. башында Енисейдеги кыргыз кагандыгынын башкаруучусу.

Анын урматындагы эпитафияга ылайык ажо байыркы кыргыздын башкаруучу династиясынан чыккан, атасынан эрте жетим калган, төрт бир тууганы болгон, тайган менен аң уулоону аябай жакшы көрүүчү.

Барсбектин уруусу Умай эненин өзгөчө колдоосунда деп эсептешчү. Анын туугандары сейрек кездешүүчү *Умай бег* деген наамды алып жүрүшчү. Барсбектин агалары да, инилери да болгон. Таатал тышкы саясий кырдаалдын шарттарында кыргыздардын мамлекетиндеги биринчи орунга ал өзүнүн асыл сапаттарынын аркасында көтөрүлгөн.

Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын баскынчыл саясатына каршы күрөшүү үчүн өзүнүн Эрен-Улуг деген элчиси баш болгон өкүлдөрүн Тибетке жиберген. Барсбек 711-ж. түргөштөрдүн башчысы Сакал каган менен бирдикте Чыгыш Түрк кагандыгына каршы урушка даярданган, бирок чыгыш түрк каганы Капаган тезинен Көгмен тоосун ашып, Барсбектин ордосуна күтүүсүздөн кол салган. Барсбек 711-ж. согушта курман болгон.

---

йин көп убакыт өтпөй Барсбек кыргыздардын күчүн баамдап, маанилүү саясий актыны жасады. Ал Ынанчы Алп Билге деген такты наамын кагандык титулу менен кошо кабыл алды. Мына ошентип, кыргыздардын каганы Борбордук Азияда үстөмдүк кылууга ачыктан-ачык доо коюп, Түрк кагандыгына чакырык таштаган болучу.

Түрктөрдүн каганы Капаган (693–716-жж.) кыргыздардын коркунучун жоюуну чечет. Түрктөрдүн Енисейге карай Билге башчылык кылган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктайт. Аскерлер кыргыздардын чек арасына жеткен кезде токтотулган. Натыйжада каршылашкандар тынчтык келишимин түзүшкөн. Анын шартына ылайык Капаган Барсбекти каган деп таанып, ага өз жээнин аялдыкка берген. Калыбы, кыргыздар Түрк кагандыгы менен ниеттеш болууга сөз берген окшойт. Бул келишим Барсбек каган Ынанчы Алп Билгенин абалын закондоштурду жана бекемдеди, бирок анын алысты көздөгөн максаты ишке ашкан жок.

VIII к. башында күчөгөн Барсбек түрктөргө каршы активдүү тышкы саясатты жүргүзгөн. 707–709-жж. ал ошол кезде түрктөр менен согушуп жаткан Кытайга эки элчиликти жиберген. Түрктөргө каршы союзду уюштуруу боюнча Барсбектин дипломатиялык демилгеси Түргөш кагандыгына да тараган. Чүй өрөөнүндөгү түргөштөргө Эзгене башчылык кылган элчилик жиберилет. Кыскасы, кыргыздардын каганынын дипломатиялык аракеттери ийгиликтүү болгон. 709-ж. карата ал түрктөргө каршы кубаттуу коалицияны түзө алган. Ага Таң империясы жана Түргөш кагандыгы кирген. Түрк кагандыгынын саясий жана ири аскер ишмерлеринин бири Тон-йокук Борбордук Азияда түзүлгөн саясий жагдайга мындайча баа берген экен: «Табгач (кытайлык) каганы биздин душманыбыз эле. Он ок (түргөштөрдүн) каганы биздин душманыбыз. Бирок биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздардын күчтүү каганы болгон».

**Тон-йокук** (тектүү тун уул дегенди түшүндүрөт) – Экинчи Түрк кагандыгынын (682–744-жж.) кол башчысы; Күлтегиндин (Билге кагандында) иниси, насаатчысы. Орхондогу түрк урууларынын орнотконташтагы жазууларда Тон-йокук жөнүндө да айтылган. Бул ташка Чыгыш Түрк кагандыгынын аскерлери 711-ж. кыргыздарга жортуулга чыккандыгы, Тон-йокук Көгмен жангелинен өтүп барып, Енисей кыргыздарын баш ийдиргендиги, анын колу 712-ж. Түргөш кагандыгынын аскерлерин жеңип, айтылуу Темир капкага (Жызак менен Самарканддын ортосунда) жеткендиги айтылат. Тон-йокук башкарган Экинчи Түрк кагандыгынын колу 720-ж. кагандыкка каршы козголоң чыгарган урууларды, аларды пайдаланууга аракеттенген кытай кошуундарын талкалаган.

Түрктөр күтүп отурбай союздаштарга биринчи болуп кол салып, аларды жалгыздап талкалоону чечишти. Жогоруда келтирилген тексттен талаа гегемону үчүн баарынан чоң коркунучтуу душман алыскы кытайлар жана түргөштөр эмес, кыргыздар болгондуктан, биринчи чабуулду ошолордон баштаган. 709-ж. түрктөрдүн кошууну Енисейдин баш жагынан кечип өтүп, кыргыздарга союздаш чик жана аз урууларын талкалап, Туваны ээлешкен да, аны кыргыздарга чабуул коюу үчүн плацдармага айландырышкан.

Кыргыздар Тувадан Енисейге капчыгай аркылуу кеткен башкы жолду бийик кыр менен тосуп коюшкан (анын калдыктары ушул убакка чейин сакталып калган). Мындан эч кандай армия өтө алмак эмес. Барсбек Саяндагы башкы маанилүү ашууларды да ээлеп, толук коопсуздукту камсыз кылдым деп ойлоп, союздаштарынын жардамын күтүп калган. Бирок түргөштөр да, кытайлар да кыргыздарды колдоп чыгышкан жок. Алар Барсбек жөнүндө ойлошпой, өз чектерин коргоо менен гана чектелишкен. Айласы түгөнгөн Барсбек күчтүү Түрк кагандыгы менен беттешүүдө жападан жалгыз калып, саясий багытын өзгөртүүнү чечет. 710-ж. күзүнөн кечиктирбей ал Таң империясына жана түргөштөрдүн мамлекетине, Тибетке элчиликтерди жибе-



Эрен-Улуг.

рет. Кыргыздардын күчтүү болшар уруусунан чыккан **Эрен-Улуг** элчиликке башчылык кылган. Тажрыйбалуу дипломат кыргыздардын чет өлкөлөргө жиберилген төрт элчилигине катышкан. Ал бул үчүн Барсбек тарабынан өзгөчө белгиленген. Албетте, кыргыз каганы Эрен-Улугдун элчилиги жөнүндө Кытайды кабардар кылган эмес, бирок ал тууралуу маалыматтар көчмөндөрдүн арасында атайылап эле кеңири таркатылган. Калыбы, бул түрктөрдү коркутуу үчүн эмес, көбүнчө Кытайдын жана түргөштөрдүн согуш аракеттерин активдештирүү үчүн жасалган болуу керек. Бирок кеч болуп калган эле. Эрен-Улуг белгисиз себептер менен бөтөн жерде өлгөн. Тибет Барсбекке союздаш болуп калган жок. Кытайлар менен түргөштөр жортуулга чыгышпады, түрктөр болсо аракеттерин ыкчамдатты.

Түрк кол башчылары жан аябаган кадамды жасоону, Саян кырка тоолорундагы кыргыздар коргоп турган жолдорду айланып өтүп, кышкы ызгаарга карабай, кыйын жол менен өтүүнү чечишти. Бул жортуулга түрктөрдүн келечектеги каганы Билге жана анын баатыр бир тууганы **Күлтегин** катышкан, бирок ага иш жүзүндө кары жана тажрыйбалуу Тон-йокук башчылык кылган. Ал жергиликтүү элден чыккынчыны издеп табат. Жол көрсөткүч өзүнүн шоруна түрктөрдүн аскерлерин бийик тоолордогу жашыруун жалгыз аяк жол менен Мин-Өзөн ойдунуна алып барууга макул болгон. Тон-йокук жортуулдун кыйынчылыгын мындайча сүрөттөгөн:

> «Мен аскерлерге сапарга чыгууга буйрук бердим, мен «Аттангыла!» деп айттым. Ак-Термелден өтүп жатканда мен арттагыларга токтоп турууга буйрук бердим. Аттанууга буйрук берип, кар аралап жол салдым, өзүм башкалар менен бирге жыгач бакандарды таянып чыктым. Алды жактагылар карды тапташты, биз токой каптаган чокуну аштык. Аябагандай кыйынчылык менен төмөн түштүк, тоодогу кар ширендисин айланып өтүп олтуруп, он күн дегенде тоо жантаймасына жеттик. Жергиликтүү жол баштоочу жолдон адашып кеткендиктен өлтүрүлдү».

Албетте кыш күрөөдө Саян тоосу аркылуу өтүү чоң эрдикти талап кылган. Түрктөрдүн ойлогону ордунан чыкты. 710–711-жж. кышында алардын аскерлери кыргыздарды күтүлбөгөн жерден каптап кириште. Биринчи салгылашуу түн ичинде болду. «Биз кыргыздарга уйкуда жатканда кол салдык... жолду найзалар менен салдык», – деп белгилеген байыркы түрктөрдүн руна сымал жазуусу бар эстелигинде. Кыргыздардын негизги күчтөрү талкаланган болучу. Барсбек аман калган колун Сунга токоюна (азыркы Тувада) топтоп, өжөрлүк менен каршылык көрсөттү. Айыгышкан катуу салгылашуу бир жумага созулду. Мында Күлтегин үстөмдүк кылды. Кыргыздар толук кыйратылды. Барсбек бетме-бет салгылашууда курман болду. Анын сөөгүн кыргыздардын байыркы салты боюнча сый менен коюуга да мүмкүн болбоду. Мунун өзү Алтын-Көлдөгү эпитафияда белгиленген болучу. Урууластары баатыр кагандын урматына адам боюнан бийик чоң жалпак ташты орнотушту, кыргыздар анын курман болушуна байланыштуу азасын кыргыз жазуусу менен билдиришкен. Бул жөнүндө биз кийинки темада айтабыз. Сунганын алдындагы салгылашууда кыргыздардын жеңилиши, калыбы, анын мамлекетин эң олуттуу кесепеттерге алып келген окшойт. Анкени, ошондон кийинки кырк жылдан ашуун убакыттын ичинде кыргыздар Борбордук Азиядагы согуш аракеттерине катышкан эмес. Мамлекеттин башына кыргыздардан аким коюлганына карабастан, ал Түрк кагандыгы кулаганга чейин иш жүзүндө ага көз каранды болуп турган.



Күлтегин.

**СУРООЛОР:**

1. Барсбек жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Кыргыздар эмне үчүн Чыгыш Түрк кагандыгы менен согушкан?
3. Эрен-Улуг деген ким болгон?
4. Сунгадагы салгылашуу жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5. Кыргыздар эмне үчүн жеңилип калды.



Суңгадагы беттешүү. (*А. Алакунов.*)

## § 10. УЛУУ КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ

Улуу кыргыз дөөлөтү (державасы) деген түшүнүктү илимге академик В. В. Бартольд 1927-ж. жазган *«Кыргыздар. Тарыхый очерк»* деген китебинде киргизген. Анда ушундай аталыш менен атайын бөлүм бөлүнгөн болучу, бирок бул аталыш тырмакчага алынган. Илимпоз кыргыз мамлекетинин IX к. Борбордук Азиядагы үстөмдүгүн белгилөө менен Улуу Кыргыз дөөлөтү жөнүндө кандайдыр бир тартынчыктап айткан. Жазуу булактары, археологиялык материалдар кыргыздардын Борбордук Азияда өз изин калтырганын, кыргыздардын күч-кубатынын реалдуу жогорулашын далилдейт.

VIII к. Борбордук Азияда гегемондук роль уйгурлардын колунда эле. Уйгурлар эзелтен бери Борбордук Азиянын талааларында жашаган байыркы түрк тилиндеги элдерден болчу. Экинчи Түрк кагандыгы начарлаганда уйгурлар, карлуктар, басмылдардын биргелешкен күчтөрү аны талкалаган. Ошентип, 744-ж. Кули Пелонун башчылыгы менен азыркы Батыш Моңголиянын аймагындагы Каракорумда көчмөндөрдүн жаңы талаа дөөлөтү – **Уйгур кагандыгы** (744–840-жж.) пайда болгон. Анын күчтүү мезгилинде ага Кытай да жыл сайын салык төлөп турган.

Кыргыздар өзүлөрүнүн күчтөрүн ал убакта Жети-Сууну ээлеп алышкан карлуктар менен, чиктер жана түрк урууларынын калдыктары менен уйгур каганы Элетмиш Билгеге (747–759-жж.) каршы күрөшүү үчүн бириктиришкен. Түрк бектеринин арасынан чыккынчылар чыгып, каганды эскертип коюшат. Ал чечкиндүү аракет кылып, союздаштарды жалгыздап талкалаган. 758-ж. уйгурлар Ортонку Енисейдеги кыргыздардын өлкөсүн басып алышат. 795-ж. кыргыздар көтөрүлүшкө чыгышкан, бирок жеңилип калышат. Кыргыз ажолору өч алуу үчүн жыйырма беш жыл бою өз күчтөрүн топтошкон. IX к. башында Уйгур кагандыгы мурдагыдан бошондоп калган эле. Анда ич ара чыр-чатактар күч алып, бытырап кетишкен болучу. Бул учурду кыргыздар сергектик менен илип алышкан. Буга байланыштуу кытай булактарынан төмөндөгүлөрдү окууга болот. «Ажо өзүн хан деп, аялы Гелла-шехти (карлук жабгусунун кызын) – ханыша деп жарыялады». Кыргыздардын тарыхындагы бул маанилүү окуя 820-ж. болгон. Карлуктардын колдоосуна ээ болушкан кыргыздар өзүлөрүн Уйгур кагандыгына көз карандысыз деп жарыялап, муну менен Борбордук Азияда гегемондукка умтула башташкан. Бул сапар алардын доолору чыныгы мүмкүнчүлүктөргө негизделген эле.

795-ж. жеңилгенден кийин Кыргыз кагандыгы узакка созулуучу согуштарга ылайыкташтырылган аскердик-административдик системаны түзгөн. Ажо Сибирь элдерине бир нече жортуул жасап, мамлекеттин чегин бир кыйла кеңейтип, VIII к. башталышындагыга караганда бир кыйла көп материалдык жана адам ресурстарына ээ болгон. Көз каранды элдер (кыштымдар) өздөрүнүн аскерлерин кыргыз армиясынын курамына кошууга милдеттүү болучу. Администрациянын жана аскер күчтөрүнүн башында Ажо турган. Ага үч бий жана ар кыл баскычтагы чиновниктер баш ийишип, акыркылары, алты бөлүккө бөлүнгөн. Туруктуу аскерлерден куралган атчандар гвардиясы болгон. Согуш убагында «вассал» элдерден өзүнчө кошуун түзүлгөн. IX к. кыргыздар көз каранды уруулардан түзүлгөн аскер күчтөрүн эсептегенде жүз миң аскерден турган армияны коё алышкан.

Ажо уйгурлар менен каршылашкан арабдар, тибеттер жана Теңир-Тоодогу Карлук мамлекети менен дипломатиялык байланыштарды түзө алган. Кыргыз ажосунун 820-ж. өзүн-өзү каган деп жарыялашы уйгур каганына согуш жарыялаганга тете эле.

Уйгурлар Ажонун кыр көрсөтүүсүнө жооп иретинде Енисейге аскерлерин жиберет. Бирок алар жеңилип калышат. Согуш жыйырма жылга созулуп кетет. Кыргыздар салгылашууда басымдуулук кыла башташкан окшойт, мунун өзү Ажого уйгурлардын каганына төмөнкүдөй текебердүү билдирүү жиберүүгө мүмкүндүк берген:

> «Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду аламын, анын алдына атымды байлап, өзүмдүн туумду илемин. Эгерде мени менен алышкың келсе, анда дароо келгин. Эгерде алыша албасаң тезинен жогол».

Согуштагы жеңилүүлөр Уйгур кагандыгындагы ич ара күрөштөрдү курчутту. 839-ж. кар калың түшкөн кышта мал кырылып, ачарчылык жана жугуштуу оорулар күчөдү. Ушул кыйын кезенде уйгурлардын яглахар уруусунун төрөсү кыргыздарды жардамга чакырат. Кыргыз каганы 840-ж. Ордо-Балыкка (Ордо-Балык Уйгур кагандыгынын борбору болгон. Орхон дарыясынын боюнда жайгашкан. «Балык» – шаар дегенди түшүндүрөт) 100 миң аскерден турган армиясы менен чабуул коюп, уйгур аскерлерин талкалайт, борборун жер менен жексен кылат. Уйгурлардын акыркы каганы колго түшүп, башы алынат. Уйгурлардын калгандары Кытайга, Байкалдын арт жагына, Чыгыш Түркстанга качышып, өзүлөрүнүн мыкты жерлерин жана байлыктарын кыргыздарга калтырууга мажбур болушкан. Бул казатта кыргыз колун улуу колбашчы **Алп Сол** жетектеген.


Алп Сол.
Кыргыздын улуу
кол башчысы. *IX к.*

843-ж. Енисейлик кыргыздар Пан-Тегин башчылык кылган уйгурларды куугунтуктап отурушуп, Чыгыш Түркстанга басып киришет да, Аньси жана Бейтин (Бешбалык) шаарларын алышат. Андан ары Теңир-Тоо менен Жети-Сууга чейин жетишет. Алардын күчтүү аскери Чыгыш Монголияда, Жунгарияда жана Байкалдын ары жагында да ийгиликтүү согуш аракеттерин жүргүзүшкөн. Ушундай кырдаалда көчмөндөрдү бири-бирине талкалатып көнгөн Кытай императору уйгурларды биротоло жок кылып, алардын тукумун үзүү керектигин өтүнүп, кыргыз ажосуна ондогон элчилерди жөнөтүп, көп кат жазган. Бирок кыргыз ажосу кытайлыктардын жаман ниетин колдогон эмес.

Кыргыздардан талкаланып, Чыгыш Түркстанга келген уйгурлар көчмөн турмушун өзгөртүп, отурукташып дыйканчылыкты кесип кылып калышкан.

Ошентип, IX к. орто ченинде Уйгур кагандыгынын ордунда **Кыргыздардын Улуу дөөлөтү** пайда болду. Анын чек аралары Кытай маалыматтары боюнча жетиштүү даражада даана белгиленген:

«Хягас (кыргыз) күчтүү мамлекет болгон: аянты боюнча түрк элдеринин ээликтерине теңелген (Экинчи Түрк кагандыгынын чеги эске алынып жатат). Чыгышта Гулиганиге (Байкал бою) чейин, түштүктө Тибетке, Чыгыш Түркстанга, түштүк-батышта Гэлоллуга чейин (Жети-Суу) созулуп жаткан».

Тактап айтканда, кыргыз мамлекетинин бийлиги чыгыштан батышка карай – Чыгыш Монголиядан тартып, Ысык-Көл менен Жети-Сууга чейинки, түндүктөн түштүккө карай – Сибирь тайгасынан (Томск менен Красноярскинин аймагы) тартып Улуу Кытай дубалына чейинки эбегейсиз зор мейкиндикке тараган. Ошентип, кыргыз ээлигинин курамына Түштүк Сибирь, Монголия, Байкал аймагынын бир бөлүгү, Иртыш бою, Чыгыш Казакстан, Жети-Суу аймагы, Ысык-Көл, Борбордук Тянь-Шань жана Таримдин өрөөнү кошулган. Кыргыздар Борбордук Азиянын мейкиндиктерин өзүлөрүнө багындыра алган мезгил академик В. В. Бартольд тарабынан адилеттүү түрдө «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп аталган. Күч-кубат жетип турган мезгилде Енисей кыргыздары Теңир-Тоого чейин да жетишкен. Алар мында да өзүлөрүнүн үстөмдүгүнүн издерин калтырышкан. Кыргыздардын айрымдары ошондо калып калышы да толук ыктымал. Байыркы талаа салтына ылайык Каңгайды ээлеген эл бардык көчмөн элдердин формалдуу ээси катары эсептелген. Мындай дөөлөттөрдү өз заманында хунндар, жуан-жуандар (аварлар), түрктөр, кыпчактар (сеяньто), уйгурлар, кийинчерээк монголдор түзүшкөн.

Енисей кыргыздарынын саны бул заманда өтө көбөйгөн. Алардын 840-ж. Уйгур кагандыгына каршы чабуулга келген 100 миң жоокеринин саны менен эле эсептегенде, кыргыздардын саны 300 миңден 500 миңге жеткендиги анык. Анткени байыркы түрк тайпаларында ар качан 3–5 адамдан бир аскер чыгаруу салттары болгон. Демек, бул убакытта, Борбордук Азиянын байыркы тайпаларынын ичинде кыргыздар саны жагынан уйгурлардан кийинки экинчи орунда турган чоң тайпалардын бири болгон. Енисей Кыргыз кагандыгы мурдагы Уйгур кагандыгынын ордун ээлеп, күч-кубаты арткандыгы алардын өзүлөрүнүн коомдук тарыхында эле эмес, ошол жерде жашаган башка тайпалардын коомдук өнүгүү мезгилине да зор таасирин тийгизген.

*Биринчиден*, Уйгур кагандыгынын ичиндеги жылдан-жылга уланып келген согуштар, көп убакытка чейин токтогон. Мындай тынчтык жагдай кыргыз дөөлөтүнүн өнүгүүсү үчүн да пайдалуу шарт түзөт.

*Экинчиден*, Улуу Кыргыз дөөлөтү Таң империясынын түндүк жана батыш тараптарын коргоп турган бекем коргон болуп калды. Жергиликтүү уруулар дайыма тополоң чыгарып турган уйгурлардан кутулду.

*Үчүнчүдөн*, жаңы жагдай кыргыз урууларынын өнүгүпөсүшүнө жакшы шарт түздү. Бир канча майда тайпалар кыргыз тайпасынын ичине сиңип кирди. Мисалы, Жуңгар ойдуңунда жашаган түрк урууларынын ичинен сарттардын бир бөлүгү кыргыздарга сиңип, *сарт* уруусун түздү. Ошондой эле монголдордун түпкү ата-бабаларынын келип чыгышы менен байланыштуу болгон *татар*, *маңгыт* жана *ногой* уруулары кыргыздын «кырк уруусунун» бири болуп калган. Бу заманда кыргыздардын ичине сиңип кеткен башка уруу тайпалары өтө көп. Жалпысынан айтканда, Енисей Кыргыз кагандыгынын бул күч алган доору азыркы кыргыз улутунун улут болуп калыптануусу үчүн терең негиз салган феодалдык мезгил эле. Кыргыз кагандыгы Уйгур кагандыгын талкалаган соң, өзүнүн саясий түзүлүшүн иреттеп, бир системалуу бийлик аппаратын түзгөн.

Улуу Кыргыз дөөлөтүн *каган* башкарган. Каган орто кылымдарда көпчүлүк түрк элдериндеги мамлекет башчысына берилүүчү наам (титул) эле. Мамлекеттин саясий аткаруучулук жана аскер уруктарынын бардыгы кагандын колунда болгон. Кагандын орду уулуна (тегин, ханзаада), же уулу болбосо, аялына, же инилерине мураска калуучу. Тактап айтканда кыргыздардын салт-санаасы, мураскордук (династия) ырааты башка түрк элдериникине окшош болгон.

Кагандан кийинки экинчи орундагы мансап – *буйрук* (кеңешчи) деп аталган. Ал киши кагандыктын акимчилик жумуштарын башкаруучу. Буйруктан кийинки орундагы мансаптар *бойла* андан кийин *йарган* деген наамдар менен аталган. Бойла – өкүм бекитүүчү, йарган болсо – өкүмдү аткаруучу ман-



Кыргыздын оор жана жеңил куралданган жоокерлери.

саптар. Булардан башка кагандарга жардамдашып, аскер, укук маселесин кармаган *сангун* (жанжун) деген мансап болгон. Ошентип каган, тегин (ханзаадалар), инал (хандын жээндери), буйрук, бойла, йарган, сангундар кагандыктын негизги ордо мүчөлөрү болуп эсептелген.

Кагандыктын жергиликтүү мансаптагы башкаруучулары *тутук*, *таркан*, *бий* (бек) жана *тутун* дегендерден турган. Тутуктар райондорду же чоң тайпаларды башкарууга жиберилген саясий бийлөөчүлөр болуп эсептелинген. Алар негизинен ханзаадалар же кагандын туугандарынан болгон. Таркан деген мансаптагылар тутуктарга окшош, кагандын райондорго жана тайпаларга жиберген аскер башчылары эле. Таркандар менен тутуктар өздөрү башкарган райондор үчүн бардык маселелер (салык, аскер ж. б.) боюнча кагандын алдында жооп берген.

Алардан кийинки башкаруучу тепкичте бийлер (бектер) жана бийлердин кол астында түтүндөр турган. Бийлер чоң урууларды же бир нече майда урууларды башкарган. Түтүндөр болсо майда урууларды, ондогон же жүз үй-бүлөнүн башчысы болгон.

Улуу Кыргыз кагандыгында күчтүү мамлекеттик тартип орнотулган. Кагандын сөзүнө турбай эки сүйлөшү өлүмгө тете уят иш катары эсептелген. Мамлекеттин башында турган кагандын буйругуна кайдигер мамиле жасаган чиновниктер, каганга туура эмес, татыксыз кеңеш берген кеңешчилер, коомдук тартипти бузуп, жөнү жок чуу чыгарган адамдар өлүм жазасын алган. Кыргыз коомунда уурулук өтө жексур көрүнүш катары каралган. Эгерде баласы уурулук кылса анын башын кесип атасынын моюнуна илип коюшкан. Ал ууру баласынын башын бул дүйнөдөн көзү өткүчө мойнуна илип жүрүүгө милдеттүү болгон. Натыйжада Улуу Кыргыз кагандыгында уурулук өтө сейрек учураган.

Ошол мезгилдерде кыргыздар түрк элдеринин ичинен сабаттуулары болгон, өз жазуусун кеңири колдонгон. X к. Түндүк Кытайда бир топ кыргыз жаштары билим алышкан. Алардын көпчүлүгү жогорку билимдүү болууга жетишип, чет жердик хан сарайына кызматка чакырылышкан. Алсак, Тибеттеги будда дини жөнүндө кытайлык китеп жазуучу анда «Кыргыз өлкөсүнүн чакан элик үйүнөн» чыккан бир адам иштеген деп белгилеген.

Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн өкүм сүрүүсү 80 жылга созулган. X к. биринчи чейрегинде кыргыздардын негизги массасы талааларды калтырып, Саян кырка тоолоруна кайтышкан. Бул душмандын катуу аскердик кысым көрсөтүүсүнүн натыйжасында болгон эмес. Узакка созулган кан төгүлгөн согуштарда ансыз деле аз сандагы кыргыз эли катуу жабыр тартышкан, анткени алар кеңири мейкиндиктерге таркатылып жиберилген. Бир бөлүгү Теңир-Тоого, бир бөлүгү Тибет жакка оогон, дагы бир бөлүгү өзүлөрүнүн эски ата журту – Енисейге кайтып кетишкен. Андан сырткары Енисейде дыйканчылык менен күн көрүшкөн элдин бир бөлүгү Борбордук Азиянын кургакчыл бөксө тоолоруна көнө алышкан эмес. X к. кыргыздар Алтай менен Жунгариянын Чыгыш Түркстандын оазистерине көзөмөлдүк кылуу үчүн плацдарм катары кармап турушкан.

X к. биринчи чейрегинде 80 жыл жашаган Улуу Кыргыз кагандыгы тараган. Бул мезгилдин Кыргызстан тарыхындагы орду өтө маанилүү. Улуу Кыргыз кагандыгынын доору чындыгында эле кыргыздардын көкөлөп өсүүсүнүн мезгили, россиялык окумуштуулардын бири мүнөздөп жазгандай, «алардын тарыхынын жылдыздуу сааты» болгон. Кыргыздар, алардын күч-кубаты жөнүндөгү атак-даңк кабары Борбордук Азиянын чегинен тышкары жактарга да угулган. Ошол доордо «кыргыз» деген ат даңктуу, кайратман урууга таандык болууну билдирип, ошого жараша, «кыргыз» этноними полиэтнонимге айланган. Кыргыз деген ат ардактуу болуп, ушул ат менен Борбордук Азиялык башка элдер да өздөрүн атай башташкан.

Улуу кагандыктан баш тартуу менен, кыргыздардын бир бөлүгү мурдагы Енисейдеги жерине кайтып келишсе, экинчи бөлүгү Ала-Тоо аймагынан орун-очок алып, ал жерде эзелтен эле туруктуу жашаган өз боордоштору менен аралашып кетишкен.

Улуу Кыргыз кагандыгынын мезгилинен кийин, ал учурдагы эң драмалуу саясий окуялардын чордону Саян-Алтайдан азыркы Кыргызстандын аймагына көчкөн.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Улуу Кыргыз дөөлөтү качан түзүлгөн? Анын мааниси жөнүндө айтып бергиле.
2. Кыргыздар Уйгур кагандыгын качан талкалаган?
3. Алп Сол деген ким болгон?
4. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн чектерин картадан көрсөткүлө.
5. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн саясий-коомдук түзүлүшү.
6. Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн тарашынын себептери кайсылар?

## §§ 11–12. ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ

**Чарбасы жана кесиби**

Кыргыз мамлекетинин калкы комплекстүү чарба жүргүзүшкөн. Малчылык, дыйканчылык, тоо-кен иштетүү, балык уулоо, аңчылык өнүккөн. Буудай, таруу, арпанын эки түрүн (сортун), кара куурай айдашкан. Эгинди арыктардын жардамы менен сугарышкан. Унду жаргылчак менен тартышкан. Айыл-айыл болуп жашашкан. Үйлөрү сегиз кырдуу жыгачтан тургузулган же жарым жер төлөлөр болгон. Короо-жайлары дубал менен курчалган. Мал чарбачылыгы бадачылык жана көчмөн түрүндө өнүккөн. Жылкыларды, төөлөрдү, уйларды, койлорду багышкан. Байларында алар миндеп саналган. Малдын бир бөлүгүн колго багыш үчүн чөптү көп даярдашкандыгын ал жерлерден көп табылган ийри чалгылар далилдейт. Тоо-токойлуу жердегилер бугу, элик, кара куйруктуу текелерди өстүрүшкөн. Териси баалуу айбанаттарга аң уулашкан, балык кармашкан. Канаттуулардан жапайы өрдөк, каз көп болгон. Кыргыздардын жашаган жеринде кызыл карагай, кайың, илем, тал өскөн. Карагайлар ушунчалык бийик болгондуктан, жаадан атылган жебе чокусуна жетпей калчу. Кайыңдын көп өскөндүгү тарыхый булактарда көп эскерилет.

Кыргыздардын адистештирилген бөлүгү кен издөө менен алектенишип, темир, жез, алтын, күмүш, калай, мышьяк өндүрүшкөн. Темир усталар зергерлер жогорку сапаттагы ар кандай буюмдарды жасашкан. Кыргыз усталары өзгөчө курал жасоо боюнча даңктанышкан.

Енисейлик кыргыздар Борбордук Азияны басып өткөн Улуу Жибек жолу аркылуу соода жүргүзүп турушкан. Бул улуу трассанын бир бутагы Кыргыз мамлекетин басып өткөн, т. а. Турпан оазисинен башталып, түндүккө – Тувага кеткен жол Енисейдин агымын бойлоп жүрүп отуруп, ажонун хан тактысына чейин жеткен. Бул **Кыргыз жолу** деп аталган. Көпөстөр бул жактан жылкы, аң тери, мускус (жыпар), мамонттун казылып алынган сөөктөрүн, жыгачтын баалуу сортторун, кан темирден (метеорит тектүү темир) жасалган өзгөчө бекем жана курч курал-жарактарды (кылычтарды, канжарларды), күмүш идиштерди сатып алышкан. Бул өлкөдө жасалган темир куралдар өзгөчө бааланчу. Тыйын чычкандын териси соода жүргүзүүдө акча бирдигине барабар ролду ойногон (ошол убактан бери бизде «тыйын» деген сөз акча бирдигин түшүндүрүп келе жатат). Кытай, Чыгыш Түркстандан жана Согду, Чүй өрөөнүнөн кербендер Енисейге кездемелерди, жүзүм шарабын, асем буюмдарын алып келип турушкан.

Кыргыздарда Саян, Кузнец тоо тектеринен жана ал турсун Миң-Өзөн талааларынан темир казып алуу негизги маселе деп



эсептелген. Ошондой эле темир кендерин Енисейдин жээктеринен жана анын куймалары Абакан менен Тубанын бойлорундагы кызыл карагайлуу токойлор каптаган кумдуу дөбөлөрдө эритип алышкан. Дал ушул аймактардан көөрүк очокторунун орду көп учурайт (жергиликтүү эл бул жерлерди азыр да «Кыргыз узанган жер» деп аташат). Эритмелердин калдыктарын талдап көргөндө, кыргыздар кендерди жүз чакырымдан кем эмес аралыктан ташып келгендиги аныкталды. Кыргыздар темирден көбүнчө жаанын жебесин жасаган, аларды уч жагынан кыр чыгарып, канат кейиптентип, жалпайтып курч кылып, массалык түрдө даярдашкан жана аны менен Түштүк Сибирдин элин жабдып турган, т. а. саткан. Андан нары кош миздүү курч канжар чаап, айбалта, найза, жебенин учун, чарайна жана ар түрдүү ат жабдыктарын жасашкан. Кыргыздардын темир усталары айыл чарбасы менен үй-тиричилик муктаждарын камсыз кылып турушкан. Алар соконун тишин, буурсун, орок, кетмен, балта, ошондой эле жыгач, темир, түстүү металлдарды иштетүүдө зарыл болгон ар түрдүү майда-барат шаймандарды жасашкан.

Окумуштуулар Енисей кыргыздары менен замандаш болгон көк түрктөр жана башка түрк тайпалары метеорит тектүү өтө катуу металлдарды эритүүнү жана андан түрдүү курал-шаймандарды жасоону так ошол кыргыздардан үйрөнгөндүгүн белгилешкен.

Темир ийлеген усталар менен бирге чебер колдуу зергерлер болгон. Алар колодон, күмүштөн жана алтындан аялдардын асеми артык жасалгаларын, буюмдарды, ошондой эле орнаменттик оймо-чиймелерди, жандыктардын турпаты чөгөрүлгөн идиштерди, кемер курларды, ат жабдыктарын, тогоолорду жасашкан.

Карапачылык кыргыздарда бийик деңгээлге жеткен. «*Кыргыз вазасы*» деген ат менен белгилүү болгон бир топ идиш аяктар жасалып, башка элдерге таралган. Кыргыздар патриархалдык чоң үй-бүлөлөр болуп жашашкан. Көп аял алуу адаттагы көрүнүш болгон. Колукту үчүн мал менен калың төлөшкөн. Кийимдери ар кандай кездемелерден, ошондой эле аң терилеринен тигилчү. Дөөлөттүүлөр кырлары жогору ийилген шоңшогой, саймаланган ак калпактарды, чепкендерди кийишкен.

Кыргыздардын өлүк коюу ырым-жырымы жөнүндө Н. Я. Бичурин: «Өлүк көмүү учурунда беттерин тытышпайт, тек маркумдун денесин үч катар кылып оройт да, аза күтүп ыйлашат, андан соң табытты өрттөшүп, сөөктөрүн чогултуп бир жылдан кийин жерге көмүшөт», – деп жазган. Ак сөөктөрдүн мүрзөсүн айланта таш менен көтөрүшүп, бийик кылып топурак менен үйүшкөн. Бул «чаа-тас» – «жоокер таш» деп аталган.

---

Чаатас мезгили –VII–VIII кылымдарга тиешелүү, енисейлик кыргыздардан калган археологиялык маданиятты камтыган доор. Бул маданиятка таандык эстеликтерден «чаатас» эстеликтери жакшы

изилденген. Чаатас дөбө мүрзөлөрү чоң жалпак таштар менен жабылып, тигинен жерге орнотулган чоң-чоң таш мамылар менен курчалган. Таш мамылар чаатас (жоокер таш) делип аталган. Ошол мезгилде кыргыздар отко сыйынышып, өлгөндөрдү өрттөшкөн жана анын күлүн карапа идишке же атайын жасалган баштыкка салып мүрзөнүн казанагына коюшкан. Белгилүү адамдардын мүрзөлөрүнүн диаметри 5–40 метрлик, бийиктиги 5–7 метрлик дөбөгө айланган. Мүрзөгө асем буюмдар, ат жабдыктары, курал-жарактар, алтындан, күмүштөн жасалган идиштер ж. б. кошо коюлган. Енисейдин аймагынан чаатас мезгилине таандык аскага, ташка чегилген сүрөттөр, жазуулар, карапа идиштер көп табылган. Табылгалар ошол доордогу кыргыздардын маданиятынын жогорку деңгээлде өнүккөнүнөн кабар берет.

Кыргыздар бутпарас динине сыйынышкан. Башка түрк элдериндей эле жубайлар – Теңир ата менен Умай эне башкы кудайлар болуп эсептелген. Перс тарыхчысы Гардизи кыргыздардын туткан динин өзгөчө ачык сыпаттайт:

> «Кыргыздар индустар сыяктуу өлүктөрдү өрттөшүп, от – эң таза нерсе, отко түшкөндөрдүн баары тазаланат деп эсептешет. Өлүктү да от булганычтан жана күнөөдөн тазалайт деп айтышат. Кээ бир кыргыздар – уйга, шамалга, сагызганга, кирпиге ... сыйынышат. Алардын арасында фагинундар (шамандар) болгон. Алар ар жылы белгилүү бир күнү бардык музыканттарды ала келишет да, көңүлдүү той үчүн баарын даярдашат. Музыканттар ойной баштаганда фагинун эстен танат. Ушул учурда андан (шамандан) бул жылы эмне болот деп сурашат. Ал баарын алдыначала айтат жана көпчүлүк учурда анын айткандары туура келет».



Кыргыз улугунун «чаа-тас» менен курчалган мүрзөсү. *Хакасия.*

**Жазуусу**

Алтай тоосунун Түндүк чыгыш жагын жана Енисей дарыясынын жогорку агымын бекемдеп, мамлекет курган кыргыздар V к. өздөрүнүн **жазуусун** жаратат. Америкалык изилдөөчү Каннен Катиснер «Дүйнө тилдери» деген чыгармасында: «Азыр биздин билгендерибизге негизделгенде, эң байыркы түрк эли – кыргыздар. Алардын жазуу эстеликтери мындан 2000 жыл мурда эле бар болчу», – деп жазган.

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянсак, Енисей кыргыздары эң бери дегенде эле б. з. V к. баштап байыркы Фарсиянын (Арсакит империясынын) арамей жазуусуна негизделген бир



түрдүү жазууну колдонгон. Бул жазуу жаңы эрадан илгерки замандарда, т. а. мындан 2800-ж. мурда келип чыккан, жаңы эранын башталышында Кичи Азия, Месопотамия, Египет (Мисир), Борбордук Азия өңдүү чөлкөмдөргө тараган. Еврейлердин, арабдардын азыркы тамгалары деле – арамей жазуусунун ушул тилдерге ылайыкталган түрү. Бул жазуу жаңы эранын V к. Енисей кыргыздарына да тараган. Енисей жазууларында 39 тамга болгон (анын бешөө үндүү). Кийин кыргыздардан Көк Түрк кагандыгына, алардан кийин уйгурларга, басмылдарга таратылган. Ошентип алымча-кошумчаланып, өзүнө ылайыкталган, байыркы кыргыз жазуусу ***Енисей жазуусу*** деп аталган. Орхон-Енисей жазуусу, таш жазуу эстеликтери табылгандан кийин (1889–1961-жж.) илимде кеңири белгилүү болду. Таластан табылган он төрт таш жазуу, аларга окшош Енисей, Орхон таш жазуулары Түрк кагандыктарынын доорундагы окуяларды чагылдырат. Ошондуктан алар байыркы түрк жазуусу деп да аталат. Кээ бир окумуштуулар (Ф. Страленберг, Д. Мессершмидт) байыркы кыргыз жазуусунун байыркы Түндүк Европада колдонулган руна жазуусу менен окшоштугуна карап аны, руна сымал жазуу деп аташкан.

**Орхон-Енисей жазуулары**

VII–XII кк. Монголияда, Түштүк Сибирь, Орто Азия аймактарында балбалдарга, тиричилик буюмдарына түрк элдеринин тилинде жазылган жазуу эстеликтери Орхон жана Енисей жазуулары деп аталат. Мындай жазуу эстеликтери Тувадан, Тоолуу Алтайдан, Якутиянын түндүгүнөн жана Кыргызстандын Талас, Кочкор өрөөндөрүнөн табылган. Таластагы жазуулар Енисейдеги жазуу эстеликтерине тектеш. Жазууларды 1893-ж. даниялык профессор В. Томсон чечмелеген, биринчи жолу 1894-ж. орус түркологу, академик В. В. Радлов окуган. Бул жазууну Енисейдеги Кыргыз мамлекети, Чыгыш Түрк кагандыгы, Уйгур кагандыгы, Жети-Суу, Чыгыш Түркстандагы бир катар түрк өлкөлөрүнүн калктары колдонушкан.

Б. з. 1-миң жылдыгындагы түрк коомундагы этностук, социалдык, чарбалык жана маданий өзгөрүүлөр жөнүндө кенен айтылган 14 анча чоң эмес эпитафиялык (мүрзө башына коюлган) таштарда чегилген руна жазуулары Талас өрөөнүндө табылган. Алар түргөш кагандары Чабышчор Сулук жана анын балдарынын башкаруу мезгилине туура келет (716–740-жж.).

XIX к. этегинде орустун илимпоздору Монголияга саякаттап, түркология илимине жаңы ачылыштарды жасаган. 1889-ж. Кошо-Цайдам өрөөнүндөгү Орхон дарыясынын боюнан (Улан-Батордон 400 чакырым батыш багытта) сибирдик археолог жана жер таанычы Н. М. Ядринцев бетине байыркы түрк жазуусу чегилген эки чоң таш тапкан. Ошол эстеликтердин бири ба-

йыркы түрк каганы Билгеге (716–734-жж. башкарган), экинчиси мурда өлгөн анын агасы Күлтегинге коюлган экен.

Илимий чөйрөдө бул чоң ачылыштын кызыгы таркай электе Е. Н. Клеменц Улан-Батордон 36 чакырым түштүк-чыгыш тараптан ошондой эле таш табат. Анын бетинде түрк колбашчысы Тон-йокуктун жазуусу болгон. Билге каган, Күлтегин жана Тон-йокуктун Орхондогу жазуу эстеликтери маани жагынан дүйнөлүк түркологиянын алтын кенчине кирди.



Эпитафиялар. *Енисей.*

Бул таш жазууларда VII к. аягы менен VIII к. башындагы окуялар айтылган. Ал кезде 630-ж. кытайлар багынтып алган мамлекетин кайра кураштыруу үчүн байыркы түрктөр жан аябай күрөш жүргүзүп жаткан. Борбордук Азиянын бийлиги үчүн түрктөр кыргыздар менен салгылашышкан. Мына ушунда Күлтегиндин арбагына багышталган таш жазууда кыргыз каганынын аты аталат. Мааниси бул:

«...өзү Барсбек эле. Каган атка кондурган биз элек. Зайыптыгына менин карындашым Баянды бердим эле. Бирок ал биздин тилди албай, безери болду. Ошон үчүн каганды өлтүрдүк, элин кул менен күң кылдык».

Андан ары Күлтегиндин таш жазуусунан Барсбектин өлгөн жайы тууралуу кабар окуйбуз:

«...биз кыргыз элин уктап жаткан маалында талкаладык. Каганы менен Сунга чер токоюнда кармаштык... Кыргыздардын каганын биз өлтүрдүк, элин багынттык».

Бул кабардын чындыгы күмөн санатпайт. Ушундай эле кабар азыраак өзгөргөн, бирок мааниси жоголбогон түрүндө Билге менен Тон-йокуктун таш жазууларында да айтылат. Аларда 710–711-жж. кышында Саяндын ак кар, көк муз ашуусун ашып, кыргыздарга болгон жортуул азабы баяндалат.

Ошентип, Орхон жазуулары боюнча, байыркы түрк төбөлдөрү каардуу, ырайымсыз кыргыз каганынын образын түзгөн. Карындашын берип отурса да, өз билгенин кылганын кара деп жектеген. Ошол үчүн Барсбек каган өлүм жазасына кетип, эли кулчулукка кабылган. Барсбек тууралуу кас душмандары ушинтип жазган.

XIX кылымдын экинчи жарымында сибирдик дыйкан Алтын-Көлдүн жээгинен (Минусинск – Миң-Өзөн ойдунунан) түшүнүксүз тамгалар чегилген эки жалпак таш табат. Табиятынан баамчыл Е. Ф. Корчаков бу табылга тууралуу окумуштуу жана Минусинск шаарынын көрүнүктүү коомдук ишмери Н. М. Мартьяновго кабарлайт. Ал киши Сибирде музей ачып, ага экспонаттарды жыйнай баштаган. Ушу күндө эки таш жазмалар Минусинскиде Н. М. Мартьянов 1877-ж. ачкан музейде сакталуу. Таш бетиндеги жазуулар да Орхон-Енисей руна сымал тамгалары менен жазылганы такталган.

Кийин Алтын-Көлдүн таш жазууларына жана Енисейден табылган башка таш жазууларга орустун окумуштуулары академик В. В. Радлов, профессор С. Е. Малов жана Түркия окумуштуусу Х. Н. Орхун кызыгып, көңүл бурган. Алтын-Көлдүн жазуулары басмага чыккан жана башка тилдерге которулган. Ленинграддык белгилүү түрколог С. Г. Кляшторный 1977-ж. Миң-Өзөнгө барып, эки жазууну тең түп нускасында окуйт. Көрсө, эки таш жазуу тең айрыкча кыргыз тарыхынын эң көйгөйлүү учуруна тиешелүү болуп чыкты. Ошентип жазуулардын жаңы которулушу мындай чечмеленет:

(1) «Он ай боюна көтөргөн эле мени энем! Элиме мени тууп берген эле энем. Жериме мен эрдигим менен бек болдум. (2) Сансыз жоо менен салгылаштым, эми элимди кайгыга салып кете бердим. Атаганат! (3) Агайындарыма тоо көтөргүс белек берчү элеңер. (4) Жер бетиндеги ишиме, эрдигиме мен Барс көзүм тойбоду. (5) Атасыз баатыр элеңер! Ажал өзүң жок болгун тукумуң менен! О, Барс, бизди таштап кеттиңби? Атаганат! (6) Биз Умай-бектербиз – урuубуздун эр жүрөктөрүбүз – биздин ата-салтыбыз ушул! Атаганат! Алты эрди кошо ала жатпадың! Тулпарыңды жаныңа сойдура жатпадың! О, кымбатым! О, кенчим. Бизди таштап кетпесенчи! ... Сен барда кубанычыбыз эле. (7) О, Сунганын алтын чер токоюнун илбээсини, көбөйө бер! Укум-тукумуңду көбөйтө бер! Менин Барсым атын да, букасын да албастан өтүп кетти бу дүйнөдөн! Атаганат! (9) Менин жоокердик эрдигиме, агаларымдын жана инилеримдин аброюна арналып мага ушул түбөлүктүү эстелик коюлду».

Окумуштуу бул жазуу VIII к. жазылган деп белгилеген. Сунга чер токою менен Барс деген эки маалымат кыргыз каганы Барсбек тууралуу экенин окумуштуу С. Г. Кляшторный чечмелеген. Кыргыз тарыхы үчүн бул эпитафиянын баасы чоң. Енисей кыргыздарынын VII–VIII кк. Борбордук Азияга, Теңир-Тоого, Кытайга, Тибетке, Жети-Суугa даңкы чыккан ири инсан тууралуу аз болсо да биографиялык кабар берет.

Экинчи таш жазуу кыргыз каганынын жанжөкөрү, элчи Эрен-Улугга коюлган. Ал Тибетте өлгөн, же өлтүрүлгөн. Ал жазуудагы кызыгы экинчиси:

«(2) мен элимден төрт жолу четке чыгып, төрт жолу кайра келдим. Ошол эрдигиме Ынанчы Алп аябай сыйлады».

Кагандын такталган аты Очурдан табылган Енисей эстелигинде толук эскертилип: «Эл башчысы Ынанчы Алп Билге» делинет.

**Таластагы жазуу эстеликтери**

Таластагы жазуу эстеликтери 1896-ж. ачылып изилдене баштаган.

Археологияны жактоочулардын түркстандык ийриминин мүчөсү Олуя-Ата (орто кылымда Тараз, совет доорунда Жамбыл) уездинин башчысы В. А. Калаур Айыртамойдон Орхон-Енисей руна сымал жазууларына окшош белгилер түшүрүлгөн ташты тапкан. Бул эпитафияны окумуштуу В. В. Радлов кийинчерээк которуп, анын тарыхый маанисин аныктаган.

1898-ж. Талас өрөөнүнө атайын археологиялык экспедиция жөнөтүлүп, алар да эки эстеликти табышкан. Кийинки табылгалар менен бардыгы 7 таш эстелик, мазмуну жагынан бир системаны түзөт.

Экспедиция Дмитриевский айылынын жанынан да бир нече эпитафияларды ачат. Бул ачылыштарга узак убакытка чейин маани берилбестен, унутулуп келген.

1925-ж. көрүнүктүү окумуштуу М. Е. Массон Талас өрөөнүнө командировкага келип, кайрадан ачылыш жасап, жергиликтүү бийликтерге таш жазуу эстеликтерин сактоо, музей түзүү боюнча сунуштарын айтат. Бирок бул өтүнүч аткарылган эмес. 1976-ж. гана «Манастын күмбөзү» аттуу адабий-этнографиялык музей түзүлөт. Бирок бул убакытка чейин таш жазуу эстеликтери туш тарапка алынып кеткен. Эстеликтер азыр Бишкекте, Таразда, алгачкы эстелик болсо Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик Эрмитажда сакталып турат.

Азыркы мезгилде Талас өрөөнүндө 200дөн ашык байыркы руна сымал жазуу эстеликтери катталган. Аларга эпитафиялар; 1932-ж. Ныдды өзөнүнөн табылган руна сымал жазуу түшүрүлгөн карагай таякча; Терек-Сай, Куру-Бакайыр жана Кулан-Сай аскаларындагы жазуулар; Таластын № 2-мектебинин окуучулары тарабынан табылып, кийин Кыргыз Улуттук илимдер академиясына тартууланган Атлахтагы мөөр-шакектеги жазуу кирет. Байыркы түрк руна сымал жазуусунун келип чыгышы тууралуу бир нече пикирлер бар. Анын ичинен негиздүүсү – бул жазуу согду жазуусунун негизинде келип чыккан деген божомол. Согду алфавитине байыркы түрк тамгаларына окшош бир нече белгилер кошулуп, натыйжада Түрк кагандыгынын мезгилинде, VII к. биринчи жарымында ушул жазуу пайда болсо керек.

Жазуу бардыгы 38 белгиден турган. Алар бири-бири менен уланбай, геометриялык фигураларга окшош жана согду жазуусунан ташка, жыгачка түшүрүүгө ыңгайлуулугу менен айырмаланат.

Таластагы байыркы түрк руна сымал жазуу эстеликтеринин ичинен маанилүүсү (№ 2-эстелик) тарыхый талдоого мүмкүнчүлүк берген 150 белгиден турат. Бирок ал да жакшы сакталбай калган. Калган эпитафиялар кыскараак жана окуганга мүмкүн эмес. Экинчи эстеликтен:



1) Отуг оглан (отуз уул), сакчылары мечин (маймыл) жылынын он алты...
2) Эр атым Кара Чор. Ардактуу аргымагы – Кара йазмаз (б. а. мүдүрүлбөс).
3) Алты уруунун энеси, кийин карындашы Ынал өлдү.
4) Кара Чор, атым – Кула, кара йазмаз.
5) Кара Чор сиздерден, өз уялаштарынан айрылды.
6) Атасынын аты – Тоган, уулунун аты – Кара Чор...


Төртүнчү эстелик:

Аты Чор. (ал) Отуз огландан, дүйнөнүн жыргалынан оолактады. Сиздерге ишенип, эрендер, оглан Чор мурас кылды. Жубайы (катуны) тул калды.

№ 2-эпитафия *«маймыл жылы»* деп так датасы көрсөтүлгөн жалгыз эстелик болуп эсептелет. Ал эми «Чор», «Кара Чор» деген терминдер жогорку княздардын титулун билдирерин жана Түргөш кагандыгынын мезгилине таандык экенин окумуштуулар С. Г. Кляшторный, В. Д. Горячевалар белгилешет.

Енисей кыргыздары өз жазуусуна ээ болгондон кийин мазмуну кенен бир топ жазуу жүзүндөгү адабий мурастарды калтырышкан. Мисалы, Орхон өзөнүнөн табылган мүрзөлөргө коюлган, «Күлтегин таш жазуу эстелиги», «Билге каган таш жазуу эстелиги», «Тон-йокук таш жазма эстелиги», Енисейден табылган «Күлчоро таш жазуу эстелиги», «Барсбекке арналган эстелик» ж. б. Монголиядагы Сужи эстелигинде мындай деп жазылган:

Мен Йаглакар хандарын Уйгур өлкөсүнөн кууп чыктым. Мен кыргыз уулумун. Мен – Бойла Кутлуг-Йарган. Мен – буйрук Кутлуг Бага-таркан оге. Менин атым Чыгыш менен Батышка тарады. Мен бай элем: менин ондогон айылым, менин жылкыларыма сан жеткис эле. Менин жети иним, үч уулум, үч кызым бар болчу. Өз уулдарымды үйлөнтүп, кыздарымды калынсыз күйөөгө бердим. Өз насаатчыма (дин боюнча) мен жүз тору ат бердим. Мен уул кыздарымдын балдарын көрдүм. Эми мен өлдүм, мен (алардан) кеттим! Менин уулдарым! Адамдар арасында менин насаатчымдай болгула!



Сужи эстелигиндеги жазуу.


Ханга кызмат өтөгүлө! Эр болгула!

Менин уулум капысынан кетти. Мен аны (өлүмдүн алдында) көрбөй калдым. Менин уулум, менин арстаным!

Енисей жазуулары негизинен ондон солду карай жазылган жана окулган. Орхон-Енисей жазуусунун ариптери моло ташка, аскага, кышка, жыгачка ж. б. катуу нерселерге түшүрүлгөнгө ылайыктуу болгон. Ташка жазылган Орхон, Енисей эстеликтери түрк урууларынын кайсы тилинде жазылгандыгы жөнүндөгү маселе талаш-тартыш бойдон калууда. Эстеликтердин арасында түрк кагандыгына, кыргыздарга, уйгурларга, кымактарга арналган көлөмдөрү ар түрдүү жазуулар бар. Енисей, Талас, Кочкор тараптагылардын жазуусу кыска, кошок сыяктуу, чегилген жылдары белгисиз. Орхондукунда кыйла окуялар камтылган кеңири дастандар бар. Мисалы, Күлтегиндин эстелигинде ал жөнүндө кыскача поэма чегилген. Ушундай жазуу эстеликтерди жасоо (тургузуу) өлгөндөрдүн туугандары, балдары, кагандык тарабынан ишке ашырылган.

Кыргыздар орто кылымдардагы түрк элдеринин ичинен күч кубаттууларынан болгон. Ал жөнүндө Енисейдеги 120дан ашык ташка чегилген жазуу эстеликтери баяндайт. Ал эми андай жазуулардын канчасы бизге жетпей калган.

Кыргыздардын жазуусу V–XII кк. колдонулган. Ислам дининин жана маданиятынын тарашы менен байыркы түрк жазуусун араб жазуусу сүрүп чыгарган. Бул жазуу XIII к. кийин пайдаланылбай калган. Орхон-Енисейдин жазуусунун элементтери кыргыз урууларынын тамга белгилери катары XX к. чейин сакталган.




Кыргыз урууларынын тамгалары. XIX к.



Тамгалар кыргыздарда гербдин милдетин аткарган. Алар уруулардын желектерине түшүрүлгөн, отко ысытылган темир менен малга (көбүнчө жылкыга) басылган, уруулардын чек араларын, жайыттарын белгилөө үчүн аска таштарга чегилген. Тамгалардын ар бирине өзүнчө маани берген аталыштары болгон. Мисалы, солто уруусунуку ай тамга Ͻ деп аталган. Сары багыштардыкы жаа тамга Э, саяктардыкы туура тамга же керки тамга /1, кара багыштардыкы босого тамга П, Бугулардыкы жагалмай тамга ϰ, Саруулардыкы алакчын тамга У/Т д. у. с. аталган. Уруудагы уруктар бири-биринен өзгөчөлөнүш үчүн өзүнүн уруусунун негизги тамгасын ар түрдүү көрүнүштө (формада) же бир аз өзгөртүү менен пайдаланышкан.

**Енисей кыргыздарынын салт-санаасы**

Енисей кыргыздары бир жылда бир канча майрам өткөргөн. Алардын ичинен: Жаз майрамы, Күз майрамы жана Нооруз майрамы өзгөчө мааниге ээ болгон.

Ноорузга каган баштаган уруу башчылары катышкан. Алар бир жерге чогулуп, теңирге, арбактарга сыйынып, ар кандай ырым-жырымдарды кылып, курмандыкка жылкыларды, койлорду, өгүздөрдү чалышчу. Мындан башка «обо» (мазарларга) жана ата-бабаларынын мүрзөлөрүнө барышып, аларга коюлган жыгачтарга ак, сары, көк чүпүрөк байлашкан. Башка түстөгү чүпүрөктөргө уруксат берилбеген. Кыргыздардын мазарларга чүпүрөк байлоо салты ошол мезгилден калса керек.

Енисей кыргыздарынын байыртадан калган салты жана ажонун түзгөн тизмеси боюнча жогоруда айтылган майрамдарда ар бир уруунун жана тайпалардын аксакалдары жыйналып, аларга караштуу элдин абалы, адам жана малдын саны, түшүмдүн көбөйгөндүгү, азайгандыгы жөнүндө каганга эсеп өткөрүшчү. Андан кийин ар кандай оюндар көрсөтүлүп, майрам үч күн, үч түнгө созулчу экен.

Кыргыздардын салты боюнча Нооруз майрамы шаңдуу жана салтанаттуу өткөрүлгөн. «Нооруз» деген сөз байыркы иран тилинде «жаңы жыл» дегенди түшүндүрөт. Бул майрам Шамси жыл эсеби (күн календары) боюнча ар жылы 3-айдын 21-күнү өткөзүлчү. Ал эми бул майрам кыргыздардын салты боюнча асмандагы Токту жылдыз көрүнгөн күндүн экинчи күнү (айдын 22-күнү) белгиленчү. Анткени бул күн – байыркы Енисей кыргыздарынын жыл эсеби боюнча 1-ай деп эсептелген бештин айынын (жаңы айдын) 1-күнүнө туура келет. Нооруз майрамында ар түрдүү оюндарды көрсөтүшкөн. Эл Теңирге сыйынып, ар түрдүү ырым-жырымдарды жасап, жаңы жылдан жакшылык тилешчү. Ошол кезде эле кыргыздар «көжө» деген тамак жасашкан. Аны даярдоонун эрежелерин эл ушул күнгө чейин сактап келди.

Байыркы Кытай жазуу булактары («Таң империясынын жаңы жылнаамасы», «Кыргыздар шежиреси») Енисей кыргыздары түрк тилинде сүйлөшкөн тайпалардын ичинен эң алды болуп турук-туу календарга ээ болгондугун билдирет. Кыргыздар жылдын башын баш ай деп атаган жана үч айды бир мезгил деп эсептеп, ар бир мезгилди жаз, жай, күз, кыш деген наамдар менен аташкан. Ар бир жыл 12 жаныбардын биринин аты менен аталган.

Жылдын башы: куску (чычкан), андан кийинки жылдарга уй, барс (жолборс), ташкан (коён), элү (ажыдаар), жылан, конт (жылкы), кой, бичин (мечин, маймыл), тагынку (тоок), ит, лагзын (доңуз) деп ат коюп, кишилердин жашын кайсы жылда туулганы боюнча эсептешкен. Кыргыздар колдонуп келген айдын аттарынын көбү айбанаттардын аттары экендиги жана алардын төлдөө мезгилине туш келгени байкалат.

Кыргыздар узак жылдар бою турмуштук тажрыйбаларына таянып отуруп, 12 жылды айбанаттардын аттары менен белгилеп чыгышкан. Күндүн, айдын курулушу жана айдын жаңыдан туулушуна карап мезгилди билишкен. Алар доңуз жылы токчулук, жылан, жылкы жылдары каатчылык болорун белгилешкен.

Байыркы кытай жазуу булактарына караганда Енисей кыргыздары башка түрк тайпалары сыяктуу эле орток түрк тили менен сүйлөшкөн элдердин ичинен көркөм өнөргө өтө бай эл болгон. Алардын сыбызгы, зыңгырама, бандулу, доолбас, шыңгыроо деген музыкалык аспаптары болгон. Мындан башка алардын элдик музыкасы, комузу коомдук турмушунда чоң мааниге ээ болгон. Енисей кыргыздарынын байыркы комузу карагайдан жасалган, ичке саптуу, сүйрү баштуу, кайкы моюндуу, үч кылдуу болуп, сабына мончок тагышкан.

III–VI кк. кыргыздардын саясий тарыхында көз каранды эместик үчүн күрөшү туруктуу болгон. Кыргыз кагандыгы Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн көбүнөн элдин саны, аскеринин күчү, байлыгы, уюшулушу жагынан артта болгон. Ошол себептен 554–555-жж. аларды Түрк кагандыгын уюштурган Бумын өлгөндөн кийин, анын ордун баскан иниси Мухан каганга баш ийишкен. Енисей кыргыздары чет элдик эзүүдөн кутулуш үчүн күч топтойт, бирок аракет ийгиликсиз аяктаган. Кыргыздар салык катары өздөрү жасаган «албарс миздүү куралдарды» берип турушкан. Мындай жоо-жарактардын наркы, сапаты түрктөргө мурдатан белгилүү болгон, анткени аларды кыргыздар такай түрктөргө соодалап, сатып келишкен. Ошентип Миң-Өзөн ойдуңу Түрк кагандыгы үчүн темир эритип, жоо-жарак жасай турган базарга айланат.

Түрк мамлекети тыйылбаган ички ыйкы-тыйкылардын айынан биримдигинен кете баштайт, акыры 581-ж. биринчи Түрк кагандыгы экиге бөлүнөт (Чыгыш Түрк кагандыгы жана Батыш Түрк кагандыгы). 630-ж. Чыгыш Түрк кагандыгы кулагандан кийин аз убакытка болсо да Енисей Кыргыз кагандыгы эркиндикке ээ болгон. Бул мезгилде кыпчактардын ата-бабалары болгон си (сеянто) уруулары күчөп, алардын каганы Йенчу Билге чыгыш түрктөрдүн жерлерин Алтай, Хинган, Гоби, Керулен жана Енисейди дээрлик ээлеп алган. Көп узабай эле 646-ж. си (сеянто) уйгурлар тарабынан толук талкаланган. Кыргыздар кайрадан ирдене баштайт. Ушул учурдан пайдаланып, кыргыздар Таң империясы менен түздөн-түз алака түзүүнү чечишет. 648-ж. күч-кубаты күчөп турган Кытайга биринчи элчиликти жиберишет. Элчиликтин башчысы болуп барган Шибоцуй Ачжанды император жылуу кабыл алып, арнап той өткөзүп, ага жогорку аскер чинин ыйгарып, Мзян-кун аймагынын генерал-губернатору кылып жарыялайт.

Кыргыздар Кытайдын букаралыгына өткөнү менен иш жүзүндө Таң ордосу кыргыз өлкөсүндө реалдуу бийликке ээ болгон эмес. Кыргыздар андан кийинки жылдардын аралыгында Кытайга бир нече жолу элчилерин жиберип, жылкы айдап барып, аларды ар түрдүү товарларга, негизинен шайы, жибек кездемелерине айырбаштап кетип турушкан. Ошентип, кыргыз башкаруучулары империянын колдоосун көчмөндөрдүн арасында өз абалдарын күчөтүү үчүн пайдаланышкан. Ошол эле учурда аскер күчтөрүн түзүү башталат. Бардык аймак алты округга (баг) бөлүнүп, аларды башкаруу системасы жакшырып, мамлекет социалдык-экономикалык жактан акырындап күч ала баштаган.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Енисей кыргыздарынын чарбасына мүнөздөмө бергиле.
2. Орхон-Енисей жазууларынын мааниси кандай?
3. Енисейдеги жана Таластагы жазуулардын окшоштуктары эмнени түшүндүрөт?
4. Енисей кыргыздарынын салт-санаасы жөнүндө айтып бергиле.
5. Байыркы кыргыздардын элдик календары кандай болгон?

## § 13. КАРАХАНДАР МАМЛЕКЕТИ. КАРА КЫТАЙЛАР ЖАНА НАЙМАНДАР

**Карахандар мамлекети**

X–XII кк. Теңир-Тоодогу Карахандар кагандыгы өзүнүн экономикалык күч-кубатынын жана маданиятынын гүлдөп турган мезгилине жеткен. «Кара» деген сөз кыргыздарда орто кылымдардан тартып улуу, баатыр, чоң, эбегейсиз күчтүү, күжүрмөн, кайратман ж. б. у. с. маанилерди берип келген. Демек, Карахан – Улуу хан, Улуу падыша дегенди билдирет.


Сатук Карахан.

«Карахандар» же «Караханийлер» термини илимий адабиятка XIX к. орус чыгыш үйрөнүүчүлөрү тарабынан киргизилген жана түрк династиясы үчүн жалпы кабыл алынган термин болуп калган. Династиянын кайсы урууларга таандыгы ушул убакка чейин так аныкталган эмес. Мамлекетте жетектөөчү ролду карлук бирикмесине киришкен *чигил* жана *йагма* түрк уруулары ойношкондугу гана маалым. Түрк кагандары ушул уруулардын төбөлдөрүнөн гана чыккан. Орто кылымдардагы тарыхчы Жамал-ад-Каршы династиянын негиздөөчүсү **Сатук-Абд ал-Керим Карахандын** (Сатук Карахан) чоң атасы, карлук каганы Билге Кул Кадыр хан болгондугун жазган. Эгерде бул далилди негиз кылып алган болсок, Карахандар династиясы карлуктардан келип чыккан деп божомолдоого болот. Сатук Карахан өлөр алдында (955-ж. өлгөн) исламды кабыл алат. Анын уулу Муса исламды мамлекеттик дин катары жарыялаган.

Тарыхый маалыматтарга караганда 960-ж. теңир-тоолук 200 миң түтүн түрк тайпалары ислам динин кабылдаган. Ошолордун ичинде Теңир-Тоо, Памир тоолорунун этектеринде, Ысык-Көлдүн жээктеринде, Талас суусунун боюнда жашаган көптөгөн кыргыз уруулары болгон. Махмуд Кашкари Карахандар мамлекетинин негизги калкын **каган түрктөрү** деген эл түзөрүн, алар уйгурлар менен касташып турарын жазган. Белгилүү тарыхчы, профессор З. Эралиев Карахандар мамлекетинде жетектөөчү ролду ойногон чигилдер – кыргыз уруусу болгон деп эсептейт.

«Айкөл Манас» дастанында Элтабар баатырдын жөн жайы жөнүндө:

Түп-теги Барскандык чигилдерден,
Таарынып кырктай түтүн эли менен,

Басыздар тагалары болгондуктан,
Бел тутуп ошолорго көчүп барган.

Эр жүрөк, тик сүйлөгөн ханга, бекке,
Элтабар – эр көкүрөк баатыр эле.

Тайманбас баатырдыгы менен гана,
Теңата жүрөр эле бек, хандарга.

Жортуулга бир аттанып Айкөл менен,
Жазатын жоодон таппай аман келген.



Картайып калган кезде тууган жерге,
Кайрылып эли менен келген эле – деп айтылат.

Мындан ары эпосто карылыгы жеткен Элтабар өлөр алдында түш көрөт. Анда Манас баатыр өзүнүн хан белгиси эсептелген араб ташы чөгөрүлгөн шакегин уулуң Сары багышка берип кой, – деп Элтабарга тапшырган болот. Бул түштү жакшылыкка жоруган Элтабар баатыр уулу Сары багышка керезин айтат:

– Каралдым, журт багуучу курактасын,
Көрө бил тууган-туткан элдин камын.

Кем тутуп кеп айтпасын кимдер сага,
Кемитпе өз наркыңды андай чакта.

Өзүнүн бийиктигин сезсе гана,
Өзгөгө кам көрө алат адам анда.

«Жер оогон тексизмин» – деп кемсинбестен,
Жарыгым, элиңди тап ушул жерден.

Аталык акыл сөзүм, аманатым,
Аткаргын Сары багышым шул айтканым!

Эгерде дастандагы бул маалыматка таянсак Манастын ишенимдүү баатырларынын бири Элтабар чигилдерден чыккан. Ал эми анын уулу Сары багыштан кыргыздын сарыбагыш уруусу тараган болот. XIX к. кыргыздын бугу уруусунун чоң манабы Боромбай да казактын улуу окумуштуусу Ч. Валиханов менен жолукканда түпкү тегибиз чигилдер деп айткан. Санжырада бугу, сары багыш уруулары бир атадан (Кылжырдан) тараган деп айтылат. Бул айтылгандар тарых илимдеринин доктору З. Эралиевдин чигилдер кыргыз уруусу болгон деген пикирин ырастайт.

Алгачкы Карахандар, өзүлөрүнүн ээликтерин кеңейтүү менен Чыгыш Түркстандын, Борбордук Теңир-Тоонун, Жети-Суунун жана Фергананын чоң бөлүгүн женип алышкан. Түндүк Чыгышта Карахандардын мамлекетинин чек арасы Балхаш, Ысык-Көл жана Ала-Көл аркылуу Чугучакка чейин өткөн.

Баласагын шаары (Токмок шаарына жакын жердеги Бурананын урандылары) кагандыктын борбор шаары болгон. Экинчи борбор шаар Өзгөн эле.

Орто Азияны жана Хорасанды ээлеп турган Саманиддер династиясынын кризиске дуушар болушу Карахандардын ийгилигине көмөкчү болгон. 990-ж. Харун Бугра хан Баласагындан чыгып, каршылыксыз эле мурдагы Саманиддер карлуктардан тартып алышкан Тараз менен Исфижабды ээлейт. Эки жылдан кийин Саманиддердин борбору Бухараны да алат, бирок аны таштап, өзүнүн аскерлерин Сыр-Дарыянын ары жагына алып кетүүгө аргасыз болот.

Саманиддердин династиясынын күнү бүтүп калган эле. 996-ж. Наср ибн Али хан Мавераннахрга басып кирген. Саманид Нух II түрктөрдүн Ысык-Көлдөгү барскан уруусунан чыккан өзүнүн күчтүү аскер башчысы Себук-тегинди ага каршы жиберген. Себук-тегин өзүнүн уруулаштары менен салгылашпай, Саманиддердин мамлекетин бөлүштүрүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү баштайт. Карахандарга Катван талаасынын түндүк жактагы жерлер, Себук-тегинге Аму-Дарыядан түштүк жактагы жерлер, т. а. Хорасан менен Афганстан тийген.

Себук-тегин Газну шаарын өзүнүн борбору кылып алган, ошондуктан ал негиздеген династия Газневи династиясы деп аталып калат. Саманиддерге Зеравшан дарыясынын өрөөнүндөгү алардын мурдагы кеңири жергесинин Карахандар менен Газневилердин аралыгындагы бир аз гана бөлүгү калат.

Бирок династиянын ушунчалык жарды абалы Саманиддердин феодалдык төбөлөрүн ойлондурган жок. Ич ара чырдашуулар аларда дал ушул убакта жетер жерине жетип турган. Касташкан феодалдык тайпалардын бири 999-ж. башында Саманид эмири Мансур ибн Кухту (997–999-жж.) кулатып, анын көзүн чукуткан. Илек Наср ибн Али кыйноого алынган эмир үчүн өч алуу шылтоосу менен Саманиддер династиясын жок кылууну чечет. 999-ж. 1-октябрда ал Бухараны ээлеп, акыры Саманид эмирин зынданга салып, жерин өз мамлекетине кошуп алган. Илек Бухара менен Самаркандга өзүнүн гарнизондорун коюп, Өзгөнгө кайтып кетет. Карахандар жана Газневилер мамлекеттеринин чек аралары кошулат. Карахандардын аскерлери эки жолу 1006-ж. жана 1008-ж. Газневилерге таандык Хорасанды жеңип алууга ниеттенишип, Аму-Дарыядан өткөн. Эки жолу тең Себук тегиндин уулу жана ордун басуучу Махмуд аларга кыйратуучу сокку урган.



Каган түрктөрү.

Тарыхчы Утби Наср ибн Алинин аскерлеринин курамына киришкен карахандык түрктөрдүн кебетесин «...беттери жайык, көздөрү кичинекей, сакалдары суюк, темир кылыччан, кара кийимчен» деп сүрөттөгөн.

Карахандардын мамлекети энчилерге бөлүнүп, алардын башында баш ийүүнүн татаал системасындагы династиянын өкүлдөрү турчу. Энчилердин чек аралары тез-тез өзгөрүп турган. Энчилердин акимдеринин өз монеталарын чыгарууга чейинки чоң укуктары болгон. Мындай шарттарда өз ара согуштар менен чыр-чатактар демейдеги эле көрүнүш болуп калган эле. Башынан эле майда энчилердин акимдери Карахандар династиясынын эки бутагынын: Хасан Богра хандын (Хасанилердин) урпактарынын жана Али ибн Сулеймандын (Алилер) урпактарынын айланасында топтошкон. Адегенде саясий басымдуулук Кашкардан Аму-Дарыяга чейинки аймакка ээ болуп турушкан Алилердин үй-бүлөсү тарапта болучу.

XI к. 40-жж. күтүлбөгөн жерден Али Ибрагим ибн Наср жогорулады. Ал жаш кезинде Бури-тегин деген жупуну наам менен Фергананын кайсы бир жеринде кичине ээликти ээлеп турган. Өз ара салгылашуулардын биринде Ибрагим жеңилип, Өзгөндү ээлеп турган бир тууганына качып барат, бирок бир туугандардын ыркы келишкен эмес.

Ошондо Ибрагим Бури-тегин аскер топтоп алып, 1038-ж. Түндүк Тохарстанга жортуулга чыгып, аны ээлейт да, Мавераннахрга чабуул коюу үчүн базага айландырат. Түндүк Тохарстанды ээлеп, Ибрагим мурда Али-тегин алып жүргөн шаан-шөкөттүү Табгач Богра хан наамын алат, муну менен анын мурасына өзүнүн доосун жарыялайт. 1041-ж. карата Ибрагим айыгышкан күрөштөн кийин Мавераннахрдан Али-тегиндин уулдарын кууп чыгып, өзүнүн чоң атасы жеңип алган өлкөнүн толук бийликтүү башкаруучусу болуп калат. Ибрагим ибн Наср Табгач Бохра хан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер болгон. Данденажандын алдындагы салгылашууда оор жеңилүүгө учураган Масуд Газневи аны менен келишүүнүн жолун издей баштайт. Карахандар Чачты жана Ферганаяны тартып алган. Карахандар мамлекети иш жүзүндө башчыларынын өзүнчө наамдары жана баш калаалары бар өз алдынча эки кагандык – Чыгыш жана Батыш кагандыктарга бөлүнгөн. Чыгыш кагандыгынын баш калаасы Баласагын (кийинчерээк Кашкар), Батыштыкы болсо Өзгөн (кийинчерээк Самарканд) болгон.

Ибрагим эл арасында кеңири белгилүү инсан эле. Анткени ал бекем бийликти орнотуп, эң оболу карапайым калктын камын ойлоп, өз ара согушту токтотууга аракет кылган, талоончулукту жойгон, калыс мусулман болгон. Ооруканалардын абалына, базардагы баалардын туруктуулугуна көз салган. Ибрагим узакка, аябай карыганга чейин жашаган жана 1067–1068-жж. шал оору болуп өлгөн.

Ибрагим Табгач хан өлгөндөн кийин анын уулдары өз ара бийлик талашып, күрөшө башташат. Мындан Чыгыш Карахандардын башчысы Тогрул Карахан пайдаланат. Ал өз күчтөрүн Богра хандын аскерлери менен бириктирип, 1070-ж. Ферганадагы жана Чачтагы мурдагы ээликтерин тартып алган. Тынчтык келишими боюнча эки мамлекеттин ортосундагы чек ара Кожентten тартып Сыр-Дарыяны бойлото өткөн. Чыгыш жана Батыш кагандыктарынын ортосундагы 1070-ж. келишим көптөн берки бөлүнүүнү мыйзамдаштырган.

XI к. аягы – XII к. башында Карахандардын эки мамлекети тең кризисти баштарынан өткөрүшкөн. Ибрагим Табгач хандын небереси Ахмад мамлекетти борбордоштурууга умтулат. Тигилер болсо Газневилердин урандыларына күчтүү мамлекетти түзүшкөн селжуктарга кайрылышат. Султан Мелик шах селжуктардын армиясына башчылык кылып, 1089-ж. жортуулга чыгып, Бухараны Самаркандды жана Өзгөндү ээлейт. Ошондо, Чыгыш Карахандын башкаруучусу кулдук уруп келет, андан кийин Самарканд гарнизону селжуктардын бийлигине каршы көтөрүлүшкө чыккан. Көтөрүлүшкө чыккандарды Чыгыш Карахандардын жогорку акиминин бир тууганы Якуб-тегин колдогон. Анын энчиси Ат-Башыда (азыр Кошой-Коргондун урандылары) болучу. Чигилдердин төбөлдөрү менен Якуб-тегиндин ортосунда араздашуу башталат. Мелик шах өзүнүн аскерлерин баштап келип, кайрадан Бухараны, Самаркандды жана Өзгөндү ээлеп алат. Якуб-тегин Ат-Башыны карай качкан, бирок бир тууганы аны селжуктарга кармап берген. Бул убакта Кашкарда кезектеги өз ара согуш чыгат. Мелик шах Якуб-тегинди душмандарга каршы күрөшүү үчүн бошотуп, өзү Хорасанга кайтып барган. 1102-ж. Баласагын менен Таласты ээлеп турган Чыгыш Карахандарынын бири Кадыр хан Жебраил Мавераннахрга жортуул жасап, Аму-Дарыяга чейин жеткен. Мында ал талкаланып, селжук султаны Санжар тарабынан өлтүрүлгөн. Натыйжада Карахандар селжуктардын вассалдары болуп калышат, бирок ички иштерде өз алдынчалыкты толук сактап калышкан.

**Кара-кытайлардын мамлекети. Наймандар**

Токтолбогон өз ара чырдашуулар, селжуктар менен согуштардагы жеңилүүлөр Карахандардын мамлекетин начарлаткан. XII к. биринчи жарымында алардын жерлери *кара-кытай* баскынчыларынын оңой олжосу болуп калды. Кара-кытайлар азыркы Моңголия менен Кытайдын түндүк чыгышында жашаган сегиз моңгол урууларынын биригишинен улам түзүлгөн. Эл өзүн «кытай» деп атаган. Кытай булактарында аларды «кыдан» деп, мусулман булактарында болсо «кара-кытай» деп аташкан. Алардын урпактары кийин «кытай» же «кара-кытай» деген ат менен кыргыз элинин курамына кирген. Көрсө, Кытай өлкөсү жана анын эли алардын орто кылымдардагы душманы, баскынчысы – моңгол-кытайлардын аты менен аталып калган экен.

X к. кара-кытайлар борбордук азиялык көптөгөн урууларды багындырышып, Түндүк Кытайды женип алышкан. 937-ж. тартып алардын мамлекети жана династиясы Ляо (Темирдей) деп аталып, бир кылымдан ашык жашайт. 1125-ж. Ляо империясы түпкү теги тунгус чжурчжен эли (манжур) тарабынан талкаланган болучу. Чжурчжендер же манчжурлар этникалык жактан монголорго жакын эл болгон.



Ляо династиясынын өкүлдөрүнүн бири Елүй Даши калган эли менен адегенде түндүк тарапка – Енисей кыргыздарын көздөй кире качкан. Бирок кыргыздар аны өз журтунан кубалап чыгарат. Елүй Даши өзүнө тиешелүү уруулар менен батышка качып олтуруп, Эмил өзөнүнүн боюна (Азыркы Кытайдын Казакстан менен чек арасына жакын жерде) орношот. Мында ал бытыранды кытай качкындарын чогултуп, бир катар түрк уруулары менен союз түзгөн. 1129-ж. карата ага 40 миңге жакын түтүн баш ийген. Елүй Даши өзүн «гурхан» (хандардын ханы) деп жарыялаган. Мамлекети Кара-кытайлар хандыгы деп аталган. Бул убакта өз ара ырксыздыктарга жана чырдашууларга баткан Карахандардын Чыгыш кагандыгы алсызданып калган болучу. Түрктөрдүн, карлуктардын жана каңгылардын көчмөн уруулары Баласагындын башкаруусуна каршы чыгышкан. Орто кылымдар тарыхчысы Жувейни мындай деп жазган:

«Баласагындын ханы ...өзүнүн начарлыгын жана алсыздыгын моюнга алып, гурханга элчилерин жиберди, кангылардын жана карлуктардын зөөкүрчүлүгүнө жана зомбулугуна датталып, гурхандын өз ордосуна келишин, өзүн бардык түйшүктөрдөн куткарышын өтүндү, өз мамлекетинин аймагындагы бүткүл бийликти ага өткөрүп бере тургандыгын билдирди. Гурхан Баласагынга жөнөп, падыша тактысына олтурду, Афрасиабдын (Карахандардын) урпактары хандык наамдан айрылды».

Чыгыш кагандыктын жерлерин өзүнө оңой эле багындырган жана Карахандар династиясын бийликтен четтеткен гурхан жаңы Си Ляо (Батыш Ляо) мамлекетин негиздеп, Баласагынды (кара-кытайча Хосун ордо) өзүнүн башкы шаарына айландырды. Ошентип, кара-кытай баскынчылары Енисей дарыясынан Сыр-Дарыяга чейинки зор аймакты башкарып калды.

1134-ж. Елүй Даши мурда жоготкон Ляо империясын чжурчжендерден кайра тартып алууга аракеттенген. Кара-кытай хандыгы куралгандан көп өтпөй, алар Енисей кыргыздарына дагы бир жолу чабуул жасаган. Бул чабуулдан кийин ал жактагы чакан Кыргыз ээликтери бир топ алсызданган. Кээ бир тарыхый маалыматтарга караганда Енисей кыргыз ээликтери бул мезгилде абдан начарлап, карамагындагы уруулар бир нече бөлүктөргө бөлүнгөндүгү, кыргыз тайпаларынын ар тарапка бытырап кеткендиги белгилүү. Бирок, кыргыздар бир кылымдай убакыт согуш жүргүзүп, кара-кытайларга моюн сунган эмес.

1141-ж. көчмөн карлуктар Батыш Карахан каганына каршы көтөрүлүшкө чыгып, кара-кытайларды жардамга чакырышат. Махмуд Ибн Мухаммед каган болсо жардам сурап селжук султаны Санжарга кайрылат. Эки аскер кошууну Самарканддын түндүк-чыгышындагы Катван талаасында жолугушат. 1141-ж.

сентябрдагы салгылашууда кара кытайлар селжук-карахан аскерлерин талкалап, бат эле бүткүл Батыш кагандыктын жерин да багындырып алышкан. Гурхан мында Карахандар династиясын биротоло жок кылган эмес, анын вассалдык көз карандылыгына канааттанып, аскерлерин Чүй өрөөнүнө алып кеткен.

1158-ж. Хорезм кара-кытайларга багынып берет. Хорезм шахы гурханга алтын менен 30 миң динар салык төлөөгө милдеттенген.

Кара-кытайлар багындырылган жерлерден салык алып турушкан. Гурханга түздөн-түз багынган аймакта калкты каттоо жүргүзүлгөн болучу. Батыш Ляодо көчмөндөрдүн 84500 үй-бүлөсү жашап турган, алар эркектерди аскердик кызматка берген. Ар бир түтүн казынага бир алтын динар өлчөмүндө салык төлөөгө милдеттүү болгон. Шаар калкы андан да көбүрөөк салык төлөгөн. Мисалы, Баласагындын тургундарынан түшкөн салык казынанын кирешелеринин ондон бир бөлүгүн түзгөн. Кара-кытайлар башка диндерге карата чыдамкай мамилеси менен айырмаланышкан. Алар буддизмге сыйынуу менен исламды кысымга алышкан эмес. Ошентсе да алар Орто Азия элдеринин маданиятына маанилүү таасир көрсөтө алышпаган.

Өлкөнү башкаруудагы башаламандыктар жана вассалдык ээликтердин борборго баш ийбөөгө умтулуулары кара-кытайлардын мамлекетин алсыратат. 1208-ж. Чыңгыз хан Иртышта талкалаган найман жана меркит уруулары гурхандын жерине качып келишкен. Найман падышасынын уулу Күчлүк гурханга кызматка өтүп, өз элинин калдыктарын чогултат да, Жети-Сууга орношот. Ошондон бир жылдан кийин Батыш Ляо оор жагдайга дуушар болот. Чыгышта мурда кара-кытайлардын бийлик алдында болгон уйгур чакан ээлиги бөлүнүп чыгып, Чыңгыз хандын букаралыгына өтөт. Батышта Хорезм шахы Мухаммед жана Мавераннахрдагы Карахандардын башкаруучу династиясындагы анын союздашы Осмон ибн Ибрагим Баласагынга жортуул уюштурат. 1210-ж. август–сентябрда Хорезм менен Мавераннахрдын бириккен күчтөрү кара-кытайларды Талас суусунда тосот. Кан суудай аккан салгылашуудан дарманы кеткен эки армия тең артка чегинишкен. Ач-жылаңач кара-кытайлардын армиясы кайра тартып бараткanda, жолдогу өзүнүн ээликтерин тоноп, бүлгүнгө учурата баштаган. Талоончулардын чоң тобу Баласагынга жеткенде, шаардын адамдары дарбазаларды жаап алышкан. Аскерлерге өз баш калаасынын дубалдарына чабуул коюуга туура келген. «Кара-кытайлардын артынан мусулмандардын аскерлери келатышат» деген айың кепке ишенишкен шаардыктар жан аябай салгылашып, 16 күнгө туруштук беришти. Баласагындын кайгылуу окуясын Жувейни мындайча сүрөттөгөн:



> «Акыры кытайлардын аскерлери, ...шаарга кириштти, кылычтары менен кыя чаап эч кимди аяшпады. Үч күн, үч түн бою алар адамдарды өлтүрүштү. Өлтүрүлгөндөрдүн арасында жети миң кадыр-барктуу, аттуу-баштуу адамдар бар болучу. Гурхандын аскерлери олжого тунду...»

Зомбулуктун жана мамлекеттин бузулуш кырдаалын наймандардын башчысы Күчлүк пайдаланды. 1210-ж. эле ал Өзгөнгө кол салып, гурхандын казынасын басып алган, бир жыл өткөн соң кара-кытайлардын падышасын туткунга түшүрөт. Бирок Күчлүктүн абалы бекем эмес эле. Карамагындагы калк аны бийликти күч менен тартып алган зулум катары адилеттүү эсептеп, баш ийүүнү каалаган эмес. Чыгыш Түркстандын шаарларынын көтөрүлүшү төрт жылга созулду. Аларды наймандар 1214-ж. гана зорго басышты. Батышта Хорезмшах Мухаммед күчөдү, ал өзүн гурхандын мыйзамдуу мурасчысы деп эсептеген. Чыгышта болсо Чыңгыз хан өзүнүн саатын күтүп турган. Бул учурда Кыргызстандын эле эмес, Азия менен Европанын көпчүлүк өлкөлөрүнүн тарыхында да жаңы этап башталган. Бардыгын кыйраткан монгол-татар жортуулу жакындап келаткан. Ошентип, кара-кытайлардын жана наймандардын мамлекети 90 жылдан ашуун убакыт жашап, Чыгыштан келген баскынчылардын соккусунан 1218-ж. кыйраган.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Карахандар мамлекети кандайча негизделген?
2. Карахандар мамлекетинде кыргыздар кандай роль ойногон?
3. Карахандар ислам динин качан кабыл алган?
4. Кара-кытайлар деген кимдер?
5. Наймандар жөнүндө айтып бергиле.
6. Елүй Даши, Күчлүк кимдер болгон?

## §§ 14–15. МОНГОЛ ИМПЕРИЯСЫНЫН ДООРУ

**Чыңгыз хандын бийликке келиши**

Байыркы Орхон-Енисей таш жазууларында жана кытай тарыхый маалыматтарында белгилүү болгондой, ошол аймактарда IX–X кк. чейин эле монгол, татар элдери жана аларга тектеш бир нече уруулардын жашаганы белгилүү. Кийинчерээк татарлар көбөйүп, оңгут, меркит, огу ж. б. чоң урууларды бириктирген татар уруу бирикмеси түзүлгөн. Алар түштүгүндөгү коншусу Син империясы менен бир аз убакытка ынак байланышты түзө алган. XII к. башында татар уруу бирикмеси бузула баштап, анын ичиндеги



Чыңгыз хан.

моңголдор менен татарлардын арасында карама-каршылыктар күчөйт. Ошол мезгилде керей, конурат, ойрот, найман өңдүү уруулар өз алдынча күчөй баштайт.

Моңгол уруусунун башчысы Эсугей баатыр керей ж. б. уруулар менен биригип, татарларга уламдан-улам оор сокку берип турат. 1155-ж. (кээ бир маалыматтар боюнча 1162-ж.) Эсугейден Темучин төрөлөт. 1164-ж. Эсугей татарлар тарабынан өлтүрүлгөн соң, Темучин жетим калып, кыйынчылык менен чоноёт. Темучиндин сегизинчи чоң энеси Алан-Гоа (Сулуу Марал) беш баласынын экөөнү моңгол күйөөсүнөн, үчөөнү түн ичинде жарыктын шооласы менен кошо түшүп келген сары кишиден төрөгөнү жөнүндө уламыш бар. Темучиндин өзүнүн да, укум-тукумдарынын да чачтары кызгылт сары, көздөрү көк болгон. Ага окшош кишилер Енисей кыргыздарынын арасында көп кездешкен. Ушуга байланыштуу Алан-Гоа өзүнүн кийинки үч уулун Улуу кыргыз дөөлөтүнүн күчөп турган мезгилинде моңгол урууларын бийлеген кыргыз кол башчысынан төрөгөн деген божомолду орустун белгилүү изилдөөчүсү Березин XIX к. эле айткан. Бул пикирди немец окумуштуусу П. Рачневский да ырастаган. Ал кереиттерди (кирей уруусу) кыргыздардын бир бөлүгү деп эсептейт, анткени алар мурда Иртыш дарыясы менен Алтайда жашашкан. Кереиттер кийин моңголдор менен синишип кетет. Наймандар дагы адегенде кыргыз жергесинде, кийинчерээк Алтайда, Иртышта, Обь дарыясынын башында жашашкан. Кытай тарыхчысы Хан-Жулин наймандарды кыргыз урууларынын бири деген. П. Рачневский болсо наймандарды моңголдорго эмес, түрктөргө кошот да, алардын «найман» деген моңголчо аты түрктөрдүн «сегиз өгүзүн (уузун)» түшүндүрөт дейт. Демек, Чыңгыз хан кийин моңголдошуп кеткен байыркы кыргыз тукумунан деген божомол бар.

Моңгол уруусунун башка тайпалар менен болгон согушунда Темучин өзүнүн баатырдыгын көрсөткөн. Акырында ал бүткүл татарларды, найман, онгут ж. б. бир нече түрк урууларын өзүнө баш ийдирет. 1206-ж. бүткүл моңгол феодалдарынын чоң курултайында мамлекетти империя деп, өзүнө Чыңгыз (күчтүү) хан титулун алат. Ошентип, 51 жашка келген, моңголдордун боржигин уруусунан чыккан, акылдуу, куу, каардуу жана арамза Чыңгыз хан, кыңк этпей уккан колдоочуларына таянып, күчтүү жана бекем тартиптүү аскер түзө алган. Ал жеринин аймагын кеңейтип, кошуна элдердин баарын өзүнө баш ийдирген.




Чыңгыз хандын буйругу боюнча бардык моңгол уруулары, ошондой эле татарлар да, түрк уруулары да жортуулга чыгууга тийиш болушкан. Аскерлери ондуктарга, жүздүктөргө, миңдиктерге жана он миңдиктерге (түмөндөр) бөлүнгөн. Ар бир бөлүктүн башында бийлиги чектелбеген башчысы болгон. Бир жоокердин коркоктугу үчүн бардык ондукту, бир ондук үчүн жүздүктү өлүм жазасына тартышкан. Жортуулдарында үрөй учурган коркутуу Чыңгыз хандын тактикасы болучу. Согушта басып алган жерлерде жүздөгөн, миңдеген адамдарды эч күнөөсү жок эле кырып салуу, өрттөө, талкалоо анын адаты эле. Орто кылымдардагы мусулмандардын маалыматтарында жүз миңдеген киши кырылган отуздай учур белгиленет. Иш жүзүндө мындай окуялар андан да көп болгон. Бул орто кылымдардын чоң трагедиясы эле.

1207-ж. Чыңгыз хан Түштүк Сибирь элдерин багындырууга буйрук берет. Ошол кезде өзүнчө ар кайсы жерде чакан ээликтерге бөлүнүп калган бытыранды кыргыздар күч катнашын туура түшүнүшкөн. Ошону үчүн кыргыздар Чыңгыз ханга уйгур менен карлуктар сыяктуу эле ыктыярдуу түрдө баш ийип беришет. Бул жөнүндө моңголдордун жашыруун тарыхында минтип жазылат: «Коён жылында (1207-ж.) Чжочи (Жучи) оң канатынын аскерлери менен токой элдерине каршы жортуулга жөнөтүлөт. Ага Буха жол көрсөткүч болот. Элден мурун Худуха-беки өзүнүн түмөн ойроттору менен баш ийип берет. Андан кийин Жучи түмөн кыргыздарга жакындап келет. Ошондо кыргыз нойондору Урус-инал (Еди-инал же Жотинал) Алдыяр (аны Курулун деп да аташчу) жана Олобек-тегин баш ийгендиктерин билдиришип, ак шумкар, акбоз тулпар, кара кундуз ж. б. ханга тартуу кылышат. Жучи токой элдеринин баарын моңголдорго баш ийдирет... Ал өзү менен кошо кыргыздардын миң башыларын, токой элдеринин нойондорун ээрчите келип, Чыңгыз ханга кезиктирет да, ханга белектерин тартуу кылууларын тигилерге буюрат. Чыңгыз хан Жучиге ыраазы болуп: «Баары тең өзүнө баш ийсин», – дейт. Чыңгыз хан кыргыздардын элчилигине жана тартууларына жооп кылып, 1207-ж. аларга эки кишини жибергендиги айтылат. Демек, мамиле түзүү жагы кыргыздардан башталганы көрүнүп турат. Ошентип, XII к. башталышында Енисей кыргыздарынын, т. а. Еди-Орун (Ортоңку Енисей), Тува жана Алтай деген кошуна жайгашкан кыргыздардын үч чакан ээлиги (хандыгы) моңголдорго баш ийип берген.

Ошондон 10 жыл өтпөй 1217-ж. Тува-Кыргыз чакан ээлигине кирген уруулардын бири – түрк тилинде сүйлөгөн туматтар моңголдордун ээзүүсүнө каршы көтөрүлүшкөн. Көтөрүлүштү басуу үчүн Чыңгыз хан көп сандаган аскерлери менен тажрыйбалуу кол башчы Барагул-нойонду жиберген. Туматтар жан аябай салгылашкан. Бирок күч бирдей болбогондуктан, моңголдор көтөрүлүштү кансыратып басышкан.

ЧЫҢГЫЗ ХАНДЫН ДЕРЖАВАСЫ (1205–1227-жж.)






Тынчтык узакка созулбады. 1218-ж. монголдук салык жыйноочулар кадимки жыйымдын үстүнө туматтардын дагы 100 кызын өздөрүнүн феодалдарына берүүнү талап кылышкан. Мындай кемсинткен талап элдин кыжырын келтирген да, туматтар кайрадан көтөрүлүп чыгышкан. Чыңгыз хан көтөрүлүштү басуу үчүн кыргыздардан аскер талап кылат. Ал эми кыргыздар көптөгөн кылымдар бою таянычы жана колдоочусу болуп келген өз кыштымдарына (туматтар) каршы согушмак түгүл, кайра аларга болушуп, көтөрүлүшкө чыккан. Бириккен күчтүн башында кыргыз кол башчысы Курулун турган. Бул көтөрүлүштөн чочулаган Чыңгыз хан аны басыш үчүн көп кол менен улуу баласы Жучини жиберет. Монголдор аларды талкалашып, мыкаачылык менен жазалашкан. Ошентип, монголдор согуш ачып, кыргыздарды баш ийдириш үчүн бир айдай убакыт жумшашты. Тува, Миң-Өзөн, Алтай аймактарын аралап өтөт. Кыргыздардын көбү кырылып, бир жамааты туткунга айдалып кетет, бир бөлүгү чытырман токойлорго кире качып, бир бөлүгү душман жеткис аймактарга качып кутулат.

Рашид ад-Диндин «Жамы ат-таварих» эмгегинен үзүндү

**Кыргыз уруусу.** Кыргыз жана Кем-Кемжиут бири-бирине чектеш эки аймак; алар биригип бир мамлекетти түзөт. Кем-Кемжиут – Чоң дарыя, бир жагынан ал Моголстан менен чектешсе; экинчи чеги – Селенга дарыясы менен чектеш, анда болсо тайжигут уруулары байырлаган; бир өңүрү Ибир-Сибирь аймагынын чегине Ангара-мүрөн (Ангара дарыясы) аттуу Чоң дарыянын аймагына чейин созулат. Кем-Кемжиуттун бир тарабы найман уруулары байырлаган жерлерге жана тоолорго барып такалат.

Толай жылы (бул коён жылы, хижранын 603-ж. айларына туура келет), Чыңгыз хан кыргыздын эки бегине: Алтан менен Букарга элчи жөнөтүп, аларды багынып берүүгө чакырды. Алар болсо өздөрүнүн үч эмирин – Урут-Утужу, Элик-Тимур жана Аткиракты кичүүнүн улууга ызаатын туюнткан ак шумкар менен кошо тигилерге чогуу аткарышты жана баш ийип беришти.

Он эки жыл өткөн соң, барс жылы, Баргужин-Токум менен Байлукту байырлаган тумет урууларынын бири козголоң чыгарганда, (монголдор) тигилер кыргыздарга жакын жерде болгон үчүн кыргыздардан черик (аскер, черүү) берүүнү талап кылышты. Алар аскер бербей, өздөрү да көтөрүлүш чыгарды. Чыңгыз хан аларга өз уулу Жучини кошууну менен жиберди... Ал (Жучи) кыргыздарды жеңип, баш ийдирип, кайра кайтып кетти. (*Бул көтөрүлүштү басууда кыргыздар болуп көрбөгөндөй кыргынга учураган* – автор.).

Чабылып-чачылганына карабастан, кыргыздар баштан байырлап келген негизги аймактарын сактап калган жана көп жылдар бою монголдордун вассалдары болуп эсептелген. Кыргыздардын жери менен кошо бүткүл Саян-Алтай чөлкөмү Жучи хандын ээлигине берилген. Бул аймактар Монгол империясы-

нын түндүк-батыштагы чет жакасы болуп калган. 1229-ж. такка отурган Чыңгыз хандын үчүнчү уулу Угедей (Өгөдөй) букараларынын көңүлүн алып, бийлигин бекемдеш үчүн меркиттер менен кыргыздардын арасынан мартабалуу кишилердин кыздарын аялдыкка алып, жергиликтүү феодалдык төбөлдөр менен байланышын бекемдейт. Угедейдин төртүнчү аялы кыргыз кызы болгон. Анын тушунда моңголдор Түндүк Кытайды, Арменияны, Грузияны, Азербайжанды басып алышкан. Батый хан Чыгыш Европага жортуулга чыккан. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин (1227-ж.) анын ордун Угедей басат. Кыргыздар жашаган жерди бир топ мезгилге чейин Чыңгыз хандын кичүү уулу Тулуй башкарып турган. Угедей өлгөндөн кийин бийликке Тулуйдун балдары келет. 1249–1259-жж. такта Тулуйдун тун уулу Мёнкэ олтурат. Ал өлгөндөн кийин такка Тулуйдун ортончу уулу Хубилай (1260–1295-жж.) келет. Ал Чыңгыз хандын башка укум-тукумдарына кошулуп, жаңы согуш баштап, көп жерлерди каратат.

### КИТЕПТЕН ҮЗҮНДҮ

***Хара-Даван Э. Чыңгыз хан кол башчы катары жана анын мурастары. XII–XIV кк. Монгол империясынын маданий-тарыхий очерки. Алматы, 1992. 265–266-бб.***

**Моңгол же Юань Чыңгызиддердин династиясы**

Бул династия Кытайдын тарыхындагы 20-династия катары эсептелип, 1381-ж. чейин жашаган. Моңголчо – Мэн-гу, кытайча – Юань, т. а. «негиздөө», «башталыш» дегенди түшүндүрөт.

1. Чыңгыз хан. 1155-ж. төрөлгөн. 1206-ж. бийликке келген. 1227-ж. өлгөн.

2. Тули хан (Тулуй), Чыңгыз хандын эң кичүү баласы катары Чыңгыз ханга аза күтүү мезгилинде 1227–1229-жж. убактылуу хандык милдетти аткарган.

3. Угедей хан (Огдай), 1229–1241-жж. хандык кылган. Анын учурунда Батыш тарапты каратуу аяктаган. Орус жери моңгол империясына кошулган.

4. Гүйүк хан, Угедейдин уулу, 1246–1248-жж. Угедейдин жесири Туракиндин убактылуу башкаруусунан кийин хандык кылган.

5. Мёнкэ хан (Менгу), Тулуйдун уулу. 1249-ж. бийликке келген. Бул бийлеген кезде алдыңкы Азияны каратуу аяктаган. 1259-ж. өлгөн.

6. Хубилай хан (Кублай), Тулуйдун экинчи уулу, 1260-ж. бийликке келген. Кытайды багындырып, Чыңгыз хандын ишин аяктаган. Резиденциясы (ордосу) Хан-Балыкта (Пекинде) болгон. Юань династиясы ушул кезде башталган. 1295-ж. өлгөн. Анын тушунда моңгол империясы гүлдөгөн деп эсептелет.

7. Тэмур, Хубилайдын небереси. 1307-ж. өлгөн.

8. Хашан-Кулук, Тэмурдун иниси. 1311-ж. өлгөн.

9. Буиньту, 1320-ж. өлгөн.

10. Шоди-Бала. Буддизмге сыйынган. 1323-ж. өлтүрүлгөн.

11. Есунь-Тэмур, 1328-ж. өлгөн.



12. Хошила-Хутукту хан, 1329-ж. уулаңдырып өлтүрүлгөн.

13. Тоб-Тэмур. 29 жашында 1332-ж. өлгөн.

14. Или Жебе, Тэмирдин уулу, 7 жашында 1332-ж. өлгөн.

15. Тогон-Тэмур, Или Жебенин агасы, 1368-ж. Пекинди таштап Моңголияга качкан, 1370-ж. өлгөн. Ушундан кийин Юань династиясы бүтүп, Кытайда Миндердин династиясы башталган.

**Моңголдор жана кыргыздар**

Ошол мезгилде кыргыздар жашоо шартына жана чарбасынын мүнөзүнө жараша эки топко бөлүнүшкөн. Биринчиси – мал чарбачылыгы менен дыйканчылыкты кесип кылган талаа кыргыздары, экинчиси – мал чарбачылыгын жана аңчылыкты кесип кылып, Енисейдин баш жактарындагы тоолуу жерлерде жашаган токой кыргыздары. Енисейдин баш жагындагы кыргыздардын коңшулашы ойроттор болгон. Кыргыздар жана башка түрк элдери ойроттордун тилине да таасир тийгизген. Алар жашаган жердин аты да түрктүн «секи», монголдун «мурен» деген сөздөрүнөн түзүлгөн. Енисейге Кемчик дарыясы куйган жер «Кемчик Борук» деп аталган. «Кем» суу дегенди билдирет, «борук» же «бурут» бөрү дегенди түшүндүрөт. Кийинчерээк ойроттор кыргыздардын баарын «бурут» деп атап калышкан. XVII–XIX кк. кытай жазуу булактарында да кыргыздарды ушинтип аташкан. Енисейлик кыргыздардын моңголдор менен акыркы кармашы 1273-ж. башталган. Алар көтөрүлүшүп, моңгол наместнигинин резиденциясын курчап алышкан. Наместник согушуп жатып чегинет. Моңголдордун ичиндеги өз ара кармашуулардан пайдаланып, кыргыздар өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүүгө жетише алышкан. 1273–1293-жж. Енисейди бойлото кеткен өрөөндүү жерлерди кыргыздар ээлеп турушкан. Аларга ордосу Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө болгон Орто Азиядагы моңголдордун башкаруучусу Хайду жардам берген. Хубилай менен Хайдунунун ортосундагы согуш кыргыздарга көп кыйынчылыктарды алып келген. Согуштун кесепетинен кыргыздар туш тарапка ыдырап, мамлекеттүүлүгүнөн ажырайт. 1275–1276-жж. кыргыздардын бир бөлүгү Хубилайга каршы көтөрүлөт. Көтөрүлүш басылган соң, кыргыздардын чоң бөлүгү Батыш Манчжуриядагы 1277-ж. негизделген округдун жаңы борбору Чжаочжоу шаарына көчүрүлөт. Алар бара-бара өз атын жоготуп, кытайларга сиңип кеткен. Алтай-Хангай тоолорун мекендеген кыргыздардын 9 миң түтүнү Хубилайдын буйругу менен Моңголиянын ички районуна көчүрүлөт. 1290-ж. моңголдорго кызмат кылган кол башчы кыпчак Тутук Хубилайдын буйругу менен Алтайдагы Хайдуга каршы жортуулга чыгат да, натыйжада кыргыздардын 3 миң үй-бүлөсү көчүрүлүп кетет. Тутук андан кийин Енисейдин баш жагын мекендеген кыргыздарды баш ийдирет

да, 1293-ж. кыргыздардын бир тобун (700 үй-бүлө) Манчжурияның түштүк-чыгышындагы Хэсыхе районуна чек ара кайтаруу үчүн көчүрөт (азыркы фү-йү кыргыздары ошолордун урпактары деген маалымат бар). Алтайдагы кыргыздардын дагы бир тобу 1295-ж. күч менен Шаньдун провинциясына жер которот.

Мына ошентип, XIII к. экинчи жарымында енисейлик, алтайлык кыргыздар монгол хандары тарабынан талкаланып, бир топтору Борбордук Азиянын ар жактарына күч менен көчүрүлүп, бытырап кетишкен. Бул чаралардын баары козголончул урууларды бөлөк-бөтөн жерге көчүрүп таратып, көчмөндөрдүн өзүн, алар байыр алган аймактарды катуу көзөмөлдөп туруу максатында жасалган. Башкаруунун мындай тактикасы император Хубилай өлгөндөн кийин да улантылып келген. Ошол мезгилде монголдордун улуу ханынын (император) ээүүсүнөн качкан кыргыздардын бир бөлүгү Хайдунун карамагына, т. а. өзүнүн түпкү ата мекени Ала-Тоого (Теңир-Тоо) көчүп кетишкени чындык. Мына ушундай кыйын мезгилде жер которуп, чачылып, тарап, кыргыз эли абдан жапа чекти. Сан жагынан алда канча азайды, чогуу жашаган жерлеринен ажырады, зордук менен башка жакка көчүрүлүп кеткен кыргыздар артка кайтпады, монголдордун, кытайлардын ичине сиңип кетишти. Жогоруда айтылгандай, Теңир-Тоого келген кыргыздар гана бул жерде мурдатан жашап келе жаткан кыргыздарга кошулуп, бүгүнкү күндөгү кыргыз элинин өзөгүн түзгөн. Ошентип, енисейлик жана алтайлык кыргыздарды өз жеринен зордуктап көчүрүү 1389-ж. Юань династиясы кулаганга чейин улантыла берген.

Теңир-Тоонун чыгыш тарабын басып алуу Чыңгыз хан үчүн ыңгайлуу болгон. 1218-ж. Жети-Сууда наймандардын аскерлерин Чыңгыз хандын кол башчы Жэбэ-Нойон уйгурлардын жана карлуктардын колдоосу менен оңой эле талкалаган. Наймандардын каршылык көрсөтүүгө даярдыгы да жок болчу. Наймандардын ханы Күчлүк Чыгыш Түркстандагы жана Жети-Суудагы мусулман букараларын басып алгандан кийин, аларды буддизмди же христиан динин кабыл алууга мажбурлаган. Ошондуктан, Жети-Суунун жана Чыгыш Түркстандын эли зулум Күчлүктү жек көрүшүп, монголдорду бошотуучу катары тосуп алышкан. Наймандардын аскерлерин талкалоодо монголдордун 20 миң адамдан турган кошууну аракеттенген. Күчлүк жеңилгенден кийин качып баратып, Памир тоосунан кармалып, башы алынган.

Ошентип, Кыргызстандын калкы Чыңгыз хандын канкордугун сезбей, монголдордун ийгиликтерине көмөктөш болушкан. Бирок чарбасы, маданияты, наймандардын башкаруу мезгилиндеги талап-тоноодон ого бетер начарлаган.

1218-ж. Жети-Суу жана Борбордук Теңир-Тоо толугу менен монголдордун көзөмөлү алдында калган. Чыңгыз хандын түмөндөрү Түркстандын элдерин кылычтын күчү менен багынтып алды. 1219-ж. монголдор Хорезмшах Мухаммеддин бүлүнгөн күчтөрүн оңой эле багынткан. Чыңгыз хан талап-тоноочулук менен басып алуу саясатын батышты карай уланта берген. Натыйжада, Түркстандын жүздөгөн шаарлары менен айыл-кыштактары өрттөлүп, кыйраган. Бир убакта гүлдөп өнүккөн дыйканчылыгы бар Чүй, Талас өрөөндөрү, Ысык-Көл кылаасы көчмөндөрдүн мал чарбачылыгы менен алмашылган. Фергана, Өзгөн, Ош жана башка бир нече айылдар гана көп кыйроого учуратылган эмес.

Чыңгыз хандын канкор, залимдигин кыргыздардын эң биринчи тарыхчыларынын бири **Белек Солтоноев** өзүнүн ***«Кызыл кыргыз тарыхында»*** мындай деп көрсөтөт:

> «Бүткүл кытай, манжу, корея, монгол, түрк-татарды каратып, 1219–1224-жж. Орто Азияга, Индустанга кирген. Жалгыз Орто Азия менен Кытайдан 36 *млн* (Кытайдан 18 *млн* Самарканд чөлкөмүнөн 11 *млн* Балык ж. б. шаарлардан 7 *млн*) кишини өлтүргөн. 1223-ж. Кавказга аша чаап, андагы орустун бир канча княздары башында турган 70 миң аскерин өлтүрүп, андан өтүп кыпчак хандыгын кырып жоюп, элин бытыратып таратып, Волганы (Эдил) кечип кайта кеткен. 1220–1226-жж. күн чыгышы Кореядан тартып, Азов деңизине чейин, түштүгү Индустан болуп эки ортодогу элди кызыл канга боёп, өрттөп, талоон салып, кан дайрадай аккан».

1227-ж. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин, анын басып алган жерлери төрт уулуна бөлүнөт. Мурас бөлүштүргөндө Орто Азия менен Борбордук Азия Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатайга жана анын урпактарына тиет. Улустун чек арасы чыгышта Иле суусуна, батышта Бухара, Самаркандга чейин жеткен, т. а. улуска Мавераннахр, Жети-Суу, Кашкар аймагы караган. Чагатайдын ордосу Иле суусунун боюндагы өрөөндө жайгашкан болчу. 1256-ж. хан ордосу Жети-Суудан Мавераннахрга көчүрүлгөн.

Чыңгыз хан басып алган жерлердин анын уулдарына бөлүнүшү монголдордун империясынын кулашына түрткү болгон. Өз ээликтеринде анын уулдары өздөрүн толук кожоюн сезип, Моңголиянын улуу ханына баш ийүүнү каалашкан эмес. Улустардын ортосунда так белгиленген чек аранын жоктугу ар кандай талаштарга, чек ара чатактарына, согуштарга алып келген. XIII к. биринчи жарымында эле империянын батышында өз алдынча мамлекет – Алтын Ордо түзүлөт. Аны башкарган Батый хан Моңголиянын улуу ханына баш ийбей койгон. Көп узабай анын жолун иран жана орто азиялык ээликтердин башкаруучулары жолдошкон. Ошентип, убакыт өткөн сайын улустардан жана алардын бөлүнүп чыккан хандыктардан өз алдынча мамлекеттүүлүктөр түзүлгөн. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Анын үстүнө империянын ар кайсы уруудан турган калкы-

на монголдук башкаруучулардын бийлиги өөн учурап, каршылык көрсөтүү күчөгөн.

Чыңгыз хандын небереси Мёнкэ башкарган (1249–1259-жж.) мезгилде Теңир-Тоону монголдор менен Алтай урууларынын көчмөндөрүнүн жаңы толкуну каптаган. Мёнкэнин иниси Хулагу көп аскери менен Иранды көздөй жөнөгөндө Кыргызстандын түндүгү аркылуу өткөн. Ошондо, алар селдей каптап өтүшүп, жергиликтүү калкка чоң зыян келтиришкен. Жортуулга бараткандардын жана аны узатуучулардын бир бөлүгү жергиликтүү элдердин жакшы өздөштүрүлгөн жерлерин тартып алышып, акырындап отурукташып, калып калышкан.

Чыңгыз ханга өз ыктыяры менен баш ийүүдөн тапкан экономикалык пайдалардан кол жуушкан. Шаарлардагы соода-сатык, кол өнөрчүлүк, дыйканчылык, багбанчылык акырындап жок боло берген. Бул көрүнүш биринчи иретте Кыргызстандын түндүгүнө тиешелүү эле. Алардын төмөндөшү жүз жылга жакын созулган.


Угечи-Кашка.

XIV к. аягы – XV к. башында Енисей, Саян-Алтай кыргыздары ойрот-монгол согушуна, Монголиядагы бийлик үчүн болгон согушка да активдүү катышат. Алар ойроттор тарапта согушкан. XIV к. акырында кыргыздардын акими **Угечи-Кашка** (Кашка – тайманбас баатыр дегенди түшүндүрөт) моңголдор менен ойроттордун көбүнүн үстүнөн бийлик жүргүзүп калат. Мамлекетти чындап, ички тартипти күчөтөт. Угечи-Кашканын моңголчо аты Мэнке-Тэмур хан болгон. Ал Юань династиясынын Монголияда дагы эле сакталып калган эски атын өзгөртөт да, мамлекети менен элине Дадан (татар) деген ат берет. Мэнке-Тэмур хан бийлик жүргүзгөн 1399–1408-жж. кыргыздардын бийлигине наразы болгон ойроттор менен нечен жолу согуштар болгон.

Ошентип, 1399–1425-жж. ойроттордун жана Монголиянын кээ бир областтарында кыргыз акимдери да бийлик жүргүзүп тургандыгы белгилүү. Ойроттордун Орто Азияга жасаган жортуулдарына кыргыздар да катышып, Ысык-Көлгө, Батыш Теңир-Тоого чейин барышкан. Демек, XV к. да кыргыздар Моңголияда өз таасирлерин жоготкон эмес. 1439-ж. моңголдордун аскер башчыларынын ичинде кыргыздардын түмөн башчысы **Абабарци** деген адам болгон. 1449–1450-жж. кыргыздардын түмөнү кошулган ойроттор менен моңголдордун бириккен армиясы Пекинге жортуулга чыккан деген маалыматтар бар. Ошентип, Енисейдеги жана Алтайдагы кыргыздардын XIII–XV кк. мамлекетин калыбына келтирүүгө жасалган аракеттери оң жыйынтык берген эмес.



**Хайду мамлекети**

Моңгол феодалдарынын сепараттык (борбордук бийликтен бөлүнүп, өз алдынчалыкка умтулуу) кыймылы Орто Азияда өз натыйжасын берди. 1269-ж. Талас суусунун боюнда Угедей жана Чагатай улустарынын биргелешкен курултайында жаңы мамлекет түзүлөт. Анын Каракорумдан (Улуу хандыктын борбору) толук көз каранды эместиги жарыяланат. Мамлекеттин башында анын негиздөөчүсү Угедейдин небереси **Хайду хан** (1269–1301-жж.) турган. Жаңы өлкөнүн чек арасы Алтайдан Аму-Дарыяга чейин созулуп, Кыргызстан, Чыгыш Түркстан аймагын камтыган. Борбору Чүй өрөөнүндө, болжол менен Тарсакент (азыркы Кара-Жыгач кыштагы, Бишкекке жакын) шаарында болгон, себеби бул жер Хайдунун өз менчигине айландырылган болучу.

Хайду мамлекеттин күч-кубаты анын экономикалык саясатына байланыштуу экенин жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, ал калктын чарбалык турмушун жакшыртуу, өлкөнүн райондору жана коңшу мамлекеттер менен соода-сатык, экономикалык байланыштарды жандандыруу үчүн бир катар маанилүү чараларды көргөн. Моңголдук баскынчылар тарабынан кыйратылган шаарлар менен кыштактарды калыбына келтирүүгө көп күч жумшаган. Мисалы, чоң мааниге ээ болгон Тарсакент жана ээн калган Баласагын шаарларын көтөрүү иштери жүргүзүлгөн. Бул мезгилде кол өнөрчүлүк өндүрүшү бир кыйла өнүккөн.

Акча реформасы да жүргүзүлгөн, бирдей сапаттагы жана салмактагы күмүш тыйындарын такай пайдалануу тартиби мамлекеттин бүткүл аймагына киргизилген. Ар бир күмүш кенинин ээси тыйын жасай алган. Ал үчүн өзүндөгү күмүштү тыйын жасоочу сарайга өткөрүп, салыктар жана чыгымдар эсептелип алынгандан кийин, даяр тыйындарды алган. Экономикалык проблемаларды чечүүдө негизги маселелердин бири катары салык саясаты эсептелген. Салык салуунун жана жыйноонун катуу тартиби киргизилген. Мыйзамды бузгандар катуу жазага тартылышкан. Бир катар мыйзамдар жер айдагандардын укуктарын коргогон. Көчмөндөргө айдоо жерлерине өздөрүнүн малын жаюуга катуу тыюу салынган. Бул талапты аткарбагандар чоң айып төлөөгө тийиш эле.

Хайду хан өлкөнүн экономикалык ийгиликтерин сакташ үчүн баскынчылык согуштардан алыс болгонго аракет кылган. Бирок баскынчыларга каршы чечкиндүү күрөшкөн, дипломатиялык иштерди мыкты жүргүзгөн, душмандын тылында сепараттык кыймылдарды колдогон.


Хайду хан.

Хайду Монгол империясына каршы көтөрүлүшкөн енисейлик жана алтайлык кыргыздарга жардам берүү үчүн бир нече жолу аскерлерин жиберген. 1293-ж. Хайду кыргыздарды куткарып алмакчы болуп, Болоч башында турган кол жөнөткөн, бирок бул кол да Хубилайдын аскерлеринен жеңилип калган. Хайду хандын кыргыздардын мамлекетин сактоого кылган аракети текке кеткен. Ошондой болсо да, Хайду, Алтай жана Чыгыш Теңир-Тоодо жашаган кыргыздарды монголдордун куугунтуктоосунан коргоп калган. Ал кыргыздардын бир тобун Теңир-Тоого көчүрүп келген. Хайду өлгөндөн кийин (1301-ж.) Чыңгызиддердин ортосунда бийлик үчүн узакка созулган ич ара согуш башталган. Ал Кыргызстандын толук бүлүнүшүнө алып келген. XIV к. Чүй, Талас өрөөндөрүндө мурдагы жайнаган кыштактардын дээрлик бирөө да калган эмес, дыйканчылык гүлдөгөн жерлерди монгол феодалдары мал жайытка айландырышкан.

XIV к. 40-жж. Хайдунун Борбордошкон мамлекети Чагатай улусу (Мавераннахр) жана Моголстан деп аталган эки мамлекетке бөлүнгөн.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Чыңгыз хан жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Монголдор енисейлик жана теңир-тоолук кыргыздарды качан, кандайча басып алган?
3. Монголдор кыргыздарга кандай мамиле жасаган?
4. Хайду ханга жана анын мамлекетине мүнөздөмө бергиле.
5. Хайду хандын реформасы жөнүндө айтып бергиле.

## §§16–17. МОГОЛСТАН. АМИР ТЕМИРДИН МАМЛЕКЕТИ

**Моголстан мамлекети** XIV к. орто чегинде Орто Азиянын чыгышында жаңы мамлекет – Моголстан, т. а. «моголдор өлкөсү» (түрк элдери моголдор деп монголдорду аташкан) түзүлгөн. Моголдордун эң ири уруулары түркчө да, монголчо да аталыштарын алып жүрүшкөн. Алардын ичинен дуглаттар, каңгылар, аргынуттар, баариндер, барластар жана башкалар өзгөчөлөнүшкөн. Алардын баары тең эчак эле түрк тилинде сүйлөшүп, түрк салттарын кабыл алышкан жана өз мекени деп Монголияны эмес, Теңир-Тоону эсептешкен. Алар ислам динин кабыл алышкан. Бул уруулардын көбү кийинчерээк кыргыз, казак, өзбек элинин курамына кирген.

Моголстан мамлекети чыгышта Баркөлдөн баштап, батышта Сыр-Дарыяга чейинки аймакты ээлеген. Анын түндүк чек арасы Балхаш көлү, түштүктө Чыгыш Түркстан болгон. Мамлекеттин чыгыш чет жакаларында кыргыздар жашаган. Алар моголдорго көз каранды болбош үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүшкөн.

Моголстан мамлекетинин саясий турмушунда башкы ролду дуглат уруусунун ири феодалдары ойношкон. Алар Чыгыш Түркстанды, Фергананын бир бөлүгүн, Алайды, Ысык-Көлгө чейин бүткүл Борбордук Теңир-Тоону камтыган кеңири жана бай Чыгыш Түркстан аймагын ээлешкен. Уруунун эң күчтүү феодалы Пуладчы болгон. Борбору Ак-Суу шаарына жайгашкан.


Талас, Чүй өрөөндөрү, Ысык-Көл жана алардан түндүктөгү Балкашка чейинки аймак, чыгышта Иртышка чейин эмир Пуладчынын кичүү бир тууганы Камар ад-Динге караган.

Пуладчы Чыңгыз хандын тукумунан болбогондуктан, хандын тактысына олтура алган эмес. Ошону үчүн жашы толо элек чыңгызид Тоглук-Темирди таап алып, аны 1348-ж. хандыкка көтөрүп, анын аты менен башкарууну чечкен. Өзү хандын алдындагы жогорку бийлик болгон улусбек деген кызматты ээлеп, аны мурастаган. Моголстандын биринчи ханы Тоглук-Темир мамлекеттик ишке шыктуу чыкты. Ал көчмөн элдер менен тил табыша алган. 1354-ж. өзү ислам динин кабыл алып, аны мамлекеттик динге айланткан. Мусулман болуу менен Тоглук-Темир бүткүл Орто Азиядагы бийликке атаандашууга укук алган.

1360–1361-жж. Тоглук-Темир Мавераннахрга жортуул жасайт (Мавераннахр – арабча «дарыянын өйүзүндөгү жер», Сыр-Дарыя менен Аму-Дарыянын ортосунда жайгашкан жер). Акыркы жортуулда моголдордун аскер күчү Сыр-Дарыяны кечип өтүп, Кундузга чейин жетишкен жана олуттуу каршылыкка жолуккан эмес. Тоглук-Темир Самаркандга өзүнүн уулу Илияс-Кожону наместник кылып калтырып, өзү чоң олжо менен Моголстанга кайткан. Ошентип, атчан адам үчүн баш-аягы жети айлык жол болгон Моголстан мамлекети түзүлгөн.

Моголдор Мавераннахрда талоончулук, каракчылык иштерин жасашкан. Аларга каршы элдик көтөрүлүштөр башталып, ага кээ бир жергиликтүү феодалдар да кошулушкан. Илияс-Кожонун абалы өтө оор болгон. 1364-ж. Тоглук-Темир ооруп өлөт. Мавераннахрдын аскерлеринин башында Хусейин жана Темир деген эмирлер турган. Темир учурунда Тоглук-Темирден көп жакшылык көргөн, ошону үчүн көтөрүлүшчүлөр тарабынан туткунга түшкөн Илияс-Кожону бошотуп, Моголстанга жөнөтүп жиберген.

Илияс-Кожо Моголстандын ханы болгондон кийин атасынын тышкы саясатын улантып, Мавераннахрды басып алууну чечет. 1365-ж. моголдор Мавераннахрдын Эмир Темир башында турган аскери менен Ташкенттин жанында беттешет. Салгылашуу учурунда катуу бороон, нөшөрлөнгөн жаан башталат. Жоокерлер улуган бороондон буйрукту укпай, көз ачырбаган жаандан улам бирин-бири ажырата албай ылайда кармашты.




Акыры Эмир Темирдин аскерлери качып жөнөйт. Башаламан качып баратканда көпчүлүк кишилер ылайда тепселип өлөт. «Баткак салгылашуусу» деп аталган бул салгылашууда он минге жакын адам өлгөн. Женишке ээ болгон моголдор Самаркандга жакын келишип, аны курчоого алышкан. Эмирлер Темир жана Хусейин шаарды таштап качып кетишкен. Коргоосуз калган Самарканддын калкы шаарды коргоону өз колуна алышат. Аны баскынчыларга багынууну каалабаган карапайым адамдар жетектеген. Коргоочулар шаарга кирүүчү негизги жолдон башкасынын баарын казышып, айланта тосмолошкон. Моголдордун атчандары тар көчө менен жылып киргенде аларга жебелер, таштар, таяктар мөндүрдөй жааган. Моголдор шаарды алалбай көпчүлүк кишисинен ажыраган. Ошондон улам Илияс-Кожо аскерин Моголстанга алып кетүүгө мажбур болгон. Алар кеткенден кийин эмирлер Темир менен Хусейин Самаркандга келишип, өздөрүнүн бийликтерин чыңдаш үчүн шаарды коргоочулардын жетекчилерин өлтүрүшкөн. Ошентип, жоону карапайым элдер жеңгени менен анын жемиштерин феодалдар пайдаланышкан.

Илияс-Кожонун жеңилип келиши Моголстандын ири феодалдарын наразы кылган. Дуглат уруусунун эмири Камар ад-Дин Илияс-Кожону үй-бүлөсү менен өлтүрүп салат. Ошондон кийин Моголстанда узакка созулган ич ара согуш башталып, мамлекет начарлаган.



**Амир Темирдин Моголстанга жортуулдары**

Моголдордун тез-тез кол салуусунан жана элдик кыймылдардан тажаган Мавераннахрдын феодалдары жана көпөстөрү душмандардын мизин кайтарып, ички тартипти колго алган күчтүү мамлекет башчысы боло турган инсанды издеген. Андай адам **Темир (1336–1405-жж.)** болуп чыкты. Ал дүйнөгө Эмир Темир, Аксак Темир, Темирлан, Тамерлан, Тимурланг, Тимур Барлас, Амир Темир көрөгөн, Тимур Тарагай деген ысымдар менен белгилүү.



Амир Темир.

Темир Шахрисябз шаарына жакын Кожо-Илгар кыштагында Тарагайбектин үй-бүлөсүндө туулган, түрктөшкөн моңголдук барлас уруусунан болгон. Ал – 1370–1405-жж. өзү негиздеген мамлекеттин эмири. Жаш кезинен эле согуш ишин жакшы билгендиги, эр жүрөк каармандыгы жана жетекчилик сапаты менен айырмаланган. Тоглук-Темир Мавераннахрды басып алганда Темир моголдорго кызмат өтөгөн. 1361-ж. Казагандын небереси Хусейин эмир менен шериктештик келишим түзөт, бирок 1370-ж. аны туткундап алып, өлүм жазасына тартат да, мамлекетти өзү жалгыз бийлеп калат. Эрктүү жана ырайымсыз, куу жана арамза Темир өмүрү өткөнчө өзүнүн элин жана бөтөндөрдү талап-тоноп байыган, көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз жазалаган, согуштарды варварлык ыкма менен жүргүзүп, согушта басып алган, туткунга түшкөн миңдеген адамдарды кулчулукка саткан. Ал өмүрүнүн акырында Жер Ортолук деңизинен Чыгыш Түркстанга чейин созулган империя түзө алган. 1391-ж. жана 1395-ж. Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган. 1393-ж. Багдадды жана Эки дарыя аралыгын (Месопотамияны), 1398–1399-жж. Индиянын түндүк жагын, 1401-ж. Сириянын бир кыйла бөлүгүн ээлеген. Ордосу Самарканд шаарында болгон. Кытайга жортуулга баратып, 1405-ж. 18-февралында Отрар шаарында (азыркы Түркстан шаарына жакын) каза болуп, Самарканддагы өзүнүн атактуу күмбөзүнө коюлган.

Самарканд тарыхта «Тамерландын мамлекети» деген ат менен белгилүү. Жортуулдардын биринде Темир бутунан жарат алып, аксап калат. Ошону үчүн аны «Тимурленг», т. а. «Аксак Темир», европалык айтылышта «Тамерлан» деп аташкан. Кыргыз тилинде Амир (амир – арабча аскер башчы) Темир көрөгөн,

көрөгөн – гурган, моңголчо – күйөө деген сөз, себеби Темир эмир Хусейиндин жесирине үйлөнгөн. Ал аял Чыңгыз хандын урпагы эле. Ага үйлөнүү аркылуу Амир Темир чыңгызиддерге күйөө бала болуп, алардын атынан бийлик жүргүзүү укугуна ээ болгон.

1371-ж. Амир Темир Моголстанга жортуул жасап, Ысык-Көлгө чейин келет. Бирок бул аймактын элинин бир бөлүгү Иленин ары жагына, баскынчылар жетиши кыйын болгон бийик тоолорго көчүп кетишкен эле. 1375-ж. Амир Темир Моголстанга Сайрам жана Талас аркылуу келет. Өлкөнүн элинин көбү дагы качат. Моголдордун эки негизги улустарынын башкаруучулары Камар ад-Дин жана Кажы-бек мурунку каршылашып жүргөнүнө карабай өздөрүнүн күчтөрүн бириктирип, баскынчыларга каршы сокку урууну чечишкен. Бирок Темир куулук кылып аларды бириндетип талкалоого жетишкен. Камар ад-Диндин аскерлерин кубалап олтуруп, алардын Иле өрөөнүндөгү урууларынын сандаган мал-мүлкүн олжолоп, Самаркандга жөнөтүшөт. Арасында согушчан кыргыздар көп болгон. Камар ад-Диндин аскерлерин толук талкалоого Темирдин мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Баскынчылар артка кайтып келе жатканда Камар ад-Диндин колу Ысык-Көлдүн жээгинде катуу сокку урган. Жинденген Амир Темир ошол эле жылы Камар ад-Динди Кочкордо талкалоого үмүттөнүп кайра келет. Бирок көчмөндөр бул мезгилде Иртышка көчүп кетишкен. 1377–1379-жж. Темир басып алуучулук жортуулдарын уланткан. Бул жолу ал Моголстандын аскерлерин талкалоого жетишкен, калган-каткандары дагы эле Иленин ары жагындагы Тарбагатайга качышкан. Темир бул жортуулда аябагандай көп олжого тунат. Колго түшкөндөрдү миндеп алып кетип, кулдукка саткан. Ошондой болсо да ал Моголстандын элин толук багынта алган эмес. Андан кийинки жортуулдары (1383, 1388-жж.) да оң жыйынтык берген эмес.

Тыным бербеген жортуулдардан алсыраган моголдор Амир Темирге каршы союздаштарды издей баштайт. 1380-жж. Алтын Ордонун ханы Токтомуш, Моголстандын ээси Камар ад-Дин, Теңир-Тоодогу бир катар улустардын башкаруучулары кирген бирикме түзүлөт. Бирок алардын биригүүсүнөн эч майнап болгон эмес.

1389-ж. Амир Темир көп сандаган аскерлерин чогултуп, Моголстанга жазалоочу жүрүш жасоону чечкен. Ал көчмөн урууларды биротоло багынта албастыгын алар менен болгон жыйырма беш жылдык күрөштүн тажрыйбасынан жакшы түшүнгөн. Ошондуктан жортуулдун негизги максаты жергиликтүү элдерди колдон келишинче талап-тоноо, миндеген кулдарды кармап кетүү, Мавераннахрдын аймагына бир катар урууларды зордуктап көчүрүү болгон. Амир Темирдин аскерлери олуттуу каршылыкка учурабастан эле Талас, Чүй жана Иле өрөөндөрү аркылуу тез жылып, Алтайга бет алышты. Жүрүш кандуу болгон. Согуш моголдорду кырып-жоюу менен жүргөн. 1389-ж. кандуу салгылашуу баскынчынын алдына койгон максаттарын толук чечкен эмес. Ошондуктан 1390-ж. дагы эки кошуун аскерин жөнөтөт. Алардын бирөө түндүк жактан – Ташкен, Талас, Чүй, экинчиси түштүктөн – Анжияндан Яссы дарыясы жана Арпа жайлоосу аркылуу жүрүп отурушуп, Ысык-Көлдө кошулушат да, чегинип бараткан Камар ад-Диндин аскерлерин кубалаган бойдон Иртышка чейин барышкан. Айлана-тегерек элсиз ээн калган. Теңир-Тоодогу көчмөн уруулар баскынчыга көз каранды болбос үчүн өз мекенин таштап, батышка кыйын болгон бийик тоолорго кетип калышкан. Амир Темирдин чыныгы бийлиги Чүй өрөөнүнө гана жеткен. Ошентип, Моголстандын аймагы Амир Темирге формалдуу болсо да каратылат. Бул жерге өзүнүн небереси, кийин орто кылымдардагы улуу окумуштуу катары данкталган Улукбекти наместник (ишенимдүү адам) кылып дайындаган.

Амир Темир жана анын баскынчылык жортуулдары жөнүндөгү эскерүүлөр кыргыз элинде азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Ысык-Көлдүн чыгышындагы Санташ ашуусунда элдин айтымында Амир Темирдин ысымы менен байланышкан эки таш коргон бар. Уламышка караганда Темир Санташ аркылуу Кытайга өткөн. Чындыгында ал Кытайга эмес, Камар ад-Динди кубалап, Алтай тарапка өткөн жортуулдардын бири болуш керек. Ашуудан өткөндө ал ар бир жоокерге дарыянын жээгинен бирден таш алып, бир жерге топтоого буйрук берген. Жортуулдан кайра кайткан кезде дагы ар бир жоокер бирден таш алып, башка жерге жыйышкан. Ошентип ашууда бири чет жерде каза болгондорду, экинчиси (биринчиден бир топ эле аз) кайтып келген жоокерлерди эскерген эки таш коргон пайда болгон.

Темирдин Моголстанга жасаган жортуулдарынын учурунда кыргыздар негизинен Алтайда, Чыгыш Теңир-Тоодо жашагандыгы белгилүү. Алар да ошол өлкөдөгү башка элдер сыяктуу баскынчылар менен согушка катышкан. Моголстандын бытырандылыгы абалынан пайдаланып, Амир Темир Ферганаы, Теңир-Тоону, Ысык-Көлдү, Талас чөлкөмдөрүн басып алган.

Темирдин Моголстанга жасаган жортуулдарынын натыйжасында, мурдагы күчтүү дуглат, чорос, каңгылы ж. б. моңгол уруулары көп адамдарынан жана байлыктарынан ажыраган. Алтайга көчүп кеткендери да болгон. Борбордук Теңир-Тоонун, Ысык-Көлдүн айланасы жана Иле дарыясынын өрөөнү элсиз калган. Моголстандын чыгыш тарабында, Алтайда жана Жунгарияда жашаган кыргыздар акырындап бош калган жерлерди ээлеп, көчүп келе баштаган жана Темирден талкаланган могол урууларынын калдыктарын бириктирип, баш ийдириш-



Баймурат-Черик.

кен. Мухаммед Хайдар (1499–1551-жж.) «Тарихи-и Рашиди» (Рашиддердин тарыхы) деген эмгегинде белгилегендей эр жүрөк **Баймурат-Черик** жетектеген кыргыздар согушчандыгы жана чыдамдуулугу менен даңазаланып, *«Моголстандын токой арстандары»* деген ардактуу атакка ээ болушкан.

XIV к. аягы – XV к. башында Моголстанда бийлик үчүн ич ара согуштар кайра башталган. Бул же тигил марионет ханды такка отургузууда Мангалай-Субе (Чыгыш Түркстан) улусунун дуглат уруусунун феодалдык тобу чечүүчү ролду ойногон. Алар тынч жашоого аракеттенген. Бирок Амир Темир Моголстандын башкаруучуларына анча ишене бербеген. 1399-ж. Темир небереси Искендерди Мангалай-Субеге жортуулга жөнөткөн. Ал өрөөндү ырайымсыздык менен бүлгүнгө учураткан. Ал жердеги кыргыздар Искендерге каршылык көрсөтүшкөн. Теңир-тоолук кыргыздар самаркандыктардын да, Моголстандын да бийлигин таанышкан эмес. Улукбек 1425-ж. Түндүк Теңир-Тоого басып кирген. Душмандын кол салуусуна Таласта жашаган кыргыз, моңгол уруулары биринчилерден болуп учураган. Душмандын кысымынан алар мурда Камар ад-Дин, кийин анын уулу Жакан шах башкарган улуска качып кетишкен. Жакан шах кыргыз урууларынын башчылары менен шериктешип, душманга сокку берүүнү чечет. Бирок Чүй өрөөнүндөгү салгылашууда алар Улукбектен катуу жеңилип калышат. Теңир-Тоолук кыргыздар жеңилишкени менен, багынышкан эмес. Улукбектин бул жортуулу максатына (Моголстанды башкаруу) жеткен эмес, ага олжо жана туткундар менен гана канааттанууга туура келген.

Моголстандын тарыхынын кийинки мезгили эки феодалдык топтун күрөшүнө таандык. Такты үчүн өз ара кармашкан бир туугандар Эсен-Бука жана Жунус дегендер болгон (Вайс хандын балдары). Бул күрөштө Эсен-Бука жеңип чыгат, бирок реалдуу бийликке ээ болгон эмес. Кыргыз урууларынын башчылары өздөрүнө тиешелүү аймакта өздөрүн көз каранды эмес сезишкен.

XV к. 50–60-жж. аягында Теңир-Тоого Жаныбек жана Гирей Султандар башында турган казак уруулары массалык түрдө Дашти-Кыпчактан көчүп келе баштаган. Чүй жана Талас өрөөнүнө жайгашкан казактардын саны 200 миңден ашкан. Алардын көчүп келишине каршы турууга Эсен-Буканын күчү жеткен эмес. Бирок Эсен-Бука алардын күчүн Моголстандын батыштагы жана чыгыштагы душмандарына каршы пайдаланууга аракеттенген. Көчүп келген казактар менен кыргыздар ынтымакта болушкан.

XV к. 70-жж. башында Моголстандагы чыр-чатактар убактылуу басаңдаган. Бул Жуңгарияда ойрот-монголдор түзгөн күчтүү мамлекеттин 300 миңден ашуун аскерлеринин Орто Азияга жана Казакстанга басып кирүүсү менен байланышкан. Убактылуу биригишкен могол феодалдары Жунусту башчы кылып көтөрүшөт. Ал ойрот (калмак) князы Амасанчы-Тайша башчылык кылган ойрот аскерлерине каршы сокку берүүнү чечет. Иле дарыясындагы кандуу салгылашта моголдор жеңилет. Жунус аскерлеринин калдыктарын жана өзүнө караган бир нече могол урууларын Фергана өрөөнүнө көчүрүп кетет. Ойрот-моңголдор көп өтпөй өз жерлерине кайтып кетишкен. Ошол учурда Түндүк Кыргызстандын аймагында очогу кыргыздар болгон жаңы уруу бирикмеси түзүлгөн (XV к. 80-жж.). Жаңыдан түзүлгөн мамлекетке кадыр-барк берүү үчүн такка Жунустун экинчи уулу Ахмедди көтөрүшөт. Хандыкка Чыңгыз тукумунан чыккандарды көтөрүү ал мезгилде маанилүү саясий шарт болчу.

Ошентип, XV к. аяк ченинде Моголстандын аймагында эки саясий бирикме – эки мамлекет түзүлгөн. Биринчиси – Чыгыш Түркстанды ээлеген Жунус хандын негизги могол уруусу, экинчиси – Түндүк Кыргызстанда жашаган кыргыз уруулары, т. а. Камар ад-Диндин уруусу. Аны кийин Ахмед хандын уулу Халил Султан башкарып калган. Ошол мезгилдин тарыхчылары аны «Кыргыз падышасы» деп аташкан. Ахмед хандын учурунда кыргыз урууларынын башчыларынын колдоосу менен мамлекеттин кадыр-баркы бир топ жогорулаган. Ал калмактардын басып кирүүсүн токтотуп, Кашкарга бир нече басып алуучулук жортуулдарды жасап, Орто Азиядагы өзбек ханы Мухаммед Шейбанинин агрессивдүү иштерине каршылык көрсөткөн. Ахмед хандын жүргүзгөн ички жана тышкы саясатынын натыйжасында кыргыздар моголдор менен шейбанилердин агрессиясынын мизин кайтарып, Түркстан элдеринин ичинен саясий ролу бир топ өскөн. Бул мезгилде кыргыз уруулары бириге баштайт. Мына ошентип, кыргыз элинин биротоло калыптануу, мамлекеттүүлүк үчүн активдүү күрөшүү доору башталган эле.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМА:

1. Моголстан мамлекети жөнүндө айтып бергиле.
2. Амир Темир кандайча бийликке келди эле?
3. Амир Темирдин Моголстанга жасаган жортуулдары жөнүндө эмнелерди билесиңер?
4. Кыргыз жоокерлери көз карандысыздык үчүн кандайча күрөшкөн?
5. Баймурат-Черик деген ким болгон?

## §§ 18–19. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛЫПТАНЫП БҮТҮШҮ

**Этнос жөнүндө жалпы түшүнүк**

Күндөлүк турмушубузда этнос, эл, уруу деген терминдерди көп колдонобуз. Көпчүлүк учурларда бул сөздөрдүн маанисине терең баа бербей, чаташтырып, кээде бул түшүнүктөрдү бири-бири менен алмаштырып жиберген учурлар да кездешет. Этнос (бул терминдин кыска маанисинде) тарыхый жактан белгилүү бир территорияда калыптанган адамдардын биргелешкен, жалпы өзгөчөлүккө ээ, ошону менен бирге стабилдүү маданий айырмачылыгы (тили да), кулк-мүнөзү, аң-сезими боюнча элдин башка тобунан айырмаланган, тактап айтканда, уруу, эл, улут болуп тарыхый калыптанган элдин туруктуу бир тобун түшүндүрөт.

Уруу, эл, улут – өнүгүүнүн тарыхый формасында ар түрдүү баскычка өтүп туруучу адамдардын жалпылыгы. «Эл» деген түшүнүк көп учурларда анын келип чыгуу себебин тарыхый доорго жеткилең маани бербестен пайдаланылууда. Көпчүлүк учурларда «кыргыз эли» деген түшүнүктү анын мурдагы мааниси боюнча уруу катары кабыл алабыз. Кыргыз тилинде «эл» уруу катары жана улут катары айтыла берет. «Эл» деген түшүнүктө байыркы этностук жалпылык эске алынышы мүмкүн. Мына ушундан улам көпчүлүк басылмаларда чаташуулар, бир түшүнүк экинчи бир түшүнүк менен алмашкан учурлар кездешет. Чындыгында, эл – белгилүү бир аймакты ээлеген, экономикалык, тилдик, маданий жалпылыгы бар уруулардан калыптанган адамдардын тарыхый жалпылыгы. Элдер ар түрдүү тарыхый доордо – кул ээлөөчүлүктөн тартып азыркы мезгилге чейин калыптанууда. Ошондой эле ар бир конкреттүү эл өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша келип чыгат. Ошондуктан ар бирөөнү өзүнчө кароо керек. Кыргыз элинин теги, жаралуу тарыхы да өзгөчөлүккө ээ.

Ар бир элдин этногенези тарыхый татаал процессти камтыйт, ал өзүнөн өзү эле өнүккөн эмес, белгилүү бир полиэтностук чөйрөдө, жаңыча этностук компоненттердин тынымсыз агымынын кырдаалында, же болбосо өз ара аралашуусунун натыйжасында калыптанган. Калыптанган этносту кенен түшүнүк катары же динамикалуу, өнүгүп-өөрчүп туруучу система катары кароо зарыл. Бүгүнкү күндө этнологдордун алдында татаал проблемаларды, атап айтсак, жалпылыктын иерархиясын, типологиясын, маданияты менен психиканын ролун изилдөө милдети турат. Бул маселелерге бир жактуу бүтүм чыгарууга болбойт. Этностун калыптануусу тилдин, аң-сезимдин, турмуштиричиликтин, идеялык көз караштардын, жалпы чарбалык түзүлүштүн, территориянын жалпылыгына байланыштуу экендигин эске алуу зарыл.



Кыргыз элинин түзүлүшү байыркы орто кылымдардагы Саян–Алтай, Чыгыш Түркстан, Теңир-Тоодогу этностук процесстер менен тыгыз байланышта. Бул процесс кеминде эле беш кылымга созулуп, XVI к. аяктаган. Орто Азиядагы бул процесс түрк тилиндеги тектеш – өзбек, казак, түркмөн, кара калпак ж. б. элдердей эле бир эле мезгилде жүргөн. Көпчүлүк учурларда тигил же бул уруулар орто азиялык элдердин этностук компоненти болуп келген.

Уруулук түзүлүштө уруулар кээде мамлекетке биригишип, 3–4 муундун аралыгында кайрадан чачырап, узак мөөнөткө өкүм сүрө албаган. Мына ушуга байланыштуу этностор көп жолу өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

**Байыркы мезгилде жана орто кылымдардагы Борбордук Азиядагы, Теңир-тоодогу этностук процесстер**

Кыргыз элинин этностук тарыхы жөнүндө сөз кылуудан мурда, биз биринчи кезекте – байыркы кезде жана орто кылымдарда «кыргыз» деген терминдин маанисинде уруу, урууучулук түзүлүш жатканын, ал ар түрдүү мезгилде ар кандай топко биригип, кайрадан тарап, XVI к. гана территориялык, психологиялык, маданий, тилдик жалпылыгы түзүлгөн, эл катары калыптангандыгын эске алуубуз керек. Азыркы учурда кеңири белгилүү болгондой, «кыргыз» этноними – биздин күндөрдөгү түрк тилдүү элдердин эң байыркысы. «Кыргыз» этноними өзүнчө уруулардын (же уруулар тобунун) аталышы катары Чыгыш Түркстанда пайда болгондугун айттык. Жазуу булактарынын аздыгынан кыргыз элинин этногенезин изилдөө өтө кыйын болуп, археологиялык, антропологиялык, этнографиялык материалдар, кыргыз эпостору, кыргыз тилинин тарыхы боюнча иликтенген. Так ушул себептен улам окумуштуулар арасында: Кыргыз эли кантип, качан түзүлгөн? деген суроого бирдиктүү жооп жок. Илимде ондон ашуун ар түрдүү божомолдор бар. Аларды *үч негизги топко* бөлүп кароого болот. *Биринчиси*, кыргыз эли «Теңир-Тоого Енисейдин жогорку тарабынын (Миң-Өзөн ойдунунан) көчүп (миграция) келген» деген пикир. Ушул жобону биринчи жолу орус академиги Г. Ф. Миллер (1705–1783-жж.) «История Сибири» («Сибирь тарыхы») деген эмгегинде жазган. Бул божомолду азыркыга чейин колдоп келгендер бар. «Кыргыз» этноними б. з. ч. 1-миң жылдыктын экинчи жарымында пайда болуп, IX–X кк. Борбордук Азияда Енисейден Байкал, Алтайга чейин кеңири тараган. Кийинчерээк кыргыздар Теңир-Тоо тарапка көчүп, XVI к. биротоло калыптанган элге айланган.

Бул өтө татаал, чаташкан маселени бир мааниде чечүүгө мүмкүн эмес, ошондуктан окумуштуулар көп жылдардан бери ар түрдүү илимий божомолдор менен баш катырып келе жатышат. Чыгышты үйрөнүү боюнча советтик окумуштуу Л. Н. Гу-

милёв: *«Бир ата-бабадан чыккан этнос жок, болгон эмес жана болууга да мүмкүн эмес. Бардык адамдардын атасы менен энеси болгондой эле бардык этностун эки же андан көп ата-бабасы болот»*, – деп бекеринен айтпаган.

Ошентип, этнос деген – өзүнүн тарыхый өнүп-өсүшүндө урук, уруу, эл, улут сыяктуу түшүнүктөр аркылуу көрсөтүлгөн адамдардын жалпылыгынын бир түрү.

Кыргыз тилинде алардын бардыгы «эл» (уруу, уруу союзу, урук, эл) деген бир гана түшүнүктү берет. Мына ушундан улам бир түшүнүк (мисалы, эл) экинчи бир түшүнүккө (урук, уруу) өтүп кетет да көп учурларда чаташуулар келип чыгат. Натыйжада авторлор ар башка түшүнүктөр жөнүндө сөз кылышат, бирок алар бир термин аркылуу айтылып, маселени ого бетер чаташтырып жиберет. «Кыргыз» деген этнонимдин өзү адегенде урукту, урууну, андан соң кыргыздардын уруу союзун, Енисей кыргыздарынын мамлекетин билдирип, алардан кийин гана жогорудагылардан бир катар кенен түшүнүктөгү, белгилүү бир аймакта жашаган, экономикасы, тили, маданияты бир кыргыз эли деген тарыхый жалпылыкты түшүндүргөн. Ошону менен бирге кыргыз этносу башка элдерди өзүнө сиңирип, ассимиляциялап олтуруп, өзүнүн генофондун жана менталитетин калыптаган. Хронологиялык жактан бул процесс б. з. ч. 1-миң жылдыктан б. з. 2-миң жылдыгынын ортосуна чейин созулган. Бул пикирди өз кезегинде В. В. Радлов, А. Н. Бернштам андан ары тереңдетүүгө аракет кылган.

XIX к. бири бирине көз каранды эмес илимпоздор Ч. Ч. Валиханов, Н. Я. Бичурин, Н. А. Аристов «кыргыздар эч жактан келбестен, байыртадан эле Теңир-Тоодо жашаган уруулардын негизинде калыптанган» деген пикирди айтышкан. Бул *экинчи көз караш*, ал ырааттуу түрдө «Кыргыз ССР тарыхынын» бир нече басылыштарында баяндалган. *Үчүнчү божомол* азыркы илимде кеңири таркаган. Ал 1956-ж. Фрунзе шаарында өткөн кыргыз элинин этногенези боюнча бүткүл союздук илимий-практикалык конференцияда иштелип чыккан. СССР Илимдер академиясынын, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын, союздук республикалардын көрүнүктүү илимпоздорунун пикир алмашуусунун натыйжасында төмөндөгүдөй бүтүм чыгарылган: «Кыргыз эли, анын маданияты ... кеминде эки этностук Борбордук Азия жана жергиликтүү Орто Азиялык элементтердин байланышынын аркасында келип чыккан... Кыргыз этногенезинин эң бир түйүндүү учурлары б. з. 1-миң жылдыгындагы окуяларга туш келет. Бул доордо Кыргызстандын аймагына Чыгыштан азыркы кыргыздардын ата-бабалары келип кошулат. Алар бул мезгилде ага чейин калыптанып калган кыргыз тилинде пикир алышышкан». Сессиянын катышуучулары кыргыз элинин



**Шумер-кыргыз-орусча сөздөрү**

| Шумер сөздөрү | Кыргыз сөздөрү | Орусча котормосу | Шумер сөздөрү | Кыргыз сөздөрү | Орусча котормосу |
|---|---|---|---|---|---|
| Аз | аз | мало | Жаз | жаз | писать |
| Ава | аба | старший брат | Жюн | жүн | шерсть |
| Ме | мен | я | Жол | жол | дорога |
| Не | не (эмне) | что | Жыр | ыр | песня |
| Ер | эр | воин, мужчина | Жарым | жарым | половина |
| Ту | туу | родить | Чолпан | чолпон | звезда |
| Үш | уч | три | Чибин | чымын | муха |
| Уд | от | огонь | Кур | кур | сооружать |
| Узук | узун | длинный | Кан | кан | кровь |
| Ешик | эшик | дверь | Сан | сан | число |
| Аур | оор | тяжесть | Икка | эки | два |
| Жау | жоо | враг | Буз | буз | ломать |
| Жер | жер | земля | Юз | үз | рвать |
| Кал | кал | оставаться | Алты | алты | шесть |
| Кыз | кыз | девушка | Ел | өл | умри |
| Куш | куш | птица | Сен | сен | ты |
| Жарык | жарык | светло | Сок | сок | бей |

негизги түйүлдүгүн же болбосо анын негизги этностук компоненттеринин бири катары борбордук азиялыктарды эсептегенин белгилей кетүү керек. Кыргыздардын этностук түйүлдүгүнүн чордону борбордук азиялыктардан таркагандыгы жөнүндө маселе али да болсо терең изилденбеген бойдон калууда. Бул маселени бир топ окумуштуулар (Л. П. Потапов, К. И. Петров, Ө. К. Караев, Ю. С. Худяков, А. М. Мокеев, С. Г. Кляшторный, М. Б. Жамгырчинов, В. П. Мокрынин, И. Б. Молдобаев жана башкалар) изилдешкен, бирок дале талаш бойдон калууда.

Кыргыз элинин тегин дүйнөдө мындан 5-миң жыл мурун мамлекет түзгөн, арийлердин тукуму деп эсептелген шумерлер менен байланыштырган пикирлер да бар. Алар байыркы шумерлердин айрым сөздөрүнүн, ал тургай бүтүндөй сүйлөмдөрүнүн кыргыздын сөздөрүнө окшош экендигине, кыргыздардын канында арийлердин генинин көбүрөөк сакталгандыгы жөнүндөгү далилдерге таянышат. Бул пикир да көңүл буруп изилдөөгө татыктуу.

Бул өңдүү салыштыруулары уланта берсе болот. Окумуштуулар байыркы шумерлердин шынаа сымал жазуулары менен байыркы кыргыздардын Орхон-Енисей жазууларынын ортосундагы окшоштуктарды да белгилешет. Байыркы шумерлер менен кыргыздардын сөздөрүндөгү жана тамгаларындагы окшоштуктар кыргыз элинин дүйнөдөгү эң байыркы элдерден экендигин айгинелеп турат.

Илимий маалыматтар боюнча байыркы шумерлерде да кыргыздар сыяктуу акындык, төкмөчүлүк жана айтыш өнөр болгон. Кыргыздардай өздөрүнүн эпосун жараткан. Алардын «Гилгамеш» эпосунда шумерлер Эки дарыя аралыгына көчүп келгенге чейин азыркы Кыргызстандын түндүгүндө Ысык-Көлдүн жээгинде жашагандыгы жөнүндө маалыматтар айтылат. Шумерлер да адам өлгөндө өкүргөн, жылкы союп аш берген. Өлгөн адамдын аялы бетин тытып, кара кийген, кошок кошкон, майрамдарда болсо жарамазан сыяктуу каалоо-тилек ырларды аткарышкан.

Байыркы шумерлер менен байыркы кыргыздардын тектеш экендигин далилдөө кыргыз элинин тарыхын дагы бир нече миң жылга узартууга мүмкүндүк бермек. Бул үчүн тарыхчылардын, археологдордун, этнографтардын жана тилчилердин, ошондой эле генетиктердин биргелешкен аракеттери зарыл. Анткени, кийинки учурда генетик окумуштуулар кыргыздар Алтай менен Саянда жана Теңир-Тоодо Андронов маданиятын негиздеген арий урууларынын түздөн-түз урпактары болот деген гипотезаны далилдөөгө аракет жасашууда.

Кыргыз элинин тарыхы тээ түпкүргө кетери шексиз. Ал жөнүндө жазма маалыматтар азырынча кездеше элек. Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин байыркысы катары кыргыздар б. з. ч. III к. кытай элинин жазма булагында эскерилгени анык чындык.

Кыргыздар алгач Чыгыш Түркстанда болжолдуу түрдө Манас суусу агып өткөн өрөөндө жашап, кийин Миң-Өзөн ойдунундагы Енисей дарыясына көчүшкөн. Бул жерде кыргыздар европеоид динлиндерди багындырып, аларды өздөрүнө сиңирип алган. Миң-Өзөн ойдунундагы этномаданий процесстер археологиялык материалдарда кеңири учурайт. Таштык маданияты деп аталган мезгилдин акыркы этабында (III–V кк.) Борбордук Азия тегинин элементтери кыргыз элинин көчүп келиши аркылуу сакталган. III–V кк. жергиликтүү жана көчүп келген этностук компоненттер бир маданий катмарга – Енисей кыргыздарынын маданиятына бириккен.

Мына ошентип, жазуу жана археологиялык булактарга караганда, кыргыз этнонимин алып жүргөн уруу өзүнүн тарыхый алгачкы этабында татаал этномаданий байланышка кирген. Буга кыргыздар менен европеоид динлиндеринин кошулушу негиз болгон. Хунн тамырындагы кээ бир уруулар да Енисейге кыргыздардан кийин көчүп келген. Кийинчерээк алар кыргыздарга биротоло баш ийип калган. VI–VII кк. Енисей кыргыздарынын этностук тарыхы жазуу булактарында кездешпейт.

Кыргыз мамлекети татаал этномаданий жалпылыкты алып жүргөн. Ал этнос кыргыздардан жана ага баш ийген бир катар уруулардан турган. Ошол мезгилдеги кыргыздардын чачы сары, көзү көк болуп, кызыл жүздүү келген. Кыргыздарга баш ийген кыштым уруулары кыргыздардан тили, маданияты менен айырмаланган. Археологиялык материалдарга караганда VI–VII кк. кыргыз маданияты таштык маданиятынын салтында да өнүккөн, тактап айтканда, ошол мезгилде кыргыздар өзүнүн маданиятын башка байыркы түрк дүйнөсүнөн обочолоп сактап калган. Абал VII к. башында кескин өзгөрөт. Ошол мезгилден тартып Алтай түрктөрүнүн маданиятынын таасири күчтүү сезиле баштайт. Ал сөөк коюу жөрөлгөлөрүндө, курмандык чалууда даана байкалат. Енисей кыргыздарынын арасында Түрк кагандыгынын бир бөлүгү отуруктакшкан. Бул өзгөрүүлөр түрктөр, түргөштөр, карлуктар, чиктер жана башка байыркы түрк элдеринин ортосундагы ар кандай алака-катышты чагылдырган жазуу булактарында сакталып калган. Енисейлик кыргыздардын ак сөөктөрү түрк, түргөштөр менен династиялык никелешкен. Түрк-кыргыз этностук биригүүсү кыргыздардын экинчи түрк кагандыгына (711–730-жж.) баш ийгенге чейин кадимки эле турмуштук көрүнүшкө айланган. Кийинчерээк Миң-Өзөн түрктөрү кыргыздардын арасына кеңири сиңип кеткен.

Кыргыздардын активдүү этностук байланышы Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн доорунда (IX–X кк.) жогорку чекке жеткен. Уйгурларды талкалап, Борбордук Азияны ээлеген кыргыздардын аскер колдору туш тарапка жортуулдарды жасаган. Басып алган жерлерге кыргыздардын бир бөлүгү отуруктакшып, жергиликтүү этностук топтор менен аралашкан.

Карлуктар, чигилдер жана йагмалар Жети-Суу аймагында жергиликтүү урууларды бир кыйла кысып, жакшы жайыттарын тартып алышкан. XI–X кк. Карлук биримдигиндеги уруулардын өкүлдөрү да отуруктакшууга өтөт. Буга Йагма, Жикил, Карлук шаарларынын тарыхы күбө.

Карахандар доорунда Жети-Суу менен Теңир-Тоо бир жарым миң жылдык маданияты бар Борбордук Азиянын жана Чыгыш Түркстандын таасиринде калат. Бул аймактарда жаңы дин – ислам орнойт. Ошол себептүү регион мусулман дүйнөсүнүн бир бөлүгүнө айланат. XI к. ортосунда Махмуд Кашкары жазгандай, отуруктакшкан маданияттын негизги өкүлдөрү түрктөр болуп калган.

XII к. азыркы Кыргызстандын территориясына Чыгыштан кара-кытайлар, XIII к. башында наймандар басып кирет. Көрүнүп тургандай, XIII к. чейин азыркы Кыргызстандын аймагында жергиликтүү түрк компоненти өнүгүп, кийин биротоло кыргыз элинин катарына сиңип кеткен.

Этнографиялык, лингвистикалык, антропологиялык өзгөчөлүктөргө караганда азыркы кыргыздар маданий, материалдык салты, тили, сырткы келбети боюнча алтайлыктарга, хакастарга, тувалыктарга, казактарга, кара калпактарга жакын. Бул аталган элдердин чордону Енисейден Иртышка, Чыгыш Түркстанга чейинки тектештикке, этностук түзүлүшкө негизделген.

Ошондой болсо да, илимпоздор кыргыздар менен алтайлыктардын жакындыгын көп белгилешкен. Ал – элдин маданий, рухий салтынын, этностук компоненттердин, тилдин жакындыгы менен мүнөздөлөт. Кыргыз, алтай элдеринде окшош этностук топтор бар. Атап айтсак, мундуз, дөөлөс, кушчу, төрө, кочкор-мундуз, кара-тумак, бөрү, саруу, куба, кубат, кумач, алчы, элчиген, алакчын жана башкалар.

Белгилүү кыргыз тилчилери Б. М. Юнусалиев, И. А. Батманов, Б. Ө. Орузбаева алтай тили азыркы кыргыз тилине өтө жакын экендигин ырасташкан. Кыргыз тилинин тарыхын изилдеген Э. Р. Тенишев алтай доору кыргыз тилиндеги бурулуш мезгил деп эсептейт. Түрк тилдеринин жалпы бөлүнүшүндө кыргыз, казак, алтай тилдери бир топко кирет. Бул фактылар боюнча Теңир-Тоого көчүп келген кыргыздардын өзөгүн XV к. көп жылдар бою чогуу бир территорияда жашап келген алтайлыктар түзгөн. Ушундан улам профессор А. Мокеев кыргыздар Енисейден Тянь-Шанга түздөн-түз көчүп келген эмес, кыргыз элинин калыптанышында алтай мезгили (IX к. экинчи жарымы – XV к.) жатат. Кыргыздардын кушчу, мундуз, саруу, сарыбагыш, чоңбагыш ж. б. уруулары Алтай жана Иртыш дарыяларынын аймагында калыптанып, кийин Теңир-Тоого журт которгон деп эсептейт.

Кыргыз элинин этностук тарыхынын белгилүү адиси **С. М. Абрамзон** өзүнүн *«Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланышы»* деген китебинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келген:

1. Кыргыз элинин калыптануу процесси негизинен Чыгыш Теңир-Тоодо, Ички Теңир-Тоодо, ошондой эле Памир–Алай (ага караштуу Алтай, Иртыш, Чыгыш Түркстан) тоолуу областтарында өткөн.

2. XIV–XVII кк. калыптанган кыргыз элинин негизин:

а) түрк тилдүү жергиликтүү уруулар;

б) негизинен түрк тилдүү түштүк сибирдик, борбордук азиялык уруулардын көчүп келген тобу;

в) моңгол жана казак-ногой урууларынан чыккандар түзгөн.

Көпчүлүк окумуштуулар азыркы кыргыз элинин курамында Енисей компоненти бар экендигин танбайт. Чындыгында Енисей кыргыздары Теңир-Тоодогу кыргыз элинин калыптануу процессине катышкан. Эң башкысы – бул көп кырдуу процессти бурмалоону, кыргыз элинин Енисейден Теңир-Тоого көчүп келүүсүн механикалык түрдө кабыл алып, Енисей жөнүндө, кыргыздардын байыркы мекени тууралуу курулай элестете бербей, чыныгы мекени Теңир-Тоо экендигин унутпоо керек.

Бул процесс татаал, узак мезгил бою жүргөн, ошондуктан аны бир жактуу кароого болбойт. Маселени археолог, тарыхчы, чыгыш таануучу, антрополог, этнограф, лингвист-фольклорист жана башка тармактарда эмгектенген адистер менен гана чогуу чечүүгө болот. Кыргыз ССР тарыхынын (1984-ж.) 1-томунун авторлорунун (М. Б. Жамгырчинов, Ө. К. Караев, А. М. Мокеев, Ш. И. Петров, Б. Ө. Орузбаева, Э. Р. Тенишев) ойлору негизинен С. М. Абрамзондун көз карашына жакындашат.

**1994-жылдагы эл аралык конференциянын мааниси**

1994-ж. 23–24-сентябрда Бишкек шаарында «Кыргыздар жана Борбордук Азиядагы байыркы мезгилдеги жана орто кылымдардагы этногенетикалык, этномаданий процесстер» аттуу эл аралык илимий конференция болуп өткөн.

Бул конференция Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндөгү маселеге арналып, Кыргыз ССР Илимдер академиясы менен СССР Илимдер академиясы тарабынан 1956-ж. уюштурулган бириккен илимий сессиядан дээрлик 40 жылдан кийин өткөрүлдү. Бириккен сессия академик В. В. Бартольддун эмгектери менен башталган жана кийинчерээк кыргызстандык, россиялык илимпоз тарыхчылар, этнографтар, лингвисттер, археологдор жана искусствотаануучулар уланткан кыргыз элинин этногенезин, этностук тарыхын узак убакыттан берки изилдөөнүн жыйынтыгын чыгарган эле.

1960–80-жж. кыргыздардын жана Борбордук Азиянын башка элдеринин этногенези, этностук тарыхы боюнча жаңы археологиялык, антропологиялык, фольклордук материалдарды, жазуу жүзүндөгү маалыматтарды топтоо мезгили болгон. Алардын натыйжалары илимий конференциялардын, симпозиумдардын, талкуулардын алкагында, коллективдүү жана жекече жазылган монографияларда, ошондой эле диссертацияларда жыйынтыкталган. Бул эмгектерде ар түрдүү жана принциптүү жаңы ойлор, жоболор, салттуу маданиятынын калыптанышы боюнча окшош көз караштар жана ача пикирлер байкалды.

Кыргыз элинин этногенезинде Борбордук Азия компонентинин калыптануусунун эң байыркы этабында Теңир-Тоолук кыргыздардын Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдин түрк элдери, биринчи кезекте Енисей кыргыздарынын уруулары менен генетикалык жактан тектештиги (ага-тууганлык) басымдуулук кылгандыгынан кабар берген даректердин мааниси зор. Бул компоненттин өнүгүүсүнүн кийинки ортонку этабында кыргыздардын Енисейден Алтай менен Теңир-Тоого журт которуусунун мүнөзү жана убагы талаш-тартыш маселе экенине карабастан, кыргыздардын Алтайда (кеңири географиялык маанидe) жана Борбордук Азияда кеңири канат жайып жайгашуусу учурунда болуп өткөн этностук процесстер чечүүчү роль ойногону анык. Бул маселелердин биротоло чечилиши үчүн жаңы материалдардын болушу зарыл.




Кыргыз элинин теги *(санжыра боюнча).*

III–XII кк. Теңир-Тоонун чыгыш этегинде жергиликтүү эзелки кыргыз этносунун калыптануусу жүрөт. Ал өз ичине борбордук азиялык акыркы уруулардын пайда болушунан тартып, байыркы түрк урууларынын массалык түрдө жер ооп келүү жана аталган аймакта байыркы түрк мамлекетинин түзүлүшүнө чейинки мезгилди, Карахандар кагандыгынын калыптануу алкагында борбордук азиялык уруулардын жаңы толкунунун кийинки миграциясын камтыйт. Жазуу булактарынын жана археологиялык табылгалардын маалыматтары боюнча борбордук азиялык көчмөн түрк уруулардын миграциясынын жалпы агымына аралаш Чыгыш Теңир-Тоого Енисей кыргыздарынын айрым топтору көчүп келишкен. Бирок Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда бирдиктүү этностук калыптануу процессинин ыргагын монголдордун жортуулу үзгүлтүккө учураткан.

Көз караштардын бирине ылайык, кыргыз элинин калыптануусуна шарт түзгөн этностук процесстердин жандануусу XIII к. аягы – XIV к. туура келет. Кыргыз этносунун өнүгүү чордону Моголстандын түндүк бөлүгү, Алтай аймагы болгон. Бул аймактарда X – XI кк. эле Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн доорунда, Енисейден бул жакка ооп келген кимак-кыпчак жана кыргыз урууларынан турган этно-саясий топ түзүлгөн. Ошол алтайлык кыргыздар XV к. Теңир-Тоого журт которушкан жана аймакта орто кылымдарда калыптанган кыргыз элинин өзөгүн түзүшкөн.

Бир катар илимпоздор кыргыздарды Енисейден Теңир-Тоого IX–X кк. Моңголия жана Чыгыш Түркстан аркылуу келишкен деген пикирди айтышат. Кыргыздар адегенде Чыгыш Түркстандын тоолорунда топтолушуп, Тарим өрөөнүнүн бир бөлүгүн ээлешкен жана кийинчерээк азыркы Кыргызстандын аймагына жылышкан. Б. з. II миң жылдыгынын башынан тартып енисейлик жана теңир-тоолук кыргыздардын өз бетинче эки бөлөк этноско бөлүнүүсү жүргөн.

Конференциянын катышуучулары Кыргыз элинин калыптануусунун акыркы аяктоочу этабы Борбордук Теңир-Тоодо XV–XVI кк. анын эки негизги компонентинин Теңир-Тоонун чыгыш этегинин байыркы жана орто кылымдардагы уруу бирикмелеринин бул тарапка Түштүк Сибирден журт которуп келген кыргыз уруулары менен өз ара таасир көрсөтүүлөрүнүн узакка созулган процесстеринин жүрүшүндө болуп өткөндүгүн бир пикирден баса белгилешкен. Тарыхый маалыматтар боюнча мына ушул жерде, XV к. аягында, кыргыздардын этно-саясий структурасы – «оң канат» жана «сол канатка» бириккен уруулардын дуалдык уюшулушу кайрадан калыбына келген. Ушул структура келип чыккандан кийин гана кыргыздардын этногенезинин калыптануу процесси аяктайт.

Тянь-Шандык кыргыздар жер которуунун беш толкунунун натыйжасында калыптанып түзүлгөн деген пикир да бар. Бул пикир боюнча Енисейден келген кыргыздардын *биринчи толкуну* б. з. ч. I к., түндүк хунндардын Чжи-Чжи деген башкаруучусунун жетекчилиги астында жасаган согуштук жүрүшүнүн натыйжасында пайда болгон. Бул процесс б. з. I–II кк. уланган.

Кыргыздардын көчүп келүүсүнүн *экинчи толкуну* VI–VII кк., б. а. Кыргызстандын азыркы аймагына Түрк кагандыгынын аскерлери кол салган мезгилге туура келет.

Кыргыздардын *үчүнчү толкуну* IX к. аягы жана X к. башындагы Улуу Кыргыз кагандыгынын доорунда болуп өткөн. Кыргыз урууларынын *төртүнчү толкуну* Чыңгыз хандын аскерлеринин батышка жасаган жортуулдарына кошул-ташыл жүргөн. *Бешинчи,* сыягы, кыйла ири миграциялык толкун XVII к., Россия тарабынан башталган Түштүк Сибирди өздөштүрүүдөн кийин, Енисейдеги «Кыргыз жер бөлүгүн» Россиянын басып алуу саясатына байланыштуу болгон. Орустардын ал жактагы кыргыз жерлерин басып алуу аракети бир кылымдай аралыкта жүргөн. Ушул учурда Енисей кыргыздарынын бөлүктөрү Ала-Тоого келишкен. Бул пикир боюнча кыргыз урууларынын *экинчи – бешинчи* толкундары Тянь-Шандагы кыргыз элинин калыптанышынын негизин түзгөн.

«Манас» эпосунда кыргыздардын байыркы мекени жайгашкан, ээлеген жерлеринин аттары, географиялык чектери берилген. Ал боюнча кыргыздардын тарыхы, адегенде Алтайды, Борбордук Азиянын чыгыш тарабын мекендешиптир. Сагым-

бай Орозбак уулунун вариантындагы «Манастын» биринчи эле китебинде Алтай жөнүндө 54 жолу сөз болот.

Хан да болсо Эсенкан,
Кайгыланып туруптур,
Ата Жакып, түрк деп,
Ааламдан ашкан бай экен.
Жери Шыйкуу, Суушанда,
Алтай жакта жүрүптүр.
Калаасы Кара-Шаар болуп,
Жердеген экен ошондо.

Алтайдан көчүп келгенден кийин Манас жана анын эли азыркы Кыргызстандын аймагын жердеп калган. Демек, кыргыз элинин калыптанышы, анын жашоо-тиричилиги негизинен Алтайда, Енисейде, Иртышта, Борбордук Теңир-Тоодо, Ысык-Көлдө, Чүйдө, Таласта, Бадахшанда, Каратегинде, Ферганада ж. б. жерлерде өткөн. Ошондуктан кыргыз элинин түзүлүшүн үйрөнүүдө азыркы Кыргыз Республикасынын аймагы менен гана чектелбеш керек.

Кыргыз тили, анын өзгөчөлүгү, диалекттери негизинен IX–XIV кк. калыптанып бүткөн. Бул жыйынтыкты академик Б. М. Юнусалиевдин илимий эмгектери да ырастайт. Ушул мезгилде кыргыз эли да калыптанып бүткөн десек туура болот. «Манас» эпосу кыргыз тилинде жаралган, ушул эле тилде айтылып келатат. Эпостун сюжеттери, мазмуну, сөз байлыгы ж. у. с. да ушул корутундуну ырастайт.

Эпосто кыргыз элинин үрп-адаттары, көчмөн турмушу, элдик оюндар, музыкалык аспаптар, кыргыздардын кулк-мүнөзү, ички дүйнөсү жана башкалары жакшы берилген. Ошондой эле кыргыздардын мамлекети, межилиси жөнүндө сөз козголот.

Конференция маалында байкалгандай, алигиче кыргыз элинин калыптанышы жаатында бирдиктүү көз караш жок. Түштүк Сибирь жана борбордук азиялык компоненттин ролу, жер которуу жолдору менен убагы сыяктуу эле кыргыз элинин этногенезинде жергиликтүү орто азиялык компоненттин салыштырма салмагы боюнча да олуттуу пикир келишпестиктер бар.

Кыргыздардын түштүк сибирдик жана борбордук азиялык түрк элдери менен тилдик, фольклордук жана этнографиялык байланыштары жетиштүү деңгээлде изилдене элек. Талаш-тартыш маселелерди талкуулоодо антропологиялык материалдар өтө эле аз пайдаланылган. Чыгыш авторлорунун тарыхый жана биографиялык чыгармаларынын тексттери басмадан басылбаган, изилдөөчүлөрдүн колуна тийбеген бойдон кала берүүдө.

Эгемендүүлүк жылдарында кыргыздардын этногенези боюнча маанилүү китептер жарык көрдү. Мисалы, профессор Э. Маанаев кыргыз элинин калыптанышында төмөнкүдөй үч баскычты көрсөтөт:

1. Б. з. ч. III – б. з. X кк. (байыркы доор);
2. XI–XVI кк. (орто кылымдардагы мезгил);
3. XVII–XIX кк. (сонку мезгил. Кыргыз элинин калыптанып бүтүшү).

Профессор А. Мокеев болсо кыргыз элинин IX–XVIII кылымдардын аралыгында этникалык тарыхында алтайлык (IX–XV кк.) жана тянь-шандык баскычтары болгон деп эсептейт.

Ар кандай себептерге байланыштуу кыргыздардын этногенезинде борбордук азиялык компоненттин ролу боюнча бирдиктүү көз караштын калыптанышы жана ушул проблема менен байланыштуу маселелердин бардыгын чечүү азырынча кыйын. Ийине жеткизилген жана жалпыга жаккан, колдоого алынган концепцияны түзүү үчүн узакка созулуучу иликтөө жана аналитикалык иш, ар тараптуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлүшү зарыл.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Этнос» дегенди кандайча түшүндүнөр?
2. Кыргыз элинин калыптанышы жөнүндө кандай пикирлер бар?
3. Кыргыз элинин тегин байыркы шумерлер менен байланыштырууга болобу?
4. Окумуштуу С. Абрамзондун кыргыз элинин калыптанышы жөнүндөгү пикирине көңүл бургула?
5. 1994-ж. эл аралык конференция кыргыз элинин калыптанышы боюнча кандай бүтүмгө келген?

## §§ 20 – 21. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОҢШУ ЭЛДЕР МЕНЕН МАМИЛЕСИ (XV к. – XIX к. биринчи жарымы)

**Мухаммед Кыргыздын (Тагай бийдин) кыргыздарды бириктириши**

XV–XIX кк. кыргыздар өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн күрөшүн уланткан. Ошол мезгилде Орто Азияда, Моголстанда жана Казакстанда олуттуу саясий окуялар болуп өткөн. XV к. тартып, Ала-Тоонун аймагы Кыргызстан катары туруктуу саясий-мамлекеттик аталышка ээ боло баштаган. Ушул мезгилден баштап кыргыздардын уруу башчылары моголдорго баш ийбей, иш жүзүндө өз аймагын башкарууну өз колдоруна ала башташкан. Казакстандын батыш тарабында калааларда жашаган көчмөн өзбектердин ордолору Амир Темир негиздеген мамлекеттин алсыраганынан пайдаланып, ага кол салып, толук ээлеп алыш-

**Мухаммед Кыргыз** (санжырада Тагай бий деп айтылат) азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыз урууларынын оң жана сол канаттарын биринчи болуп бириктирип, бекемдеген. Ал 1508-ж. ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ал ислам динин кабыл алган. Ушундан кийин ага Мухаммед Кыргыз деген ысым ыйгарылган. Ал кыргыз урууларынын биригишинин келечегин көрө билип, тышкы алаканы да ошого ыңгайлаштырган. Могол хандары Кыргызстанды жана Казакстандын түштүк-чыгыш аймактарын басып алууга аракеттенип жатканда Мухаммед Кыргыз аларга каршы өзүнө ишенимдүү союздаш боло турган казак султандары менен ымала түзө баштайт. Ошондуктан Сыр-Дарыянын жээгиндеги шаарларды, ошондой эл Орто Азиянын отурукташкан аймактарын ээлеп алууга аракеттенген. Шейбанилерге каршы аттанган казак султандарынын жортуулдарына кыргыздар Мухамед Кыргыздын жетекчилиги менен активдүү катышат. Кыргыз кошуундары Түркстан, Сайрам, Ташкен, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Бул жортуул өзүнүн душманы Шейбанилерге каршы багытталгандыктан, моголдордун ханы Саид-хан Мухаммед Кыргызды колдогон.



Мухаммед Кыргыз.
(Тагай бий)

Түркстанга жортуулдун убагында Мухаммед Кыргыз өзбектердин ханзаадасы Кучкунчи хандын уулу Абдулланы колго түшүрүп алып, кайра бошотуп жиберген. Ушундан улам Саид хан кыргыздар Шейбанилер менен мамиле түзгөн атасынар деген шылтоо менен, кыргыздарды чаап алуу үчүн 1517-ж. басып кирген. Анда Мухаммеддин ордосу Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү Барскон деген жерде болгон. Кармашта кыргыздардын колу талкаланып, Мухаммед колго түшөт, аны Кашкарга алып кетишет. Бирок ал абакта көпкө деле кармалган жок. Саясий абалды салмактап туруп, Саид хан аны 1518-ж. бошотуп, 1522-ж. өзүнүн уулу Рашиддин көзөмөлү менен мекенине жөнөтүп жиберет. Ала-Тоо аймагына келгенден кийин Мухаммед кайрадан кыргыз урууларына башчы болуп, моголдорго каршы ого бетер күч топтой баштайт. 1524-ж. кыргыздардын жергесине (Кочкорго) казактардын ханы Тахир келет. Мухаммед аны менен моголдорго каршы ымала түзөт. Аны билип калып, Султан Саид 1525-ж. Мухаммедди кармагып, Кашкарга алдырат, ал жерде ал хан өлгөнгө чейин (1533-ж.) болот. Мухаммед Кыргыз 14 жыл чет жерде камакта болгону менен эли менен байланышын үзбөй, көздөгөн максатынан баш тарткан эмес.

---

кан. Алтын Ордонун чыгыш тарабындагы көчмөн уруулар XV–XVI кк. Өзбек хандын атынан улам «Өзбек» деген ат менен белгилүү болушкан. Шейбани хандын колун түзгөн көчмөн өзбектер Амир Темирдин урпактарынан бийликти тартып алган.

Амир Темирдин урпагы **Захириддин Бабур (1483–1530-жж.)** өзбек көчмөндөрүнө башкалардан көбүрөөк каршылык көрсөткөн. Чагатайлардын акыркы тукуму Бабур Кыргыз падышасы деп аталган Ахмет Алача хандын жээни болгон. Таяке-жээндин ымаласы ысык эле. Бабур Оштогу Сулайман тоосуна чакан үй курдурган. Ал үй бүгүнкү күндө да зыярат жайы болуп саналат. Ал ошол үйдө ыр, аңгеме жазып, эс алуучу экен. Өз мезгилинде ал акылман, ойчул, тарыхчы, ар кыл өнөрлүү, жогорку билимдүү киши болгон. Ошону менен бирге кыраакы жоокер, мыкты аскер башчы эле.

Бабур көчмөн өзбектер менен кармашып, аларды нечен ирет жеңип чыккан. Самарканд нечен жолу колдон колго өтүп, акыры 1504-ж. өзбектер Бабурду жеңип, биротоло кууп салышат. Ал Ысар (Гисар) тоолору аркылуу Афганстанга (Кабулга) кетет. Ал жакка анын артынан Орто Азиянын ар бурчунан өзбектердин Шейбани бийлигине кызмат өтөөнү каалабагандардын баары келе берген. Күч топтоп алып, Бабур Кабулдан Түндүк-Батыш Индияга (1510-ж. баштап) жортуул жасап, акыры жеңишке жетишип, ал жерде (1526-ж.) Улуу Моголдор империясын негиздеген. Бабур 1493–1529-жж. окуяларды камтыган мемуардык «Бабур-наама» деген китеп жазган. Бул китепте Бабурдун өмүр баяны, Орто Азиядагы, Афганстандагы, Түндүк Индиядагы тарыхый окуялар жөнүндө чындык жымсалданбай ачык жазылган. Мында Кыргызстандын саясий тарыхына байланыштуу маанилүү маалыматтар да бар. Андан тышкары Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймагын мекендеген кыргыз уруулары туралуу айтылат. Моголстан мамлекетинде ханзаадалардын ортосунда так талашуу күч алат. Ушул учурда Моголстандын түндүк тарабын кыргыздар ээлеп алат. Мухаммед Хайдар «Кыргыздардын айынан Моголстанда моголдордон бир да жан калган эмес» деп жазган. 1514-ж. могол хандарынын бири Султан Саид хан Кашкарды басып алып, мырза Абу-Бекрдин бийлигин жок кылган. Бул күрөштө ага Мухаммед Кыргыз зор кызмат көрсөткөн.



Сулайман тоосундагы
Бабурдун үйү.

Ички ырк кетүүдөн жана тышкы душмандардын кесепетинен ыдырай баштаган, Моголстандын аргасы түгөнгөн кезде Мухаммед Кыргыз кыргыз урууларынын башын бириктирген. Ал кыргыз уруулары менен уруктарынын биргелешкен күчтөрүн чыңдоого, кыргыздардын этностук аң-сезиминин өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Ошентип, могол хандарынын Түндүк Кыргызстанды ээлеп алууга жасаган аракеттери ишке ашкан эмес. Кыргыздар казактар менен биргелешип, өз эркиндигин коргой алышкан. Султан Саиддин мураскери Абд ар-Рашид (1533–1560-жж.) Шейбанилер менен бирге кыргыздарга жана казактарга каршы бир нече жортуул жасайт. Бирде жеңип, бирде жеңилген кыргыз-казак кошуунун Хак-Назар (Касымдын уулу, Тахирдин иниси) башкарган. Андан кийин казактардын колун Тахирдин бир тууганы Буйдаш хан башкарат (1560-ж. чейин).

Орто Азияга 1558-ж. келген англиялык саясатчы А. Женкинсон ошол убакта казактар Ташкенге, кыргыздар Кашкарга кайрадан коркунуч туудуруп жатат деп укканын жазган. Чынында эле Абд ар-Рашиддин мураскери Абд ал-Карим хандын тушунда (1560–1591-жж.) могол төбөлдөрү кыргыз аймактарына катылуудан баш тартышкан. А бирок кыргыз уруулары казак ханы Тахирдин, Ташкен, Анжиян, Сайрам, Түркстан ж. б. шаарларына жасаган жортуулдарына активдүү катышып турган. Тахирдин Ташкенге жана Ферганага (Шейбани Султан Мукамбет ханга) каршы согушкан 200 миң аскерлеринин көбүн кыргыздар түзгөн деген маалымат бар.

Казак хандыгы менен ымаланы негизинен түндүк кыргыз урууларынын төбөлдөрү түзсө, ошол эле мезгилде түштүк кыргыз урууларынын башчылары Шейбанилер менен жакшы мамиледе болушкан. Жалпы жонунан кыргыздардын жана казактардын могол жана шейбани феодалдары менен жүз жылдап тирешүүсү биринчилердин пайдасына аяктаган.

Ошентип, узакка созулган кармашта кыргыздар могол феодалдары менен алардын союздашы шейбанилердин агрессиянын мизин кайтарып өздөрүнүн көз карандысыздыгын сактап калган.

XVI к. аягы – XVII к. башталышында Бухарада Шейбанилердин бийлиги кулап, Аштарханилер бийликке келген. Аштарханилер династиясынын (1599–1767-жж.) тарыхы өзбек урууларынын, кара калпак, казак, калмактардын саясий күрөштөрү менен тыгыз байланыштуу. Династиянын саясий иштерине кыргыз уруу төбөлдөрү да катышкан. Өзгөчө казак ханы Тобокелдин тегерегине топтолгон кыргыз жана казак урууларынын саясий аскердик биримдигинин кубаты күчөгөн. Тобокел хан кыргыздардын жардамы менен 1598-ж. кыска убакыттын ичинде Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги бардык шаарларды каратып, Самарканд менен Бухараны көздөй жөнөйт. Бухаранын жаңы башкаруучулары Аштарханилер кыргыз-казак аскерлеринин кысымынан араңдан зорго токтотушат. Аштарханилердин алгачкы хандары Бакы Мухаммеддин (1603-ж.) жана Вали-Мухаммеддин (1606–1610-жж.) жортуулдары ордунан чыккан эмес. Ошондуктан Аштарханилердин кийинки мураскери Имамкули хан (1611–1641-жж.) кыргыз жана казак феодалдарынын Ташкен менен Түркстандагы бийлигин таанууга аргасыз болгон. Бирок 1635-ж. жакшы даярдануудан кийин Имамкули хан казак менен кыргыздарга каршы аттанган. Көп жеңиштерге ээ болуп олтуруп, акыркы Сыр-Дарыянын оң жээктерин өз көзөмөлүнө кайтарып алган.

Алай менен Каратегинди жердеген «сол» канаттагы түштүк кыргыз уруулары XVII к. башында батышка, Гиссар жана Куляб тарапка жер которо баштаган. Каратегин Тажикстандагы Гиссар тоосунун түштүк тарамы. Бул тоолуу аймак аркылуу Памир-Алай, Фергана, Түндүк Афганстандын элдери ээлтен эле бири-бири менен байланышта болушкан. Кыргыздар бул жерде XIII к. пайда болушу ыктымал. 1636-ж. Гиссарга кыргыз уруусунан 12 миң үй-бүлө же 60 миңдей киши келген. Сыягы, кыргыз урууларынын бул жоон тобу Гиссарга Иртыш жана Тоолуу Алтай тараптан келген болуу керек. XV к. Ала-Тоо аймагына кыргыздардын көпчүлүгү көчүп келген. Жаңы келген кыргыздар дароо ислам динин кабыл алган. Бир нече кыргыз уруулары жергиликтүү өзбектерге сиңишип кеткен сыяктуу.

Ал эми алайлык жана каратегиндик кыргыздар мурдагыдай эле Аштарханилердин мамлекетинин үрөйүн учуруп турган. Алсак, сол канаттагы түштүк кыргыз урууларынын колбашчысы Кутлук-Саид Тилек бий жана Кара кытай мырза менен 1642–1643-жж. Анжиянга чабуул жасап, алар ошол жердин төбөлдөрүн Аштархани династиясынын ханы Надир Мукамбетке жансоогалап кайрылууга аргасыз кылган.

**Калмактарга каршы күрөш**

XV к. ойроттордун өз алдынча хандыгы түзүлгөн. XVI к. аяк ченинде ойроттор күчөп, (тыргоот, дэрбөт, хошут, чоростордон турган) Дөрбөн ойрот (төрт ойрот) союзун түзүшкөн. XVII–XVIII кк. ойрот-калмак баскынчылары Кыргызстанга кайра-кайра талоончул жортуулдарды уюштуруп турган. Теги жагынан монголдордун оң канатына тиешелүү элдерди түрк элдери илгертен эле калмактар, жунгарлар, ойроттор деп аташчу. Ойроттор Монголиянын батыш тарабындагы кеңири аймакты ээлешкен.

XVI к. баштап калмактар батышты көздөй жылышып, кыргыз, казактардын жерлерине коркунуч туудурат. Кыргызстандын түндүк-чыгыш тарабын жердеп турган Тагай бийдин урпактары менен алардын чек араларына жакындап келген калмактардын ортосунда мезгил-мезгили менен кагылышуулар болуп,

эрегишүү күчөгөн. Бул чабыштарда кыргыз колун баштаган **Дөөлөс (Дөөлөсбакты) баатырдын,** Жалдуу Кабанын эрдиктери санжырада айтылып калган.

XVII к. биринчи чейрегинде кыргыз-казак ханы Эр Эшимдин тушунда (туулган жылы белгисиз – 1628-ж.) кыргыздар менен казактардын ынтымагы күчөп, баскынчыларга каршы биргелешип күрөшкөн.



Дөөлөсбакты



Эшим хан.



Манап бий.

Бул мезгилде кыргыз-казактын биримдигин чындап, душманга сокку урууда кыргыз-казак ханы Эр Эшим, арка кыргыздарынын улугу **Манап бий, Көкүм бий, Жарбаң баатыр, Түгөл бий, Кулчыгач бий, Чаа бий** ж. б. көп күч жумшашкан. Бир нече жылга созулган бул согушта Манап бий кол башчы катарында өзгөчө жөндөмдүүлүктү, чечкиндүүлүктү жана эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн. Чечүүчү салгылашта ал душман менен бетме-бет чабышып атып курман болгон. Анын уулу Жарбаң баатыр да душман менен беттешүү алдындагы салттуу эрөөлдөргө тайманбай чыгып, нечен ирет кыргыздын туусун көтөргөн.

Кыргыз-казактын биргелешкен соккусунан улам калмактар Сибирге чегинүүгө аргасыз болушкан.

1627-ж. ойроттордун ынтымагы ыдырап, кийин калмак аталып кеткен тыргооттор батышты көздөй Волгага (Эдил), хошуттар Тибетке көчүп, конуш которот. Чоростор Жунгарияда калат. 1635-ж. ойрот-калмактардын кубаттуу мамлекети – Жунгар хандыгы түзүлөт. Чачкынды ойрот уруулары Эрдени Батур коңтайшынын (1635–1653-жж.) бийлиги алдында биригип, 1643-ж. алардын жер жайнаган аскери (50 миң) кыргыз, казактын жерине басып киришкен. Айылдарын талкалап, талап-тоноп, андан ары Орто Азиянын ичкери жагына чапкынын улантат. Кийинки 1644-ж. чейин созулган бул кыргында кыргыз, казак калкы жан аябай салгылашышкан. Бир нече жолку оор салгылашуудан кийин казак султаны Жаңгир менен Самаркан акими Жалаңтөш баатырдын бириккен колу жоого сокку уруп, чегинүүгө мажбур кылган. Кыргыз, казактардын жуңгарлар менен кийинки кагылышуусу 1652-ж. туура келген. Кан суудай аккан ошол салгылашта сансыз көп эрлер курман болгон.

1653-ж. Батур контайшы көз жумгандан кийин, ойрот-калмак төрөлөрүнүн ортосунда бийлик талашкан күрөш күчөйт. Ушул учурдан пайдаланып, Орто Азия акимдери калмактарга сокку урууну чечет.

1658-ж. Абдышүкүр башкарган өзбек колу (38 миң) Талас өрөөнүнө келип, Кулан-жылан деген жерде калмак аскери менен беттешет. Ошондо кыргыздар менен казактар өзбектерге кошулуп салгылашышкан. Бирок бул кармашта Абдышүкүр набыт болуп, бирдиктүү башкаруудан ажыраган кошуун чегинүүгө мажбур болот. Айыгышкан салгылашта дарманы кеткен калмактар аларды андан ары куугунтуктай албай калат.

Коңтайшы Галдан Бошоктунун (1670–1697-жж.) тушунда калмак феодалдары кыргыз, казак журтуна бир нече жолу кол салат. 1678-ж. ал Орто Азия менен Чыгыш Түркстанды каратып алууга аракеттенет. 1680-ж. Жаркентти каратат. 1681–1683-жж. Сайрамды (азыркы Чымкент шаарына жакын) камап, бирок ала алган эмес. Жинденген Галдан Бошокту эми Анжиян менен Эки-Суу аралыгына аттанат. Жолдо калмактар Ошту ээлешет. Анжиянды өзбектер менен кыргыздар жан аябай коргошот. Эки-Суу аралыгын коргоодо Кулчыгач, Кочкор, Кулжабаш баштаган жоокерлер калмактарды Тентек-Сайдан тосуп талкалайт. Максаты ишке ашпаган калмактар кийин, кайра Сайрамга келип, жан аябай чабуул коё берип, акыры багындырып тынат. Миңдеген сайрамдыктар кул болушат. А кыргыз жери-



Жарбаң баатырдын эрөөлгө чыгышы. (*А. Алакунов*)

не көп күч жумшаганы менен калмактар өз бийлигин орното алган эмес. 1644-ж. тартып калмактар өз көз каранды эместигин коргош үчүн Кытайды башкарып турган манчжурлар менен кармашат. Бул согуш 1697-ж. чейин созулган. Чыгышка жасаган жортуулу ийгиликсиз болгону үчүн Галдан Бошокту 1697-ж. өзүн-өзү өлтүргөн.

Кыргыз, казактар менен жуңгарлардын ортосундагы мамилелер Цеван Рабдандын (1697–1727-жж.), айрыкча Галдан-Цerendин (1727–1745-жж.) тушунда кескин курчуп кетет.

XVIII к. башында Жунгар хандыгынын манчжурлар менен согушуп алсыраганын сезген кыргыз, казактар калмактарга тарттырып жиберген жерлерин кайтарып алууга аракеттенишет. Бирок калмактар 1723-ж. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабын басып алат. Алар 1727-ж. 60 миң аскер менен чабуулга өтүп, теңиртоолук кыргыздарды бир бөлүгүн Ферганага, Тажикстанга, казактардын кыйласы Бухара, Кожент, Самаркандга сүрөт. Казак хандарынын ордо шаары Түркстан душмандардын колунда калган. 1732-ж. Кетмен-Төбөнү калмактар каратып алган. Ошол кезде элде: *«Казак кайың сааганда, кыргыз Ысар киргенде»* – деген ылакап сөз калган. Анткени кыргыздар Тажикстандагы Ысарга (Гиссар) сүрүлүп, казактар ачарчылыкта кайыңдын суусун (ширесин) агызып ичип, жан баккан экен.

Калмак феодалдарынын баскынчылык саясатына кыргыздар коргонуу менен гана жооп берген жок. Ыгы келген жерде алар да чабуул коюп турган. Маселен, 1747-ж. Акмат бий баштап барган кыргыз кошууну (10 миң) Кашкар тараптагы калмактарды талкалап, жеңиш менен кайтат.

Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы чоң согуш 1748–1749-жж. туура келет. Ал согушту негизинен кашкарлык кыргыздар жүргүзгөнү белгилүү. Адегенде Цеван Доржи (Ажаан), кийин Лама Доржи башкарган жуңгар колу согушта жеңилип, көп аскеринен ажыраган. 1749-ж. калмактар кыргыздарга каршы 27 миң аскерин жиберген. Жортуул үч айга созулуп, кайрадан баскынчылардын жеңилүүсү менен аяктаган. Бул ири жеңиштер кыргыз-калмак мамилелеринин тарыхындагы бурулуш мезгилдин башталышы, т. а. ата журтту баскынчылардан толук бошотуунун башталышы эле. Бирок Жуңгар хандыгы бытыранды кыргыз, казак урууларына караганда али кубаттуу эле, ошондуктан алар XVII к. экинчи жарымынан XVIII к. биринчи жарымына чейин калмактардын бийлигине моюн сунуп, оор салыктарды төлөп турган.

Хандыктагы ич ара саясий ынтымактын бузулушу, ошондой эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын, т. а. кыргыз, казак, өзбектердин көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жуңгар мамлекетинин алын кетирип салган. Бул мезгилде калмактарга каршы кыргыздардын күрөшүнүн башында Маматкул, Кочкор хан, Чоң Мамбет, Нияз баатыр, Базыл баатыр, Кашкатай баатыр, Тынай, Жанболот, Качыке, Кошой, Нышаа, Эр Солтоной, Бердике, Туубий, Каработо, Жайыл баатыр (саяк уруусунан) ж. б. турган.

1757–1758-жж. калмактар Кытай тараптан катуу, кыйраткыч соккуга кабылат. Бул согушта Жуңгар хандыгы кыйрап жок болот. Бир миллионго жакын, т. а. калмак калкынын 70 проценти (кээ бир маалымат боюнча теңи) ырайымсыздык менен өлтүрүлөт. Аман калганы Россияга, Орто Азияга качат. Алардын бир бөлүгү кыргыз журтуна баш калкалап, кийинчерээк кыргыз урууларына сиңип кеткен. Чыгыш Түркстанды басып алгандан кийин Цин (Монгол тектүү – Манчжурлардын Цин династиясы Кытайды 1644–1911-жылдары бийлеген) бийлиги бул аймакты Синьцзян (кыргызча жаңы чек, жаңы ээлик) деп



Чаа бий.



Кочкор хан.



Чоң Мамбет.



Базыл баатыр.

атаган. Ал эми буга чейин Кашкарды башкарып турган Кожо Ферганага кире качат.

Жунгар хандыгын талкалаган сон, Цин бийлиги Чыгыш Түркстан жана Орто Азия элдерин багындырууга умтулуп, кыргыз, казак, өзбектерге коркунуч туудура баштайт.

Кыргыздар XVIII к. 50-жж. аяк ченинен тартып кубаттуу күчкө айланганда, Чыгыш Түркстанда жергиликтүү элдердин кытай баскынчылыгына каршы күрөшүнө зор колдоо көрсөтүп турган. Цин бийлик төбөлдөрү кыргыздарга кылдаттык менен абайлап мамиле кылып, аларды тынчтык сүйлөшүүлөр аркылуу өз тарабына тартууга же бейтарап кылууга аракеттенишкен.

Сарыбагыштын бийи Атаке баатыр калмак баскынчыларына каршы күрөштө түндүк кыргыз урууларына башчылык кылган, жоонун жортуулдарынын маалында бүлгүнгө учураган, чачыраган элдин башын бириктирүүгө жана ошол кыйын кезенде көз каранды эместик үчүн кармашта кыргыздарга аркабел боло ала турган мамлекет менен мамиле кылууга көп күч жумшаган.

Кыргыз жеринде туруктуу жашаган кытай аскери, аскердик чептер, турак жайлар болгон эмес. Кытай аскерлеринин зордук-зомбулугуна кыргыздар татыктуу жооп кайтарышкан. Кытай аскери менен кыргыздар биринчи жолу 1758-ж. кагылышат. Цин генералы Чжао Хойдун кошууну качкан калмактарды куугунтуктоону шылтоолоп Иле өрөөнү аркылуу Санташ ашуусунан өтүп, Ысык-Көл кылаасына кирип келген. Көлдүк уруулар айыгышкан согуштан кийин, кытай аскерлерин кыргыз жерин таштап кетүүгө мажбур кылган. Кыргыздарды күчкө салып багындыра албасына көзү жеткен Кытай бийлиги алар менен тынчтык байланышты түзүүгө аракеттенет. Генерал Чжао Хойдун демилгеси боюнча түндүк кыргыздар 1758-ж. өз элчилерин Пекинге жөнөткөн. Элчилердин курамында: солто уруусунан Нышаа баатыр (ал кытай тилин жакшы билген, делегацияга башчылык кылган), бугу, сарыбагыштын атынан Черикчи Темир уулу, Төрөке (чекир саяктан), Шүкүр (кушчу) болгон. Бу элчилерди атайын жабдып, Кытайга жөнөткөн ошол кездеги түндүк кыргыздарды бийлеп турган **Маматкул бий** болгон. Элчилерди Кытай императору Цянь-Лунь жылуу кабыл алат. Элчилер кытай бийлигине мурда жунгарлар басып алган жайыт-конуштарды кайтарып берүү өтүнүчү менен кайрылышат. Кытай императору териштирип көрөйүн деген убада берген. Бирок кыргыздар элчилерди, императордун жообун күтүп олтурбай эле ал жерлерди ээлеп алышкан.



Маматкул бий.

Чыгыш Түркстанда Кытайдын бийлиги орногондон кийин, андагы кыргыздардын бир бөлүгү Кыргызстанга журт которот. Алсак, 1760-ж. миңден ашуун кыргыз Кашкардан Ат-Башыга көчүп келген. Чыгыш Түркстандык кыргыздар, уйгур, казак, өзбек, дунгандар менен бирге Цин үстөмдүгүнө каршы күрөшкө дайыма катышып турган.

Цин баскынчыларына каршы күрөштөн Анжиян-Аксы, Алай кыргыздары да четте калган эмес. Алар өзбектер менен биргелешип, душмандын мизин кайтарып турушкан. Мисалы, 1759-ж. кыргыз, өзбек колу Ферганага кирип келген манчжур аскерлерине оор сокку урган. Натыйжада 9 миң кытай аскерлеринин 7 миңи өлтүрүлгөн. Ошентип, Цин баскынчыларына каршы кыргыз, казак, өзбек элдеринин биргелешкен күрөшүнүн натыйжасында душман Орто Азияны басып ала алган эмес. Бул күрөш элдин эсинде эркиндиктин мезгили катары түбөлүккө сакталып калды. «Манас» эпосунун бөлүмдөрүндө жана кенже эпостордо манчжурлар менен болгон көптөгөн салгылашуулар баяндалат.

XVII–XVIII кк. ойрот-калмак баскынчыларына каршы күрөштө кыргыз, казактар бирге болушканын айттык. Бирок Жунгар хандыгы кыйрагандан кийин эзелтен ирегелеш жашаган эки элдин ынтымагына доо кеткен. Эми кыргыз, казак феодалдары калмактардан бошотулган жайыттарды, конуштарды талашып, өз ара чатакташа башташат. Бул чатактын ырбашына эки элди кайраштырып турган Цин төрөлөрү да күнөөлүү. Бул чатактан кыргыз, казак калкы чоң запкы тартты.

**Кыргыз-казак чабыштары**

1760-ж. башында Орто жүз казактарынын султандары кыргыздарга жортуул уюштуруп, көп олжолуу болушкан. Буга жооп кылып, 1764-ж. кыргыз феодалдары Улуу жана Кичи жүз казактарынын Иле өрөөнүндөгү урууларына үч жолу бүлгүн салган. Ошол эле жылы Орто жүздүн султандары Чүй этегиндеги, Талас тараптагы кыргыздарга жортуул уюштурган.

XVIII к. 70-жж. казак, кыргыз кагылыштары өтө күчөп кетет. Ошол кезде Аблай хан Орто жүздө өз бийлигин орнотуп, Улуу жүздүн казактарын да баш ийдирүүгө умтулуп турган. Анын кыргыздарга каршы уюштурган алгачкы жортуулун кыргыздын кытай уруусунан чыккан касиеттүү баатыр Каработо (Капар) бий баштаган таластыктар токтоткон.

1770-ж. Аблай көп аскер (болжолу 30 миң) топтоп, талас-тык жана чүйлүк кыргыздарга кол салат. Ошондо солто, сарыбагыш, саяк, саруу, кушчу, кытай жана башка уруулардан



Эр Садыр.



Жайыл баатыр.



Бишкек баатыр.

кыргыз колу топтолгон. Кыргыздардын колун саяк уруусунан чыккан **Эр Садыр** жана солто уруусунун башчысы Кебек бий жетектеген. Бул кармашта **Жайыл баатыр** (1705–1770-жж.) башчылык кылган кол жан аябай салгылашкан. Бул кармаш жөнүндө эл арасында «Жайыл кыргыны» деген аңыз кеп айтылып калган. Аблай адегенде Таластын башы аркылуу кыргыздарга кол салып, Кара-Балта, Сокулуктагы солто менен саяктардын айылдарын талап тонойт. Чечүүчү салгылашуу Ак-Суу жана Кызтууган өзөндөрү Чүй суусуна куйган түзөндө өткөн. Кан суудай аккан бул салгылашта солто уруусунун кол башчысы Жайыл баатыр жана анын уулдары Үсөн менен Теке баатырларча курман болушкан. Бул жортуулда Аблайдын колу Чүйдү, Keминди, Ысык-Көлдүн этегин, Кочкорду чаап, Соң-Көлгө чейин жеткен.

Аблайдын аскерлери менен болгон салгылашууга сары багыш уруусунун кол башчысы Абайылда баатыр, Эсенгул баатыр, Бүргө баатыр, Жаманак баатыр, Атаке баатыр да активдүү катышкан. Кармаш казактардын жеңиши менен аякталганына карабастан, алар кыргыздарды биротоло басып ала алышпады. Аблайдын аскерлери менен болгон салгылашууларда **Бишкек баатыр** да эрдик менен кармашкан.

Аблай хан өлгөндөн кийин анын кол башчыларынын бири Бердикожо жетекчилик кылган кол таластык кыргыз айылдарын кыйратып, миңдеген малды, дүнүйө-мүлктү олжо кылат. Бирок кыргыздарга каршы бир жортуулда Бердикожо жеңилип, туткунга түшүп өлтүрүлгөн.

**Кенесарынын чабуулу**

XVIII к. аягынан XIX к. ортосуна чейин кыргыз-казактын ортосунда салыштырмалуу тынчтык орногон. 1841-ж. күзүндө казактын бирдиктүү мамлекетин түзүү ниетинде Кичүү жана Орто жүздүн таасирдүү адамдары Кенесарыны (1802–1947-жж.) хан көтөрөт. 1846-ж. Кенесары хан улам жакындап басып келе жаткан орустарга каршы биргелешип согушалы деген сунуш менен Ормон ханга элчи жиберет. Ормон бийлеген түндүк уруулары кеңешип, Кенесарынын орустарга каршы чакырыгына макул болууга мүмкүн эместигин чечишет. Муну уккан Кенесары 1846-ж. жазында Норузбай, Эржан баатырлары менен кыргыздарга жортуул баштап, солто, сарыбагыш урууларын канга бөлөйт. Элчи катары барган Жаманкара баатырды жана аны менен барган 12 кыргызды туткундап, барын тең кыйнап өлтүрөт.

1847-ж. жазында Кенесары 20 миңдей колу менен Чүй өрөөнүнүн этегин түрө чаап келгенде, аларды Калпак баатыр Бишкектин чыгыш тарабынан тосуп, салгылашып жатып курман болгон. Ушул чабуулунда Кенесарынын колу элди аёосуз кырып, боюнда бар аялдардын курсагын жарып, балдарды баканга илет. Бул баскынчылардын кыргызды тукум курут кылам деген жырткычтыгы эле. Казактар азыркы Токмок шаарынын түндүк жагындагы Текеликтин сеңирине жакын, азыркы Шор-Дөбө, Май-Дөбө деген кыштактар турган жерде жайланышып, жаңы чабуулга даярдана баштайт.

Бишкек, Токмок чептериндеги Кокон хандыгынын аскерлери өздөрүнүн букаралары болгон кыргыз элин баскынчылардан коргоо, чабышты токтотуу үчүн эч кандай аракет кылбай, чептерине бекинип жатып алган.

Кыргыз билермандары кол курап, Кенесарынын чабуулун тосот. Бул согушта кыргыз колун Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Ажыбек баатыр жетектейт. Бул согушта Ормон хан кол башчы катары айлакердигин көрсөтөт. Жоонун үшүн алыш үчүн ал жигиттерди



Жантай бий.



Жангарач бий.



Ажыбек баатыр.

он-он бештен топ-топко бөлүп, Шамшы, Он-Бир-Жылга тоолоруна жиберип, күндүзү чычырканак, карагай-тал сүйрөтүп, чаңды асманга буратат. Түн кире ар бир жоокерге өз-өзүнчө алоолонтуп от жактырат. Мунусу түмөндөгөн аскер тоо ашып келип, өргүп жаткандай таасир калтырат.

Ормондун бул айласы казак колун катуу сестентет. Ушундан кийин кыргыздар чабуулга өтөт. Кан суудай аккан бул кармашта кыргыздар жоону сүрүп отуруп Мыкандын Кара-Суусундагы сазга (азыркы Кең-Булуң кыштагынын түндүк жагы) маташат. Душмандын көбү сазга тыгылып өлөт. Аман калгандары колго түшүп беришет. Кенесары менен Норузбайды сарыбагыштын чечей уругунан Дайырбек, жарбаң уругунан Калча, Аксакал деген жигиттер колго түшүрүшөт. Ошентип, өзү келип катылып, тынч жаткан элди ырайымсыздык менен кырган Кенесары жакын адамдары менен кошо өлтүрүлөт. Кенесарынын колун талкалагандыгы үчүн орус өкмөтү Ормон хан менен Жантайды алтын медаль, алтын жип менен саймаланган чепкен менен сыйлаган. Бул согушта көрсөткөн эрдиги жана Кенесарыны туткундагандыгы үчүн Дайырбек баатыр, Калча баатыр, Аксакал баатыр баштаган он үч жигит алтын медаль менен сыйланышкан.

Согуш бүткөндөн алты ай өткөндөн кийин 1847-ж. 22-августта казактардын Копал чебинде (азыркы Талды-Коргон шаары) орус өкмөтүнүн ортомчулугу менен кыргыз-казак калкынын ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн. Кыргыз-казак чабыштары боордош эки элдин башына каран түн түшүргөн кайгылуу окуя катары тарыхта калды.

Бул чабышта сабак алган эки элдин мыктылары кыргыз-казак мамилелерин бекемдөө үчүн көп аракеттерди жасашкан. Натыйжада, XIX к. ортосунан Совет бийлиги орногонго чейин кыргыздар менен казактардын ортосунда боордоштук мамиле, ынтымак арткан. Бул иште кыргыздын казак элине канаатташ жашаган сарыбагыш уруусунан Шабдан баатыр, Сооронбай уулу Дүр, Солто элинен Байтик баатыр, Бошкой уулу Өзүбек, Таластагы кушчу уруусунун билерманы **Бөлөкбай бий** ж. б. көп эмгек сиңиришкен. Алсак, Бөлөкбай бийдин дипломаттык иш-аракеттеринин натыйжасында Талас чөлкөмүндө кыргыз-казак чек аралары тактальп, казактар ээлеп алган бир топ жерлер кыргыздарга кайтарылган.



Бөлөкбай бий.



**Кыргыз-кытай мамилелери. Орустар менен кыргыздардын алгачкы байланыштары**

XVIII к. 50-жж. Цин баскынчылары Жуңгар хандыгын талкалаган соң Чыгыш Түркстанды каратып алууга киришкен. Бул аймактын элдери баскынчыларга дээрлик эки жыл катуу каршылык көрсөтүп багынбай турду. Ал кезде Чыгыш Түркстанда уйгурлардан тышкары кыргыздар, казактар, өзбектер жашашчу. Кыпчак, жаман тейит, черик жана башка кыргыз уруулары Кашкар аймагынын түндүк-батыш чөлкөмдөрүн ээлеп турушкан. Ал эми Чыгыш Түркстанга жанаша жаткан Алай, Алай-Куу, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүн адыгине, тейит, саяк, черик, моңолдор ж. б. уруулар мекендеген. Теги бир жалпы түрк элдери бири-бири менен үзбөй катташып, чарбалык, саясий алака кылып турушкан.

XVIII к. аягы – XIX к. биринчи жарымында Түркстан элдерине Цин мамлекетинин баскынчылык аракеттерине жана үстөмдүгүнө каршы биргелешип күрөшүүгө туура келди.

Кытай үстөмдүгүнө каршы кыймылдын эң алгачкысы Зия ад-Диндин жетекчилиги астындагы көтөрүлүш болуп эсептелет. 1814–1816-жж. чыккан бул көтөрүлүшкө уйгурлар менен бирге чыгыш түркстандык кыргыздар активдүү катышкан. Кыргыздардын башында кыпчак уруусунун бийи Турдумамбет турган. Жаман тейит, чоңбагыш урууларынын өкүлдөрү да көтөрүлүшкө активдүү катышышкан. Саны, курал-жарагы жана даярдыгы күчтүү кытай аскерлери көтөрүлүштү басып, анын жетекчилерин өлүм жазасына тартып, кескилеп өлтүрүшкөн.

Цинь-манчжур үстөмдүгүнө каршы Чыгыш Түркстан элдеринин күрөшү кайрадан жанданып, эми анын башында мурда Кашкарды бийлеген уруу жаатынын мураскерлеринин бири **Жаңгер Кожо** турган. Кожого кыргыз урууларынын бийлери Жаңгарач, Тайлак, Атаке баатыр, кыпчак Турдумамбеттин тугандары, чоң багыштардын бийи Суранчы ж. б. көмөк көрсөтүшкөн. Көтөрүлүштөргө көп өтпөй Маматкул баш болгон моңолдор уруусу да катышат.

1820-ж. **Суранчы бийдин** кошууну нечен жолу эрдик көрсөтүп, өзгөчө даңкы чыккан. Ошентип, Жаңгер Кожонун көтөрүлүшү дээрлик 1828-ж. чейин созулуп, Чыгыш Түркстандын көп шаарларын кучагына алган, бирок акыры жеңилип калган. Көтөрүлүштү басууда кыргыздын чоңбагыш уруусунан эле 10 мин адам өлтүрүлгөндүгү айтылат. Жеңилип калганына карабас-



Суранчы бий.

тан, бул элдик-боштондук күрөштүн мааниси чоң. Цин үстөмдүгүнө каршы күрөш 1830–1847-жж. да уланган.

XVIII к. экинчи жарымында кыргыздар менен Россиянын ортосунда өз ара байланыштар башталат. Пётр I Ысык-Көлдүн чиймесин жана кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалыматты Жуңгар хандыгындагы элчиси И. Унковскийден (1722–1724-жж.) алган. 1749-ж. оренбургдук окумуштуу П. Рычков каттаган көпөстөрдөн сурамжылап, кыргыздар жөнүндөгү маалыматты жыйнаган. Элчи да, көпөстөр да кыргыздардын жоокерчилигин, жуңгар баскынчылары менен чаалыкпай кармашып келгенин бир оздон айтышат. 1780-ж. Фергана–Алайды аралаган «эрксиз саякатчы» Ф. Ефремов дээрлик он жыл бою Орто Азияны кыдырган. Ал жергиликтүү элдердин тилин, салтын үйрөнгөн, мекенине баргандан кийин Санкт-Петербургда 1786-ж. китеп жазып чыгарган.

Россия менен саясий байланыш түзүү аракетин биринчи болуп Чүйдү мекендеген кыргыздар жасайт. Анын башында Тынай бий уулу Атаке баатыр турган. Бул жөнүндө кийинчерээк өзүнчө айтылат.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Мухаммед Кыргызга мүнөздөмө бергиле.
2. Моголдор эмне үчүн кыргыздарды көз каранды абалда кармоого аракеттенишкен?
3. Жунгар хандыгы жөнүндө эмнелерди билесиңер?
4. Калмак баскынчыларына каршы күрөштө кыргыз элинин башында турган инсандар жөнүндө айтып бергиле.
5. Жунгар хандыгы качан, кимдер тарабынан талкаланган?
6. Кыргыздар менен казактардын чабыштары жөнүндө эмне билесиңер?
7. Кыргыздардын кытайлар жана орустар менен алгачкы байланыштары жөнүндө айтып бергиле.

## §§ 22–23. КЫРГЫЗСТАН КОКОН ХАНДЫГЫНЫН МЕЗГИЛИНДЕ

**Кокон хандыгынын пайда болушу жана өнүгүшү**

1709-ж. Фергана өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө (Маргалаң чөлкөмүндө) көчмөн феодалдардын жардамы менен Шахрух бий башкаруучу болуп жарыяланган. Санжыра боюнча ал айтылуу Бабурдун урпактарынан болгон.




Акбото бий.

Бийликке келген Шахрух бий Кокон хандыгынын негиздөөчүсү болуп калат. Бул жерде белгилей кетчү нерсе XVIII к. башында Коженттин бийлөөчүсү кыргыздын чоң багыш уруусунан чыккан **Акбото бий** болгондугу тарыхый булактардан маалым. Ал Шахрухтун Зейнеп деген кызына үйлөнүп, Кокон амирлигинин негиздөөчүсүнүн күйөө баласы болгон. Көчмөндөрдүн салтында күчтүү бийлөөчү гана башка бий атаандашынын кызын аялдыкка алуусу шарт экендиги маалым. Мындан биз Шахрухтун бийликке келишине Акбото бийдин чоң жардамы тийгендигин божомолдосок болот. Кокон хандыгын негиздөөдө жедигер уруусунун билермандары **Кулжыгач** менен Кочкор да маанилүү роль ойногондугу санжырада айтылып калган.


Кулжыгач бий.

Кокон хандыгын негиздеген Шахрух бий 1721-ж. дүйнөдөн кайткан. Анын ата-бабалары XVI к. башынан бери расмий түрдө миң уруусунун бийи аталып келишкендиктен, кийинки адабияттарда, айрыкча, советтик тарыхнаамада Кокон хандыгын негиздегендер көчмөн өзбектердин миң уруусунун бийлери болгон, ошого байланыштуу «Кокон хандыгы – өзбектердин хандыгы» деген түшүнүк калыптанган.

Чынында 1709-ж. тартып 1800-ж. чейин өзүлөрүн бий деп атап келишкен Кокон башкаруучулары ата жагынан тимуриддер, ал эми эне жагынан миңдер болуп чыгышат. Кокон ханы Алим хандын (1800–1809-жж.) тушунда калыптанган генеологиялык санжыра боюнча тимурид тукуму Алтын Бешикти асырап алышкан миңдердин, кыргыздардын, кыпчактардын жана жүздөрдүн аталышы. Алардын Фергана чөлкөмүндө XVI к. баштап эле саясий чөйрөдө тең аталык укукка ээ болгондугунан кабар берет. 1709–1876-жж. өкүм сүргөн Кокон мамлекетинин өнүгүүсүн үч доорго бөлүп кароо ылайыктуу. Алар төмөнкүлөр:

1. 1709–1800-жж. Кокон мамлекетинин түптөлүшү. Бул мезгилде Кокон амирлиги өз алдынча мамлекет катары саясий-административдик жактан калыптанып бүткөн, социалдык-экономикалык жактан чыңалган. Фергана чөлкөмү Кокон мамлекетине биротоло бириккен.



Кубат бий.

2. 1800–1840-жж. Кокон хандыгынын өнүгүшү жана гүлдөө мезгили. Кокон мамлекети саясий-административдык жактан күчтүү өнүгүп, ички-тышкы саясаты чыңалган. Фергана өрөөнүнүн экономикалык абалы бекемделген. Кокон хандыгы Фергана өрөөнүнөн сырткары жактарды караткан.

3. 1842–1876-жж. Кокон мамлекетиндеги социалдык-саясий кризистердин күчөшү жана хандыктын кулашы. Бул мезгилде социалдык, феодалдык жамааттар аралык карама-каршылыктардын өсүшү, мамлекеттик түзүлүштүн бошоңдошу, борбордук бийликтин феодалдык эзүүсүнүн күчөшү саясий кризистерге, элдик көтөрүлүштөргө алып келген. 1873–1876-жж. элдик кыймыл Кокон мамлекетин биротоло кулаткан. Ошонун натыйжасында Фергана өрөөнүн орус колониячыларынын каратып алышына ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

1741–1750-жж. Фергана өрөөнүнө калмактар бир нече жолу басып киришкен. Мындай тышкы коркунучтун мезгилинде Кокон-Кыргыз союзу түзүлгөн. Кокон бийи Абдукарим, Оро-Төбөнүн акими Фазыл бий ферганалык кыргыздар жана кыпчактар менен бирдикте калмактарды Ферганадан кууп чыгышкан. Айыгышкан күрөш айрыкча Аксы тарапта болгон. Бул жерде кутлуксейит уруусу калмактарга активдүү каршылык көрсөткөн.

Фергана аймагынын Бухара хандыгынын карамагынан биротоло бөлүнүп чыгышы Ирдана бийдин (1751–1770-жж.) ишмердиги менен байланыштуу. 1754-ж. Бухара эмири Мухаммед-рахим, Кокон эгеси Ирдана бий жана кыргыздын кушчумундуз урууларынын улугу **Кубат бий** тең укуктуу тектүү шериктер катары Оро-Төбөгө чогуу жортуул уюштурушкан. Кубат бий Ирдананын оң колу делип эсептелген.

Гиссардын беги Мухаммед Эминбий айла-амал салып, алардын ортосуна от жагат. Айлакер бектин көксөгөн максаты ишке ашып, көп өтпөй шериктер бири-биринен кол үзүп, туш тарапка кетишет. Ошол кезде кушчу уруусунун журту Анжияндын айланасындагы кеңири өрөөндү кучагына алган. Ирдана менен мамилени үзгөн соң Кубат бий өз алдынча элдин улугу, мырзалардын чыгааны катары актоолук кожолор тарабында Кашкардагы саясий окуяларга катышат. Ал тургай Кашкарга убактылуу аким болот. Кубат бийдин кушчуларды дале болсо бийлеп тургандыгы тууралуу акыркы маалыматтар 1785-ж. таандык. Кубат бий XVIII к. экинчи жарымындагы кыргыз уруу жол-





Ажы бий.

башчыларынын эң атактуусу, мыктылардын мыктысы, көптү билген көрөгөчү, акылманы катары коңшу элдерге аттын кашкасындай таанымал, кадырман адам болгон. Ал өзүнүн кушчу уруусунан тышкары Анжиян-Аксы тараптагы бөлөк урууларга дагы башкөз болуп, жалпы кыргыз калкы, анын келечеги үчүн кам көргөн. Кубат бий Кокон, Бухара, Кашкар акимдерине эч качан баш ийген эмес, алар менен теңата катары өз элине өз бетинче сурак жүргүзчү, коңшу өлкөлөр менен каалагандай достошуп, каалагандай касташчу. Анын эр жүрөктүгүн, таймансыздыгын, албарс кылычтай курчтугун адилет баалаган өкүмдарлар кезинде ага «Бахадур-бий» ысымын ыйгарышкан.

XVIII к. экинчи жарымында коконduктарга каршы көз каранды эместик үчүн күрөштө эл башында туруп, даңкы далайга кеткен кыргыз мыктыларынын бири **Ажы бий (Ажыбек)** болгон. Кытайлык географтын (XVIII к.) жазган маалыматтарына караганда кыргыздардын адыгине уруусунун чыгааны Ажы бийге Бухарадан күн чыгышты көздөй кеңири аймакты жердеген 200 миң кыргыз баш ийчү. Кайсы бир жылы ал эли менен бирге кытай букаралыгына өтмөк болот. Бирок кийин ал мындай ойдон баш тартып, Алай жана Ош аймактарындагы бардык кыргыз урууларын ынтымакта бийлеп турган. Ал Бухарадан, Стамбулдан билим алган.

1758-ж. Ирдана бий адыгине уруусунун бийи Ажы менен өнөктөш болгон. Мындай өнөктөштүк татаал саясий кырдаалда чоң роль ойногон. 1759-ж. кеч күздө кытай жазалоочулары Кашкардагы көтөрүлүшчүлөрдү куугунтуктап, Ферганanyн чыгыш тоо этектерине кирип келишет. Кыргыздардын жана коконduктардын биргелешкен күчү 9 миң жазалоочунун 7 миңин кырып салган.

1759–60-жж. кытай географтарынын берген маалыматтары боюнча Фергана чөлкөмү Анжиян, Маргалаң, Наманган, Кокон вилайеттерине бөлүнүп, ал эми Оротөбө, Кожент, кээде Коконго, кээде Бухарага баш ийип, ара-чолодо өз алдынча болуп турган. 1755–1758-жж. Цин империясы Чыгыш Түркстанды каратып алгандан кийин Кокон-Кытай дипломатиялык байланышы түзүлөт. Ирдана бийдин мезгилинде Фергана өрөөнүндө экономикалык абал жакшырат. Алык-салык системасы тартипке келтирилет. Кокон салыштырмалуу чоң шаарга айланып, 1760-ж. мында 20 минден ашуун түтүн эл жашаган, 4 медресе, кербен сарай курулган.




Бишкек чеби. *Архивдеги сүрөт.*

**Кыргыз элинин Кокон хандыгынын баскынчылык саясатына каршы күрөшү**

XVIII к. 60-жж. Ирдана бийдин Ферганадагы ийгиликтүү согуштук аракетинин жана басып алуучулук тышкы саясатынын натыйжасында, кокондуктардын ээлиги кеңейип, күч-кубаты артат. Ушундай кырдаалда Кокон улугу кыргыз уруулары менен ынтымагын бузуп, аларды күчтөп багындырууга жана кыргыз жеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө күч үрөп киришкен. 1760-ж. Ирдана бий кыргыз-кыпчак уруусуна догун артып, Аман бийди туткунга түшүрөт да узак убакыт аны камакта кармайт. Ошондо Аман бийдин иниси Эмир бий агасын туткундан куткарып алыш үчүн Кокон аскерлери менен кагылышуудан баш тарткан эмес.

Кокон төрөлөрү менен кыргыз бийлеринин ортосундагы мамилелер жылдан жылга курчуй берген. 1762-ж. Ажы бий Кокон улугуна каршы чечкиндүү күрөш баштоого бел байлап, Маматкул, Черикчи жана Темиржан бийлерге кайрылат. Бирок бийлер ынтымакка келбей, Коконго кол салмак түгүл ичара чатактары менен алек болушат. Кыргыздардын ыйкы-тыйкысын эптүүлүк менен пайдаланып, Ирдана бий 1762-ж. кыргыздарга тиешелүү Өзгөн жана Ош шаарларына жортуул уюштурат. Жортуул учурунда Кокон аскерлерине ичкилик адыгине, монолдор урууларынын улугу Ажы бийдин колу катуу каршылык көрсөткөн. Бир нече жолку салгылашуудан кийин көп жоготууларга дуушар болгон кыргыз жоокерлери too тарапка чегинет. 1764-ж. Кокондун акими



Бишкек баатырдын күмбөзү.
*Реконструкция.*

Кожентке жортуулга кеткенде коргоосуз калган Кокон ээлигине Ажы бий капилеттен чабуул коёт. Ал эми Кокон аскерлери орто жолдон кайта тартып, кыргыздарга согуш баштайт. Салгылашуу учурунда кыргыз колу жеңилип калат. Бирок көп өтпөй Ош аймагы кайрадан кыргыздардын карамагына өтөт. Ошо кезде Ош шаарында 40 үйлүү гана өзбек жашаган.

Кокондук төрөлөр кээде кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу үчүн аларга ар кандай иш берип, наамдаражаларды ыйгарчу, алык-салыктарды жеңилдетчү, жакшы жайыттарды убада кылчу. Натыйжада айрым кыргыз уруулары өз ыктыяры менен хандыктын карамагына өткөн.

Арийне, Түштүк Кыргызстандын көпчүлүк чөлкөмдөрү күч менен баш ийдирилгени талашсыз. Ал эми хан бийлигин каалабаган жана ага каршылык көрсөтүүгө дарманы жетпеген кыргыз уруулары Кыргызстандын түндүгүнө журт которуп кетет. Алсак, Жуңгар хандыгы талкаланып, кыргыз жери баскынчылардын таасиринен кутулгандан кийин жана кокондуктардын кол салуу коркунучу күч ала баштаганда Анжиян аймагын жердеп жүргөн сарыбагыш уруусу ээлки ата конушу Чүй өрөөнүнө кайткан эле. Бул окуя болжолу XVIII к. 60–70-жж. туура келет.

XVII к. 80-жж. карата Кокон хандыгы ферганалык кыргыздардын кыйласын, Чырчык суусунун аркы тарабындагы кыргыздарды багындырууга үлгүргөн. Бирок Ферганадагы тоо этектерин жердеген кыргыз уруулары менен алайлык кыргыздар өз алдынчалыктарын сактап кала беришти. Аларды кокондуктар XVIII к. аягы XIX к. башы ченде ар кандай айла-амал, күч колдонуу менен араңдан зорго өз таасирине имере алды. Ал эми кыргыз калаасы Ош багынгандан кийин Анжиян вилайетине кирген. Кийинчерээк Ош аймагы өз алдынча вилайет болуп бөлүнүп чыгат.

Кокон хандыгы Нарбото бий (1770–1800-жж.), Алим хан (1800–1809-жж.) бийлик кылган жылдарда Кетмен-Төбө өрөөнүнө тез-тез жортуул уюштуруп, бул чөлкөмдү жердеген кыргыздарды кыйла жыл баш ийдире албай турду. Кокондук баскынчыларга каршы элдик күрөшкө кыргыздын саруу уруусунан чыккан **Жумабай уулу Сатыкей баатыр** деген кайратман, чечкиндүү киши жетекчилик кылган.



Сатыкей баатыр.

1821-ж. кышында көчмөндөр үчүн өтө оңтойсуз мезгилде Омор хан Кетмен-Төбөгө аскер жөнөтөт. Кокон аскерине буга

чейин далай ирет кыргыздарга кол салып, көчмөндөр менен согушуунун сырын мыкты өздөштүргөн таанымал аскер башы Наманган акими Сейиткулбек кол башчы кылган. Баскынчылар Кетмен-Төбөдөгү кыргыз чегине капыстан кол салып, жеңишке жетишкен болчу.

Кокон хандарынын Кыргызстанды басып алуусун кыргыз феодалдарынын өз ара кагылышуулары, биримдиктин жоктугу кыйла оңойлоткон. Кокондуктар аларды кайраштырып, бирин экинчисине каршы тукуруп турган. 1821-ж. күзгө жуук Омор хан кыргыздардын кутлуксейит уругунун башчысы, ошол кезде Кокон шаарынын акими катары ханга кызмат өтөп жаткан Бекназар бийди Ош–Кашкар аралыгында көчүп-конуп жүргөн, сарыбагыштарга каршы тукурат. Ал хандын ишенимин ойдогудай актап, боордошторун аёосуз кырып, талап-тоноп, аксым хандын ичин жылыткан. Олжого марып, кары-картан, катын-баланы туткундаган, Кокон хандары айрым өзүмчүл, түшүнүгү тайкы феодалдарга таянып, кыргыз жерлерин улам четинен басып ала берди. Түштүк Кыргызстанды кокондуктардын багындыруусу негизинен XIX к. биринчи чейрегинде аяктайт.

Түндүк Кыргызстанды багындырууну Кокон хандыгы Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына кол салуу менен баштаган. Хандыктын Ташкенди каратып алуу максатында жүргүзгөн согушу он жылга созулуп (1799–1809-жж.) жеңиштүү аяктагандан кийин, 1822-ж. Олуя-Ата чеби курулат. Бул Чүйгө жана Таласка карай жортуулга алдын-ала даярдык эле. Чүйдөгү солто, сарыбагыш урууларынын ич ара чыры, талаш-тартышы күчөп, кыргыздар менен Улуу жүз казактарынын чатагы тынбай турганда, кокондук хандар мындай абалды оңой пайдаланган.

1825-ж. Чүйгө Лашкер Кушбеги (кошуун беги же аскер башчы) башчылык кылган төрт миң аскер келип, ички биримдиги жок чүйлүк кыргыздарды басып алган. Душман менен бир нече жолку кагылышта жеңилүүгө дуушар болуп, айбат кылуудан эч майнап чыкпасына көзү жеткен сарыбагыш, солто урууларынын бир бөлүгү хандын бийлигин таанууга аргасыз болот. Ал эми сарыбагыштын экинчи бир бөлүгү баскынчыларга багынып берүүнү каалабай, Атаке бийдин балдарынын жолбашчылыгы астында Ысык-Көл аймагына журт которуп кетет. Чүй өрөөнүнүн түшүмдүү жерлерине кызыккан кокондуктар 1825-ж. Аламүдүн суусунун жээгине мурдагы Бишкек баатырдын коргонунун ордуна Бишкек чебин куруп, ал жерге аскер бөлүктөрүн калтырат. Көп өтпөй алар көлдүк кыргыздарга элчи жиберип, багынып берүүнү талап кылат, бирок тескери жооп алгандан кийин, Кокон хандыгы 1831-ж. Ысык-Көлгө, Нарынга эки тараптан жортуул уюштурат. Кокон кошуунунун акими Лашкер Кушбеги баш болгон бир бөлүгү Ташкент, Чымкент, Олуя-ата, Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлгө келген, ал эми хандын аскерлеринин экинчи бир бөлүгүн Хаккулу (Аккулу) башкарып, алар Ферганадан чыгып, Көгарттын белин ашып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Кочкорго чейин келип, бүлүк салышкан.

Ошентип, кокондуктардын Теңир-Тоону аралай чаап, оңой эле жеңишке жетишүүсүнө кыргыздардын бытырандылыгы, уруулар ортосундагы талаш-тартыштар, алардын ынтымагынын жоктугу себеп болгон. Айрым түшүнүгү тайкы, өзүмчүл кыргыз төбөлдөрү өзүнө жакпаган урууну Коконго басып берүүнү көздөгөн. Ал кезде сары багыштар менен саяктардын, саяктар менен бугулардын тирешүүсү аябай курчуп турган эле. Алардын чатагын душмандар эптүүлүк менен пайдаланып, аларды бирибирине тукуруп, жалгыздатып баш ийдирген. Жаңы аймактарды бекемдөө үчүн кокондуктар (Бишкек, Токмок, Ак-Суу, Чалдыбар, Кара-Балта, Мерке, Ат-Башы, Куртка, Тогуз-Торо, Кочкор, Жумгал, Суусамыр, Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барскон, Кара-Кол) чеп коргондорун курган.

Кокондуктардын түндүк Кыргызстандагы негизги таянычы болгон Бишкек чеби 6 *га* жерди ээлеп, төрт бурчтуу формада салынган. Чепти эки катар калың жана бийик дубал курчап турган. Мындан тышкары чепти айланта терең аң казылып ага суу толтурулган. Чеп курулган жерде кербендер, жолоочулар өтчү жолдун боюнда мурда солтонун берени Жоочалыштын урпактарынын бири Бишкек баатырдын сөөгү коюлуп, күмбөз тургузулган. Акырындап ал жерге курулган кокондуктардын чеби да Бишкектин ысымы менен аталып калат. Чүй өрөөнү кийин Россиянын карамагына өткөндөн кийин орус төбөлдөрү Бишкекти өз тилинин ыңгайына карап Пишпек деп өзгөртүп алышкан. Кыргыз жеринде Кокон ханынын бийлигин орнотууда жана бекемдөөдө жергиликтүү элди тескеп, салыктарды чогултуп туруу милдети жүктөлгөн чептердеги аксым, ач көз бектер карапайым калкка далай кордук көрсөтүп, зордук-зомбулук кылып жек көрүндү болушкан.

Кокондуктардын жылдан жылга көбөйгөн өлчөөсүз салыгы, залимдиги элет элинин жанына батып, кыжырын кайнатты. Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү XIX к. 30–40-жж. күч алган. Ал жылдарда кокондук баскынчыларга каршы Нарындын төрүн жердеген саяк уруусу катуу каршылык көрсөткөн. Анткени саяктар буга чейин Чыгыш Түркстандагы Цинь-Манчжур бийлигине каршы кыймылга, Жаңгер Кожонун Кашкарга жасаган жортуулуна такай катышып, аскердик уюмдашуу жана курал-жарак топтоо жагынан кыйла такшалып калышкан.

XIX к. 20-жж. Жаңгер Кожонун кытайларга каршы көтөрүлүшү жеңилип, ал баш калкалоо үчүн Ак-Талаадагы Тай-



Тайлак баатыр.

лактын айылына келет. Анын артынан Кытайдын генералы Баян-Бату баштаган жазалоочулар жөнөтүлөт. 400 адамдан турган кытай аскерлери Тайлактын жоктугунан пайдаланып, Ак-чийдеги айылын кырып, мал-мүлкүн талап кетишет. Окуяны уккан **Тайлак баатыр** өзүнүн бир аз жигиттери менен баскынчыларды Орто-Сырттын Ойнокжар деген капчыгайынан кууп жетип, кытай аскерлерин генералын баш кылып толук кыргынга учураткан. Ал кезде Тайлак баатыр 26 гана жашта болгон. Ушундай салгылаштарда такшалган Тайлак агасы Атантай менен Кокон хандыгынын баскынчылык саясатына каршы элдик көтөрүлүштү жетектейт. Көтөрүлүшкө Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Нарын, Ат-Башыдагы кыргыздар активдүү катышкан. Элдик кыймылдын башталышына кокондуктардын 1831-ж. жортуул учурундагы аёосуз талап-тоноолору, адам чыдагыс зөөкүрчүлүктөрү, көрсөткөн кордуктары себеп болгон.

Ага-ини Атантай, Тайлак Акталаа аймагын мекендеген саяк уруусунун билермандары эле. Алардын атасы уругу чоро Ырыскул он, солго аттын кашкасындай таанымал, атактуу, Жанболот бийдин заманында (XVIII к.) кытайлар менен айкашта кол баштап жүргөн адам болгону тууралуу маалыматтар бар. 1831-ж. Хаккула баштаган 7 миң кокондук жоокерлер Ак-Талаадагы саяк уруусун кыйратып, Атантай менен Тайлакты туткунга алган. Туткундан бошогондон кийин алар тез арада кол топтоп, Куртка сепилине кол салган. Салгылашта кыргыздар жоону жеңип чыгып, чептеги зынданда зарыгып жаткан туткундарды бошотушкан. Эл кокондук төрөлөр тартып алган малына кайра ээ болуп, салык төлөөдөн бошотулат. Көтөрүлүштү басуу үчүн Ак-Талаага Арап баатыр баштаган 500 жоокерди жөнөтүшкөн. Тогуз-Тородогу Бычан деген жайыкта Тайлактын жигиттери Арап-



Тайлак баатырдын күмбөзү.
*Реставрацияланган.*



тын колунун жолун тороп, эки тарап беттешкен. Ошол салгылашта душман оор жоготууга учурап, 400 аскеринен айрылган. Кыргынга кабылып, талкаланган жоо тополоңго түшүп чегинүүгө аргасыз болду. Айласы түгөнүп, бир аз сарбазы менен качып жөнөгөн колбашчы Арапты Тайлак баатыр кууп жетип, жекеме-жеке эрөөлгө чыгып, найза менен сайып өлтүргөн. Кийин ошол жер «Араптын бели» деп аталып калган. Тайлак баатыр узак жылдар бою Кокон хандыгына баш бербей жоонун кийинки жортуулдарынын мизин кайтарып турду. Тайлак баатырды табып кейпин кийип, атайын келген кокондук тынчы 42 жашында (1838-ж.)ууландырып өлтүргөн.

XIX к. 40-жж. кыргыздардын көз каранды эместик үчүн кыймылы күч алып, кеңири аймакты кучагына алган. 1842-ж. Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыздар көтөрүлүш баштап, Кара-Кол, Барскон, Коңур-Өлөң чептеринен кокондук сарбаздарды кууп чыгышкан.

Нарын аймагында Тынымсейит уруусунан чыккан **Алыке уулу Табылды баатыр** жетектеген элдик кыймыл эки жылга созулуп, кокондук төрөлөрдү көптөгөн жоготууларга дуушар кылган. Черик уруусунан чыккан Турдуке баш болгон ат-башылык кыргыздар Кокон бегине салык төлөөдөн баш тарткан. Кыргыздарды тынчытууга кудурети жетпесин түшүнгөн Куртка беги Мамыразык эки жыл бою Анжиян бегинен кошумча сарбаз сурап турган. Ал эми 1845-ж. алайлык кыргыздар жана Ош аймагындагы ферганалык кыргыздар хан бийлигине каршы күрөшкө көтөрүлүп, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурган. Ошондуктан Ошко Мусулманкул кол башчылык кылган көп аскер шашылыш жөнөтүлгөн болчу. Кыргыздар жоонун жолун тороп, катуу каршылык көрсөткөн. Бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, баскынчылык жортуулдарда такшалган кокондуктардын жер жайнаган колунун кысымына, чабуулуна туруштук берүү мүмкүн эмес эле. Мусулманкул көтөрүлүштү күч менен баскандан кийин Ошто туруп калат да, көтөрүлүшкө чыккан кыргыздарды аёосуз жазалайт.



Табылды баатыр.

Түндүк Кыргызстанда Кокон хандыгынын бийлигин алсыратууда Ормон хан менен Төрөгелди баатыр чоң роль ойногон.

Алар жетектеген кыргыз колу 1847-ж. Кенесары хандын чабуулунан кийин кирип келген кокондуктардын 12 миң адамдан турган сарбаздарын Ашпара (азыркы Чалдовар кыштагы) деген жерде толук талкалаган.

Кыргыз элинин XIX к. биринчи жарымында Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн тарыхый мааниси чоң. Элдик кыймылдын күч алышынын натыйжасында баскынчылар жергиликтүү элдин катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылышып, көп аскеринен айрылды, чыгашасы арбып, бийлиги бошондоду. Кыргыз элинин боштондук күрөшү Кокон хандыгын кыйла алсыратты. Кыргызстанда кокондук бектер жана сарбаздар туруктуу, бекем бийлигин орното алышкан жок. Кыргыз элинин көз каранды эместикке, өз алдынча болууга умтулуусу ого бетер күчөдү. Кыргызстандын ар кайсы аймактарын мекендеген айрым кыргыз уруулары саясий жактан биригүүнүн зарылчылыгын түшүнө баштады.

**Кокон хандыгындагы ич ара чыр-чатактар. Хандыктын начарлашы**

Кокон хандыгы бирдиктүү мамлекет болгону менен феодалдык бытырандылыктын белгилери сакталган. Бийлик үчүн тынымсыз күрөш жүргүзгөн ири феодалдар тез-тез алмаштырылып, такка өздөрүнө жаккан ханзааданы отургузуп турушкан.

Хан сарайындагы так талашкан чыр-чатактар 40-жж. айрыкча күч алат да кыргыз, кыпчак феодалдары ордодо чечүүчү роль ойнойт. 1842-ж. Мадалы ханга каршы козголоң чыккан. Бухара эмири Насрулла көп аскери менен келип, Коконду ээлейт да, Мадалы ханды өлүм жазасына тартып, Кокон хандыгы Бухара эмиратына кошулду деп жарыялаган. Бирок, үч айга жетпей Кокондо Бухаранын үстөмдүгү кулаган. Феодалдык топтордун ортосунда так үчүн күрөш башталган. Кыргыз, кыпчак феодалдары өз ара келишип, Алым хандын инисинин уулу Шералыны (1792–1845-жж.) хан көтөрүү жөнүндө бүтүм кылышат. Шералыны хан көтөрүүдө кыргыз феодалдары **Нүзүп бий, жедигер уруусун** бийлеген **Нарбото манап**, Ажыбек датка, Жангарач манап зор роль ойношкон. 1842-ж. жайында таластык жана чаткалдык кыргыздар менен кыпчактардан куралган кошуундун коштоосунда Шералы хан Коконго келип, такка олтурат. Адегенде Шералы хан кыргыз, кыпчак феодалдарынын айтканына көнүп, аларга жаккыдай иш кылып турган. Бирок Талас менен Алайдан ж. б. алыскы айылдардан келген кыргыз кошуундары баш калаадан чыгып кетери менен, кыргыз феодалдарынын ордодогу таасири бошондой баштайт. Ордо үчүн чыр-чатактын учурунда Нүзүп миңбашыны кыпчак төбөлү **Мусулманкул** айлакердик менен жайлатып салган. Ордодо бир аз мезгилге теги тажик Шады бийликти колго алган болчу. Кыпчак ак сөөктөрүнүн жол башчысы **Мусулманкул** (1794–1852-жж.) ордодогу өтө таасирлүү кишилердин бири болгон.



Нүзүп бий.



Нарбото манап.



Мусулманкул.

Мусулманкул өзүнүн жакшы уюшулган, даярдыгы мыкты кыпчак кошууну менен Кокон аскерине каршы аттанып, аны талкалайт да, 1844-ж. ордо шаарды басып алат. Жеңишке ээ болгон Мусулманкул өзүн миң башы жарыялайт. Шералы хан болсо анын «кол жоолугуна» айланган. 1845-ж. Мусулманкулдун Оштогу кыргыздардын көтөрүлүшүн басуу үчүн кеткенинен пайдаланып, өзбек, кыргыз төбөлдөрү Шералыны тактан кулатышып, Алым хандын уулдарынын бири Муратты такка отургузушкан. Ал 11 күн гана такка отурган. Жаалданган Мусулманкул Коконго кирип Муратты өлтүрүп, Шералынын 13 жаштагы өспүрүм баласы Кудаярды такка отургузат да, өзүн аталык атап, хандыкты жеке өзү башкара баштаган. Кудаярды кызына үйлөндүрүп, өз таасиринде сактаган. Кудаярдын энеси Жаркын айым таластык кыргыз кызы болгондуктан, кыргыз феодалдары менен байланышын үзгөн эмес. Мусулманкул аталыктын аялы дагы Кетмен-Төбөдөгү Нарбото деген чоң манаптын кызы болгон. Убакыт өткөн сайын жаш хандын бийликке ээ кылбаган аталыкка нааразылыгы арта берген. 1850-ж. Кудаяр кайнатасына каршы күрөшүү үчүн Ташкен беги Нурмагамбетке жардам сурап кайрылган. Нурмагамбет хандын өтүнүчүн аткарып, Коконго аскер жөнөткөн. Мусулманкулдун колу менен кармашта Ташкен бегинин аскери жеңилип, Кудаяр хан туткунга түшүп калат. Бирок аталык Кудаяр хандын күнөөсүн кечирип, ага тийген эмес.

1852-ж. октябрда Кудаяр хан кайрадан кайнатасы Мусулманкул менен жоолашып, чечүүчү кармашка камынат. Кыпчак

аскери менен хандын жоокерлери 8-октябрда Былкылдама деген жерде беттешип кырчылдашкан. Бул кыргында хан тарабы жеңип чыкты. Кудаяр хандын буйругу боюнча Кокон кошууну кыпчак элин түтүн кыдыра кырып, кыштак, калаа канга боёлот. Мусулманкул Наманган аймагындагы Уйчи кыштагында колго түшүп, Коконд дарга асылат.

Ошентип оор согуштардын натыйжасында ордодогу кыпчак феодалдарынын таасири жоюлду. Кокон хандыгында саясий бийлик убактылуу өзбек төбөлдөрүнүн колуна өтөт. Көп узабай кыргыз, кыпчак феодалдарына таянып, Малабек ханзаада бийлик үчүн күрөшкө чыккан.

Кудаяр хан Малабек менен салгылашууда жеңилип, Бухара эмирине кире качкан. Кыргыз, кыпчактар Малабекти хан көтөрүшөт. Жаңы хандын тушунда алайлык Алымбек датка бир аз убакыт вазирлик кылган.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Кокон хандыгы кандайча пайда болгон жана өнүгүшүндө канча баскычты өткөн?
2. Кубат бий жана Ажы бий жөнүндө айтып бергиле.
3. Кокон хандыгынын баскынчы саясатына каршы кыргыздар кандай күрөшкөн?
4. Тайлак баатыр, Табылды баатыр ким болгон? Алар жөнүндө айтып бергиле.
5. Кокон хандыгынын алсырашынын себептери кайсылар?

## §§ 24–25. XVIII–XIX кк. КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

**Калкы**

Кокон хандыгынын тушунда кыргыз эли түпкү ата конуштарын ээлеп турган. XIX к. орто ченинде кыргыздардын саны болжол менен 800 миң кишиден ашкан. В. Радловдун эсебине караганда 80 миң түтүн кыргыз болгон. Ал кезде кыргыздар көп сандаган уруу, уруктардан турчу. Уруулардын ортосунда туруктуу, тыгыз экономикалык байланыштар, өз ара бекем биримдик болгон эмес. Ич ара феодалдык чыр-чатактар кыргыз элин алсыратып, бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшүнө кедерги болгон жана коңшу өлкөлөрдүн кол салып туруусу үчүн оңтойлуу шарт түзгөн.

Кокон хандыгы Кыргызстанда өз үстөмдүгүн орноткону менен уруулардын ички ишине кийлигише алган эмес. Алар хан бийлигине жарым-жартылай гана баш ийишкен.

**Феодалдык мамилелердин өзгөчөлүктөрү**

XIX к. биринчи жарымында Кыргызстанда негизинен патриархалдык-феодалдык мамилелер өкүм сүргөн. Коомдук мамилелердин өзгүн өнүгүштүн феодалдык ыкмасы түзгөнү менен али патриархалдык уруулук уклад толук жоюла элек болчу. Бул көчмөндөрдүн коомдук түзүлүшүнүн башкы өзгөчөлүгү болгон.

Кыргызстан Кокон хандыгына карап турган мезгилде Кыргызстандын түндүгүндө өзгөчө социалдык катмар – манаптар үстөмдүк кылып турган. Белгилүү тарыхчы Б. Жамгырчиновдун пикири боюнча XIX к. башында бийлердин функциясы толук бойдон манаптардын колуна өткөн. Феодалдык мамилелердин өнүгүшү менен манаптардын бийлиги чыңдалган. Орус окумуштуусу А. Вышнегорский 1886-ж. «Манап – орустун князь деген даражасына барабар» деп аныктаган. Манапчылык укумдан тукумга өткөн. Натыйжада кыргыз коомунда XVIII–XIX кк. туруктуу ак сөөк катмар пайда болгон. П. Кушнер: «Манап – кыргыз турмушун тескөөчүсү. Уруунун жери ага тиешелүү. Ал башкарат, соттойт, салык чогултат, көчүп-конууну тескейт, талаш маселелерди чечет, күнөөлүүлөрдү жазалайт», – деп жазган.

Кыргыз коомундагы манапчылык институтунда манаптар кадыр-баркы боюнча чоң жана катардагы манаптар болуп бөлүнгөн. *Чоң манап* бир нече уруулардын бирикмесинин же чоң уруунун башында туруп, ага катардагы бир нече манаптар баш ийген. Анын бийлиги мураска өткөн. Булар *чынжырлуу манап* делип да аталган.

*Катардагы манаптар* (же чала манаптар) чакан уруунун же чоң уруктун башында турган. Манап деген даража алардын өздөрүнө гана ыйгарылган. Чала манап өзүнүн бул даражасын мураска өткөрө алган эмес. Катардагы манаптар чоң манаптын буйругун аткарууга милдеттүү болгон. Эл ичинде манаптардай жашоого, эл башкаруу деңгээлине жетүүгө аракет кылган адамдар да болгон. Аларды эл *чолок манаптар* деп атап коюшкан.

Кыргыз коомунда байлар өзгөчө социалдык катмарды түзүшкөн. Булардын негизги байлыгы мал болгон. Кыргыз байлары да *күрдөлдүү бай*, *ордолуу бай* жана *сасык бай* деп катмарларга бөлүнгөн. *Күрдөлдүү байлар* жеке гана байлыгы менен айырмаланбастан, коомдук турмушка активдүү катышып, эл ичинде чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Алар чоңманаптардын кеңешчилери катары эсептелген. *Ордолуу байлар* чоң манаптардын ордолоруна жакын жашашкан. Көрктүү үйлөрдү курушуп, короо-жай салдырышкан. Көбүнчө соода-сатык иштери менен алек болушкан. *Сасык байлар* болсо негизинен малынын башын көбөйтүү менен алек болушкан. Коомдук турмушка кызыккан эмес. Алар зыкымдыгы, пейлинин тардыгы менен айырмаланышкан. Эл аларды жаман көргөн.

Кыргыз аристократтарына *баатырлар* кирген. Душман менен күрөштө өзгөчө эрдик көрсөткөн күчтүү, эр жүрөк кол башчы – баатыр деп аталган. Алар карапайым элден же феодалдардан чыккан. Айрым баатырлар кийинчерээк ири феодалдарга айланган. Ормон, Байтик, Шабдан өңдүү уруу башчылары, ири манаптар да баатыр деп аталган.

Кыргыз коомун башкарууда *аткаминерлер* да маанилүү роль ойногон. Алар 10–50 түтүн элди башкарган, манаптын тапшырмасы боюнча салык, чыгым чогулткан.

Кыргыз коомунда калктын негизги массасын *букара* түзгөн. Алар негизги материалдык байлыкты өндүргөн. Манаптын айтканын аткарган, алар үчүн барымталарга (жылкы тийүү) барып, кээде чабыштарда курман болгон.

Кыргыздардын Кокон хандыгынын курамына кириши менен жер ээликтеринин түрдүү формалары пайда болгон. *Ашляк* – мамлекеттик жер ээлиги, *мулк* – жеке менчик жер, *вакып* (вакуф) – медресе, мечит ээлиги. Бирок кыргыз жеринде жерсууну пайдалануу, ага ээлик кылуу адаты кокондуктардын жолжобосунан кескин айырмаланган. Жердин жогорку кожоюну Кокон ханы болгону менен иш жүзүндө ал түпкү калктын ээлигинде кала берген. Кыргыз феодалдары – байлар, манаптар жайыттарга, кыштоолорго ээлик кылган. Кыргыздарда да негизги өндүрүш каражаты катары жер эсептелген. Ошону менен бирге көчмөн жана жарым көчмөн чарбада мал маанилүү өндүрүш каражатын түзүп, ал башкы байлык эле. Малды маанилүү өндүрүш каражаты катары кармоо, урунуу-кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнөн болгон. Түштүк Кыргызстанда, Ферганада жер, суу маселелери кыйла татаал болчу. Хандыктын борборуна канатташ жайгашкан кыргыз айылдарынын карамагындагы айдоо жерлерди, жайыттарды пайдаланууга хан тез-тез кийлигишип турар эле. Хан кыргыздардын мыкты жерлерин күчтөп тартып алып, бирөөлөргө сатып ийген учурлары болгон.

Кылымды карытып көчмөн турмушка ылайык калыптанган адат боюнча жер жамааттын, уруктун, уруунун энчисинде турган. Бирок жайыттарды бөлүштүрүүгө, пайдаланууга көзөмөлдүк кылуу, көчүп конууну тескөө манаптардын колунда болчу. Жайыт маселеси боюнча доомattар, талаштар манаптардын, бийлердин жыйынында талкууланчу. Кээде топко хандын өкүлдөрү да катышкан. Кыргыздарда жерге жеке менчик калыптанышына тосмолонгон *коруктар* далил. Алсак, алайлык ири феодал Абдылдабектин Оштон Алайга кетчү жол боюндагы Бешбулак деген жерде жеке менчик жери жана кыштоосу болгон. Кокон хандыгы мамлекеттик жерди пайдалануу укугу жөнүндө атайын документ (васик) берип турган. Жалпы жонунан алганда кыргыздарда жер-сууну урунуу боюнча феодалдык мамилелер өкүм сүргөнү менен, али патриархалдык-уруулук түзүлүштүн белгилери сакталып кала берген. Кыргыз элинин коомдук турмушунда тууган-туушкандык байланыштар, карым-катнаштар, каада-салт, үрп-адаттар маанилүү роль ойногон. Мындай өзгөчөлүктөр букара калктын эмгегин эксплуатациялоого ыңгайлуу шарт түзгөн. Букара калк кедей-кембагалдар, жакыр, малай, жатакчы, чайрыкер, мандикерлерден турган.

Кедей-кембагалдар өз уругу, айылы менен жайлоого бирге чыгып, чогуу кыштачу. Алар убактылуу урунуп турууга байлардан саан уй, жандык алышчу. Акысына алардын үй оокатын кылып, малын багышкан. Кыргыз феодалдарынын койчулары, жылкычылары, уйчулары, төөчүлөрү, үй кызматкерлери көбүнчө кедей туугандарынан куралаар эле. Ал эми бөлөк уруктан келип, жалчы жүрчү жардылар *малай* аталчу.

Бай-манаптардын эгинин эгип, жайлата аны багып, күздө оруп дан бастыргандарды *аштыкчы* деп коюшкан. Көчмөн турмуштан кол үзүп, дыйканчылык кылышкандар түндүктө *жатакчы*, ал эми түштүктө *эгинчи* деп аталган. Кыргызстандын түштүгүндө *чайрыкерлер* деп аталган катмар көбөйө баштаган. Чайрыкерлер бөлөк бирөөнүн жеринде анын шаймандары менен эгин эгип, багып өстүрүп, оруп жыйышчу. Алынган кызылдын (түшүмдүн) бир бөлүгү чайрыкердин үлүшүнө тийген. Убактылуу жана күнүмдүк жалчы жүргөндөр *мандикерлер* деп аталган.

Кыргыздардын чоң манаптары кул, күң кармаганы да белгилүү. Кулдар негизинен ич ара чатактардын, согуштардын учурунда колго түшкөн туткундардан турчу. Манаптар кулдарын, күңдөрүн бирөөлөр менен кудалашканда, калың төлөгөндө малга кошуп тартуу кылчу, байгеге сайчу, кааласа аларга эркиндик беришкен. Бирок кулчулук кыргыздарда кеңири таралган эмес. Анткени көчмөндүү чарбада кул эмгегине муктаждык деле болгон эмес. Демек, кыргыздардын коомдук турмушунун өзөгүн феодалдык мамилелер түзгөн. XIX к. алардын коомдук мамилелерин патриархалдык-феодалдык түзүлүш катары кароого толук негиз бар.

Кокон хандыгы үстөмдүк кылган мезгилде кыргыздар эзүүнүн көптөгөн түрүнө жолуккан. Айрыкча түштүктөгү кыргыздардын абалы өтө оор болгон. Ал эми Түндүк Кыргызстанда, бөтөнчө тоолуу райондордо, кокондуктардын бийлиги анча бекем болгон эмес. Эзүүнүн негизги түрү – жер рентасы катары салык салуу болгон. Алгачкы жылдарда кыргыздар Кокон хандыгына *түндүк зекет* – ар түтүндөн бирден кой, *адал зекет* – малдын 50 башынан бирден баш төлөп турушкан. Негизги салык – зекет болгон. Эгерде XIX к. 30-жж. 100 кой, эчкиден бир баш зекет алынса, 50-жж. 40 баш майда жандыктан (кой-эчки) бирди, 40 жылкыдан бирди, 30 баш кара малдан (уй, топоз) бирди салык катары төлөчү. Эгерде зекет төлөгөн адамдын жылкысы 40тан көп бол-

со, анда ар бир ашык баш жылкысы үчүн 40 тыйын төлөгөн. Төөсү бар кишиден беш төөгө бир кой алчу. Мал салыгынын өлчөмү тез-тез өзгөрүп турган. Кээ жылдарда малдын жыйырмадан бир бөлүгүн зекет үчүн төлөөгө мажбурлашкан. Дыйканчылыктан *хараж салыгы* алынып, ал түшүмдүн ондон бир бөлүгүнө барабар болгон. Мөмө-жемиш багы бар багбандар жана жашылча эккендер салыкты акчалай төлөшкөн.

Кыргыздардан аскер салыгын шылтоо кылып, мезгил-мезгили менен, ар түтүндөн бирден тилла (алтын акча), бир жылкы же үчтөн кой алышчу. Мындан сырткары Кокон хандыгында көптөгөн салыктын түрлөрү болгон. Кудаяр хандын мезгилинде алык-салыктын түрлөрү 20дан ашкан. Салыктар адегенде натуралай алынса, кийинчерээк XIX к. орто ченderинен тартып көбүнчө акчалай алынып калган. Зарыл болгон учурда карапайым калк чеп-коргондордун, жолдордун ж. б. курулуштарында бекер иштеп берүүгө – ашарга катышууга, мандикер болууга да милдеттүү болушкан. Жер-жерлерде кокондук акимдер өздөрүнө киреше жыйнап алууга укуктуу болгондуктан, салыкты өздөрү каалагандай сала беришчү. А түгүл кокон төрөлөрү камыш, куурай, чычырканак чогулткандардан да салык алган.

Кокондук феодалдар, аскер башчылары, дин кызматчылары хандык адеп уюшулгандан баштап эле түштүк кыргыздардын дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерин ээлеп ала башташкан. Мисалы, Омор хан казынасын байлыкка толтуруу үчүн Наманган чөлкөмүн мекендеген кыргыздардын суусу мол жерлерин өзбек кардарларга макулдашпай туруп эле сатып жиберген.

Ойдундагы ата конушунан ажыраган миңдеген кыргыздар тоо таянып, сүрүлүп кеткен. Фергана өрөөнүндөгү мыкты жерлеринен ажыроо кыргыздардын арасында жакырчылыкты туудуруп, алардын хан бийлигине нааразылыгын күчөткөн.

Элеттиктерди оор абалга салып келген ээзүүнүн дагы бир түрү Кокон көпөстөрүнүн сүткорлук менен жүргүзүлгөн соода-сатыгы болгон. Кызыл кулактар арзыбаган товарларды алып келип, аларды кыргыздарга өз наркынан алда канча кымбат баада сатышкан. Баёо тоолуктар семиз малын болор-болбос товарларга айырбаштоого мажбур болушкан. Товарларды сатып алууга жөндөмсүз кедей-кембагалдарга күнүмдүк турмушка керектелүүчү майда-чүйдөнү жергиликтүү бий, бектердин кепилдиги менен карызга беришкен, натыйжада кедейлердин бай-манаптарга болгон көз карандылыгы мурдагыдан да арткан.

Кедей-кембагалдар карыздарын төлөй албай же карыздан кутулуу үчүн өз уулдарын, кыздарын бай-манаптарга *малайлыкка* беришкен. Элдин ушундай кыйналышына карабастан, Кудаяр хан өзүнүн 36 аялына жылына 300 миң рубль акча каражатын жумшап тургандыгы айтылат.

Чыгыш таануучу А. Кун Кокон хандыгынын соңку мезгилинде алык-салыктардын көбөйүп кетишин айтып, мамлекеттеги мүмкүн болгон бардык кыймыл-аракеттерге салык салынып жаткандыгын, жада калса адамдын туулушуна жана өлүмүнө да акча төлөнөрүн, эми бир гана «дем алганы үчүн абага» салык салынбай калгандыгын белгилеген.

**Кыргыздардын көчмөн мал чарбачылыгы**

Кыргыздар ээлтеден эле көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүп, ар дайым мал багууга ылайык жерлерди ээлеп келген. Элибизде *«Мал боор эт менен бирге»* делип эсептелип, ага аяр мамиле жасоо, аздектеп багуу эрежелери укумдан-тукумга өтүп турган. Көчмөн кыргыздар жайыттарды үнөмдүү пайдаланууга, экологиялык тең салмактуулукту сактоого өзгөчө көңүл бурган. Жайыттар жыл мезгилине жараша *жайлоо, күздөө, кыштоо, жаздоо* болуп бөлүнгөн.

Кыргыз эли төрт түлүк малдан жылкы багууга өзгөчө көңүл бурган. Жылкыны кыргыздар минген, жүк ташууга пайдаланган. Анын эти, сүтү азык катары, тери жана жал-куйругу чарбачылыкка (саба, жип, аркан жасоого ж. б.) пайдаланылган.

Жылкы согуштарда, өз ара чабыштарда өзгөчө чоң роль ойногон. *«Ат аттан кийин жат»* деген ылакап сөз атынан ажыраган жоокер эмес дегенди түшүндүргөн. Аттын кыргыз элинин турмушундагы ролу оозеки элдик чыгармалардын бардык түрлөрүндө өзгөчө белгиленген. Алсак «Манас» эпосунда Манас баатыр Коңурбайдын Мааникер деген атты бергиле деп талап койгонун укканда ачууланып, мындай деген:

Ат бүткөндөн айрылса,
Азамат шору катпайбы,
Атышпай атын бердиң деп,
Азабын артык тартпайбы,
Акыреттин күнүндө
Тозокто Манас жатпайбы,
Мааникер берем дегиче
Манасты өлдү десеңчи.

Кыргыздар күлүк атын сактоо үчүн ага кишен салган, көз тийбесин үчүн көкүлүнө тумар таккан. «Манаста»: *«Туягын жерге мылгытып, тумарын көккө ыргытып»*, – деп айтылган саптар бар.

Кыргыз жылкысы түрк-монгол породасына кирген. Анын бою жапыс болгону менен, тулку-бою узун, сөөктөрү, булчуңдары чың, өтө чымыр, туягы өзгөчө бекем, минип жүргөнгө өтө ыңгайлуу болгон. Жылкынын бул породасы жоош болгону менен өтө акылдуу келип, аны үйрөтүү жеңил болгон.

Эзелтеден эле жылкы баккан кыргыздар ар бир жылкынын мүнөзүн жакшы билип, алардын жашын карап туруп же тишин ачып билген. Элибиз жаңы туулган жылкы баласын *кулун*, бир жашка чыкканда *тай*, эки жашында – *кунан*, үч жашында – *бышты*, төрт жашында – *бир асый*, андан кийинки жылдары *эки асый, үч асый* д. у. с. атаган. Ургаачы жылкынын жашын *байтал*, чоңун – *бээ*, эркегин – *айгыр*, бычылганын – *ат* деп аташкан.

Көчмөн кыргыздардын чарбасында кой эң көп багылган. Алар менен бирге аз сандагы эчкилер болгон. Аларды багуу элге көп жагынан пайдалуу болгон, тез көбөйгөн, суукка чыдамдуу болгон. Жыл бою жайытта оттогон. Койдун эти, сүтү азык катары, жүнү, териси кийим, боз үйдүн жабуулары, материалдык маданияттын көптөгөн предметтерин жасоого пайдаланылган. Кыргыздар койду жана анын продукцияларын негизинен өздөрү пайдаланышып, ашыгын товар катары саткан. Негизинен кылчык жүндүү, куйруктуу эт багытындагы койлор тоолуу жерлерге ыңгайлуу келип, тез жетилген жана бат эттенген, кышкысын карды тээп оттогон.

Кыргыз койлору алыс аралыкка көчүүгө, шар суулардан, тоодогу ар кандай татаал жолдордон, бийик ашуу-белдерден өтүүгө ылайыкташкан. Кыргыздар койлорду *кысыр калды* (тууй элеги), *тубар кой* (тууй турган кой), *ирик* (бычмал), *кочкор* (эркеги) деп атаган. Койлордун жашын кыргыздар алардын тишине карап билишкен. Бир жашка чейинкилерин *козу*, эки жашка чейинки ургаачысын – *токту*, эркегин – *борук*, үч жаштагы ургаачысын – *эки тиштүү кой*, төрт жаштагысын – *төрт тиштүү кой* же *кунан кой*, беш жаштагысын – *дөнөн кой* же *соолук кой*, төрт жаштагы бычмалды – *бир төгөрөк ирик*, беш жаштагысын – *эки төгөрөк ирик*, карыган бычмалды – *чарк ирик*, ургаачысын – *карыган кой* деп атаган.



Эчкилер деле кой сыяктуу багылган. Анын жүнүнөн жылуу кийимдер жасалган. Терисинен кымыз куюу, ташуу үчүн *чанач* жасашкан. Эчкинин сүтү, эти азык катары пайдаланылган. Эчкилердин бир жашка чейинкиси – *улак*, эки жашка чейинки эркегин – *серке*, ургаачысын – *чебич*, үч жаштагысын жана андан жогоркусун *эки тиштүү эркеч, төрт тиштүү эчки, соолук эчки, картаң эчки* деп койгон. Эркектерин – *теке* деп аташкан.

Көчмөн турмушка, оор шарттарга ылайыксыз болгондуктан, кыргыздар уйларды аз багышкан. Кыргыз уйларынын сүттүүлүгү төмөн болгон. Уйдун жаңы төрөлгөнү – *музоо*, бир жаштагысы – *торпок*, үч жаштагы ургаачысын – *кунаажын*, эркегин – *ноопаз*, андан кийин – *бука*, үч жаштагы бычмал эркеги – *кунан өгүз*, төрт жаштагысы – *бышты өгүз*, беш жаштагысы – *асый өгүз* деп аталган.

Тянь-Шандын, Памирдин жана Алайдын бийик тоолорунда жашаган кыргыздар топоз багышкан. Топоздор эң бийик, суукта, кар калың жерлерде өсүп, көбөйө берген. Анын эти, сүтү азык катары, өздөрү жүк ташуучу унаа катары пайдаланылган. Топоздун бир жашка чейинки баласын кыргыздар – *мамалак* деген. Эки жаштагысы *кунан мамалак*, үч жаштан өткөн саан топоз – *инек*, ал эми эркеги – *бука* делип аталган.

Кыргыздар аз санда болсо да төөнү аздектеп баккан. Төөнү кыргыздар негизинен унаа катары пайдаланган. Төөнүн жүнү – *чууда* өзгөчө бааланган. Аны кыркпастан түлөгөн кезде тарап (талап) алган. Андан жеңил чепкен, төшөк, жип ж. б. жасашкан. Терисинен көөкөр, көнөчөк ж. б. үй тиричилигинин буюмдары жасалган, аттын ээрин каптаган. Кыргыздар төөнүн жаңы төрөлгөнүн *бото*, бир жашка чейинкисин – *сүт тайлак*, эки жаштагысын – *тай тайлак*, үч жаштагысын – *кунан тайлак*, төрт жаштагысын – *бышты тайлак*, беш жаштагысын – *асый тайлак*, чоң төөнү – *инген*, эркегин – *буура*, бычымалын – *атан* деп атаган. Кыргыздар *«Төө бул көрк»* деп бул жаныбарды жакшы көргөн. Кыргыздарда төө тууганда кадимкидей сүйүнчүлөө, ботонун кулагына сөйкө салуу салты болгон.

Жогоруда айтылгандардын баары кыргыз элинин мал чарбачылыгына өзгөчө мамиле кылгандыгын айгинелейт. Кыргыздардын ичинде миңдеген малдын ар бирин өңүнөн чыгарып тааныган. Толубай өңдүү малды, өзгөчө жылкыны сынай билген сынчылар, саяпкерлер кыргыз элинин арасынан көп чыккан.

**Дыйканчылык**

Кыргыз эли төрт түлүк малды гана асырабастан, *дыйканчылык* жана *аң уулоо* менен да кесип кылышкан. Бирок дыйканчылык жер шартына байланыштуу ар кайсы аймактарда ар кандай деңгээлде болгон. Байыркы заманда эле дыйканчылык Фергана жана Чүй өрөөндөрүндө гүлдөп өскөн. Монгол баскынчылыгынын мезгилинен кийин дыйканчылык айрыкча Кыргызстандын түндүгүндө өтө төмөнкү деңгээлге түшкөн.

Буга чейин Ысык-Көл менен Чүйдөгү дыйканчылык орустардын көчүп келүүсүнүн натыйжасында гана өңүгө баштаган де-

ген ой-пикилер айтылып келген, бул туура эмес. Дыйканчылык ал мезгилден мурда эле, тактап айтканда, XVII к. ойрот феодалдарын сүрүп чыгарган мезгилде деле жакшы өнүккөнүн археологиялык эстеликтер далилдейт. XVII–XVIII кк. Фергана гана эмес, Теңир-Тоодо да дыйкандар жерди иштетүүдө сугат арыктарын пайдалана билишкендигин тарыхый булактар тастыктайт.

Андан кийинки тарыхчылардын жазып кетишине караганда дыйканчылык Ысык-Көл, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө, ал эле эмес бийик тоолуу Ат-Башы өрөөнүндө да кеңири кучак жайганын билебиз.

Кыргыз элинин дыйканчылыгынын кошуна отурукташкан өзбек, тажик, Синьцзяндагы (Кытай) уйгурлардыкы менен көп окшоштук жагы бар. Жер шартына байланыштуу Кыргызстандын түштүгүндө түндүккө караганда дыйканчылык жакшы өнүккөн. Түштүктө гозо (пахта), буудай, жүгөрү, күрүч жана жашылча-жемиштерди өстүрүшкөн. Ал эми түндүктө негизинен буудай, арпа жана сулу айдашкан. Арпа айрыкча тоолуу жерлерде көп айдалган. Кыргыздар жашылча-жемиштерге анча көңүл бөлгөн эмес.

Бийик тоолуу шарттарда да жерди сугарганга арыктарды, ал эми суу аска-таштын боору менен өтө турган болсо, ал жерге карагайдан жасалма арык ноолорду курушкан. Арыктарды казганда кетмен, чукулдук жана темир күрөктөрдү пайдаланышкан. Арык казган учурда чоң таштарга туш келишсе *келтек* деп аталган кабелтең таяктар менен ал таштарды оодарып салышкан. Жаңы казылган арыктарга биринчи жолу суу коё берерде жерге, сууга сыйынып, малдан курмандык чалышкан.

Арыкты ошол тегеректеги сакалдуу кишилердин көрсөтмөсү менен жапа тырмак казышкан. Арыктын деңгээлин көз болжол менен эле аныкташкан элдик адистер болгон. Алар *кыбачы* деп аталган. Карагайлардан ноолорду чабарда *керки* деп аталган мизи балтаныкындай, бирок кичине, сабына туурасынан келтирип сапталган темир куралды колдонушкан. Дагы бир колдонулган курал *байтеше* деп аталган, анын сабы узун, мизи балтаныкындай жалпак, бирок туурасынан сапталган.

Эгерде арыкка суу көп келүүчү жерлер болсо, анда эки ноону катар коюшуп, аларды түркүктөргө бекитишкен. Ноолорду бири-бирине темирден жасалган чаңгектер менен карматышкан. Айдалган жерлерин жайлоодон убак-убагы менен келип сугарып турушкан, күздө түшүмүн жыйнап алышкан. Түшүм жыйналгандан кийин гана тоодогу малды ылдый түшүрүшкөн. Жакадагы эгин-чөптөрдү негизинен жатакта калган *жатакчылар* багып өстүрүшкөн.

Негизги жер айдаган курал – *буурсун* болгон. (Аны түштүктөгүлөр *омоч* деп аташкан). Анын учтуу жагына чоюн тиш кийгизишкен. Ал эми VIII к. кыргыздардын «тишти» арчадан да жасагандыгы белгилүү. Дыйканчылыктын бардык жумуштарына ылайыкташтырылган кетмен куралы азыркыга чейин кеңири колдонулуп келе жатат.

Жер айдагандан кийин үрөндү баш кийимдерине, этегине же териден жасалган торбуга (чака) салып алып, кол менен себишкен. Ал эми кээ бир жерлерде ат үстүнөн да себилген. Үрөн сепкенден кийин *мала* же *шак мала* деп аталган бутактуу шыргый менен тырмашкан. Кийин, т. а. XIX к. экинчи жарымында темир соко менен темир тырмоолор пайда боло баштаган.

Түшүм жыйноодо жалгыз курал – *кыргыз орок* же *кол орок* болгон. Ал эми Борбордук Азиянын башка аймактарында *маңгел* деп аталган орокко окшош, бирок тиши жок курал колдонулган.

Эгинди талаадан боолап, кырманга чийнеге, же өгүзгө салып ташып келишкен. Кырмандан эгинди төмөнкүчө бастырган. Ортого орнотулган мамыга жыгачтан (ичке талдардан) жасалган терек чамберек кийгизип, ага аттарды же өгүздөрдү катар байлап, мамыны айланта айдап бастырышкан. Бул *темин* деп аталган. Бастырылган эгиндерди биринчи жолу айры менен, экинчи жолу жыгач күрөк менен желге сапырып тазалашкан. Темин бастырууда моло таштарды да пайдаланышкан. Аны ири таш кесектеринен колго чегип жасачу. Буудайдан суу тегирмендерге ун салдырышкан. Ал эми жарма, максымга талканды, бозого шакты, угутту жаргылчак менен колго менен тартышкан. Эгинди кырмандан толугу менен бастырып бүткөндөн кийин, майда жандыктан курмандык чалып, дыйкандын колдоочусу Баба дыйканга багышташкан.

**Аң уулоо** Бул чарбачылык кыргыздардын ата-бабасынан келе жаткан кесиби катары XX к. чейин кеңири сакталган. Аң уулоодо мылтык, капкан, тузак пайдаланылган. Андан сырткары мүнүшкөрлөр: бүркүт, куш менен аң уулашып, аларга карышкыр, түлкү, коён, кекилик, чил жана башкаларды алдырышкан. Кыргыздар илгертен бери тайган агытып, мергенчилик кылган. Эл ичинен талыкпаган, көзгө атар мергендер чыккан. Аң уулоо менен кесип кылгандарды – *мергенчи* деп аташкан. Мергенчи – айылдагы эң кадырлуу адамдардан болгон. Айрым мергенчилер аң уулоо менен бир айылды баккан.

Аркар, кулжа, текелерге кээде ондон да көп киши чогуу чыгышкан. Анда жердин уусун билген мерген кийиктерди үркүтүүгө атайын кишилерди жиберген, аларды *айдакчылар* дешкен. Ал эми калгандары болсо, колдоруна мылтык алып ыңгайлуу жерлерде жашырынып, үрккөн кайберендерди алдынан тосуп атышкан. Алар *тозоттогулар* деп аталган. Атткан кийик-

терди ууга барган кишилердин санына жараша улуулата тең бөлүшкөн. Аткан кишиге – башы, төшү, териси тийген. Кийиктердин боорун карын майына кошуп туздап, чокко кактап бышырып жешкен. Ал эми теке атышса, анын өтүн ичишкен. Текенин өтү адамга күч-кубат берет, дарылыгы бар деп эсептелген. Кийиктин ичеги-кардын тайгандарга беришкен. Кийик бодочо союлуп, уча чыгарылган.

Мергенден келе жатканда алдынан жолуккандар *шыралга* сурашкан. Аларга атып алышкан кайберендин этинен сөзсүз бөлүп беришкен. Бербесе намыс, уят, кийинки аң уулоодо жолу болбой калат деп эсептелген. Кээде аткан кайберендин этин «шыралгага» таратып берип, үйүнө куру кол келген март мергенчилер да болгон.

Кыргыз элинде илгертеден айтылып келе жаткан *«Жандоочу кийик аттырат»* деген ылакап бар. Көп киши катышып, узак убакытка созулган аң уулоону *салбырын* же *салбуурун* деп атаган. Андагы мылтыгы жок, мергенчилерге айдакчы болуп, жардамдашып жүргөндөрдү *салбырынчы* деп коюшкан. Ууга бир аз эле киши чыкса, андагы айдакчы болуп жүргөндөрдү – *карасанчы* деп атаган. Кийик атып, аны бөлүштүргөндө карасанчылардын шыбагасына сан тийген. Ошондон улам мергенчилердин салтында *«Санчыга – сан»* деген ылакап калса керек.

Кыргыздар эзелтен эле кайберендин жашоо-шартын жакшы билишкен. Ошондон улам кыргыздын жыл эсебиндеги 12 айдын жетөөнүн аттары да кайберендерге байланыштуу коюлган.

1. *Жалган куран* (февраль). Куран деп кыргыз эликтин текесин айтат. Элик тогуздун айында (сентябрь) жүгүрүп жана токтолот. *Жалган куранда* жаңыдан куран бала түйүлөт, бооз, кысыры жалганбы, чынбы белгисиз арсар чагы. Ошол себептен жалган куран деп аталган.

2. *Чын куран* (март) айы. Чын куранда эликтин бала көтөрүп калганы белгилүү болот, ошондуктан ал айды чын куран дейт.

3. *Бугу* (апрель) айы. Бугу баш оонанын (июль) аягында ышкырат, ызгырык дейт. Бугунун ызгырыгындай деп, анын үнү өтө уккулуктуу болуп, кезген чагы. Апрель айында туулганы үчүн – бугу дейт.

4. *Кулжа* (май) айы. Кулжа жетинин айында (октябрь) жүгүрүп, бештин айында (ноябрь) токтолуп, майда тууйт, андыктан кулжа аталган.

5. *Теке* – (июнь) айы. Теке бештин айынын (ноябрь) 20сынан, абдан күзөгөнү 30на чейин жете кезет. Үчтүн айынын (декабрь) башында жүгүрөт. Жут болор жылы 15 күн кеч жүгүрөт дешет көптү көргөн карылар.

6. *Баш оона* – (июль) айы. Бугу баш оонанын (июль) аягында, аяк оонанын (август) башында башы ооган жакка кетип, кезип жүрөт. Ушул себептен баш оона десе керек.

7. *Аяк оона* (август) айы. Бугунун аягы тынбай маралга кыйгач жүгүргөн чагы болуп калгандыктан, бул айдын – аяк оона деп айтылып калганы белгилүү.

Калган беш айдын аталышынын кайберендерге байланышы жок. Алар кезеги менен: тогуздун айы (сентябрь), жетинин айы (октябрь), бештин айы (ноябрь), үчтүн айы (декабрь), бирдин айы (январь) деп аталган.

Аң уулоодо пайдаланылган итти кыргыздар *тайган* деген. Аны күчүк кезинен сөөк, чийки эт бербей, итке талатпай, эр жүрөк кылып, кастарлап багышкан. Тайгандардын кыраaны жолборс, эң мыктысы кумайык деп аталган. Кыргыздарда кумайыкты көк жору тууйт, туулгандан үч күнгө жете киши көрсө кумайык (тайган) болуп, андан өтсө жорунун балапаны болот деген ишеним болгон. Кыргыздар атты кандай таптаса, тайган менен кушту да ошондой эле аздектеп таптаган.

Аң уулоого бүркүт менен кушту да пайдаланышып, бапестеп таптап асырашкан. Куш таптап, куш салган адамдар *мүнүшкөрлөр* деп аталган.

Кокон хандыгы басып алгандан кийин деле кыргыздардын негизги кесиби мал чарбасы бойдон кала берген. Ар бир уруу жана урук негизинен белгилүү бир жерлердин чектеринде көчүп жүргөн.

XVIII к. Кытай хроникасында «көчмөн мал чарбачылыгы – алардын негизги кесиби, ал эми эт – алардын тамагы» деп көрсөткөн. Кыргыздардын мал чарбачылыгы экстенсивдүү болгон, т. а. малдын продукттуулугу жогорулатылбастан, санынын көбөйүшүнө көңүл бурушкан. Кышка карата тоют дээрлик даярдалган эмес, ошондуктан чарба жүргүзүү жаратылыштын стихиялык күчтөрүнө байланыштуу болгон. Кар калың түшкөн каардуу жылдарда жут башталып, мал кырылып калчу да, ачкачылык коркунуч туудурган. Ар бир үй-бүлөнүн менчик малы болуп, ар ким малына өз *эн тамгасын* салган. Кыргыз уруу уруулары, айыл-айыл болуп топтошуп, чогуу көчүп жүрүшкөнү менен жайыттын жакшысы, күздөө, кыштоо, көктөөнүн мыктысы манаптардын, бийлердин, байлардын энчисине тийген. Адатта бир айылга таандык жайытка бөлөк айылдын малы жолой алчу эмес.

Мал чарбачылыгы менен катар кыргыздар **дыйканчылык** да кылышкан. Кыргыздардын отурукташа башташына, дыйканчылыкты кесип тутушуна иргелеш жашаган өзбек, тажик калктары менен жүргүзүлгөн чарбачылык байланыштар чоң роль ойногон. Кокон хандыгынын карамагына кирген коңшулаш бул элдерден кыргыздар багбанчылыкты, чарба жүргүзүүнүн ыкмаларын үйрөнүшкөн, сугат, эмгек куралдарын жасоонун ыкма-

ларын бири бирине өткөрүшкөн. Дыйканчылык Фергана өрөөнүндө, Чүй, Талас өрөөндөрүндө жана Ысык-Көлдүн ойдуңунда аздыр-көптүр өнүккөн. Кыргыздар бийик тоолуу Ат-Башы, Нарын, Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө, Чаткал өрөөндөрүндө аз болсо да таруу, арпа, буудай айдашкан. Ал эми дыйканчылык техникасы өтө төмөн бойдон кала берген.

Кыргыздарда негизинен мал чарбасынын продукцияларын иштетүүгө байланыштуу **үй кол өнөрчүлүгү** өнүккөн. Кой жүнүнөн кездеме токуу үчүн жип ийришкен, ал эми терисинен тон менен жылуу шым тигишчү. Жүндөн, боз үйлөрдү жаба турган кийиз жасашкан. Кийизден кийим-кече, баш кийим, төшөнчү ж. б. жасачу. Бут кийим, кийим-кече, идиш-аяк үчүн териден өтө жөнөкөй жол менен булгаары, ал эми жыгачтан боз үйдүн кереге-ууктарын, түндүгүн, эшигин, ээр, такта, идиш-аяктарды жасашчу. Темирден болсо түрдүү курал жабдыктарды, эмгек куралдарын, күмүш менен алтындан турмуш-тиричиликте колдонулуучу ар түрдүү кооздук буюмдарын жасашкан.

Кыргыздардын чарбасы негизинен натуралдык мүнөздө болгону менен **соода-сатык** да өнүккөн. Соода көп учурда товар алмаштыруу (бартердик) мүнөзүндө болгон, т. а. малды жана мал чарба продуктулары соодагерлердин товарына алмаштырылчу. Кыргыздарга Ферганадан, Кашкардан, Кулжадан, Россиядан соодагерлер келишчү. Алар кездемелерди, чай, тамеки, күрүч, кургатылган жемиштерди алып келе турган. Россиядан нооту, чыт кездеме, булгаары темирден жана чоюндан жасалган буюмдарды алып келишчү. Кыргыздар бул товарларды малга, териге, кийизге, жүнгө, баалуу аң терилерине алмаштырып алчу.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Кыргызстандын коомдук түзүлүшүнө мүнөздөмө бергиле.
2. Кокон хандыгынын ээүүсү эмнеден көрүнгөн?
3. Кыргыздардын көчмөн мал чарбачылыгы жөнүндө айтып бергиле.
4. Кыргыздар төрт түлүк малды жашына жараша кандайча атагандарын билип алгыла.
5. Дыйканчылыктын өнүгүшү жөнүндө айтып бергиле.
6. Аң уулоо чарбачылыгы кандай роль ойногон?
7. Кыргыз календары жөнүндө эмне билесиңер?
7. Үй кол өнөрчүлүгү кандайча өнүккөн?

## §§ 26–27. КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТЫ

**Материалдык маданиятка** адамдын иш-аракетинин бардык түрлөрү жана натыйжалары: эмгек куралдары, турак-жайы, кийим-кечеси, тамак-ашы, курал-жарактары ж. б. кирет.

Көчмөн турмуш жана патриархалдык-уруулук тиричилик кыргыздардын материалдык маданиятына терең из калтырган. Турак-жайы, кийим-кечеси, тамак-ашы, буюмдары, унаалары узак жолго тез-тез чыгууга, көчмөн турмушка, чарба жүргүзүүнүн мезгилдик мүнөзүнө ылайыкташкан.

Кыргыздардын материалдык маданияты, алардын рухий маданиятынын көпчүлүк жактары сыяктуу эле Теңир-Тоодон Куэнь-Мунга чейин, Гиндукуштан Кучага чейин таралып, отурукташкан элдердин маданиятына үндөшүп, көп жагынан окшош өнүгүп келгендигин археологиялык казуулар, окумуштуулардын изилдөөлөрү далилдеген. Жалпылык менен бирге эле ар кандай себептерге байланышкан өзгөчөлүктөр байкалат. Тарыхый маалыматтарга, Жети-Суу, Теңир-Тоо, Памир, Түштүк Сибирь жана Алтайда жүргүзүлгөн кеңири масштабдагы археологиялык изилдөөлөргө таянып, кыргыздардын материалдык маданиятын кандайдыр бир деңгээлде байыркы көчмөндөрдөн – сактардан, усундардан, хунндардан баштап, түрк, моңголдорго чейинки материалдык маданияттарынын салттарын улантуучу катары эсептөөгө болот.

Боз үй тибиндеги көчүрүлмө турак-жай усундарга да мүнөздүү болгон. Түрктөргө тиешелүү ташка чегилип тартылган кийимдин түспөлү, Кенкол мүрзөлөрүнөн табылган кийим-кече, буткийимдин түрлөрүндөгү жалпылык кыргыздардын башка элдер менен тыгыз байланышта болгондугун далилдейт. Биздин элдин материалдык маданияты жөнүндө алгачкы маалыматты VIII к. кытай булактары берет. Чунь Юан «Сиюй-Вень Цзяньлу» («Батыш крайдан уккан жана көргөндөрдү сүрөттөө») аттуу эмгегинде кыргыздардын турак жайынын түзүлүшү, тамак-ашы, кийим-кечеси жана баш кийими жөнүндө кыскача маалымат берген. Кыргыздардын материалдык маданияты XIX к. ортосунда Кыргызстанга көрүнүктүү окумуштуулар П. П. Семенов-Тяншанский жана Ч. Ч. Валихановдун келиши менен илимий чагылдырылган.

Сүрөтчү П. М. Кошаров Ысык-Көл регионунда жашаган кыргыздардын материалдык маданиятын чагылдырган таблицалары жана эң сонун сүрөттөрү бар этнографиялык альбом калтырган.

XIX к. 60-жж. бугу жана сарыбагыш урууларында болгон академик В. В. Радлов өтө баалуу маалыматтарды жазган. Ал эми кыргыз этнографиясынын башында турган С. М. Абрамзон өзүнүн «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана та-

рыхый-маданий байланыштары» деген китебинин бир главасын ушул маселеге арнап элибиздин материалдык маданиятына мүмкүн болушунча кеңири мүнөздөмө берген.

### Байыркы таш балбалдар (скульптуралар)

Б. з. VI к. Алтайда жана Монголияда көчмөн уруулардын биригүүсүнөн алгачкы феодалдык мамлекет – Түрк кагандыгы түзүлгөн. Кыска убакыттын ичинде түрктөр курамына Орто Азиянын бир бөлүгү кирген эң чоң аймакка өз өкүмүн жүргүзүп калат. Кагандык бекем эмес мамлекеттик бирикме болгон. Түрк коомунун ичинде болгон социалдык курч карама-каршылыктар кагандыктын 603-ж. Чыгыш кагандык, Батыш кагандык болуп эки бөлүккө ажырашына алып келет.

Жети-Суу менен Теңир-Тоонун аймагы Батыш Түрк кагандыгына кирген. Анын борбору Чүй өрөөнүндөгү Суяб шаары (азыркы Токмок шаарына жакын Ак-Бешим айылынын жанында) болгон. Элинин негизги массасын мал жайганга ылайыктуу жерлерди ээлеген көчмөндөр түзгөн. Кыргызстандын территориясында түрк тилиндеги уруулардын жайланышы менен коргондордун же эскергич тосмолордун жанына адамдардын таш келбеттерин – балбалдарды коюу кеңири тараган өлүктү коюунун жаңы салты пайда болгон. Жасалышы жана таасирдүүлүгү боюнча алар бирдей эмес. Анткени ал сөлөкөт жасалган материалдын сапатына жана чеккен устанын чебердигине жараша болгон.

Балбал таштар көбүнчө граниттен, чаар таштан, акиташтан жана сланецтен чегилип жасалган. Ал үчүн атайын сүйрүсүнөн келген таштарды же плиткаларды тандап алышкан. Айрым учурда алардын сыртын жакшылап жылмалашкан. Көп учурда таш келбеттерди же алардын айрым бөлүктөрүн атайын даярдалбаган ташка эле чегип жасашкан. Адатта таштарга эркектердин – каардуу жоокерлердин, анда-санда гана аялдардын



Таш балбалдар.
*Соң-Көл.*



келбетин түшүрүшкөн. Оң колуна же эки колу менен ар кандай формадагы идишти кармап тургандын көрөбүз. Белиндеги куруна канжар же кылыч илинген. Кээде кийимчен да көрсөтүлөт.

Балбалдардын көпчүлүгү чебер скульптор – таш усталар тарабынан жасалган. Алар сөлөкөттөрдүн пропорциясын, беттин мүнөздөрүн, кооздук буюмдарын ж. б. дал өзүндөй беришкен.

Балбалдар өтө көп, бирок бардыгы бирдей эмес. Изилдөөчүлөр тарабынан алар эки негизги топко бөлүнөт. Биринчиси – тулку боюнун жана анын кийим-кечеси, кооздук буюмдары, курал-жарагы ж. у. с. даана берилген чоң тоголок скульптуралар; экинчиси – ташка контурдук сүрөт менен башын жана бет түзүлүштөрүн, айрым учурда бүт тулку боюн берген жалпак балбалдар. Экинчи топтогулар өтө эле көп, алар үчүн сөлөкөттү же анын айрым бөлүктөрүн берүүдө жөнөкөйлүк мүнөздүү. Мезгили боюнча бул балбалдар, мүмкүн эң алгачкылардан болуп эсептелет.

Таш сөлөкөттөр адегенде VI–X кк. чегинде пайда болгон, айрымдары X–XII кк. да тийиштүү. XIII к. кийин алар Теңир-Тоодо коюлбай калган. Балбал таштарды коюп көмүү салты Кыргызстандын аймагында исламдын таралышынан кийин токтогон. Анткени ислам бардык тирүү жандыкты: адамдын, айбандын, канаттуунун сүрөтүн тартууга тыюу салган.

Балбал таштардын таралышы аркылуу түрк тилиндеги көчмөн уруулардын таралыш чегин аныктоого болот. Нарын жана Ысык-Көл областтарында, Кемин, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жүздөгөн балбалдардын бар экендиги эсепке алынды. Кыргызстандын аймагынын калган бөлүктөрүнөн бир аз гана балбалдар табылды. Алсак, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн эки, ал эми бүтүндөй Ош областында беш балбал табылган. Алардын бирөө Ала-Бука районунда, экөө – Өзгөн шаарында жана экөө – Гүлчө кыштагында. Кыргызстандан сырткары, Орто Азиянын калган территориясында алар дээрлик кездешпейт. Көп сандаган таш сөлөкөттөрдү Казакстандан, Алтайдан, Тувадан, Хакасиядан жана Монголиядан жолуктурууга болот. Кытайдан 200дөн, Индиядан 40тан ашуун балбал таштар табылган. Бул ушул жерлердин баарында түрк тилиндеги көчмөн уруулардын жашагандыгын айгинелейт. Мына ушул мисалдын өзүнөн эле эрте орто кылымдардын тарыхын, маданиятын үйрөнүүдө балбал таштардын канчалык баалуу булак экендигин билебиз. Мындан

башка да төмөнкү жагдайды эсепке алуу зарыл. Кыргызстандын территориясындагы байыркы түрктөрдүн көбүнүн көрлөрүн ачып, ичиндегилерин уурдап кетишкен. Байыркы учурларда көрлөрдү ачып, анын ичиндеги баалуу буюмдарды уурдап кетүү кенири тараган. Азыр аларды казган археологдордун үлүшүнө анча-мынча бирдеме эле калгандарынын себеби да ошол. Ошондуктан, таш балбалдар көмүлгөн материалдардын жетпеген жактарын кандайдыр бир даражада толтуруп турат. Алар боюнча элдин антропологиялык тибин, кийим-кечесин, курал-жарагынын түрлөрүн, кооздук буюмдарын ж. у. с. аныктоого болот. Таш сөлөкөттөр байыркы сүрөт өнөрүн жана анын өнүгүш деңгээлин изилдөөдө да маанилүү булак болуп кызмат кылат.

Изилдөөчүлөрдүн арасында таш балбалдын чыгышы тууралуу бир нече гипотеза жашап келүүдө. Биринчиси – таш сөлөкөттөргө түрктөр өзүлөрүнүн же өлгөндөрүнүн кебетесин, тышкы көрүнүшүн түшүрүшкөн десе, экинчиси – түрктүн өзү өлтүргөн душманынын, тиги дүйнөдө ага кызмат кылчу кишинин келбетин чегишкен дейт. Алсак, Күлтегиндин эстелигинин эки тарабына эки *км* узундуктагы аралыкка катары менен таш балбалдар коюлган. Күлтегин өз өмүрүндө мынча адамды өлтүрүшү мүмкүн эмес. Демек, байыркы түрктөрдө өзү өлтүргөн адамдын келбетин таштан чегип, аны өзү жогору баалаган адамына тиги дүйнөдө кызматчы катары тартууга берсе керек. Күлтегиндин эстелигинин жанындагы өтө көп сандуу таш балбалдар ага өзүнүн жоокерлери, пикирлештери тарабынан ага урмат көрсөтүү үчүн берилген деген пикир туудурат.

Кыргызстандын таш балбалдары Россиянын илимий коомчулугуна XIX к. орто ченинен белгилүү боло баштайт. Ошондон бери байыркы түрк балбалдарын изилдөө багытында көп иштер жаралды. Бирок таш балбалдар проблемасы али да болсо, аз изилденген бойдон калууда. Жер аянттарын айыл чарбасына көбүрөөк пайдалануу иштеринин жүрүшүндө археологиялык эстеликтердин бул түрү көп жоголо баштаган. Жерди пландаштыруу учурунда балбалдар андарга, арыктарга, чункурларга ташталып, айрымдарын жергиликтүү элдер өз керегине жаратыш үчүн алып кетишкен. Алардын кай бирлери мектептерге, колхоз, совхоздордун чарба короолоруна алынып келинген. Азыркы кезде таш балбалдар адепки өз ордунда алыскы, киши көп баралбаган жерлерде гана сакталып калды. Аларды эсепке алуу, изилдөө маанилүү маселе бойдон калууда.

**Кыргызстандын орто кылымдардан калган архитектуралык эстеликтери**

Орто кылымдардагы курулуш өнөрүнүн эң көрүнүктүү эстеликтеринин бири – *Өзгөн мунарасы*. Ал бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон Өзгөн архитектуралык комплексине кирет. XI к. акырында курулган бул мунара ошол кездеги архитектуранын жетилген үлгүсү болуу менен өз калыбында бизге чейин келип жетти.

Мунаралардын (мунара араб тилинде: жарык берчү жер, маяк деген мааниде) пайда болушу Жакынкы жана Ортонку Чыгышка исламдын тарашына байланыштуу.

Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө курулган мунараларда толгонмо тепкичтер (пандус) адегенде курулуштун сыртынан өткөн. Бирок IX к. баштап толгонмо тепкичтер мунаралардын ичине курула баштайт. Орто Азиядагы бардык белгилүү мунаралардын толгонмо тепкичтери ичине жасалган.

Орто кылымдык тарыхчы Наршахинин жазганы боюнча мунаралар адегенде чийки кыштан (кирпичтен) тургузулуп, төбөсү жыгачтан жасалган чатырча менен бүтүрүлгөн. X к. баштап чийки кыштан тургузулган мунараларды бышкан кыш менен каптай башташкан. Мындай бир нече курулуштардын калдыктары археологдор тарабынан Орто Азиядан табылды. Кийинчерээк айрым мунаралар бүт бойдон бышкан кыштан тургузула баштаган. Буга мүнөздүү мисал катары биздин күнгө чейин сакталып жеткен Токмоктон 13 *км* түштүк жагында жайгашкан Бурана шаарчасындагы *Бурана мунарасы* кирет. Бул мунара бышырылган кыштан тургузулган. Анын цоколунда (негизинде) устундар жаткырылган. Бурана мунарасынын ичинде толгонуп чыгуучу кыш тепкичтер бузулбас үчүн үстүнө тактай төшөлгөн.

Бурана мунарасы да, Өзгөн мунарасы да Карахандардын (X–XII кк.) тарыхый дооруна туура келет. Эки мунаранын тургузулган мезгилдеринин айырмасы 100 жылга жакын. Өзгөндөгү мунара ушул өңдүү бышкан кыштан тургузулган курулуштардын мурунку бай тажрыйбасынын негизинде түзүлгөн. Башкача айтканда, Бурана мунарасы карахандык архитектуранын алгачкы кадамдарынын бири болсо, ал эми Өзгөн мунарасы анын жетилүү курагынын башталышы десек болот.



Бурана мунарасы. *Реставрацияланган.*

X к. чейин колдо бар маалыматтарга караганда мунаралар анча бийик курулган эмес, бирок Бурана мунарасы болжол менен эсептегенде 40 *м* чейин жеткен, ал эми Өзгөн мунарасынын бийиктиги ошол кезде 44,7 *м* болгон. Бизге белгилүү эки мунаранын тагдыр жолу бирдей десек болот. Бурана жана Өзгөн мунараларынын башы жер титирөөдөн урап түшкөн.

Азыр Бурананын бийиктиги 24 *м*. Өзгөн мунарасынын бийиктиги 27,4 *м* барабар келет.

Өзгөн мунарасы – композициялык планда алганда өз мезгилине мүнөздүү болгон курулуш. Бурана мунарасы сыяктуу эле ал дагы төрт бурчтуу подиумга (пайдубалга) таянып турат. Буранaнын подиумунун эки текчеси бар. Анын ар тарабы 12,3 *м* узундуктагы бекем төрт бурчтуу аянтча болсо, Өзгөн мунарасынын подиумунун ар тарабы 8,7 *м* жана бийиктиги 90 *см* болгон квадраттан турат.

Подиумдан жогорку курулушу боюнча эки эстеликтин конструкциясы дээрлик бирдей: подиумда сегиз кырдуу цоколь жатат, андан кийин башы барып «фонарь» (чатырча) менен бүтө турган өзөк кетет. Бирок Бурана мунарасынын негизиндеги сегиз кырдуу подиум жайыгыраак келип, стволу оор, бир топ жапыз болуп турса, Өзгөн мунарасы өзүнүн бөлүктөрүнүн ойлонуштурулган шайкеш келүүчүлүгү менен таңкалдырат. Биз сөз кылган сегиз кырдуу негиздин айланасы 8,7 *м* жогору жагыныкы 8,4 *м* сегиз кырдуу цоколдун өзүнүн бийиктиги 5,1 *м* келет. Сонку реставрациялоо процессинде аныкталган маалыматтар боюнча Бурана мунарасынын төмөнкү, жогорку диаметрлери жана цоколдун бийиктиги өз ара 9,4 *м*, 8,8 *м* жана 5 *м* түзөт.

Өзгөн мунарасынын тепкичтери Буранаңыкындай жыгач менен капталбастан, бышкан кыштар кырынан коюп жасалган. Эгер Бурана мунарасы кыштарын жөнөкөй гана тегиз тизип коюу менен курулса, Өзгөндөгү мунарага анча татаал болбосо да фигуралуу орнаменттер түшүрүлгөн.



Өзгөн мунарасы. *Реставрацияланган.*

Ошондой болсо да, Өзгөн мунарасынын орнаменттеринде Буранадагыны элестеткен, бирок анын татаалдашкан түрүндөгү мотивдер жолугат.

Мисалы, Өзгөн мунарасынын төмөнкү орнаменттүү кырынын фигуралары Бурана мунарасынын үчүнчү кырынын фигуралары менен окшошуп кетет. Ал эми Өзгөндөгү мунаранын жогорку бөлүгүндөгү ичке рельефтүү кыры Буранадагы мунаранын экинчи кырынын орнаменттеринин фрагменттерин элестетип турат.

Ошондой болсо да аларда айырмачылыктар бар. Өзгөн мунарасындагы кыш менен түшүрүлгөн рельефтүү орнаменттер бир тегиздикте жаткан кыштарды фигуралап коюу техникасында аткарылган орнаменттер менен айкалышып кетет. Жайык жана ичке орнаменттик курчоолор өзүнчө бир ритмди түзүп турат. Ушунун өзүндө белгилүү бир так мыйзам ченемдүүлүк бар.

Эгер Бурана мунарасынын орнаменттеринин чегин жылма коюлган кырлардын башталышы аркылуу аныктасак, Өзгөндөгү мунаранын орнаменттери кырынан коюлган майда кыштар аркылуу бөлүнүп турат. Кыш коюунун мындай ыкмасы *даңдана* деп аталат.

Айтылгандарды корутундулап келип, Өзгөн мунарасынын орнаменттик мотивдери өзүнүн көркөмдүк жана техникалык ыкмалары боюнча Бурана мунарасындагыга караганда бир топ жогорку деңгээлде жасалган деген жыйынтык чыгарууга болот.

Өзгөн мунарасы 1923-ж. реставрацияланган. Цоколдун бузулган төмөн жагы кайра жаңыланган. Ошол кездеги ремонт жасагандар азыркы кездеги реставрациянын көптөгөн эрежесин сактоого аракеттенишкен. Алсак, цоколдун урап түшкөн орнаментикасынын байыркыдан башка көлөмдөгү, бирок түп нускасына жакын кыштардан жасашкан.

Ошентип, Орто Азиядагы эң белгилүү эки мунараны салыштырып келип, Өзгөн мунарасы Бурана мунарасынан кийин тургузулган деп ишенимдүү айта алабыз.

**Таш-Рабатты иликтөө**

Кыргызстанда орто кылымдардагы курулуш эстеликтеринен сакталып калгандары анча көп эмес. Алар бизге келип жеткендерине караганда бир кыйла көп болчу. Буга ар түрдүү шаарлардагы мунаралардын, мечиттердин, күмбөздөрдүн бар болгондугу жөнүндөгү жазуу булактары (маалыматтар) да, ошондой эле бир кездердеги эң сонун архитектуралык имараттардын калдыктары, археологиялык казууларда, ачылган табылгалар да далил болот. Бат-бат болгон согуштар, табигый кырсыктар, закымдай учкан мезгил көп архитектура эстеликтеринин кыйрап калышына негизги себептерден болгон.

Ушуга чейин сакталып калган Бурана мунарасы, Өзгөндөгү архитектуралык комплекс, Шах-Фазиль мавзолейи жана Манас күмбөзү сыяктуу курулуш эстеликтеринин ичинен Таш-Рабат кербен сарайына өзгөчө орун таандык. Кыргызстандын аймагындагы бул курулуш Орто Азиянын орто кылымдарда өнүккөн борборлорунан алда канча алыс жайгашкан.

Таш-Рабат жөнүндөгү жазуу булактарындагы жана адабияттардагы маалыматтарга токтололу. Таш-Рабат жөнүндө биринчи жолу XVI к. экинчи жарымында Мухаммед Хайдар эскерет. Анын «Тарих-и Рашиди» деген кол жазмасында бул эстелик тууралуу курулуштун архитектуралык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн баяндама берилет. Андагы маалыматтар Таш-Рабаттын архитек-



Таш-Рабат. *Реставрацияланган.*

туралык курулушу менен дал келет. Мындан тышкары, Мухаммед Хайдар аны Кашмирдин ушул сыяктуу эстеликтерине салыштырат. Эстеликти ал 1408–1416-жж. Моголстанды башкарган Мухаммед хан курдурган деп эсептейт. Бирок Таш-Рабаттын орду так көрсөтүлгөн эмес.

Андан соң XIV к. чейин бул эстелик туурасында кыргыз эли жараткан легендалар жана уламыштардан бөлөк маалыматтар кездешпейт.

Казактын көрүнүктүү илимпозу Ч. Валиханов Кашкардан кербен менен келатып, 1859-ж. Таш-Рабатты көрүп өткөн. Анын эмгегинде эстелик жөнүндө мындай жери бар: «Имарат чополуу сланец жалпак плита таштардан курулган, узундугу 12, туурасы 7 саржанча келет. Узун коридордон улай тегерек зал (радиусу 5 кез), үстү айдөш тоголок болуп кетет. Коридордун капталдарында кичинекей жапыз эшиктери бар, ... алардан чарчы жана сүйрөлжүн чакан бөлмөлөргө өтөт. Бул имарат бир кезде сыртынан да, ичинен да шыбалса керек». Андан ары ал имараттын ичинин ар кайсы жеринде араб жазуусу сакталып калгандыгын, жергиликтүү калктын айтымына караганда эстеликте 40–41 бөлмө бар экендигин, бул имарат кыргыздар үчүн сыйынуу жана курмандык чалуу жайы болгондугун жазат.

Таш-Рабатты 1867-ж. көрүнүктүү орус окумуштуусу Н. Северцов көрүп чыгат. Ошол эле жылы орус изилдөөчүсү – Ф. Остен-Сакен ал жерде болуп, эстеликти сүрөттөп, анын узун-туурасын, планировкасын, кандай материалдан курулгандыгын жазып кетет.

Эстеликти 1878-ж. карап чыккан А. Фетисовдун макаласында Таш-Рабат жөнүндө кызыктуу жана толук маалымат бар. Ал аны кербенчилер менен жолоочулар акысыз түнөп өтүүчү *«сапар мейманканасы»* сыяктанат деп эсептеген. А. Фетисов анын Чымкенттен Ташкенди көздөй кеткен жолдун боюндагы Рабаттарга окшоштугун белгилеген.



Таш-Рабатты 1886-ж. доктор Н. Л. Зеланд толугураак изилдейт. Ал эстеликтин сүрөтүн кагазга тартып алган, кийин Ташкен шаарындагы археологияны сүйүүчүлөрдүн түркстандык ийримине берген. Н. Зеланд эстеликти кербен сарай эмес, диний курулуш болуп саналат деп божомолдогон.

Бул эстеликке 1894-ж. Ат-Башы өрөөнүндө болгон орустун көрүнүктүү чыгышты изилдөөчүсү В. В. Бартольд да көңүл бурган, бирок ал эстеликти өз көзү менен көрө алган эмес. Ошондой болсо дагы, анын 1897-ж. басылып чыккан «Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью» деген эмгегинде эстеликтин эки сүрөтүн берген. В. В. Бартольд *«Очерк истории Семиречья»* деген эмгегинде Мухаммед Хайдарга таянып, бул курулушту ислам дининин көшөрө таратуучусу Мухаммед хан 1416-ж. салдырган деп жазат.

Таш-Рабатты кеңири изилдеген Н. Н. Пантусов болду. Ал 1902-ж. чыккан эмгегинде эстеликти толук сүрөттөп жазган. Андан Таш-Рабаттын планы, кесинди сүрөтү жана фотосу орун алган. Эстеликтин арналышы жөнүндө кеп козгоп, Н. Н. Пантусов аны «монастырь, ошондой эле келгендерге жардам берүүчү жана баш паанаа» катары эсептеген.

Бул тарыхый курулушту толук иликтөө советтик доорго туура келет. Теңир-Тоонун башка байыркы эстеликтери менен катар 1937-ж. Б. М. Зиманын жетекчилиги астындагы экспедиция Таш-Рабатты да изилдеп чыгат.

Таш-Рабатты 1944-ж. А. Бернштамдын жетекчилиги астында Тянь-Шань–Алай археологиялык экспедициясы иликтейт. 1950-ж. анын «Архитектурные памятники Киргизстана» аттуу китеби жарыкка чыгып, анын бир главасы Таш-Рабатка арналган. Ал эстеликти кербен сарай деп эсептөө менен бирге, имараттын архитектурасына көчмөндөрдүн күчтүү таасири тийгендигин айткан. «Таш-Рабаттын жабуусун карап турганда, – деп жазган ал, – өзүнчө бир жасалгалуу чоң боз үйдү тегеректеген, көчмөндөрдүн таш болуп катып калган айылы сыяктанган элес көз алдындан кетпей калат».

Таш-Рабат жөнүндө 1952-ж. Р. А. Пугаченкованын макаласы жарык көрдү. Бул макала искусство таануу иретинде талдагандыгы боюнча, эстелик жөнүндө чыккан маалыматтардын ичинен бөтөнчөлөнүп турат. Эстеликтин арналышы тууралуу кеп козгоп келип, бул XV к. 20–30-жж. курулган мечиттүү кербен сарай болгон деп эсептейт.

Өзүнүн «Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери» (1955-ж.) деген кол жазмасында Б. Н. Засыпкин Таш-Рабатка бир чоң главаны арнаган. Анда, 1940-ж. аны чеңеген архитекторлордун материалдары пайдаланылган. Мурдагы изилдөөчүлөрдөй эле, ал дагы эстеликти XV к. кербен сарай деп эсептейт.

Советтик мезгилде Кыргыз ССР Маданият министрлигинин илимий-реставрациялоочу өндүрүштүк мастерскойлору эстеликти калыбына келтирүү максатында архитектуралык-археологиялык жактан аны кенири изилдөөгө киришет. Үч жыл (1978–1980-жж.) ичинде алынган материалдар эстеликтин жалпы мүнөздөмөсүнө көп жаңы нерселерди кошту.

Таш-Рабат Кошой-Коргон шаарынын (орто кылымдардагы Ат-баш шаары) урандыларынын түштүгүнөн 70 *км* жерден орун алган. Ал Таш-Рабат суусунун жээгинде (Каракоюн суусунун он куймасы) Ат-Башы кырка тоолорунун бир чон капчыгайында турат.

Курулушу дээрлик чарчы келип, узундугу – 34,8 *м*, туурасы – 32,4 *м*. Эстеликтин төрт тарабы дүйнө багыттарын каратып салынган. Маңдайкы бети чыгышты карайт. Имарат тоо бетиндеги жасалма аянтка курулган. Фундаменти уюлма топурак катмарга кирип турат, терендиги 0,2–2 *м*. Бүт бет маңдайын, дарбаза-эшик түркүктөрүн кыдырата таш тектирче өтөт, анын туурасы 0,65 –0,85 *м*, бийиктиги 0,6–0,8 *м*. Чон коридорунун эки четинде, ортонку залынын төрт дубалын кыдырата, ошондой эле башка имараттары менен коридорлорунун бир топ жеринде да таш тектирче бар. Чоң коридору менен залынын астына жалпак жука таш төшөлгөн, калган имараттары менен коридорлорунун асты жер. Бөлмөлөрдүн планы жана өлчөмү мурдагы авторлордун эмгектеринен белгилүү болгон маалыматтардан башкачараак. Бул жагынан 9-бөлмө бөтөнчөлөнүп турат. Ал тегерек чатырлуу имарат, 20-бөлмө чоңураак, ага ортонку залдан 19-бөлмөнү аралап кирет. Эстеликтин планы менен өлчөмүндөгү ушундай туура келбестиктер анын башка бөлүктөрүнө да мүнөздүү.

Залынын астынан, 23- жана 27-бөлмөлөрдөн чопо толтурулган ороолор табылган. 27-бөлмөдөгү ороо сүйрүрөөк, анын диаметри 0,9 *м*, жана терендиги 2,7 *м*. 23-бөлмөдөгү ороонун терендиги 4,2 *м*, диаметри 1,2 м, бирок али түбүнө чейин тазаланып бүтө элек. Ушул эле имаратта өлчөмү 0,95x0,83 келген чарчы тешиктүү жертөлө бар.

Залдын ортосунда (18-бөлмө) терен зындан – ор бар. Ал ортосу тешик, keминде он киши көтөрө турган чарчы жалпак таш менен жабылган.

**Кошой-Коргон шаарчасы**

Борбордук Теңир-Тоонун отурукташып дыйканчылык кылган элинин эстеликтери анча көп эмес. Азыркы учурда алардын 30га жакыны табылды. Андай эл отурукташып жашаган кыштакчалардын калдыктары археологдор тарабынан Суусамыр, Жумгал жана Кочкор өрөөнүнөн, Нарын суусунун жана анын куймаларынын бассейнинен табылды. Археологиялык эстеликтердин ичинен өзүнүн чоңдугу жана монументалдуулугу жагынан Кошой-Коргон айырмаланып



Кошой-Коргон. *Азыркы көрүнүшү.*

турат. Ал азыркы райондун борбору Ат-Башынын батышын карай 8 *км* алыстыкта, Кара-Суу айылына жакын жерде жайгашкан. Шаардын урандыларынын чоң-чоң калдыктары анын душман өтө алгыс бекем чеп болгондугун кабарлап турат.

Кыргыз элинин уламыштары бул шаарды Манастын атактуу насаатчысы Кошой балбандын ысмы менен байланыштырат. Алардын биринде Кошой ушул жерге өзүнүн мүлкүн көмгөн экен делинсе, башка бир вариантында анын сырткы баскынчылар менен күрөшкөн мезгилиндеги курдурган чеби экен деп айтылат. Бирок шаардын тарыхынын Кошойго тиешеси жок.

Кошой-Коргон жөнүндөгү экинчи маалыматты 1894-ж. белгилүү орус чыгыштаануучусу В. Бартольд жазган. Ат-Башы өрөөнүн кыдырган кездеги алган маалыматтарга жана орто кылымдагы жазма булактарга таянып, ал бул эстеликти байыркы Ат-Баш шаары менен окшоштурган.

Советтик мезгилде борбордук Теңир-Тоонун башка эстеликтери менен катар Кошой-Коргон шаарына да чоң көңүл бөлүнөт. 1937-ж. аны Б. Зиманын жетекчилиги астында Кыргыз мамлекеттик пединститутунун археологиялык экспедициясы изилдеген. 1944-ж. Кошой-Коргон А. Бернштам жетектеген Тянь-Шань–Алай археологиялык экспедициясынын изилдөөсүнүн объектиси болуп калат. Бул экспедиция биринчи жолу шаарды тарыхый-топографиялык жактан толук изилдеген. Шаардын планы чийилип, текшерүү максатындагы казуулар жүргүзүлүп, материалдар жыйналган, шаардын Тянь-Шандын башка эстеликтеринин арасынан алган орду аныкталган. Алынган материалдардын бүткүл комплекси бул шаарды VIII–XIV кк. тиешелүү деп айтууга мүмкүндүк берди. А. Н. Бернштамдын пикири боюнча бул эстелик Кыргызстандын башка шаарларындай эле кол өнөрчүлүктүн жана соода-сатыктын борбору болбостон,

чабыш учурунда чатырларды тигип, малдарын киргизип, калкты жашырган түрк кагандарынын штабы, чеп шаары болгон.

Кошой-Коргон шаарынын илимий маанисин эске алып, Кыргыз Мамлекеттик университетинин археология жана этнография кафедрасы 1980-ж. аны стационардык изилдөө ишине киришкен.

**Кошой-Коргон** Ат-Башы өрөөнүнүн борборунан орун алган. Жер шартына жараша стратегиялык ыктуу жайгашып, байыркы учурда ушул жер менен өткөн соода жолун жана бүткүл өрөөнду тескеп турган.

Шаар 245–250 *м* келген төрт бурчтук форманы ээлеп жатат. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 4–8 *м*. Алардын периметри боюнча 60 сепил байкалып турат: түндүгүндө – 19, түштүгүндө – 13, чыгышында – 17 жана батыш жагында – 11. Дубалдары, ошондой эле сепилдери чоң-чоң топурак блоктордон жана узун кыштан салынган. Дубалдын түп жагынан калыңдыгы 7–9 *м*, улам жогору жагы ичкерип, 8 метрге жеткен жердеги калыңдыгы 3–4 *м* болот. Дубалдарынын жана сепилдердин айрым жерлеринде кийинки ремонт иштеринин издери жана жоон жыгачтардын калдыктары сакталып калган. Алар курулуш материалдары катары пайдаланылса керек. Коргонуу курулуштарынын монументтүүлүгү согуш коркунучу болгон кезде шаардын элин ишенимдүү калкалап турган. Шаардын бардык тарабын 12 *м* алыстыкта дубалдарды курган кездеги топурак алгандан кийин калган чункурлар жатат. Коргондун төрт тарабынын ар биринде бирден эшиги болгон. Алгачкы учурда шаарга кире турган бир гана эшик болгон деп болжоого болот. Кийинчерээк анын калган дубалдарынан да эшиктер ачылган. А. Н. Бернштам чыгыш жана батыш жагындагы дарбазалар 1375-ж. Амир Темирдин шаарга келген учурунда пайда болгон деп эсептейт. Анын пикири боюнча ошол эле мезгилде шаар чыгыш жана түштүк жагынан бир катар аянтты алган кошумча дубал менен бекемделген. Тилекке каршы, айыл чарба жумуштарына байланыштуу бул дубалдар биздин күндөрдө бүт бойдон бузулган.

Шаарды казып көргөн кезде курулуштардын калдыктары табылды, алардын дубалдары кыш менен салынган, таманына топурак жана жалпак таштар төшөлгөн. Үйдүн ичинде очоктун издери сакталган. Бир бөлмөнүн керегесинин шыбагында көк, кызыл, ак жана сары боёк менен жүргүзүлгөн оймо-чиймнин издери бар.

Бөлмөлөрүнөн ар кандай материалдар: жаргылчак, чоподон, таштан, сөөктөн жасалган ийиктер, алардын айрымдарына оюу салып коюлгандары да табылды. Темир буюмдардан болсо: жаанын учтары, бычактын сыныктары сакталып калган. Курларга же жүгөнгө кадап жасаган жалпак коло буюмдары да чоң мааниге ээ. Мындай кооздуктар VI–X кк. түрк тилиндеги көчмөн урууларда кеңири тараган. Колодон жасалган чоң шакек айрыкча кызыгууну туудурат. Анткени анын жогорку бетине бири-бирин карап турган эки өрдөктүн сүрөтү салынган. Мындай табылга Кыргызстандын аймагынан биринчи жолу кезигип отурат.

Кошой-Коргондо жүргүзүлгөн иштер аны мындан ары да изилдөөнүн келечектүүлүгүн көрсөтүп турат. Казуудан алынган материалдар негизинен X–XII кк. тиешелүү. Бул Ат-Баш шаарынын гүлдөп турган мезгили болгондугу талашсыз. Бирок анын XIII к. кийин жашагандыгы жөнүндө маалымат азырынча табыла элек. Ушул жерден мындай бир жагдайга көңүл бөлүүгө болот. XIII к. жана XVI к. биринчи жарымындагы жазуу эстеликтеринде «Ат-Башы шаары» эмес жөн эле Ат-Баш деген аталыш эскерилет. Кыязы, Кыргызстандагы алгачкы орто кылымдардын шаарларынын көбүндөй эле бул шаар деле моңгол-татарлардын чабуулунан талкаланып, кийин ээн калган болуш керек. Кошой-Коргондогу мындан аркы изилдөөлөр, сөзсүз анын тарыхы жана маданияты боюнча жаңы материалдарды алып келмекчи.

**Шах-Фазил күмбөзү** – Кыргызстандын аймагындагы XI–XIV кк. таандык архитектура эстелиги. Ала-Бука районундагы Гүлстан кыштагында жайгашкан. Күмбөз төрт чарчы формада, бышкан кыштан тургузулган. Дубалынын калыңдыгы 163–167 *см* бийиктиги 15,37 *м*. Күмбөздүн түндүк жагында 3 эшиги, батыш жагында кичирээк бир эшиги бар, терезеси жок. Күмбөзүнүн ичи оймо-чиймелер менен кооздолгон. Шыбына (потологу) фарсыча жана арабча сөздөр жазылган. Күмбөзгө Карахандар мамлекетинин башкаруучуларынын биринин сөөгү коюлган. Күмбөздүн түндүк жагында короосу бар, батыш жагы анча бийик эмес дубал менен курчалган, ал эми тегерегинде орто кылымдарга таандык арабча, фарсыча жазуусу бар бейиттер сакталган.

**Шырдакбектин чеби** – X–XII кк. таандык сепил. Ак-Талаа районундагы Чолок-Кайың кыштагынын түндүгүндө, Алабуга суусунун жээгинен орун алган. Чеп чарчы түрдө салынып, түштүк тараптагы дубалынын узундугу 117 *м*. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 6 *м*, алар баксадан жасалган. Чептин дубалдарында, бурчтарында жана эшиктеринин туштарында мунаралары болгон. Эшиктери түштүктү жана батышты карайт. Мунаралардын бооруна жаа атуу үчүн тешиктер жасалган. Чепти айланта туурасы 20 *м* келген арык казылган. Учурунда ага суу толтурулган.

Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери аз санда болгону менен алардын тарыхый, таанып-билүүчүлүк мааниси өтө зор. Эстеликтер мамлекет тарабынан коргоого алынган. Алардын сакталышына жалпы эл да көз салышы керек.

**Кыргыздардын турак-жайы**

Кыргыздардын турак-жайлары көчүрүлмө жана туруктуу болуп экиге бөлүнгөн. Көчмөн жана жарым көчмөн жашоо кечирген мезгилде

негизги турак-жай *боз үй* болуп, көчмөндөрдүн бүткүл турмушу ошондо өткөн. Боз үйдүн кереге-ууктары, үзүк-туурдуктары көчмөндөр тарабынан кылымдар бою улам жакшыртылып келген. Боз үй чечүүгө, чогултуп кайра тануугa, ошондой эле унаага жүктөөгө өтө жеңил, ыңгайлуу, бөлүк-бөлүгү менен таңылып, кайра тез кураштырылып тигилет. Бир конуштан экинчи конушка көчкөндө боз үйдүн жыгач-ташы, кийиздери жылкы, топоз, төөлөргө жүктөлгөн. Аны тигүүдө, адегенде 5–6 канаттан, чоң боз үйлөрдө 8–12 канаттан турган керегелери тегерек кылынып жазылып, бириктирилет да, бөлүкчөлөрдөн турган босогосу аштaлып, ага эки жакка ачылма каалга орнотулат. Боз үйдүн орточо диаметри 5 *м*, бийиктиги 3–3,5 метрге жетет. Кереге орнотулгандан кийин бакандын жардамы менен түндүк көтөрүлүп, ага ууктар сайылып ууктун билеги керегенин ачаларына бекитилип байланат. Керегенин сырты чырмалган чий менен капталып, боз үйдүн бүт тулкусу ар кыл кийиздер менен (үзүк, туурдук, түндүк жана эшик жабуулар) жабылат. Кыргыз боз үйү казак жана Борбордук Азиянын башка элдеринин боз үйлөрүнө окшош келсе да, көркөмдүүлүгү, ички, тышкы жасалгалары менен айырмаланып турат. Боз үйдүн ичине жүндөн токулган таар, кийиз, шырдактар, талпак, көлдөлөн жана жер төшөктөр салынат. Керегенин ачаларына кийим-кечек салына турган ар кандай өлчөмдөгү баштык, куржун сыяктуу ар түрдүү буюмдары илинип коюлат. Боз үйдүн ортосуна коломто жайгашып, оттун жарыгы жана жылуулугу үйгө бирдей таралат.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн боз үйдөгү орун алышы кылымдардан бери улуулугуна, сыйлуу меймандыгына карата болот. Эшиктен кире бериш оң тарабы – *эпчи жак* деп аталып, бул аялдарга



Боз үйлөрдүн жалпы көрүнүшү.

тиешелүү, мында тамак-аш, идиш-аяк сакталат; сол тарабы – *эр жак* деп аталып, ал эркектерге тиешелүү, кире бериштен баштап эле малчылыкка, аңчылыкка керектүү буюмдар жана ат жабдыктары илинип коюлат. Боз үйдүн ичин жарык кылуу үчүн чоюндан же чоподон жасалган идишке май куюлуп, кебез билиги менен күйгүзүлгөн чырак пайдаланылган. Чырак кооздолуп жасалган атайы жыгач текченин үстүнө коюлчу. Текчени жерге сайып коюу үчүн бир жагында ичке учтуу сабы болгондуктан, чырак зарылчылыгына жараша үйдүн ар кайсы жерине көчүрүлүп урунулган. Керосин менен күйүүчү чырактар Кыргызстанда XX к. башталышында гана пайда болгон. Боз үйдүн төр жагына сандык, жыгач такта же кыдырата тизилген таштардын үстүнө үй-бүлөнүн бүткүл турмуш-тиричилик байлыгын түзгөн килем, жууркан-төшөк, жаздык, ар түрдүү кийиздердин түрмөгү, кийим-кече оролгон таңгак, куржун жана башкалар текчеленип жыйылчу. Ушул жыйылган жүктөрүнө жараша үй-ээсинин материалдык байлыгынын өлчөмүн байкоого болгон. Ардактуу мейманга эң жакшы, баалуу шырдак, көрпө төшөктөр төшөлүп, боз үйдүн төрүнө орун салынган. Үйдүн ички жана сырткы жасалгалары дайыма анын ээсинин социалдык абалын күбөлөп келген. Байлардын үйлөрү чоңдугу жана жасалгалуулугу менен айырмаланган. Аларга оймо-чиймеленген боолор тартылып, бышык жасалган ак кийиздер жабылган. Үйдүн ичи кийиз, шырдак, жүндөн токулган ар түрдүү килем, оймолуу жасалгалар, кооз түр салынып, чырмалган чий-чыгдандар менен жабдылган. Ошону менен катар байлардын ар кандай чоңдуктагы, бир нече боз үйлөрү болуп, алар үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө, келүүчү меймандарга, жаңы үйлөнгөндөргө, тамак-аш бышырууга атайы арналып тигилген.

Манас эпосунда кыргыз элинин үй-жайынын, үй-жасалгаларынын, кийим-кечелеринин, тамак-аштарынын түрлөрү, күндөлүк турмушта колдонулуучу буюмдары, курал-жарактары, аштойлордогу салт-жөрөлгөлөрү, диний ишенимдери жана дагы башка толуп жаткан этнографиялык факторлор кенири берилген. Эпосто турак жайлар кыргыз элине тиешелүү болгон мүнөздүү социалдык мамилелер жана катнаштар өтө айкын жана зор көркөмдүүлүк менен чагылдырылган.

Дүйнөдөгү элдердин турак үйлөрүнүн айрым маселелери этнография илиминде жакшы изилденген. Байыркы адамдардын турак кылган жайларынан баштап, тигил же бул элдин азыркы мезгилдеги үйлөрүнө чейин изилдеген олуттуу эмгектер этнография илиминде көрүнүктүү орунду ээлейт. Этнографтар тарабынан ушул теманын изилдениши, бир тараптан, ар бир элдин улуттук маданиятынын көп кырдуулугун жана бири бирине тийгизген таасирин көрсөтүүдө турса, экинчи жактан ар бир элдин

үй-жайларынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачуу менен, алардын өнүгүү тарыхынын өзгөчөлүктөрүн ачып берет. «Манас» эпосунда боз үйдүн сыпатын жарым күнү айткан Жайсаң ырчы эскерилет.

«Түндүгүн сонун сырдатып,
Керегесин сындатып,
Уугуна сай салып,
Жээктеп манат чырматып,
Ак кийиз басып кылдатып.
Башчалгычы жибектен,
Баарын сонун чырматып.
Жабыкбашын ойдуруп,
Каалгасын актатып.
Эң сонун деп мактанып,
Кашына жакын кондуруп,
Өргөөсү деп баламдын».

Эпостордо кыргыз элинин көчүүнүн шаан-шөкөтү да өзгөчө сыпатталып берилет.

«Айры өркөч нарга жүк артып,
Ак үйүн чечип бүт артып,
Кереге-уук комдолуп,
Жибек килем жаркылдап,
Жибек аркан жалтылдап,
Буйласы колго чоюлуп,
Олжобай көчтү элине.
Кас элечек бүркөнүп,
Кастарлап төөсү чиркелип,
Эркек бала өңөрүп,
Жеңекем көчтү баштаптыр.
Катарланган төөсүнө,
Калы килем, ак сандык,
Калайлуу кумган, жез чөөгүн,
Баарын жүктөп таштаптыр.
Боз жорго минип болкулдап,
Болгон ичик ак кымкап,
Буларды кийип энекем,
Көчтү жандап теңселип,
Түлкү ичигин белсенип,
Түрлөнүп кыйын теңселип.
Бөрү ичигин белсенип,
Бөлөкчө кыйын теңселип,
Энекем элди баштаптыр».

Кыргыздар XIX к. ортосуна чейин эле (өзгөчө Түндүк Кыргызстанда) негизинен боз үйлөрдө жашашкан. Боз үй анын ээсинин социалдык абалына жараша деңгээлде болгон. Бай-манаптар ак өргөөлөрдө жашашып, андан тышкары бир нече үйлөрдү тигишкен. Ал эми көчмөндөрдүн басымдуу көпчүлүгүндө кичирээк, бирден гана орточо боз үйү болгон. XIX к. саякатчылар кыргыз коомундагы социалдык кескин карама-каршылыкты баса белгилешип, тамтыгы кетип жыртылган, ыш басып эскирген жаман үйлөрдө жашаган көпчүлүк элдин өтө начар абалын ачык көрсөтүшкөн. Байдын малын баккан жардылар учтары бириктирилип буулуп, түп жагы жерге сайылган ууктарга (же таякчаларга) үзүктөр, эски кийиз жаап жасалган алачыктарда (жолум үй) турушкан.



Кыргыздар адатта уруу-урук боюнча бир айылга биригип, биргелешип көчүшкөн. Кыштоолору анча бийик эмес өрөөндүн шамал тийбеген ыктоо кокту-колотторуна, суугa жакын жана малга оттуу жерлерде болгон. Мал киргизиле турган короо-сарай, бастырма-калканчы таш, чырпык же ылайдан курулган. Бара-бара кыштоолорго туруктуу турак-жайлар жана чарбачылыкка ылайыктуу курулуштар салынып, айрым ыңгайлуу кыштоолордо кийин калк отурукташкан кыштактар пайда болгон. Кыргыздар дыйканчылыкка өткөндөн кийин да, көпчүлүк үй-бүлөлөр боз үйлөрдө жашашкан, же аны экинчи турак жай катары пайдаланышкан.

Кыргызстанда турук алган айылдардын жана турак-жайлардын чоң айырмачылыктары болгон. Бул болсо географиялык жана тарыхый өзгөчөлүктөр, жергиликтүү салт, ошондой эле кыргыз элинин отурукташууга өтүүсү бир убакыттын ичинде жүргүзүлбөгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Эгерде туруктуу турак жайлар түндүк жана түштүк-батыш райондордо XIX к. би-





сап ырдан куралган бейхт формасында жазылышы Фирдоусинин «Шахнаамесин» жакшы билгендигин айгинелейт. «Шахнааменин» оң каармандары Ануширвандын, Афрасиабдын, Рүстөмдүн ысымдары чыгармада көп кайталанып айтылат. Алар, нарктуулукту, калыстыкты, акылмандыкты символдоштурган образдар катары бааланат. Поэманын философиялык-этикалык мазмуну, масштабы автордун Аль-Фарабинин, Ибн-Синанын чыгармаларын терең өздөштүргөнүнөн кабарлайт. Жусуп Баласагын да өзүнүн дүйнө, коом тууралуу түшүнүгүндө философиядагы рационалисттик жолду сап туткан, адамдын акылын, билимин айрыкча аздектеген.

#### «Кут алчу билимдин» философиялык мазмуну

Чыгарма – чыгыш маданиятында кеңири тараган санат-насыят жанрындагы этикалык-дидактикалык эмгек. Бул жанрдын тарыхы байыркы Египет, Индия, Иран адабияттарынан башталып, кийин жалпы чыгыш элдеринин жазуу, оозеки адабиятында салттуу формага айланган. Ал эми Европада мындай жанр V кылымдан кийин Ренессанс доорунда гана зерцал формасында калыптанган.

«Кут алчу билимде» автор өз заманындагы адеп-этикалык принциптерди, идеяларды ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен шайкеш байланышта карап, аларды акыл-таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. Ошондуктан бул чыгарманы адамзатка ар убак адеп-ахлактык азык болуучу этикалык энциклопедия катары бааласак ашыкча болбойт. «Кут алчу билимди» изилдөөчүлөрдүн бири А. Н. Кононов поэманы эпостук денгээлдеги чыгарма катары баалап, анда адам өмүрүнүн маанисин жана маңызын, адамдын коомдогу жүрүш-турушун, карым-катыш мамилелерин, даанышман ойчулдун өз коомуна карата философиялык көз карашын белгилеп көрсөтөт. «Кут алчу билимдин» этикалык мазмунун негизги төрт түшүнүк түзөт: *адилеттик, акыл-эс, бакыт, каниеттик*. Бул түшүнүктөр конкреттүү каармандардын образдары аркылуу берилген. Өкүмдар Күнтууда – адилеттик, вазир Айтолду – бакыт, вазирдин уулу – Акдилмиш – акыл-эс, вазирдин иниси Өткүрмүш – каниеттик. Көрүнүп тургандай, поэманын кейипкерлеринин ысымдары аллегориялык-символикалуу мааниге ээ. Алар – адам өмүрүндөгү эн бир өзөктүү да, өнөрлүү да рухий дөөлөттөрдүн этикалык-философиялык көркөм образдуу символу. Ошентип Жусуп ойчулдун поэмасы – адам, коом болмушундагы өтө кең масштабдуу философиялык-этикалык маанидеги маселелерди козгогон, алардын бардыгын баш каармандардын образдарына органикалык түрдө байланыштырып жалгаштырган жандуу чыгарма.



«Кутадгу билиг» китеби.

Ойчул окууну, билимдүүлүктү дүйнө таанып-билүүнүн эң негизги жолу катары баалайт. Окуу менен гана адам баласы акылын арттыра алат дейт акын. Демек, Жусуп Баласагындын оюу боюнча акыл адам баласына табиятынан берилген касиет, бирок адам өз өмүрүн окуу, үйрөнүү, үлгү алуу сыяктуу жолдору менен гана байыта алат. Албетте ойчул акын акылды адептүүлүк жолун тутуунун бирден-бир зарыл шарты деп эсептеген. Билимдүүлүк, билгичтик урматсыйдын да бешиги, билимдүү адам адеп жолун сактаса, анда ал жогорку сыйга татыктуу. Ал эми билимдин дениз сымал түбү да жок, чеги да жок, аны канча сузсаң да бөксөрбөйт, тескерисинче толо берет. Акыл-эс, илим-билим касиеттерин автор ар-намыс менен шайкеш карап, түркөй адам намыстан да куру болот деген тыянакка келет. Ошентип Жусуп ойчулдун этикасы – рационалисттик дүйнө түшүнүүгө негизделген этикалык окуу. Акын адам өмүрүндө, коом турмушунда акыл-эсти, илим-билимди жашоонун жарык нурун чачкан ички дем, асыл нарктуу ар-намыс катары баалайт. Башкача айтканда Жусуп Баласагындын этикасында акыл-эс, илим-билим адамдын нарк нускалуулугунун эң башкы критерийи.

Жусуп Баласагын да адам бактысын нравалык идеал катары баалаган. Ойчул адам баласына мүнөздүү адептүү, бейадеп сансыз касиеттердин карама-каршылыктуу диалектикасына кеңири токтолуп, ар бир инсан өз өмүрүндө адептүү касиеттерге ээ болгондо гана ошол нравалык идеалга жете алат деген тыянакка келет. Ушул планда автор көптөгөн этикалык-нравалык түшүнүктөрдү өзүнүн акыл-ой элегинен өткөрөт.

«Кут алчу билимде» акын өз доорундагы коомдун түзүлүшү тууралуу кеңири маалымат берет. Коомдогу бардык социалдык топтордун ээлеген орду, жүрүм-турум нормалары жөнүндө автор өтө ыклас коюу менен баяндайт. Андан тышкары ойчул дегеле жакшылык-жамандык, адилеттик-адилетсиздик, жоомарттык-сараңдык, сабырдуулук-шашмалык сыяктуу дилемалуу түшүнүктөрдүн диалектикасы жөнүндө чабыттуу ой жүгүрткөн. Белгилей кетчү бир жагдай – Жусуп ойчулдун этикалык окуусу анын гносеологиялык, социалдык концепциялары менен туташ байланыштуу. Ал гана эмес автордун жалпы дүйнө түшүнүгүнүн бирден бир негизин түзөт. Мейли саясатта, мейли башка мамилелерде болсун негизги данакерлөөчү критерий пенденин адамгерчилик сапаты деген ойду акын көп ирет кайталап айтат. *Адамгерчиликти* Жусуп адептүүлүктүн туу чокусу деп түшүн-

ринчи жарымында эле пайда болсо, калган аймактарда негизинен XX к. башында курула баштаган. Феодалдык төбөлдөрдүн заңгыраган үйлөрү бар, көптөгөн чарба курулуштарын ж. у. с. кучагына алган өзүнчө бөлүнгөн ири чарбактары алыстан эле көзгө көрүнүп турган. Бай-манаптарга жалданып иштеген батрактар алардын айланасында акмалап, боз үй, жер кепелерде жашашкан. Тоолуу райондордогу кыргыздардын отурукташуусунда өтө байыркы тартиптер сакталып, көчө түзүлүштөрү менен үйлөрдү куруу чаржайыт болгон. Үйлөр топ-топ же анча чоң эмес чарбактык мүнөздө жайгашкан. Түштүктөгү көп кыштактар тоо этектей жантаймаларга салынып, өзбек, тажик кыштактарына окшоп кеткен. Кээ бир кыштактар жолдордун же суулардын бойлоруна узатасынан салынган.

Кыргыздар турак үйлөрдү куруу өнөрүн өзбек, тажик, уйгурлардан үйрөнүшкөн. Кыргыздардын алгачкы курулуштарында алардын тийгизген таасири байкалып турган.

Үй куруунун техникасы боюнча кыргыздар ар түрдүү ыкмаларды пайдаланышкан. Түндүк райондордо үйдү топурактан согуп жасашса, Ысык-Көлдө мындай сокмо тамдардан сырткары жыгач үйлөрдү да курушкан. Түштүк райондордо адатта үйлөрдүн дубалын ылайдан томолоктолгон (пакса) же кесек (гувалак) коюу аркылуу көтөрүп курушкан. Түштүк-батышта каркастык дубалды ылай менен бекитип жасоо кеңири тараган. Кийинчерээк бардык жерде үйлөрдү бышырылбаган, айрым учурларда бышкан кыштар менен курууга өтүшкөн. Алгачкы салынган үйлөр анча чоң эмес, бир же эки бөлмөлүү, таманы жер, дубалдарынын бети одоно шыбалган, пайдубалы (фундаменти) жок болгон. Очогу боз үйдүкү сыяктуу бөлмөнүн орто жерине жасалып, үйдүн төбөсүнөн түтүн чыга турган мор жасалган. Терезе үчүн кичинекей тешик оюлуп, ал тактай менен жабылып коюлчу. Айрым үйлөрдө терезенин оюктары дубалдын үйдүн төбөсүнө жеткен жеринен чыгарылган.

**Кийим-кечеси** Кыргыздардын байыркы салттык кийимдери бир аз гана өзгөрүүлөрү менен отурукташууга чейин сакталып келген. Отурукташууга өткөндөрдүн кийимдери да өзгөрө баштап, эркектер менен аялдардын кийимдеринин бирдейлиги, ар кайсы уруулардын кийимдериндеги өзгөчөлүктөр жоюлуп, эскиче бычуу олуттуу өзгөрүп, алардын айрымдары колдонуудан кала баштаган. Кийимдердин түрлөрү боюнча татар, өзбек, тажик, казак элдеринин таасири тийген. Бирок кийим-кечек түрлөрүнүн бардыгы бирдей шартта өзгөргөн жок. Мал чарбачылыгы басымдуулук кылган жерлерде кийим-кечектин абалкы түрлөрү, адатта үйдө даярдалган материалдардан: жапайы айбандардын жана малдын кол менен иштетилген терилеринен, бышык басылган жука кийизден, койдун, төөнүн жүндөрүнөн токулган таарлардан тигилген. Ошондой эле, көчмөнчүлүктүн шартында да кыргыздар сырттан келген товарларды: орто азиялык жана кашкарлык кустардык өндүрүштүн кездемелерин, жибек, жүндөн токулган кездеме, баркыттарды алып пайдаланышкан. Ошентип фабрикалык материалдар акырындык менен үй өндүрүшүндө даярдалган сокмолорду сүрүп чыгара баштайт. Жардылар эң арзан кездемелерден (матадан) тигилген кийимдерди кийишкен. Кыргыздар тигилүү кийимдерди да, негизинен көп учурда, боюна чак келбеген чапандарды да сатып алышкан. Ал өтө кымбатка түшкөн. Кымкап чапанды сатып алууга бир төө, жибек чапанга эки кой беришкен.

XIX к. башында эркектердин эски үлгүдөгү ич кийими катары боору ачык көйнөк, дамбал жана башкалар эсептелген. Көйнөктү ак бөздөн же матадан кементайга окшош бычып, этегин тизеден төмөн түшүрүп, жеңи колдун учун жапкандай балбырата тигишкен, алар кайырма жакалуу же жакасыз болгон. Эркектердин шымы ар түрдүү материалдардан: бир өңчөй же жол-жол издүү колдо согулган таардан, жумшак ийленген кой терисинен, булгаарыдан, аң терилеринен жана кездемеден тигилген. Кооз жибек жип менен тигилген, жумшак ийленген териден *кандагай* шымдар жалаң байларга гана тиешелүү болуп, аны аш-тойлордо, аңчылык кылууда, оюн-тамашаларда кийишкен.

Сырт кийимдердин бардыгы халат сыяктуу келип, жакалуу же жакасыз эле өтө кенен тигилген. Кийимдин жакасын көрпөдөн, аң терилеринен жасашкан. Анын четтерине кара сатин, баркыт же кара көрпөдөн кыюу бастырылып кооздолгон. Кышкы сый кийими карышкыр, сүлөөсүн, кундуз терилери-



Кыргыздардын кийимдери.

нен жасалып, сырты нооту менен тышталган ичик болгон. Кышкысын териден жасалган тон кийишкен. Кыргызстандын түндүгүндө жана түндүк-чыгышында ак же каралжын жүндөн жасалган кементайларды кийишкен. Ак кементай колунда барлардын арасында кеңири таралган. Аны коосдоп, баркыт менен кыюулап жасашкан. Колго ийрилип, жүндөн токулган таардан жеңи узун, жакалуу же жакасыз, узун жана кенен *чепкен* тигишкен. Бул плащ катары сырткы кийимдердин үстүнөн кийилип, малчыларды, мергенчилерди жаан-чачын, бороон-чапкындан жана сууктан коргогон. Фабрикада же колдо жасалган кездеме менен тышталып, ичине жүн, кебез салынып, ичи шырылып тигилген чапандын түрлөрү кийин кеңири тарала баштаган. Жылуулук мезгилдерде кийилүүчү тыгыз кездемеден тигилген орнотмо жеңдүү, чөнтөктүү, адамдын денесине ылайыкталып тигилген биринчи сырткы кийим *бешмант* деп аталган.

Абалтан эле эркектер кийимдин сыртынан кур курчанышкан. Эң байыркы колдо жасалган курлар кийинчерээк фабрикалык, кездеме же булгаары курлар менен алмаштырылган. XIX к. башында түштүктө кыргыз эркектери жана аялдары өзбектер менен тажиктер сыяктуу чарчысын келтирип, жоолук менен белди курчап жүрүүгө өтүшкөн. Колунда бар кыргыздар бетине күмүш купалар чаптырылып, булгаарыдан жасалган жазы кемерлерди курчанышкан. Курга кындуу бычак, устара, шибеге жана оттук таш байланып жүрүшкөн.

Кыргыздардын баш кийимдери да ар түрдүү болгон. Улгайган эркектер жайкысын же үйүндө жүргөндө ар түрдүү материалдардан шырылып же шырылбай тигилген топуларды, түштүк тарапта сатылып алынган топуларды (маргаландык, кокондук, анжияндык, чусттук) кийишкен. Баш кийимдердин кеңири тараган түрү тебетей болгон. Анын төбө жагы төрт талаалуу тигилип, кырына түлкү же кара, күрөң түстөгү козунун көрпөсүнөн кыргак капталган. Көрктүү жана баалуу баш кийимдерди суусардын, калтардын терилеринен жасашкан. Аларды бийлер, байманаптар гана кийишкен. XIX к. эркектердин кеңири таралган баш кийими кышкысын – көрпө тебетей, жайкысын – ак калпак болгон.

Кыргыздардын эзелки бут кийимдерине көк булгаарыдан жасалган өтүк, ошондой эле чылгый териден жасалып, кыдырата үстүнкү тегерек чети кайыш тасмалар менен бүгүлүп, тартылып байланылуучу чарык чокойлор болгон. Буларды жылкычылар менен койчулар кийишкен. Булгаарыдан калыпка салып ултарылган өтүктөр да болгон. Мындан башка орто азиялык базарлардан өтүктөрдү, такалуу кайыш кепичтерди жана жумшак, жука териден тигилген маасыларды сатып алышкан. Аялдарга, кыз-келиндерге ар түрдүү, өзгөчө кызыл же жашыл түстөгү, айрымдарына оюу салынган такалуу бут кийимдерди сатып беришкен.

Аялдардын кеңири тигилген көйнөк, дамбал сыяктуу ич кийимдери болгон. Жаш келин-кыздар түрдүү түстөгү, көбүнчө кызыл көйнөктөрдү кийишкен. Аялдардын көйнөгү байыркы салт боюнча туюк бычылып, эки капталынан гана бириктирилип тигилген. XIX к. түштүк кыздары туурасынан бычылган көйнөк кийишкен. Кийинчерээк аялдар көбүнчө тик жакалуу бүчүлүк тагылган көйнөктөргө өткөн. Жаканын бөйрөмчөсү атайын саймаланып жасалган көкүрөк жапкыч (өңүр) менен жабылган. Өңүрү ак, боз баркытка сайылган. XIX к. ортосунда анча бийик эмес тик жакалуу көйнөктөр тигиле баштайт. Бул татар маданиятынын таасиринен пайда болгон. Көйнөктөрдүн жакалары топчу менен топчуланган. Кийинчерээк түндүк кыргыздары көкүрөк жагынан мурдагыдай формасын сактап, белинен төрт талаалуу этек курараштырылып тигилген көйнөктөргө өтө баштайт. Аялдардын сырткы кийимдери бычымы боюнча эркектердикине окшош (чапан, тон) болгон.

Кыргыз аялдарынын этностук өзгөчөлүгүн күбөлөөчү илгерки кийими – *белдемчи* болгон. Ал аялдын келбетин келишимдүү көрсөткөн. Белдемчи бычылышына, тигилишинин коосдолушуна жана жасалган материалына жараша көп түргө бөлүнөт. Ал кара түстүү баркыттан, өзбектин кустарлык жибектеринен жасалып, түрдүү жиптер менен саймаланып, жээктерине көрпө карматылып, этек жагы менен бычылып, бели эндүү кур сыяктуу тасмага бекитилген. Бул көчмөн турмушта ат үстүндө жүрүүгө да, үй тиричилигинде да эң ыңгайлуу кийим болгон. Белдемчини аялдар гана тартынган. Кыргыз аялдарынын баш кийимдери көп түрдүү, жасалышы татаал жана өзгөчө болгон. Кыздардын баш кийими шуншугуй төбөлүү тебетей эле. Бирок ал XIX к. орто ченинде колдонуудан чыгып, алардын ордуна түштүктө топу, түндүктө кыздардын тебетейлеринин өзгөргөн түрү пайда болгон. Анын төбөсү түстүү баркыт менен тышталып, кыргагы баалуу аң терилеринин, көбүнчө кундуздун териси менен капталган. Кыздар үйлөнүү тоюнда күмүш, шуру, бермет, седеп жана башкалар менен коосдолгон *шөкүлө* кийишкен. Аялдардын бардык жердеги негизги баш кийими *элечек* болгон. Анын формасы ар жерде ар түрдүү келип, элечек, илеки, келек деп аталчу. Элечекти жеңил жана жука ак тайпыдан, адегенде башка такыя кийип, сыртынан кылдаттык менен ороп жасашкан. Элечек жайы, кышы дебей кийилип, ансыз күйөөлүү аялдар эч жакка бара алышкан эмес, элечек кийип жүрүп, үй жумуштарын да жасай беришкен. Кийинчерээк элечек жоолук менен алмаштырылып, адегенде жоолукту элечек сымал салынышкан. Аялдардын келбетине кошумча көрк кошкон, улуттук

өзгөчөлүктү түзгөн жасалгалар күмүш иймек, шакек, билерик, чачпак, чач учтук кеңири колдонулган. XIX к. аягында ар түрдүү тыйындарды кооздукка пайдалануу кеңири таралып, алар менен баш кийимдер кооздолуп, чачка жана көкүрөккө тагылуучу кооздук буюмдар жасалган.

### СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Материалдык маданият деген эмне?
2. Байыркы таш балбалдардын тарыхтагы мааниси кандай?
3. Бурана мунарасы менен Өзгөн мунарасын салыштыргыла.
4. Таш-Рабат жана Кошой-Коргон, Шах-Фазил жөнүндө айтып бергиле.
5. Кыргыздардын турак-жайына, кийим-кечесине мүнөздөмө бергиле.

## § 28. СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРДУН ӨНҮГҮШҮ

Орто кылымдардагы түрк элдеринин, анын ичинен кыргыздардын философиялык ойлорунун өнүгүшүнө XI к. жашап өткөн **Махмуд Кашкари** менен Жусуп Баласагын өзгөчө чоң салым кошушкан.

**Махмуд Кашкари жана анын түрк элдеринин сөздүгү**

Махмуд Кашкари – XI к. окумуштуу-түркролог. 1029–1038-жж. аралыгында Барскон шаарында туулган. Анын атасы Хусейин ибн Мухаммед Ысык-Көлдүн тескейиндеги Барскон шаарын жана дубанды бийлеген бек болгон. Махмуд Кашкари Багдад, Бухара шаарларынан билим алган. XI к. 50-жж. экинчи жарымынан тарып түрк элдери мекендеген жерлерди кыдырып, алардын тилинин диалектилик өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын иликтей баштаган. Анын «Китаб жавахир ан-нахв филугат ат түрк» («Түркий тилдер тууралуу синтаксистин маңыздары») китеби жана «Китаб диван лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы китеби») аттуу эмгектери белгилүү. Мунун экинчиси («Диван лугат ат-түрк») бизге жеткен. Махмуд Кашкаринин качан жана кайсы жерде өлгөндүгү белгисиз.

«Диван лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы») – Махмуд Кашкари 1072–1077-жж. жазган энциклопедиялык эмгек. Мында түрк элдеринин (чигил, йагма, карлук, кыргыз, ууз, тухси, уйгур, кыпчак ж. б.) тилдериндеги 7500дөй сөз камтылып, арабчага которулган, 300гө жакын макал-ылакап, 100 чамалуу ыр, этнографиялык ж. б. маалыматтар берилген. Бизге анын 1266-ж. 1-августта Абу Бекр ас Сави ад-Думашкы көчүргөн нускасы гана жеткен. Көчүрмө нуска Стамбул шаарындагы улуттук китепканада сакталууда. Аны мугалим Рифат Билге 1915–1917-жж. Стамбулда үч томдук кылып жарыялаган. Түркчө, өзбекче, англисче, уйгурча котормолору, немецче сөздүгү басмадан жарык көрдү. Кыргыз тилинде айрым үзүндүлөрү жарыяланган.

Ата журтунда ич ара саясий күрөш курчуган кырдаалда Махмуд Кашкари жер кезип, илимпоздук кылган. Ал мындай деп жазат:

«Мен өзүм алардын (түрктөрдүн – *авт.*) тили өткүр чеченинен, айтары ачык жетигинен, көөдөнү кең тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге, түрк, түркмөн-ууз, чигил, йагма, кыргыздардын талааларын жана калааларын изилдедим, алардын тилдерин жана нак сөздөрүн ээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым (жыйнагымдын) тартибин татынакай өтө сымбат кат кылдым».



Махмуд Кашкари.

Чыгышында – Саян-Алтай жана Ганьчжоу, батышында – Итил өрөөнүнөн бери жашаган ар кыл түрк калктарынын айрым бир өкүлдөрү Кара кагандар бийлеген аймакка – Теңир-Тоонун чордонуна өтө жакын конуш таап келген Махмуд аларды өзү аралап изилдеп, алар тууралуу маанилүү маалыматтарды топтогон.

Махмуд Кашкаринин эмгегинен кыргыздардын Чыгыш Теңир-Тоодо байыркы замандарда, алардын айрым топторунун Чыгыш Түркстан аймагында орто кылымдардын эрте мезгилинде жашагандыгын билебиз.

Чыгыш Теңир-Тоодогу кыргыз топтору Карахандар доорунда эле ислам динине өткөндүгүн, кыргыз тили нукура түрк тили катары сыпатталгандыгы жөнүндөгү маанилүү маалыматтар да «Диванда» баяндалат. Махмуд *«Кыркыз – түрктөрдүн бир уруусу»* деп жазган. Мында ал «кыргыз» этнонимин *кыркыз* түрүндө берип, Орхон-Енисей жазуу маданиятынын эстеликтеринин салтын уланткан. «Диванда» кыргыздар бардыгы болуп беш жолу эскерилген. Бул эмгек Карахандар доорунда Теңир-Тоодо жашаган кыргыздардын топторун изилдөөдө маанилүү булактардын катарына кирет.

**Жусуп Баласагын жана анын «Кут алчу билим» чыгармасы**

Жусуптун өмүр баяны жөнүндө азырынча толук маалыматтар жокко эсе. Бирок, автор өзү жөнүндө жазып кеткен кээ бир фактыларды анын *«Кутадгу Билиг»* («Кут алчу билим») поэмасынан кездештирүүгө болот. Жусуп 1010–1016-жж. же, 1018-ж. Баласагын шаарында туулган. Окумуштуу Р. Араттын эсеби боюнча поэманы жазып бүткөн мезгилде Жусуп 54 жашта болгон. Ал поэманын Баласагын шаарында баштап, 1067–1070-жж. Кашкарда аяктап, баш-аягы 18 айда бүтүргөн, хандын ханы деп аталган Кашкар шаарынын башкаруучусу Тавгач Буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Ал поэманын терең мазмунун түшүнүп, алкыш иретинде акынга *Улуг-Хасс-Хажиб* деген наам берген. Мунун мааниси «Хасс» арабча хан сарайдагы урматтуу адамдардын бири, ал эми Улуг-Хасс-Хажиб – хан ордосунда кызмат өтөгөн өтө кадырман адамдын наамы.



Жусуп Баласагын.

Баласагындык Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасы – биздин ата-бабаларыбыздын рухий турмушунда кылымдардан бирдиктүү, өз ара байланыштуу эки маданияттын – отурукташкан жана көчмөн маданияттарыбыздын түпкү башатын ырастаган элдик кенч. Бул чыгармадан Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхы боюнча маалыматтарды алууга болот.

X к. отурукташкан чарбадагы Карахандардын элдери менен бирге көчмөндөрдүн арасында ислам кеңири тарайт. Эл ичинен араб жазуусун өздөштүргөн илимпоздор өсүп чыгат. Демек, «Кутадгу билиг» поэмасынын түп нускасы араб тамгасы менен эне (түрк) тилинде жазылган себеби да ушуга байланыштуу. Жусуптун жердеши түрк тилдеринин чырагы деп таанылган, Махмуд Кашкаринин айтылуу сөздүгү да ошол мезгилде араб тамгасы менен жазылган. Азыркы учурда Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасынын үч нускасы сакталып тургандыгын билебиз. Бир нускасы Вена шаарында (Австрия) сакталуу. Египеттин борбору Каир шаарында сакталып турган экинчи нуска 1986-ж. Хидив китепканасынан анын директору болуп иштеген немец окумуштуусу Б. Морин тарабынан табылган. Кол жазма жакшы сакталбагандыктан, айрым жерлерин окуш өтө кыйын, колдон-колго өтө көп өткөндүгү билинип турат. Анын сүрөт көчүрмөсүн 1896-ж. академик В. В. Радлов Петербург академиясынын Азия музейи үчүн атайын алдырган. Азыр ал Россия Илимдер академиясынын Чыгыштаануу институтунун Санкт-Петербургдагы бөлүмүндөгү кол жазмалар фондунда сакталууда.

Ал эми Наманганда табылган нускасы азыр белгилүү болгон нускалардын эң толугу болуп эсептелинет. Араб тамгасы менен жазылган кол жазманы биринчи ирет 1913-ж. А. З. Валидов, Мухаммед Хожа эшен Лолярщиттин өзүмдүк китепканасынан тапкан. Кол жазма табылгандан кийин да бир топ мезгилдерге чейин дареги жок болуп кетип, кайрадан 1925-ж. өзбек окумуштуусу Фитрат таап, ал жөнүндө макала жарыялаган. 1928–1929-жж. Фитрат *«Өзбек адабиятынын үлгүлөрү»* деген китепке эстеликтен үзүндүлөрдү киргизген. Эстеликтин үчүнчү нускасы азыр Өзбекстан Илимдер академиясынын Чыгыштаануу институтунун кол жазмалар фондунда сакталууда. Наманган жана Каир шаарларынан табылган нускалар араб арибы менен жазылган.

Эстеликте азыр кыргыз, уйгур тилдеринин сөздүк курамындагы уңгу сөздөрдүн бардыгы кездешет. Аларда кээ бир гана тыбыштык айырмачылыктар бар. Буга караганда чыгарма таза түрк тилинде жазылган. Демек, анын тилдик фактылары Карахандар мамлекетин негиздеген карлук, чигил, ягма, тухси, кыргыз, кыпчак уруулук бирикмесиндеги түрк элдеринин оозеки сүйлөө тилинин негизинде жазылган деп жыйынтык чыгарууга негиз бар. Махмуд Кашкари да өзүнүн сөздүгүн түзгөндө таза түрк тилдери деп жогорудагы саналган тилдерден сөз жыйнагандыгы бекеринен болбосо керек.

Ал эми «Манас» эпосундагы:

«Түпкү атабыз Каракан,
Каракандан тараган», –

деген саптын өзү эле, тарыхтын бир баракчасы. Демек, Карахандар мамлекетинин карамагында байыркы кыргыздардын болгондугу ушундан улам да айкын.

Жусуптун поэмасы – эпикалык чыгармалардын катарына кирген дидактикалык терең мазмундуу поэма. Ыр жана кара сөз менен жазылган кириш сөзүндө Байыркы Чыгыш акындарынын чыгармаларына өтө эле мүнөздүү болгон асман менен жерди, тоо менен түздү, суу менен деңизди, жылдыз менен күндү, жандуу менен жансызды жараткан Алла-тааланы даңазалаган салттуу мотив бар.

Жусуп Баласагын, өрнөктүү чыгармасынан көрүнүп тургандай, орто кылымдардын эң билимдүү, энциклопедиялык масштабда ойлонгон инсандарынан болгон. Ал астрономиядан, математикадан, медицинадан кеңири кабардар эле. Адабият, тарых, философия, эстетика, этика маселелерин, араб жана иран-тажик поэзиясын, түрк, фарси фольклорун мыкты билген. Анын чыгармасынын «Манас» эпосу менен үндөшкөн жерлери көп жана кыргыздын макал-ылакаптары, учкул сөздөрү поэмада арбын пайдаланылат. «Кут алчу билимдин» кош саптардан турган *месневи* жанрында, тактап айтканда, уйкаш кош

дүрөт. Адамгерчилик адам атын асмандатып, затын жаркыратып, жашоонун улуу жолун ачат дейт ойчул.

Адамдын өмүр жолундагы негизги максаты эмне деген собол дүйнөнүн не деген даркан даанышмандарын ойлондурбаган. Баласагындык акылман да бул маселеге көп кайрылат. Натыйжада ар бир адам өз өмүрүн жакшылык иштерге гана арноосу зарыл деген бекем тыянакка келет. Ал эми ар бир пенде жарык дүйнөнүн инсандык парзын адамгерчиликтин асыл нарктуу жактарын аздектеп аткарганда гана өз өмүрүн өрнөктүү жашап өткөн болот. Автордун адам өмүрүнүн башкы максаты тууралуу тыянагы – ар бир пенде баласы ким болбосун адамгерчиликти аркалап жашоосу керек. Адам өзүнүн жакшы иштери, жанга жагымдуу сөздөрү менен гана түбөлүккө сакталат.

Жусуп ойчулдун түшүнүгүндө адам баласы – дүйнөдөгү эң назик, эң татаал жана эң улуу кубулуш. Ал өзүнүн акылы жана билими менен дүйнөнү өзгөртө алат, анын ичинде үлгүлүү, таасирдүү жүрүш-турушу, жакшы сөзү менен өзүн-өзү же башка адамдарды тарбиялайт. А бирок адамдын баары эле бирдей боло бербейт. Бири – билимдүү, акылдуу, наркты, нусканы билет, экинчилери болсо – терсаяк, кежир, акылсыз жандар. Тигил же бул адамдын жакшы же жамандыгын анын сүйлөгөн сөзүнөн эле билүүгө боло тургандыгын Жусуп акын бир нече ирет белгилейт. Акын өз маданиятын адамгерчиликтин, адептүүлүктүн өзгөчө критерийи катары баалап, ага астейдил маани берген. Акылмандын айтымында адамдын ажатын ачкан, ойлонуп сүйлөгөн орундуу, омоктуу сөз пенденин адамгерчилик аброюн көтөрүп, атак-даңкын арттырат. Ал эми ойлонбой айтылган орунсуз сөз же майдалап сүйлөгөн тантык сөз адамды жакшылыкка алып келбейт, азапка гана кириптер кылат дейт ойчул. Дүйнөлүк маданияттын, анын ичинде философиянын тарыхында мазмундуу, маданияттуу сөзгө Жусуп Баласагынга чейин эле кастарлап маани берилген. Сөз маданиятын кадырлоо – Чыгыш тарыхынын байыркы доордон чыйыры салынган салттуу жолу. Бекеринен чыгыш элдеринин ойчулдары логика, риторика тариздүү илимдерге маани берип, аларды чечендик өнөрдүн ачкычы катары баалашпагандыр. Кыргызда *«Өнөр алды кызыл тил»* деп бекеринен айткан эмес. Ошол салттуу жолдун улантуучусу Баласагындык Жусуп да сөз баркын кадырлап, ага зор маани бергендиги тегин жеринен эмес.

Жусуп Баласагын айткан сөзү менен аткарган ишинин, так-тап айтканда адамдын сырткы жана ички дүйнөсүнүн шайкеш келишине да атайын токтолгон. Анын ою боюнча адамдын нарктуулугунун бир белгиси сөзү менен ишинин төп келгендиги. Андай адамга башкалар эки дүйнөдө ыраазы дейт ал. Ал эми сөзү суу кечпеген тантыкты, кадыры жок калпычыны автор нарксыз, адепсиз жандар деп баалайт. *«Сөзүм өлгүчө өзүм өлөйүн»* деген кыргыз ылакабы да буга күбө.

Адамдардын адеп-ахлактык касиеттеринен Жусуп ойчул *жөнөкөйлүктү* жана *кичипейилдикти* ашкере баалаган. «Кут алчу билимдин» башынан аягына чейин автордун жөнөкөйлүк жана кичипейилдик, мээрмандык тууралуу омоктуу ойлору көп ирет кайталанып айтылат. Пенде баласы бийликтин кандай гана бийиктигине көтөрүлбөсүн, колуна канчалык көп байлык менен мансап топтолбосун, ал эң алды менен жөнөкөй, кичипейил, мээрман болушу зарыл деп, жөнөкөйлүктү урматтап, ал жакшы жөрөлгөлөрдүн башаты экендигин, керкейген адамдын түпкүлүгүндө өзүнө да, өзгөгө да кесири тийерин автор атайын айтат. Бул дүйнөдө баары агып, баары өзгөрүлүп турат, бүгүн көргөн эртең жок. Адам өмүрү, атак-даңк, байлык, бийлик, дөөлөт, мансап да ошондой, бир күн келет да, бир күн кетет. Андыктан ар бир пенде барына манчыркап, кекирейип керсейбей, жогуна кейип кемибей, адамдык абройду, барк-парасатты жогору тутуп, жөнөкөй болгону эп. Жөнөкөй кичипейил адамга дөөлөт келип, бакыт кушу конот. Ал эми кекирейип керсейген, байлык, бийлик, мансап деп кара жанын карч урган, ачкөздүктү, аксымдыкты сап туткан адамдан башкалар да жаа бою качат дейт акын. Жусуп ойчул адамдын адамгерчилик сапатына, жандүйнөсүнө мүнөздүү болгон *көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук* сыяктуу сансыз көп нарктуу касиеттердин артыкчылыгын айтуу менен, мактанчаактык, шашмалык, сарандык сымал сапаттарды кара мүртөз жандарга мүнөздүү деп жектейт.

Баласагындык улуу ойчулдун этикалык концепциясы адам баласын ар качан да болсо түйшөлткөн түбөлүктүү маселелерди камтыйт. Автор адамзат жер үстүндө жашап турганда актуалдуулугун жоготпогон түбөлүктүү маселелердин үстүндө акыл калчап, ой баккан, бул дүйнөнүн көңүл ыргагын дирилдеткен көйгөйлүү жактарына жаны ачып жүрөк сыздаткан. Аларды төмөндөгү саптар менен баяндайт:

«Заң начарлап, көбөйдү тартип бузуу,
Ак, караны эч болбойт ажыратуу.
Эл бузулду, унутуп үрп-адатын,
Кандай күнгө туш болдук, айтчы бачым».

Бул сыяктуу көңүл ооруткан көйгөйлүү маселелердин бүгүнкү күнү да актуалдуулугу талашсыз. Ошолордун бири катары Жусуп арак, шарапты бейадептүүлүктүн бирден бир башаты деп белгилейт. Ойчул арак-шарапты абсолюттуу апаат катары жектеп, балекеттин баары арактан башталат, арак акылдын, билимдин душманы, адам канчалык уят-сыйыттуу болсо да, арак ичкен соң акылынан адашары, ичкендер өз бакытын качырары, кедей ичсе өз тапканын түгөтөрү, бектер ичсе элдин баары

беймаза болору чыгармада өкүнүчтүү пафос менен көп ирет белгиленет. *«Ичкилик арты – өкүнүч»* деген ылакап ошондо эле актуалдуу болгон белем.

Жусуп ойчул утурумдук жүрүш-туруш этикет эрежелерин да мыкты билген. Ал бир адам улуубу, кичүүбү өзүн кайсы жерде кандай алып жүргөндүгү анын адептүүлүгүнүн бирден-бир белгиси экендигине автор ашкере маани берген. Адамдар менен сүйлөшкөндө керсейип кекирейүүнүн же өтө жалпандап жагынуунун, какырынбай, түкүрүнбөй таза жүрүүнүн, дасторкон четинде бүрүшпөй же жайылып жатып албай адептүү отуруунун, артыкбаш арсаландап, жөнү жок каткырып күлө бербөөнүн, улуу киши сүйлөсө сөзүн бөлбөй угуунун, ичкилик ичпей, калпыс ишке кабылбай тек жүрүүнүн, кыскасы жүрүш-туруш этикетинин кажет болгон эреже-тартиптерин сактоонун зарылдыгы «Кут алчу билимдин» 47-бөлүмүндө атайын айтылган. Улууларга айрыкча урмат, сый мамиле көрсөтүү адамгерчиликтин айныпыгыс парзы экенине ойчул көп токтолгон. Чыгармада жаштарга акыл, насаат иретинде улууларды урматтап, кадырлоо алардын адептүүлүгүнүн белгиси дейт акын. Элдик нарк-насилди мыкты билген акылман улууну урматтап сыйлоо, кадырына жетип кастарлоо адамгерчиликтин ата-бабалардан калган адат-салты экендигин, ал салттын нарктуу жолун бузбай түбөлүккө тутуу лаазым экендигин талбай тастыктаган.

Гуманист ойчул улууларды урматтап сыйлоо сыяктуу изгилүү касиеттер алды менен үй-бүлөдө, ата-эненин тарбия таалими менен калыптана тургандыгын айрыкча бөлүп айткан. Үй-бүлө куруу, балалуу болуу адам өмүрүндөгү эң чоң бакыт. Балалуу болгон соң ата-эненин өздөрү үлгүлүү жүрүш-турушту тутушу жөн. Анткени «уядан эмне көрсө, учканда ошону алат» дегендей, атаны көрүп уул, энени көрүп кыз өсөт. Ушул салттуу адеп жолун сап туткан тубаса философ ойчул ата-энеден тарбия көргөн балдар бактылуу болорун, балдары акыл-эстүү болсун деген ата-эне аларга жаштайынан билим берүүсү зарыл экендигин чыгармасында баса белгилейт.

Жусуп Баласагындын этикалык концепциясында адамдын нравалык нарктуулугун аныктоонун дагы бир зарыл критерийи – анын бешене терин агызган ак эмгеги. Адам талбаган эмгеги менен гана адамгерчиликтин туу чокусуна жетет деген ой чыгарманын башынан аягына чейин кызыл сызык болуп чийилип өтөт. Автордун жалкоолукту, илээндиликти жектеген, ар кандай ишти чыныгы дит менен аткарууну, сөз менен иштин төп келишин жактаган ойлору түбөлүк тарбиялык мааниге ээ. Жалпылап айтканда, автордун философиялык, саясий, социалдык түшүнүктөрүнүн негизин адамгерчилик, адептүүлүк жөнүндөгү ой толгоолор түзөт.



## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Махмуд Кашкари жана анын эмгеги жөнүндө айтып бергиле?
2. Жусуп Баласагындын поэмасынын тарбиялык маанисин кандайча түшүнөсүнөр?
3. Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасын окуп чыкыла.

## § 29. КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИ

**Исламга чейинки диний ишенимдердин сакталышы**

Исламга чейинки коомдук өнүгүүнүн ар түрдүү баскычтарынан калган диний ишенимдер каада-салттарда ислам менен бир катарда, айрым учурларда ага аралашып жашап келген. Кыргыздардын көз карашында диний ишенимдердин мурдагы калдыктарынан сакталып калган эң алгачкы формаларынын арасында тотемдик (ыйык) түшүнүктөр да болгон. Ал боюнча айрым уруктардын же уруулардын келип чыгышы жагынан кээ бир айбанат, канаттуулар менен тукумдаш (бир кандаш) деген идеяга негизделип, ошолордун сөөктөрүн, канаттарын жана башка мүчөлөрүн ыйыкташтырууга алып келген. Түндүк кыргыздардын бир чоң уруусунун «бугу» деп аталышы, ага байланыштуу бир катар ишенимдердин болушу кыргыздардын бүгүнкү күндө да өздөрүнүн түпкү теги катары айрым бир жаныбарларды урматтаганын айгинелейт.

Буга бүркүт, карышкыр, тоо текени урматтоо жөнүндөгү кенири жайылган ишенимдерди да байланыштырууга болот. Ошону менен катар, кыргыздар зороастризмдик мүнөздөгү ишенимдерге ылайык кээ бир айбанаттарга да сыйынышат. Мындай урматтоолордун объектиси мифтик ак тайлак, ак илбирс, жылан, үкү, аюу ж. б. болгон. Кыргыздардын диний түшүнүгүндө



Сулайман тоосу.

маанилүү орунду табияттын көрүнүштөрүнө табынуу ээлеп, алардын эң эле байыркысы асманга-теңирге сыйынуу болгон. Кыйынчылык учурунда кыргыздар асманды карап: «Теңир колдой көр», – деп тилек кылып суранышкан. Жаштарга бата бергенде же кимдир бирөөнү жакшы тилек менен алкаганда «Теңир жалгасын», ал эми кимдир бирөөнү каргаганда «Теңир урсун» дешкен. Кыргыздар асманды кудай катары баалоо менен бирге, Айга, жылдыздарга да табынышкан. Табиятка сыйынууда тиричиликтин башаттары катары Жер менен сууга табынуу да маанилүү орунду ээлеген. Кыргыздар бүткүл жер бетин, жер-сууну жараткан катары көрүшкөн. Жерге, сууга сыйынууда курмандыкка мал союу да эң байыркы ырым-жырымдардын бири болгон.

Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган эл эң байыркы замандан эле Сулайман тоосун ыйык тутуп, ага сыйынып келген. Ислам дини чыккандан кийин бул тоо Фергана чөлкөмү үчүн экинчи Меккеге айланган. Түндүк кыргыздар Кочкор өрөөнүндөгү Кочкор-Ата тоосуна сыйынып, ал жер ыйык мазарга айланган. Кыргыздардын тоо, көл, булак, дарак, ашууларды ыйык тутуусу көчмөн турмушка, чарбачылыкка байланыштуу келип чыккан. Табияттын көрүнүштөрүнө сыйынуунун укумдан-тукумга калып келген элементтери отко – коломтого сыйынуудан көрүнөт. Ал коломто менен байланышкан үй-бүлөлүк-турмуштук ырым-жырымдарды жана байыркы түркчө түшүнүктөгү Теңирдин жары Умай энеге сыйынуунун калдыктарын бириктирген.

Жаратылыштын күчтөрүнө сыйынуу, мисалы: «обо» – асман, көктүн, жердин, таштын, бардык нерселердин «ээси» бар деп эсептөөнү дагы исламга чейинки диний ишенимдердин арасынан өзүнчө бир көрүнүш катары кароого болот.

«Манаста» бала-бакыраны колдоочу *Умай энеге* табынуу боюнча бир топ маалыматтар берилет. Борбордук Азияда жана Түштүк Сибирде жашоочу монгол-түрк элдеринде да Умай эне –



Кочкор-Ата мазарынын (биринчи планда) жалпы көрүнүшү.

балдардын колдоочусу катары берилет. Ал Манас төрөлгөндө да жардамга келген.

«Тарткандардын баарысы,  
Талыкшып колу тим болгон.  
Умай эне – периште,  
Урду келип баланы,  
Урганына чыдабай  
Ужутту көздөй барганы».

Кийинчерээк, азыркы мезгилде деле, байбичелер бала-бакыраны эмдеп, жүрөгүн көтөрүп, бешикке салганда: «*Менин колум эмес Умай эненин колу*» деп ырымдап айткан учурлар кездешет.

*Шаманизм* жана дарылоонун ага байланышкан түшүнүктөрү, ыкмалары кыргыздардын көз карашында маанилүү орунду ээлеп, алардын турмуш-тиричилигинде бекем сакталып келген. Шаман эркектерди – бакшы, ал эми шаман аялдарды – бүбү деп аташкан. Бакшылар ак жана кара болуп, өтө кудуреттүүсү кара бакшы деп эсептелген. Бакшылардын негизги милдети ооруларды, эң башкысы жандуу (нерв) ооруларын дарылоо, «көзү ачыктык» кылуу болгон. Алар «жиндердин» жардамы менен «дарылап», «көзү ачыктык» кылышкан. Бакшылык касиет укумдан-тукумга калат деп эсептелген. Кыргыз бакшыларынын бир жагынан түштүк сибирдик, экинчи жагынан орто азиялык шамандарга (суфизм) көп окшоштуктары болгон. Исламга салыштырганда ага чейинки диний ишенимдер турмушка жана жашоого карата көбүрөөк ийкемдүү болгон. Анткени, ал кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө, тактап айтканда, ага сиңген патриархалдык-уруулук салттарга көбүрөөк байланыштуу болгон. Ошондой эле табияттын стихиялык күчтөрүнө көбүрөөк көз каранды болгон мал чарбасы да исламга чейинки диний-магиялык көз караштардын сакталып калышын шарттаган.

Эпостор кыргыз элинин материалдык байлыгын изилдөөдө гана баалуу булак болбостон, алар кыргыз элинин өткөн мезгилдеги рухий байлыгынын жана маданиятынын баа жеткис казынасы болуп саналат. Кыргыз элинин рухий турмушунда дин идеологиясы маанилүү роль ойнойт. Кенже эпостордун материалдарына таянып, исламга чейинки диний ишенимдердин калдыктарынын көрсөтүлүшүнө да кеңири токтоло кетели. Кыргыздардагы диний ишенимдер жөнүндө атайын изилдөөлөр түрк тилинде сүйлөөчү элдерди изилдешкен В. В. Радловдун, Н. А. Аристовдун эмгектеринде кездешет. Тотемизм салты жана ата-бабалардын арбактарына сыйынуу, шаманизм жана жаратылышка сыйынуу боюнча маалыматтар Ч. Ч. Валихановдун, Ф. Поярковдун эмгектеринде көрсөтүлөт. Г. Н. Потаниндин,

Н. Л. Зеланддын, Н. И. Гродековдун, Г. С. Загряжскийдин, В. Шумиловдун изилдөөлөрүндө исламга чейинки диний ишенимдер жөнүндө өзүнчө эскерүүлөр бар. В. Шумиловдун, Е. Ковалевдун эмгектеринде кыргыздардын шамандык үрп-адаттары сыпатталган.

Советтик этнографтардын, философтордун, тарыхчылардын илимий изилдөөлөрүндө исламга чейинки диний ишенимдер жөнүндө баалуу ой-пикирлер берилет. Бул боюнча кызыктуу материалдарды С. М. Абрамзондун эмгектеринен алсак болот. Кээ бир демонологиялык көз караштар жана шаманизмдин, тотемизмдин калдыктары жөнүндө маалыматтар С. Ильясовдун эмгектеринен кездешет. Атайын ушул маселеге арналган Т. Баялиеванын эмгегинде исламга чейинки диний ишенимдер бир системага келтирилип, жакшы изилденген.

Диндин эң байыркы формаларынан болгон *тотемизмдин* элементтери «Манаста» кездешет. Чыйырды Манас боюнда барда жолборстун жүрөгүнө талгак болгон. Ал бир жылкычыдан кангайлык мергенчи жолборс өлтүрүп, анын терисин сыйрып алып, этин калтырып кеткенин угат. Беделбай мерген анын өтүнүчү боюнча жолборстун жүрөгүн алып келип берет. Мергенчи бул эмгеги үчүн Чыйырдыдан күмүш жамбы алат.



Манастын төрөлүшү.
*Т. Герцендин сүрөтү.*

Кээ бир окумуштуулар бул жерде жолборс тотем катары бааланат деген пикирлерди айтышат. Тотемизм диндин байыркы түрлөрүнөн экендиги белгилүү, бирок эпос жаралган мезгилге чейин ал бир топ өзгөрүүгө дуушар болгон. Кыргыз элинин тарыхынын байыркы мезгилдеринде тотемге табынуу күчтүү болгондугун ташка чегилген руна сымал жазуулар далилдейт. Мисалы: «Мен жети карышкыр өлтүрдүм, мен илбирс менен бугуларды өлтүргөн жокмун». Бул жерден илбирс жана бугулар тотем (ыйык) катары көрсөтүлгөн. «Манастын» С. Каралаев айткан вариантында болсо Чыйырды арстандын этине талгак болгон да кытайлык мерген Көчкү арстандын этин 90 төөгө жүктөлгөн буудайга алмашкан.

«Ошол кезде Жакып бай,
Бүткүл шерди сойгону,
Сойгон шердин этине,
Байбиче мыктап тойгону,
Талгагы анан койгону».

Тотем «Кожожаш» эпосундагы кийик жөнүндө тотемдик көз караште ачык көрсөтүлгөн. Бул эпостун негизги өзөгүн мергенчи Кожожаш менен Сур эчкинин ортосундагы күрөш түзөт. Сур эчки кийиктердин энеси катары көрсөтүлөт. Аны атса да ок өлтүрбөйт. Сур эчкинин сураганына болбой Кожожаш анын текеси Алабашты атып салат. Сур эчкинин тилин албай, анын каргышына калат. Акыры мерген жалама аскада калып өлөт. Анын баласы Молдожаш атасынын тагдырын энесинен угуп, Сур эчкини кууп кармап алат. Сур эчки жалынып, өзүмдүн кызымды берейин деп ээрчитип барып, кызына үйлөнтөт.

Элдик баатырларды колдоочу катары бүркүт да берилет. Мисалы, «Эр Төштүк» поэмасында Алп Каракуш Төштүккө көп жардам берет. Мында куштун адамга сулуулук, күч жана акыл бере алышы абдан кызыктуу. Эпостордун материалдарына таянсак, жаныбарларга карата тотемдик көз караш гана болбостон жаныбарларга сыйынуу, тактап айтканда, зоолатрия да кездешет. Эгерде ботосу өлсө, адамдар анын энесин аяшкан, себеби алар төө дагы баласы өлгөндө адамдардай болуп кайгырып, ыйлайт деп түшүнүшкөн.

«Жардын башын кыдыртып,
Ээрчитпедим ботомду,
Талдын башын сыдыртып,
Ойнотподум ботомду.
Эки эмчегим тирсийтип,
Эмизбедим ботомду».

Жогоруда биз карап өткөн материалдардан кыргыздарда жалгыз гана тотем-жаныбар менен байланыштуу көз караш гана болбостон, мындай диний ишенимде эң сейрек кездеше турган уруулук тотемизмдин энелик культ менен айкалышы көрсөтүлгөн. Кийик баарыбыздын энебиз, кийиктен тараганбыз дешкен кыргыздар.

Эгерде кыргыздардын кийик-тотем, үкү-тотем жөнүндөгү көз караштары Борбордук Азия жана Казакстан элдеринен өзүнүн аналогиясын тапса, карышкыр менен ит – тотем жөнүндөгү көз караштары байыркы түрктөрдүн жана монголдордун көз карашына окшош, ал эми бугу-тотем, бүркүт-тотем – Сибирь элдеринин диний ишенимдеринен өз аналогиясын табат. Бул фактылар болсо кыргыз элинин түзүлүшүнүн өтө татаал экендиги-

не, алар өтө кеңири мейкиндикте жашап келгендигине күбө боло алат. Кыргыз элинин курамына жергиликтүү орто азиялык компонент менен бирге борбордук азиялык компонент киргендигин билдирет.

**Арбактарга сыйынуу**

Ата-бабалардын арбагына сыйынуу кыргыздардын исламга чейинки диний көз караштарынын ичинен көрүнүктүү орунда турат. Элдик диний ишенимдерди изилдөөчү археологиялык, этнографиялык жана ошондой эле фольклордук материалдар муну тастыктай алат. Эгерде археологиялык материалдар диндин тарыхынын байыркы мезгилин изилдөөдө жардам берсе, этнографиялык, өзгөчө фольклор, анын ичинде «Манас» эпосу кыргыздардын кийинки мезгилдеги бир топ диний ишенимдери жөнүндө баалуу маалымат берет.

Арбактарга ишенүү, сыйынуу боюнча «Манаста» да көп эпизоддор кездешет. Каармандар башына иш түшкөндө, кыйынчылыкта көзү өтүп кеткен ата-бабаларынын арбагына кайрылган. Жакыптын түшүн жоруганда ал эркек балалуу болору жана аны арбак колдой тургандыгы жөнүндө айтылат.

Өлгөн адам жөнүндө жаман пикир айтууга болгон эмес, өлүк коюлган күмбөз, мүрзөлөр *«ыйык жерлер»* деп эсептелген. Жан-жаныбарлардан садага чабылып, мал союлган.

Бизге белгилүү болгондой ата-бабалардын арбактарына сыйынуунун негизин «ата-бабалардын жаны реалдуу жашайт», деген анимистикалык көз караш түзөт. Ал боюнча ата-бабалардын арбактары өздөрү өлсө дагы, тирүүлөрдүн турмушун байкап, өзүнүн укум-тукумун колдоп турат. Бул сыйынуу коомдук өнүгүүнүн патриархалдык-уруулук коомуна тиешелүү. Себеби бул мезгилде уруунун аксакалдары жогорку сый-урматта болуп, алар өлгөндөн кийин дагы өздөрүнүн уруусундагы адамдардын турмуш-тиричилигинин баарын көрүп, аларды колдоп турат дешкен.

Эпикалык чыгармаларда дагы «арбакка арнап соёлу», «ата-баба арбагы бизди колдой көр», – деген саптар көп кездешет. Кыргыздарда ата-бабанын арбагына сыйынуу өзгөчө орунда турарын биринчилерден болуп Ч. Валиханов айтып кеткен. Кыргыздар адам өлгөн менен анын жаны түбөлүк жашайт деген бекем ишеничте болгон. Эпостордо адамдын жаны чымын же көк түтүн катары көрсөтүлөт.

«Манаста»: «Көбүктөгөн көк түтүн,
Чыга түштү бур этип.
Чымын жаны чыркырап,
Чыга түштү чыр этип.
Кандан мурда жан чыгып,
Баатыр жатып калды эми» – деп айтылат.

«Курманбекте»: «Итке, кушка жем кылбай,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Айпооч салып, белим бууп,
Көмө кеткин өзүмдү».

Кыргыздарда, эгерде эркек адам өлгөн болсо, ошол өлгөн кишиге окшоштурулуп жасалган «тул» (куурчак) коюу салты да болгон. Тикесинен коюлган «тулга» өлгөн кишинин чапанын, баш кийимин кийгизип коюшкан. Тул боз үйдүн капшытына коюлуп, ага көшөгө тартылган. К. К. Юдахиндин көрсөтүүсү боюнча «тул» аялы менен күйөөсүнүн төшөгүнүн жанына коюлган. Жесир аял бир маал ошол «тулдун» жанында отуруп, өлгөн күйөөсүн жоктоп ыйлайт. Бул салт «Кожожаш» эпосунда төмөндөгүчө сыпатталат:

«Кожожаштын ак өргөө,
Айылдан алыс кондуруп,
Караны кийип Зулайка,
Олтурат ыйлап үн салып.
Тушуна желек сайдырып,
Турат ыйлап Зулайка,
Тул түбүндө кайгырып,
Келбейт мерген тирилип».

Адамдар табигаттын ар бир кубулушуна өзгөчө мамиле жасап, ага карата ар башка ырым-жырымдарды ойлоп табышкан.

«Эр Табылды» эпосунда жайчылык касиетке ээ болгон каарман – Элдияр. Ал кара ташты дубалап туруп, сууга салып таштайт. Эртеси душмандар тарапка ак жайдын күнү чемесиз кар түшөт. Бирок Элдиярдагы сыйкырчылык жөндөмдүүлүктүн таржымалынан эпос эч кабар бербейт.

«Кар жаадырып, күн жайлап,
Калкында жайчы бар экен».

Ал эми «Олжобай менен Кишимжанда» Кудакенин жайчылык касиети көрсөтүлөт:

«Каршыгып жүрчү Кудаке,
Өзү жайчы кул эле...
Ысык күндү муздатып,
Каранғы туман салды эми,
Кар жаадырып жайынды,
Куда боздогон суук салды эми».

Жайчылык ишеними жөнүндөгү маалыматтар XI к. эле жазылган Махмуд Кашкаринин эмгектеринде кездешет. Андан кийин XIV к. тарыхчы Рашид ад-Дин да бул жөнүндө кабар-




лайт. Жайчылык байыркы түрктөрдө жана түрк тилинде сүйлөгөн элдерде да көп кездешет. Жайчылык ишеними боюнча жайчы киши кар жаадырып, бороон болтуруш үчүн же болбосо жаан жаадырыш үчүн жай ташты дубалап туруп, сууга таштайт. Мындай касиеттүү таш аттын же уйдун карынында сакталат деп ойлошкон. Түсү көк, жашыл, кара болот деп божомолдошкон.

Түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын элдик оозеки чыгармаларында адамдар менен сыйкырдуу касиетке ээ болгон жаныбарлардын байланыштары жөнүндө өзгөчө көп айтылат. Бу ишеним айрыкча алтайлыктарда, якуттарда, хакастарда көп кездешет. «Курманбекте» Телтору ат ошондой касиетке ээ. Аны мингенде Курманбектин эрдиги ого бетер артып, күчүнө-күч кошулат. Атасы Телторуну бербей койгондо, атынын начарлыгынан Курманбек оор жарадар болгон. Манастын Аккуласы окко учкандан көп узабай баатыр катуу жарадар болуп келип өлөт. «Тайбуурулдун тартууга кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени» деген ылакап да тулпар ат менен баатырдын ортосундагы тыгыз байланышты көрсөтөт. Узак убакыт бою көчмөн турмушта жашаган кыргыз эли атты биринчи катарга коюп, аны акылдуу жаныбар катары эсептешкен, абдан баркташкан. *«Ат – адамдын канаты»* деген кыргыз макалы бекеринен калган эмес. Адамдардын байыркы тотемдик ишенимине негизделген кереметтүү жаныбарлар жөнүндөгү мифтик түшүнүгү тулпар аттардын образында толук сакталып калган. «Манас» эпосунда эле ондогон тулпарлардын касиеттүү образдары берилген.

**Ислам дининин тарашы**

Кыргызстанда патриархалдык-феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылып келиши элдин рухий турмушунда диндин маанилүү орунду ээлешине себеп болгон. Кыргыздардын расмий дини ислам болуп эсептелсе да, ал элдин диний түшүнүктөрүнүн толук мазмунун түзгөн эмес. Анын үстүнө мусулманчылык менен катарлаш диндин алгачкы формаларынын калдыктары да кыйла даражада сакталып келген. Азыркы Кыргызстандын аймагында исламдын таралышы IX–XII кк. таандык. Кыргыздарды мусулмандаштыруу жөнүндөгү кеңирирээк тарыхый маалыматтар XVI к. жазылган «Тарих-и Рашиди», «Мажму ат-таварих», «Жалис жана Муштадин», «Зийа ал Кулуб» ж. б. эмгектерде кездешет. Кыргыздар алгачкы диний ишенимдерин XVI к. чейин гана эмес, андан кийин да узак убакыттарга чейин кармап келишкен. Осмон түрктөрүнөн чыккан Сейфи (XVI к.) кыргыздарды «мусулман да, капыр да болгон эмес» деп жазган. Махмуд ибн-Вели (XVII к.) кыргыздарды капырлар деп атап «алар өлкөгө өзбектердин келиши менен мусулман болуп калышы ыктымал» деген. XVII к. теңир-тоолук кыргыздарга жунгарлардын бир катар кол салууларынын мезгилинде кыргыздардын бир бөлүгү мусулман калкы жашаган Фергана өрөөнүнө жана ага тутумдаш тоолуу райондорго оошуп отурукташуусуна байланыштуу мусулман дини кыргыздарга кеңири тарала баштаган. Жаңы чөйрөдө кыргыздар жаңы динди да тез кабыл ала баштайт. Бирок Жуңгар хандыгы кулагандан кийин кыргыздар мурдагы жашаган жерлерине кайтып келиши менен мусулмандашуу процесси кайрадан солгундаган.

Кыргыздардын арасында ислам дининин өтө кеңири таралышы Кокон хандыгынын учуруна туура келет. Анткени, динди таратуу Кокон башкаруучуларынын саясатынын бир бөлүгү болгон. Кыргызстандын аймагындагы стратегиялык мааниси бар жайларда чептер курулуп, мечиттер салынып, кокондук молдолор мечиттерди тейлей баштаган. Бирок кыргыздардын диний турмушунда мечиттин ролу чектелген абалда болду. Анткени, мечиттер көбүнчө чеп ичинде курулуп, ал эми кыргыздар болсо алардан оолагыраак көчүп жүрүүгө аракет кылышкан. Ошого карабастан, XIX к. кыргыздар маңызын терең түшүнбөсө да, исламдын негизги ырым-жырымдарын өздөштүрө баштаган. Ислам үгүтчүлөрү кыргыз айылдарында күнүгө беш убак окулуучу намазды үйрөтүп, айрыкча исламдын мистикалык агымынын (суфизм) өкүлдөрү – эшендердин аракеттери Кыргызстандын түштүк райондорунда өзгөчө күчтүү болуп, Чүй өрөөнүнө чейин жайылтылган. Эшендер өздөрү мюриддерди (суфизмдин жактоочуларын) курап, калктан зекет (мал, мүлк) чогултушкан. Ислам динин биринчилерден болуп манап, бай ж. б. башкаруучу таптын өкүлдөрү кабыл алышып, андан кийин букараларга жайылтылган. Ошентип, мусулмандаштыруу процесси узакка созулуп, татаал кырдаалдарда ишке ашырылган. Жаңы дин элге түшүнүксүз болгондуктан, анын ээлген катмары дин төбөлдөрүн Кокон хандыгынын жактоочулары катары карап, аларга карата кастык мамиледе болушкан. Кыргызстанга өзбек молдолору менен бирге, шарият зандарын орундатууга анчалык катуу талап койбогондугу үчүн калкка көбүрөөк жаккан татар молдолору да келе баштаган.



Будда храмы.
*Реконструкция. Чүй району.*
*Ак-Бешим кыштагы.*

Бирок, ошондой болсо да, ислам идеологиясын таратуу кокондук бийликтер, айрыкча, жергиликтүү феодалдар каалагандай натыйжаларды бере алган жок. Калктын негизги массасынын арасында диндик фанатизм бекем орун алган эмес. Ал түгүл исламдын негизги догмалары эл үчүн белгисиз бойдон кала бергендиктен, диний ырым-жырымдарды ар бир эле киши аткара берген эмес. Буга XIX к. экинчи жарымында Кыргызстанда болушкан саякатчылар менен окумуштуулардын (М. И. Венюков, Г. Е. Грумм-Гржимайло, Н. И. Гродеков, Ч. Ч. Валиханов ж. б.) жазгандары да күбө болот. Кыргыздар «мусулман дининин түркүктөрү» (аркан-аддин) деп аталган милдеттин динди тутуу (аш-шахад); намаз окуу (ас-салят); орозо кармоо (ас-саум); битир, зекет, садага берүү (ас-закят); ажыга баруу (аль-хаж) сыяктуу беш милдеттин бирин да так орундатышкан эмес. Беш убак намаз окуу негизинен үстөмдүк кылуучу таптардын өкүлдөрү тарабынан гана аткарылган. Ошондой эле орозону бардыгы текши кармаган эмес, кармагандары болсо (өтө динчилдери орозонун башында үч күн, ортосунда үч күн, аягында үч күн, ал тургай жогоркудай тартипте бир күндөн, бардыгы үч күн (үч эм) гана кармоо менен чектелишкен). Меккеге (ажыга) баруу бийлөөчү таптын өкүлдөрүнүн гана колунан келип, алар «кудайы жардам» демиш болуп, элден арбын киреше жыйнап алышкан. Кыргыздар мусулман майрамдарын бир топ кенири белгилөөнү адатка айлантып, ага диндин эски формаларынын калдыктары да аралашып кеткен. Мисалы отуз күндүк орозодон кийин орозо айтта ата-бабаларды жана өлгөндөрдү эскерүү максатында алардын арбагына атап куран окутуп, шам жагып, боорсок жасап, жыт чыгарышкан. Курман айт болсо тирүүлөрдүн майрамы катары өткөрүлүп, анда мал союлуп, курмандык чалынган.

Мусулманчылык терминдер камтылган мындай саптар «Манас» эпосунда аз эмес.

«Адам ата, Обо эне,
Туулган жерин билчү элең.
Оң жагын Ойсул ата бука өткөн Бакай.
Баабедин башында Бакай!
Кожо Кыдыр кашында Бакай!»

Бул жерде кыргыздардын диний ишенимдери жөнүндө бир топ маалымат берилген. Адам жана Ободон, ошондой эле төө атасы Ойсул-ата менен катар эле Кожо Кыдыр да келтирилген. Кожо деп мусулман өлкөлөрүндө алгачкы халифтерди аташкан. Кыдыр болсо – Хизр, Хыдыр, Хозр деп аталган мифологиялык пайгамбар. Бул терминология мусулман динине тиешелүү. Бирок исламдагы ыйыктарга, пайгамбарларга сыйынуу көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча өзүнүн башталышын исламга чейинки диний ишенимдерден алат.

Кыргыз коомунун исламдык башаты жөнүндө XVI к. башында жазылган «Мажму ат-таварихте» да айтылат. Кыргыз эпосунан исламдан башка дагы *буддизм, христианчылык* дүйнөлүк диндери жөнүндө бир аз маалыматтарды кездештиребиз. Өзгөчө Кошойдун башынан өткөргөндөрү жөнүндө айтылганда *«бут»* же *«буткана»* деген терминдер кездешет.

«Алтыдан бутту койгун деп,
Ар качан башынды ургун деп,
Жамандык көргөн күнүндө
Жалынып келсең чоң колдойт.
Бут койдуруп бултуйтуп,
Эки ууртун дулдуйтуп,
Алтындан кылган баштарын,
Осмодон койгон каштарын,
Көөхардан кылып көзүнү.
Көркүн ондоп өзүнү
Сары алтындан бой кылып
Забар зерден кол кылып,
Инжиден сайып, тиш кылып,
Жыргатчуудай иш кылып,
Эрди, мурду зумурут,
Эртели-кечти кызматын
Эрикпей кылып олтурат».

Эпостун саптары жазуу эстеликтеринде берилген идол жөнүндөгү маалыматты бекемдейт, анда алтын идол жөнүндө айтылат. Кыргыздарда буддизм же анын көрүнүштөрү белгилүү болгондугу жөнүндө «Манас» эпосундагы дагы башка терминдер да күбөлөйт. Мисалы, «Буркан», «лаайлама», «лаанат», «лаанат-маанат», «кут» жана башкалар. Булар түздөн-түз буддизмдин терминдери болгон.

«Лаанатка жалбарып,
Ылдамыраак жетиниз.
Эртелеп кабар салбасаң,
Эстүүсүн жыйып албасаң,
Эртең, бүгүн билбеймин».

«Манаста» христиан дини жөнүндө да бир аз болсо да маалыматтар берилгенин окумуштуу, этнограф И. Б. Молдобаев белгилейт. Көкөтөйдүн ашына келген меймандарды атаганда:

«Аш бергенде ат чапкан,
Кыргыздын кызык заңы деп.
Ой жагында тарса бар,
Ондон бери парсы бар.
Каптал жакта калча бар,
(Олжо берген аларга)
Кыргыз уулу канча бар».

Бул жерде «тарса» деген термин, этноним кызыгуу туудурган. Орто Азия элдеринин арасында ушундай этноним кездешет. Бул суроого жоопту жазуу жана адабий булактардан алабыз. Монголдордун империясында несториандарды «тарса» деп аташкандыгы белгилүү. Алар боло христиан dininin бир түрү, Византияда V к. пайда болгон, несторианчылыкка таандык. Бул динге тиешелүү эстеликтер Бишкекке жакын жерлерден көп табылган.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМА:

1. Кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдерине мүнөздөмө бергиле.
2. Арбактарга сыйынуу дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. Кыргыздар ислам динин качан кабыл алган?
4. Кыргызстандын аймагына будда жана христиан дини тарагапбы?

## §§ 30–31. ЭЛДИК ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо биринчи кезекте эле «Манас» эпосу эске түшөрү шексиз. Чындыгында эле «Манас» – кыргыз эпосунун байыркы үлгүсү катары кыргыз элинин азаттык, көз карандысыздык үчүн күрөшүн, анын адилет, жыргал турмушу тууралсындагы ой-тилегин көркөм чагылдырган чыгарма. Жазылып калган тарыхы жок, өзү жөнүндө жазуу даректери анча көп болбогон көчмөн эл үчүн «Манас» эпосу – оозеки поэзиянын башка жанрларындай эле жазма адабияттын да, сүрөт өнөрүнүн да, театрдын да милдетин аткарган.

«Манас» эпосунун негизги варианттарынын ичинен залкар манасчылар **Сагымбай Орозбак уулу** менен **Саякбай Карала уулунан** жазылып алынган тексттер материалдарынын толуктугу жана өзгөчө кеңири планда айтылышы, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугу менен айырмаланып турат. Саякбайдан жазылып алынган эпостун үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 500 миң ыр сабынан турат. Дүйнөдө «Манас» эпосуна көлөмү жагынан тең келген эпос жок. «Манас» эпосу искусствонун бардык түрлөрүн камтыган өзүнчө бир искусство кенчи болгон.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин тарыхы гана эмес, анын этностук курамы, турмуш-тиричилиги, чарбачылыгы, каада-салты, адеп-ахлагы, эстетикалык табити, жүрүм-турум нормалары, адамдын оң жана терс сапаттары, көз караштары, жаратылышты байкоолору, диний, медициналык, географиялык жана башка түшүнүктөрү, поэтикасы жана тили, башкача айтканда, эл турмушунун бардык жактары кеңири планда чагылдырылган нукура эпикалык, энциклопедиялык чыгарма. Ошондуктан эпос элдин тарыхын, тилин, этнографиясын, философиялык көз караштарын, психологиясын, рухий жана социалдык-саясий турмушун изилдөөнүн ишенимдүү булагы болуп эсептелерин окуу китебинин башында айтканбыз. Бул жерден «Манас» эпосунун негизги идеясына кыскача токтоло кетели.

«Манас» эпосунда баатыр Манастын образынын айланасында үчилтиктин окуялары өнүгүп, негизги идеяга – кыргыздын бытыранды урууларын бириктирүү идеясына баш ийдирилет. «Манас» үчилтигинин 1-бөлүгү Манас баатырдын Бээжинде жеңилиши, эр жүрөк баатырлары Алмамбет, Чубак, Сыргак, Эр Көкчөнүн өлүшү. Манастын өзү да катуу жарадар болуп дүйнөдөн кайтышы менен аяктагандыктан, эпопеянын андан ары уланышына шарт түзүлөт. Үчилтиктин 1-бөлүмүнүн кайгылуу аякталышы реалдуу чындык деңгээлине көтөрүлгөн. Манастын керээзинде уруулар арасында чыр-чатактар, Манас баш коштурган кыргыз элинин күч-кубатынын начарлаганы жөнүндө

айтылат. Манастын уулу Семетейдин төрөлүшү келечекте атасы үчүн өч алууну алдын ала шарттайт. Ошентип, биринчи бөлүк менен идеялык жана сюжеттик жактан байланышкан экинчи бөлүк пайда болуп, анда өз аталарынын эрдиктерин кайталап, чет жердик баскынчыларды талкалап чыккан Семетейдин жана анын шериктеринин турмуш жолу менен эрдиктери баяндалат.

«Семетей» баатырдык поэмасы – үчилтиктин бир кыйла көп айтылуучу бөлүгү. Анын тарыхый фону болжол менен жунгарлардын басып кирүү мезгилине туура келип (XVI–XVIII кк.), окуялар Борбордук Азия аймагында өтөт. Поэманын эр жүрөк каармандары баштагыдай эле адилетсиздиктин курмандыгы болушат. Бирок, буга чет жердик баскынчылар эмес, элди бузган уруу башчылары же хандар, т. а. ички душмандар себепкер болушкан.

Ички душмандарга каршы күрөшүүнү эпикалык баяндоого «Сейтек» бөлүмү арналат. Анда акыры адилеттик жеңип чыгат. Семетей менен Сейтектин образдарында элдин Манас жөнүндөгү легенданы укум-тукумдарына сактап калууга умтулуусу көрүнөт. Эпосто кыргыз элинин тагдырына байланыштуу өтө урунттуу тарыхый окуялар ар кыл даражада чагылдырылган. Сюжеттин курулушуна Түрк кагандыгынын тарыхына байланышкан орто кылымдын алгачкы мезгили, ошондой эле Борбордук Орто Азиянын аймагындагы элдердин, уруулардын жер которуштуруусуна, ассимиляцияланышына алып келген моңголдордун басып кирүү доору, Жунгар хандыгынын түзүлүш мезгили да из калтырган.

«Манас» элдик адабияттын эң ири эстелиги катары кыргыз тилинин калыптанышында, анын диалекттеринин жакындашында, грамматикалык нормаларынын такшалышында, сөздүк курамынын байышында баа жеткис роль ойногон. «Манастын» идеясынын кылымдар бою кыргыз элинин этикалык нормаларынын, улуттук мүнөзүнүн калыптанышына олуттуу таасир тийгизип келгендигинен да көрүнөт. Эпос адамдардын бири бирине болгон өз ара мамилелериндеги этикалык нормаларды даңазалайт, ушундан улам ал биздин күндөрдө да өзүнүн тарбиялык маанисин жоготкон жок. «Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк мыкты үлгүлөрүнүн арасында татыктуу орунда турат.

**Кенже эпостор**

Кенже формадагы эпостор да баатырдык менен каармандыкты даңазалоого арналган. Буларда коомдун социалдык-турмуштук проблемалары лирика-романтикалык маанайда баяндалат. Кылымдар бою айтылып келген эпостордун жаралуу мезгилин аныктоо мүмкүн эмес. Алар ар башка доорлордун окуяларын камтып, көп электен өтүп, акын аткаруучулардын таланттары менен байыган. Фольклордук чыгармалар оригиналдуулукка, улуттук, эстетикалык, бүтүндүккө жетишкен. Көпчүлүк дастандарда демократиялык идеялар чагылдырылган. Бирок айрым дастандарга варианттардын эл оозунда бир нече кылымдан бери айтылып келаткандыгына байланыштуу реакциячыл идеологиянын белгилери да кирип кеткен. Эпостордо көбүнчө уруучулук коомдук-түзүлүш чагылдырылып, адам менен жаратылыштын өз ара байланышы ар кандай формада көрсөтүлөт, мифтик айбанаттарга сыйынууну баяндаган учурлар да көп кездешет.

Кенже формадагы эпикалык чыгармалардын арасында баатырдык жана социалдык-турмуштук дастандар бар. «Эр Төштүк», «Кожожаш» өңдүү дастандар мифологиялык-жомоктук негизде курулуп, байыркы доордон кабар берет. «Эр Табылды», «Курманбек» дастандарында кыргыздардын кийинки учурлардагы уруулук чыр-чатактары, чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү баяндалат. «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөйдө» кыргыз урууларынын тарыхындагы ар кандай доордун социалдык-турмуштук проблемалары романтикалык маанайда чагылдырылган.

**Лирикалык ырлар**

Кыргыздардын маданиятында элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык кеңири роль ойногон. Анда элдин тарыхый тагдыры, өзгөчөлөнгөн байыркы маданияты, эмгеги, үмүтү, тилек-максаты, жаратылышы, каада-салты поэтикалык бийик деңгээлде кеңири чагылдырылган.

Нечендеген кылымдарда ар кандай тагдырга туш келген элибиз фольклорго өтө бай. Эмгек процессин камтыган – эмгек ырлары, салт-кааданы чагылдырган – салт ырлары, элдик ырымжырымдарга ылайык эм-дом ырлары, лирикалык ырлар, секетбай, күйгөндөр, мелдеш-айтыштар да түгөнбөс казына. Кыргыздар басып өткөн узак тарыхый жолдо кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы да өнүгүп келген. Оозеки көркөм чыгармалардын өзүлөрүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар. Алардын пайда болуусу, сакталып өмүр сүрүүсү атайын эрежелерге баш иет. Аталышында эле таасын көрүнүп тургандай, элдик оозеки көркөм чыгармачылыктын эң негизги белгиси анын материалдарынын оозеки жаралып, укумдан-тукумга өтүп, оозеки улангандыгында. Көлөмдүүсүбү же чаканыбы, ар бир чыгарма алгач ирет жеке адамдар тарабынан чыгарылат. Ошол көркөм материал мазмуну жана формасы жактан башкалардын да купулуна толсо үйрөнүү, эсте сактап калуу жолу менен ооздон-оозго

өтүп, көпчүлүккө тарап элдик мүнөзгө өткөн. Кийин бирөөдөн экинчиге өтүп, оозеки айтылганда алар алымча-кошумчаларга учурап, өзгөртүүлөр, тактоолор киргизилген. Натыйжада алгач чыгарган адамдын аты унутулуп, андай чыгарма көп адамдардын элегинен өтүп, толукталып, жалпы элдин энчисине айланган.

Адамдын ички сезимин, ой толгоолорун көбүнчө ыр түрүндө баяндаган көлөмү чакан ырларды лирикалык ырлар дейбиз. Лирика деген түшүнүктүн түпкү теги гректердин «лира» аттуу музыкалык аспабынын аталышынан келип чыккан. Байыркы гректерде ошол лира аспабынын коштоосу менен аткарган чыгармалар лирикалык ырлар деп аталган. Ыр түрүндөгү майда чыгармаларды кыргыздар «кара ыр», «калыс ыр» деп экиге бөлүп айтышкан. Элдин оозеки көркөм чыгармачылыгында негизинен оң менен терс, жакшы менен жаманды баяндап турган дидактикалык мааниси зор, чоң-кичинеге мааниси бирдей таандык калыс ырлардан (санат, насыят) элдин күнүмдүк турмушунун түрдүү көрүнүштөрүнө, учурларына тыгыз байланышкан кара ырлардан (айтыш, мактоо, кордоо, арноо, арман, сүйүү ж. б.), башка да белгилүү учурларда үрп-адаттык түрдүү атайын эрежелерине ылайык айтылуучу салт ырлары (ырым, жоктоо, керез, угузуу, көрүшүү, оюн ырлары, бешик ырлары ж. б.) бар.

Лирикалык ырлар тематикалык мүнөзүнө жараша *эмгек ырлары, турмуш ырлары* болуп бөлүнөт. Турмушта лирикалык ырлардын тарбиялык мааниси зор.

**Эмгек ырлары**

Эмгек адамды жараткан, анын акыл-эсин өстүргөн. Адам эмгектин натыйжасында табиятты өзүнө баш ийдирүүнү үйрөнгөн. Ошондуктан элдик оозеки чыгармачылыкта эмгек ырлары – эң байыркы, эң көп жашаган жанр. Өткөн мезгилдерде элдин чарбачылыгына, тиричилигине байланыштуу эмгек ырлары пайда болгон. Алар дыйканчылык, мергенчилик жөнүндөгү ырлар, «Оп майда», «Темин ырлары» эмгектин жүрүшүндө пайда болуп, дыйкандардын тилегин, ой-санаасын чагылдырган. Бул өңдүү эмгек ырлары байыркы коомдогу анимисттик көз караштын негизинде чыккан. Эмгек ырлары өзүнүн көп жашаган өмүрүндө ар бири жаңы өзгөрүүлөргө, кошумчаларга учураган.

Кыргыздын эң байыркы доордо жаралып биздин күндөргө чейин жашап келген эмгек ырларына «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдан» кирет. Булардын ичинен өтө мүнөздүүсү «Оп майда». Анткени, бул ырда байыркы эмгек ырларына мүнөздүү болгон «оп» деген кайырма сакталып калган.

«Орой-орой басканың,
Ороо толсун оп майда.
Орокчунун балдары,
Нанга тойсун оп майда.
Кырча-кырча басканың,
Кырман толсун оп майда.
Кырманчынын балдары,
Нанга тойсун оп майда».

«Оп майданы» күзүндө кырман баскан дыйкандар беш-алты жылкыны же уйду, же эшекти теминге кошуп алып, тегеретип эгин бастырган учурда ырдашкан.

Кыргыз эли көбүнчө мал чарбачылыгы менен күн көргөндүктөн, ага байланыштуу да көптөгөн чыгармаларды жаратышкан. «Бекбекей» ырында короо күзөткөн кыз-келиндер койчулардын, алардын үй-бүлөсүнүн тилегин айтышкан. Кыз-келиндер күндүз кой саап, козу байлап, түнкүсүн короодогу койлорду ууру-бөрүлөрдөн кайтарышкан. Алар, биринчиден, уктап калбай, короону сак кайтаруу үчүн, экинчиден, түндү көңүлдүү өткөрүү үчүн үн алышып, «Бекбекей» ырын ырдашкан.

**Ырым-жырым ырлары**

Ырым – байыркы адамдардын эң алгачкы түшүнүгүнөн келип чыккан. Алар баатырларды казатка аттандырууда, же ууга чыгарарда, эгин сузардын алдында, мал чарба иштеринде, жаңы жыл келгенде, биринчи ирет күн күркүрөп, жамгыр жааганда, күн жаабай кургакчылык болгон кездерде, күнүмдүк турмушта жасалчу. Ырым-жырым ырларына «Кылоо-кылоо», «Козу телүү», «Алас» ж. б. кирет. Кыргыздар козусу өлгөн койго, же кулуну өлгөн бээге, же музоосу өлгөн уйга башка музоо жана кулун телишкен. Антпесе саан малдын сүтү байып кетиши же сүт тээп, желиндери бузулушу мүмкүн. Телиген козу, музоо же кулун чоочун энеге бат алынып кетсин деген ой менен бир кыйла ырымдар жасалып, тийиштүү сөздөр айтылган.

«Тшой, тшой, тшой, коюм,
Өз баланды жерисең,
Өз башына көрүнсүн.
Тшой, тшой, тшой, коюм,
Каралды балаң жерисең,
Как башына көрүнсүн».

Кыргыз элинин негизги кесиби мал чарбачылык болгондуктан, буга байланыштуу ырым-жырымдар да көп болгон. Мал чарбачылыгына байланыштуу ырымдардын дагы бири «Кылоо-кылоо». Уй жаңы тууган кезде уузун бышырып, айылдагы кишилерди чакырып ооз тийгиздирет да, уудан сузгуга сүзүп алып: «Миң уйдун башы бол» – деген сөз айтып, сузгунун ар-

тын музоонун маңдайына үч жолу тийгизип, «кылоо-кылоо» ырын айтышкан:

«Кылоо-кылоо торпогум,
Камыш толгон карала.
Калың уй бол торпогум».

Дыйканчылык кесибине байланыштуу ырымдарга мал союп, жер-сууга сыйынуу (түлөө кылуу), күн жайлап, жаан чакыруу кирген. Жаңы жыл келгенде («Нооруздa») көжө кайнатышып, аны кыдырып ичишчү. Кемпирлер арчаны күйгүзүп, үйдүн ичин кыдырата аластап:

«Алас, алас,
Ар балээден калас,
Эски жыл кетти,
Жаңы жыл келди.
Айдан аман,
Жылдан эсен чыгалы», –

деп уйкаштуу сөздөрдү айтып, ырымын кылышкан.

Кыргызда мергенчилердин мылтыгы менен антташуусу, ок аттоо, баласы токтобой жүргөн киши жаңы төрөлгөн баласын башка кишиге бактырып, андан «сатып алуу» өңдүү кылымдар бою аткарылып келген толуп жаткан ырымдар болгон.

Түрдүү оорулардан айыктыруу максатында иштелчү учуктоо, өпкө чабуу, баштан суу тегеретүү, көчөт отургузуу, дарым, куучулук, алдын ала айтуу, бадик айтуу өңдүү кыргыздын эмдөө ырымдары болуп, эл ошолорго ишенишкен.

**Салт, үрп-адат ырлары**

Кыргыздар коомдук түзүлүштүн баскычтарына, күндөлүк тиричиликтин түрлөрүнө ылайык узак жылдар сакталып, элге синген үрп-адаттарга, каада салттарга бай. Ушул каада-салттардан улам кыргыз эли жашап келген тарыхый доорлордогу таптык, уруулук мамилелерди, экономикалык турмушту, дүйнөгө көз карашты көрөбүз. Ошону менен бирге, бул каада-салттарга ар бир доордун диний көз караштары кошо кирген. Кыргыздын фольклордук чыгармаларынын ичинен үрп-адатка байланыштуу чыгармалар көп. Ошондуктан аларды үрп-адат ырлары дейбиз. Үрп-адат ырларына кошоктор (киши өлгөндө, кыз узатканда айтылган), керээз ырлары, арман ырлары, сүйүү ырлары, жарамазан, мактоо ырлары, бешик ырлары, оюн ырлары кирет. Үрп-адат ырлары эл арасында кеңири таралган.

**Кошоктор** – өкүнүү, күйүү маанисинде ички сезим менен мундуу айтылуучу кайгылуу ыр. Кошоктор *экиге* бөлүнөт. Алардын бири киши өлгөндө кошула турган кошоктор, экинчиси кыз узатканда кошула турган кошоктор. Кыргыз фольклорундагы үрп-адат ырларынын ичинен кошоктор – өзүнүн чыгышы жагынан байыркы жана эл арасына кеңири таралган жанрлардын бири. Байыркы Орхон-Енисей жазууларынын тексттеринен да кошок, керээз түрүндө айтылган сөздөр кездешет.

Кошокчулар – ыр чыгарган акындар сыяктуу эле таланттуу аялдар. Алардын ырды дароо чыгарышына кошок күүсүнүн узакка созулушу жана сөздөрүнүн өтө жай, муунга бөлө айтылышы мүмкүндүк берген. Бир аял же кыз кошок кошкон учурда башка аялдар унчугушпайт. Эшикте жүргөн эркектер да анын кошогуна кулак төшөшөт. Өлгөн кишиге арналган кошоктун мазмуну ошол кишинин тирүүсүндөгү коомдук турмуштан алган ордун айкын көрсөтөт. Ошондуктан кошок ырлары коомдук мааниге ээ болгон.

Кошоктун экинчи түрү – кыз бергендеги кошоктор. Кыз узатуудагы кошоктун мааниси, биринчиден кыз үй-бүлөдөн, туулган жеринен ажырап, жат, чоочун жерге бараткaнына кайгыруу сезимин билдирет, себеби, эски заманда кыздар мурун көрүп-билбеген, көбүнчө өзүнө тентуш эмес кишиге эрксиз калыңга сатылган. Анын келин болгондон кийинки укуксуз абалы эненин көңүлүнө кайгы салбай койгон эмес. Кошоктун бул түрү көрүшүү, коштошуу деп аталат. Мында акыл-насаат сөздөрү кеңири камтылган.

**Жарамазан.** Ислам дини кыргыздардын арасына кире баштагандан кийинки фольклордук жанрдын бири – жарамазан ыры. Орозо айында эл ооз ачкандан кийин ар бир үйгө барып, айтылчу ыр жарамазан деп аталат. Жарамазанды жалаң жаш балдар ырдабастан, чоңдор да, акындар да айтышкан. Жарамазанды салт катары, ырчылар же шыктуу жаштар ырдап, ал үчүн белек-бечкек алышкан. Жарамазандын башында динге байланыштуу сөздөр, аягына бата кирген. Жарамазан айтып белек жыйноо эл арасында азыркы кезде да жолуга калат.

**Айтыш ырлары.** Кыргыз элинин аш-тойлору, майрамдары акындарсыз өтчү эмес. Акындык өнөр кыргыз элинде өтө жогору бааланган. Натыйжада оозеки элдик чыгармачылыктын төкмөчүлүк өнөрү күчтүү өнүккөн. Төкмө акындар ой жүгүртүүсүнүн тездиги, баамчылдыгы, өзгөчө таланттуулугу менен айырмаланган. Элибиздин толуп жаткан оюн-зооктору менен катар акындарды айтыштыруу да кеңири жайылган салт болгон. Эки ырчынын акындык дареметин салыштырып, бирин-бири жеңүү максаты менен ырдаган ырлары айтыш ырлар делип айтылган. Айтыш ырлары акындардын чеберчилигин айгинелеп, бул жанрдын өсүшүнө түрткү берген.

**Керез ырлары.** Кыргыз элинде өлүм алдында жаткан киши артында калуучу үй-бүлөсүнө же башка ишеничтүү кишисине

өзүнүн акыркы оюн, акыл-насаатын, аласа-берeсесин айтып кетүү адаты болгон. Тирүү калгандар ал адамдын өлөрдөгү айткан сөзүн иш жүзүнө аткарууга аракет кылган. Ошон үчүн ал киши эстен танып бара жатканда, үй-бүлөдөгү, же айылдагы жакындары «эмне айтасыз?» – деп сураган. Өлүм алдында жаткан кишинин тирүү калгандарына айткан акыркы сөзү *керез* деп аталган. Керез өлөр кишинин өз бүлөсү жөнүндө же өлгөндөн кийинки ага жасалуучу сыйнат жөнүндө же бүткүл уруу жөнүндө айтылган акыл-насааты же тапшырмасы болгон. Мындай керездерди көбүнчө эл башкаргандар, эл акындары, эл баатырлары айта турган. Көпчүлүк үчүн маанилүү болгон керездер ыр түрүнө айландырылып, элге тараган. «Манастын Каныкейге айткан керези», «Көкөтөйдүн Бокмурунга айткан керези», «Ормон хандын керези», «Балбай баатырдын керези» ж. б. буга күбө. Тамаша, мыскыл иретинде айтылган керездер да бар. Бул Тоголок Молдонун чыгармачылыгында көп кездешет.

**Оюн ырлары.** Кыргыз элинде толуп жаткан элдик оюндар болгон. Алар да кыргыздын чарбачылыгына, коомдук түзүлүшүнө байланыштуу жаралып, өнүккөн. Аларга «Элден-элден эл чабар», «Аксак кемпир бапалак», «Токту сурамай» оюндары кирген. Ал оюндардын ар биринин түрүнө, мазмунуна ылайыктуу сөздөрү жана ырлары да болгон. «Дүмпүлдөк», «Шабиет», «Коон үзмөй», «Элден-элден эл чабар» өңдүү оюндардын мазмуну көчмөн элдин жоокерчилик турмушун, чабуулдарды, коргонууларды түшүндүрөт. Эң обол бул оюндардын өзүнө тиешелүү ырлары, сөздөрү болуп, кийинчерээк гана ойнолуп калган. Кыргыз элинин «Ак чөлмөк», «Селкинчек», «Жоолук таштамай» өңдүү оюндары бүгүнкү күндөргө чейин жеткен.

**Колдонмо өнөрдүн өнүгүшү**

Кыргыз элинин жасалга-колдонмо өнөрү байыркы доордо эле калыптанып, өнүгүп келген. Анын материалдык негизин – мал чарбачылыгынын продуктулары, жыгачты, металлды ж. б. иштетүүгө байланышкан үй өндүрүшү түзгөн. Бул өндүрүшкө эмгекке жарактуу ар бир үй-бүлө мүчөсү катышкан. Үйдөгү өндүрүш жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү жалаң эле үй тиричилигине жана турмуштук зарылчылыкка шартталбастан, элдин сулуулукка, кооздукка, өнөргө умтулуусуна да байланыштуу болгон.

Эстетикалык керектөөнү канааттандырууга, тиричиликти көркөмдөөгө болгон мүмкүнчүлүктү толук пайдаланууга умтулуу – көркөм кол өнөрүнүн ар тармагын өнүктүргөн. Ал өзүнүн көп түрдүүлүгү, оймо-чиймесинин (орнаменттик) тактыгы, өзгөчөлүгү, түстөрдүн жана тондордун айырмалуулугу, бай, ажайып фантазиясы менен белгиленген. Көчмөн турмуш көркөм өнөрдүн өнүгүш мүмкүнчүлүгүн чектегенине карабастан, узакка пайдаланууга ылайыкташылган турмуш-тиричилик буюмдары (турак жайынын ички, тышкы жасалгасы, аялдардын кооздук, асем буюмдары, ат жабдыктары) гана эмес, күнүмдүк кийим-кече, үй тиричилигинде дайыма урунула турган буюмдары дагы көркөм чыгармачылыктын деңгээлин көрсөтө алган.

Үй шартындагы өндүрүштө жана кол өнөрүнөн жасалган ар кандай көркөмдөлгөн буюмдар турмуш-тиричиликте пайдаланылган. Элдин аң-сезиминде кол өнөрү турмуш-тиричиликтен ажырагыс болуп эсептелген. Кыргыз көркөм өнөрүнүн кайталангыс шедеврлери сыймыктанууга татыктуу болсо дагы, ал көркөм чеберчиликтин уникалдуу үлгүсү катары бааланбастан, турак жайдын же интерьердин бир бөлүгү, кийим-кече, же ат жабдыгынын ажырагыс элементи катары кабыл алынган да, анын көркөмдүүлүгүнө караганда, пайдаланууга ыңгайлуулугу жогору бааланган. Кыргыз элинин жогорку деңгээлдеги чеберчиликке жөндөмдүүлүгү, дилгирдиги өзгөчө көркөм өнөр чеберчилигинен ачык көрүнгөн.

Өнөрчүлүктү биздин элдин маданиятынын, искусствосунун, рухий турмушунун башка тармактарынан бөлүп кароого болбойт. Кол өнөрчүлүктүн чыгармалары, оюу-чийүү орнаменти, элдик поэтикалык оозеки жана музыкалык чыгармачылыгы менен органикалык байланыштары өнүгүп, бири бирине таасирин тийгизгендиги алардын ортосундагы жалпы белгилерден байкалат. Бул жалпылык элдик нукура терең реалисттик стили, айкын көркөмдүк, өтө бай образдуулугу, чеберчилиги менен айкалышкан.

Көп кылымдык көркөм чыгармачылык көчмөн тиричиликтин, өндүргүч күчтөрүн начар өнүгүшүнүн шарттарында пайда болгон. Эл негизги кесиби – малчылык жана дыйканчылык менен катар үй өндүрүшүнүн шарттарында кол өнөрчүлүгү менен өз чарбасынын (жүн, булгаары, тери) жана сырттан (темир, күмүш) алынган айрым чийки заттарды колдонуу менен турмушка зарыл материалдык дөөлөттөрдү жаратып келген.

Көркөм чыгармачылык укумдан-тукумга өтүү менен өнүгүп олтурган. Чеберчилик менен салт улам кийинки муунга мурасталып, элдин тарыхы менен кошо өнүккөн. Кыргыздардын колдонмо өнөрүнө өзүнө таандык өзгөчөлүк, таланттуулук, укмуштуудай көп түрдүүлүк мүнөздүү. Буюмдун практикалык функциясы менен көркөм жасалганын айкалышы жана жалпы элдик мүнөздө болушу анын эң баалуу сапаты болгон. Кыргыз эли көчмөн турмушка тыгыз байланышкан боз үйдүн, ат жабдыгынын кайталангыс өзгөчө жасалгасын жараткан. XIX к. кыргыз жасалга-колдонмо өнөрү жогорку деңгээлге жеткен. Мисалы, XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыздар моңолдор уруусунан чыккан Айтмамбет Байтору уулунун элдик

музыкалык аспаптарды, ат жабдыктарды жасоо, металлдын түрлөрүн иштетүү өнөрү эл ичинде уламыш катары айтылып, анын атагы кыргыз элине, Чыгыш Түркстанга, Фергана чөлкөмүнө тараган. Анын устачылык өнөрүн өзүнүн урпактары, шакирттери уланткан. Айтмамбет устанын чөбүрөсү Көпөш уста кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгүнүн шедеврлеринин үлгүлөрүн Совет бийлигинин жылдарында жаратып, ата-бабалардын кайталангыс устачылык өнөрүн даңазалаган.

Түс (өң) менен оймо-чийме жасалгалоонун негизги каражаты болуп кала берген. Анда элдин рухий дүйнөсү жана таланты чагылдырылган. Эл түс маданиятынын эстетикалык нормаларын иштеп чыгып, анын оймо-чийме менен айкалыш эрежелерин калыптандырган. Өзүнүн жөнөкөйлүүлүгү жана таасирдүүлүгү боюнча эң сонун шайкештик пайда болгон.

Кыргыз элинин кездемелеринин, түктүү килемдеринин, саймаларынын, чырмалган чийлеринин жана шырдактарынын колорити шаңдуу ыргакты түзүп, өтө мыкты ачык түстөрдөн түзүлүп, кызыл түс басымдуулук кылган. Аларга өсүмдүктөрдөн жасалган боёктор колдонулган. Оймо-чиймелер – элдин демилгеси менен фантазиясын көрсөткөн эң сонун көркөм мурас, жасалганын өзгөчө тармагы. Алар өтө көп түрдүү, колдонмо өнөрүнүн ар бир түрүнүн өзүнчө кооздугу бар. Кыргызстандын оймо-чиймелеринин жаралуусу ар кайсы мезгилдерге таандык. Аларда Орто Азия жана Казакстан, Волга бою, Кавказ ж. б. элдердин оймо-чиймелерине окшош жалпылыктар кездешет. Бул кыргыз элинин башка региондогу элдер менен этностук жана маданий байланышта болгондугун айгинелейт.

Элдик оймо-чиймелердин аттары жана мотивдери да ондоп саналат. Алардын көпчүлүгү байыркы оймо-чиймелерден туруп, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, көчмөн тиричиликти чагылдырат. Бир кыйла туруктуу оймо-чиймелер колдонмо өнөрүнүн азыркы түрлөрүндө да кездешет. Алардын негизгилери ар түрдүү варианттарда түшүндүрүлүүчү кочкор мүйүз, кочкорок, сыңар мүйүз, кайкалак, көз жоосун алган кыял оюусу, үч бурчтук, кара тырмак, ит куйрук, тогуз дөбө жана башка оймо-чиймелер кеңири тараган. Оймо-чиймелердин кээ бир эскилери жоюлуп, азыркы мезгилди чагылдырган жаңы түрлөрү да пайда болууда.

Кыргыздардын чыгармачылыгында жүндөн жасалган көркөм буюмдар да негизги орунду ээлеген. Кийиз – көчмөн адамдын тиричилигинде ээлтен эле анын, турак-жайы менен төшөнчү-орунун, кийим-кечеси менен ат жабдыктарынын, эмерегинин ажырагыс бөлүгү болуп келген. Шырдак менен ала кийиз кыргыз элинин кийизден буюм жасоодогу зор чеберчилигинин далили. Алар да кыргыздардын жасалга-колдонмо өнөрүнүн негизин түзөт десек болот. Элдик чеберлер байыртадан келе жаткан көркөмдүк принциптерди өнүктүрүү менен катар өздөрүнүн жеке чыгармачылыгы аркылуу жаңылыктарды да киргизип, оймо-чиймелердин мазмундарын байытып, кеңейткен. Борбордук Азия элдеринин техникалык жана көркөм ыкмаларынын көп жалпылыктары болгондугуна карабастан, кыргыз элинин саймалуу туш кийиздери менен килемдеринде улуттук көркөм табити сакталып, өзүнүн стилдик белгилери иштелип чыккан. Кыргыздын кайталангыс оймо-чиймелер менен кооздолуп, чырмалган чийлери да көркөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. *Саймачылык* өнөрүнүн техникалык ыкмалары жана оймо-чийме мотивдери өтө ар түрдүүлүгү менен айырмаланат.


Териден жасалган буюмдар.

Эл чыгармачылыгынын бул түрүнүн эволюциясын матага, булгаарыга, кийизге, жүн жип менен сайылган байыркы саймаларды кийинчерээк тукабага жана ноотуга түшүрүлгөн саймаларга салыштыруу менен байкоого болот. Сайма өнөрүнүн улуттук сыймыгы туш кийиз болуп калды.

Кымыз куюучу көөкөрлөр, чыны каптар жана башка буюмдар өздөрүнүн кайталангыстыгы менен айырмаланат. Наар түшүрүлгөн ат жабдыктары да өтө зор көркөм баалуулукка ээ. Элдик зергерлер кооздук, асем жасалгаларын жасоодо байыркы техниканы XX к. чейин сактап келишкен. Айрым усталар металлга оюу түшүрүп, калыпка металл куюп, наар түшүрүп, асыл таштарды бүртүктөсө, экинчилери алтын-күмүш зымдарын кооздоп ийүү чеберчилигин өздөштүргөн. Дагы бирөөлөрү ат жабдыктарды, кемер-курларды, булгаарыны, жыгач буюмдарын боз үйдүн жыгачын жасоого адистешкен. Жергиликтүү зергерлердин күмүш билерик, шакек, сөйкө, чачпак жана башка жасалгалары аялдардын кийимдерине көрк берип турган. Кырмачылар байыркы эң жөнөкөй куралдар менен табак, кесе сыяктуу жана башка жыгач идиштерди жасашкан. Элдик жыгач усталардын боз үйдүн каалгаларына, жүк жыюучу такталарга, сандык жана түрдүү кутуларга түшүргөн рельефтик жана контурдук кооз ой-

молору көз жоосун алат. Кыргыз элинин улуттук маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калган элдик өнөр элдин байыркы маданиятын, мүнөзүн жана рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн, этностук байланыштарын чагылдырган тарыхый дарек катары абдан баалуу.

**Элдик музыка**

Кыргыз эл музыкасы – элдин маданиятын, дүйнөгө көз карашын, турмуш-тиричилигин, тарыхын, этностук жана эстетикалык идеяларын чагылдыруучу баа жеткис мурас. Анын тамыры байыркы замандардан башталат. Кыргыз музыкасы жөнүндөгү алгачкы жазуу маалыматтары бир катар адабияттарда кездешет. Кытайдын белгилүү дин кызматкери жана саясатчысы Сюан-Цзан 630-ж. азыркы кыргыз жеринде болуп, жергиликтүү эл жөнүндө: «Мени тосуп алууга арналган той кулакка жагымдуу, жүрөк менен көңүлдүү эргиткен лирикалык күү менен башталды», – деп белгилеген. Бирок ушул убакка чейин байыркы кыргыз музыка өнөрү тууралуу кабарлаган буюм, маданият эстеликтери табыла элек. Кыргыз элинин музыкалык фольклору кагаз бетине түшүрүлбөгөндүктөн, искусствонун бул тармагын тарыхый мезгилдерге бөлүү өтө кыйын. Кыргыз эл музыкасы түрк элдеринин, айрыкча казак, хакас, түркмөндөрдүн музыкасына жакын. Башка чыгыш элдеринин (мисалы, өзбек эл музыкасынан) музыкасынан айырмаланып, кыргыз музыкасы элдик жана элдик профессионалдык искусство болуп бөлүнгөн эмес. Жанрдык жагынан жалпыга жеткиликтүү, бир өнчөй келип, стили бир жактуу болгон.

Кыргыздарда өзүнчө музыка теориясы, улуттук музыкалык-поэтикалык өнөр жөнүндө илим, тажик элдериникиндей музыкант-окумуштуулар болгон эмес. Негизинен чыгарма жекече аткарылып, көп үн менен ырдоо жана күүнү ансамбль менен аткаруу салтка айланбаган. Кыргыздарда айтышуу ыкмасындагы аткаруу кеңири тараган. Ыр бир үн менен аткарылып, аспаптык музыкада комуздун жана кыл кыяктын эки кылынын жардамы менен эки-үч добуштуу үндөштүк жаралган. Фольклор оозеки түрдө гана жашап, ал эми эл музыканы жаттап алуу жолу менен бири-биринен үйрөнүшкөн. Ошондуктан тигил же бул музыкалык чыгарманы аткарган адам аткаруучу гана эмес, ошол күүнүн жаңы вариантын жаратуучу да болуп калган. Ыр-күүлөрдүн мындайча таралышы элдин музыкалык аң-сезиминин өзгөчө бир түрдө калыптанышын жана өнүгүшүн шарттаган.

Элдик ырлар кыргыздардын музыкалык чыгармачылыгынын басымдуу бөлүгүн түзгөн. XIX к. орус жана чет элдик окумуштуу-саясатчылар, чыгыш искусствосун изилдөөчүлөр (Ч. Валиханов, В. Радлов, Н. Пржевальский, Г. Алмаши, Н. Северцов, Г. Капю ж. б.) кыргыз эли ыр чыгарууга жана ырдоого өтө



жөндөмдүү экендигин белгилешкен. Алсак, орус географиялык коомун изилдөөчүлөрдүн бири А. Левшин 1820-ж. Борбордук Азияга жасаган саякатынан кийин кыргыздардын ыр маданияты жөнүндө: «Ар кимиси көзүнө эмне чалдыкса, ошонун тегерегинде ой жүгүртүп ыр жаратат. Ар бири өзүнчө төкмө ырчы», – деп жазган.

Лирикалык жана турмуш-тиричилик ырларына: балдар, жаштар ырлары, сүйүү ырлары, оюн, сатиралык-азил, жаратылыш жөнүндөгү кайрыктар кирет. Сүйүү лирикасынын түрлөрү – секетбай менен күйгөн ырлары кеңири тараган. Алардын сөзү гана айырмаланып, обону көп учурларда окшош. Мунайым, кыялкеч маанайдагы арман ырлары да лирикалык кайрыктар тобуна кирет. Той-тамашаларда ырдалчу ырлар обонунун шаңдуулугу, ыргагынын тактыгы менен айырмаланган.

Төкмө акындардын чыгармачылыгы кыргыз элинин вокалдык музыкасынын өзгөчө катмарын түзөт. Чебер төкмө өзүнүн профессионал вокалдык жана поэтикалык бай таланты менен өзгөчөлөнгөн. Төкмө акындар манасчылардан айырмаланып, ырды комуздун коштоосунда аткарышат. Комуз көп учурда акындын үнүн кайталап, куплетти баштоодо аяктоодо жана алардын араларында обонду кайрып турат.

Кыргыздын музыкалык өнөрүн комузда, кыякта (кыл кыяк), темир (жана жыгач) комузда, чоордо, сыбызгыда ж. б. аспаптарда ойноп, күү чыгарган өнөрпоздор байытышкан.

Салттык кыргыз күүлөрүнүн ичинен «Камбаркан», «Кет Бука», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» сыяктуу кылым карыткан күүлөрү бүгүнкү күнгө чейин жеткен.

Кыргыз күүлөрүндө элдин турмушундагы орчундуу окуялар, жашоо-турмушту, дүйнөгө болгон көз карашты чагылдырган философиялык ой толгоолор камтылган. Кыргыздар байыртадан эле күү угуп, өксүгөн көңүлдүн бөксөсүн толтурушкан, чаалыккан жанына кубат алышкан. Жан кейигенде, арман жүрөктү эзгенде күүгө кулак төшөп, көкүрөгүн тазартышкан, рух оорусун күү менен дарылап келишкен.

Чыңгыз хандын доорундагы тарыхый окуяны чагылдырган «Кет Бука» күүсү бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. «Манас» эпосунун «Жайсаң» вариантында бул күүнүн жаралыш тарыхы мындайча баяндалат. Каардуу, канкор Чыңгыз хан бийликке умтулган уулдары Жучу менен Чагатайдан кутулуш үчүн аларды өлтүрүүнү чечет. Жучуну өлтүрүп, анын сөөгүн Чагатайдын үйүнүн алдына таштатат да «Уулум Жучунун өлгөнүн угузган адамдын оозуна эритилген коргошун куйдурам» – деп жар салдырат. Агасынын өлүгүн көргөн Чагатайдын айласы кетет. Аны оор абалдан Ак-Бука аттуу кыргыз комузчусу чыгарат. Комузчу өтө чебер аткарылган күү менен Жучунун өлгөндүгүн Чыңгыз ханга угузат:

Ошондо Шер тукуму Бука акын,
Оозунан сөз чыгарбай, аспабынын.

Кылдарын бирден терип, сүйлөтөт так,
Комузу Чыңгыз ханга кабар айтат.

Төбөндө күнүң болсо Жучу ханың,
Түбөлүк чыккыс болуп батты анаң.

Туйгунуң болсо Жучу – сынып канат,
Туурунда тургуз болуп уктап жатат.

Айрылдың хан Жучундан, шер Жучундан,
Алгының жарлыгынды кайра Каган?

«Айрылдың Жучу хандан» деген кайрык,
Асманга оболоодо жүрөк кайрып.

Тартпастан каректерин акын Бука,
Так кайрыйт ар бир сөзүн комузунда.

Түсүнөн, күү доошунан, кыймылынан,
Түшүнөт бардык сөзүн Улуу Каган.

Чындыктын түз жебесин дал бутага,
Чыңгыз хан «тийгиздиң» деп бериптир баа.

Комузчунун өнөрүнө ыразы болгон Чыңгыз хан ага кол тийгиздирбей өзүнүн жарлыгына ылайык Жучунун өлгөнүн адамча сүйлөп угузган комуздун кулагына эриген коргошун куйдурган экен. Бул күү «Кет Бука» деген ат менен эл ичинде эмдигиче сакталып келет. Музооке, Арстанбек, Бурулча, Белек, Күрөңкөй, Балдыстан сыяктуу таланттар музыка өнөрүндө көөнөргүс издерди калтырышкан.

**Музыкалык аспаптар**

Кыргыз эли коңшулаш элдердин рухий дүйнөсүнөн өз бөтөнчөлүгү, оригиналдуулугу менен айырмаланган, жогорку көркөмдүктөгү маданий мурас жарата алган. Анын өзгөчөлүгү, өз алдынча стилге ээ экендиги музыкалык аспаптардан ачык көрүнөт.

Кыргыз элинин байыркы музыкалык аспаптарынын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген негизги өзгөчөлүгүнүн бири – бул алардын бир эле мезгилде күнүмдүк турмушта, ырым-жырым, үрп-адаттарында ж. б. кеңири колдонулуп келгендигинде.

Кыргыз эли ээлтен колдонуп, пайдаланып келген музыкалык аспаптар анын турмуш-тиричилиги, салт-санаасы менен тыгыз байланышта болгону жалпыга белгилүү. Ал аспаптардын сырткы түзүлүшүнө, жалпы көрүнүшүнө элибиздин социалдык, чарбалык карым-катнашы, улуттук бөтөнчөлүгү, эстетикалык, философиялык көз карашы, көркөм өнөрдү баалай билүүсү өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошондуктан аспап өткөн замандын музыкасына баа берүүдө, анын тарыхый өзгөчөлүктөрүн туура түшүндүрүүдө бөтөнчө мааниге ээ. Себеби аспаптын өзү же анын калдыктары (археологиялык эстеликтерде, сүрөт-чиймелерде, кол жазмаларда, эскерүүлөрдө болсун) – көптөгөн кылымдар бою жашап келе жаткан элдик музыканын колго кармалчу, көзгө көрүнгөн бирден-бир күбөсү.

Элибиздин өткөн тарыхын, маданиятын, кылымдарды камтыган салт-санаасын, эстетикалык касиетин, көркөм дүйнөсүн үйрөнүүнүн негизги булактарынын бири болгон музыкалык аспаптардын баалуулугу, керектүүлүгү мына ушунда.

Колдо болгон маалыматтарга караганда байыркы Енисей кыргыздарынын музыкалык аспаптары жөнүндөгү эскерүүлөр Таң дооруна тийиштүү жазуу даректерине барып такалат. Ал маалыматтар VII–X кк. камтыйт. Мындай маалыматтар өзгөчө өткөн кылымдагы географ-саякатчылардын, тарыхчы-этнографтардын сапардагы кезде жазган эскерүүлөрүндө, илимий эмгектеринде арбын кездешет. Алсак, П. П. Семенов-Тяншанский, Н. А. Северцов, Ч. Валиханов, Ф. В. Поярков, Г. С. Загряжский, С. Э. Дмитриев ж. б. элибиздин турмуш-тиричилигинин өзгөчөлүгүн сыпаттоо менен катар, анын музыкалык аспаптары жөнүндө да маалыматтарды беришкен.

1870–1883-жж. жергебизде болуп кетишкен музыканттар А. Эйгор, француз саякатчысы Г. Капю элибиздин бир нече музыкалык аспабы тууралуу жазуу менен гана чектелбестен, аткарылган күүлөрдүн кээ бир үлгүлөрүн нотага түшүрүп калтырышкан.

Музыкалык аспаптардын ичинен кыргыз элинде кеңири тараганы, баарыга белгилүүсү – комуз жана кыл кыяк. Эмесе ушул аспаптарга бир аз токтололу.

**Комуз** – кыргыз элинин чертме кылдуу музыкалык аспабы. Түрк элдеринде тартма, кылдуу жана какма аспаптарынын кобус (хобус) комыс, кобус (хомуз), кумуз деп аталган аспаптары бар. Бул комуздун эң байыркы музыкалык аспап экенин далилдейт. Комуз өрүк, алмурут, карагай, арча, жапан тал өңдүү экме жана жапайы жыгачтардан чабылат. Жалбырактары күбүлгөн жана мөмөсү бышкан кезде кыйылган жыгач сомдолуп, сууга кайнатылып, анан ышталган. Комуз: баш, моюн, тулу, чара, капкак, тепкек, үч кулак, үч кылдан түзүлөт.

Кулагы өрүктөн, арчадан же мүйүздөн жасалат, ал эми кылы көбүнчө эки тиштүү кыргыз койлорунун ичегисинен жасалган. Муздак сууга салынган ичегини сыдыргы менен тазалап, ийик менен оңго ийрип, анан аябай кере тарттырып кургатышкан. Зал-

кар комузчулар кылды добушуна жараша кылдаттык менен тандашкан. Кээде бир койдун ичегисинен бир кыл гана жасалган.

**Кыл кыяк** – улуттук кылдуу, жаалуу музыкалык аспап. Ал негизинен кулак, чара, моюн, куткун, тээк жана башка бөлүктөрдөн турат. Тулкусу көк арчадан, өрүктөн, сом жыгачтан чабылат. Узундугу – 65–70 *см*. Моюну кыска, беренеси жок. Добуш чыгаруу чарасы тең бөлүнгөн алмурут сыяктуу. Анын жарымы төөнүн териси менен капталат. Алдына туурасынан кичинекей ичке жыгачтан бертик (төшөгүч) коюлат. Капкактын ортосунан төмөн карай ичке кайыш тартылып, чарасына бекитилет. Кыл кыяктын аягы санга коюп тартуу үчүн ылайыкталып ичке келет, башында карама-каршы эки кулагы бар. Ал ыргай, чычырканак, табылгыдан жасалат. Кыл кыяктын тепкеги (тээги) үч бурчтук формасында эки ача жыгачтан куткуну кайыш же булгаарыдан эки тилинип жасалып, ага кыл тартылат. Аспапты аттын куйрук кылы тартылган жаа менен жанып ойнойт. Кыл кыякка добушу бийик, мукам, уккулуктуу болуш үчүн эки асый жылкынын куйрук кылы (60–70 талдан ашпаган) тагылат. Адатта кылды аспапка тагаарда аны самындап жууп, тарап, карагайдын чайырын (дабыркайын) кайнатып сүйкөйт. Ойноор алдында да кылга чайыр сүйкөлөт. Кыл кыяктын түрлөрү дүйнөгө, айрыкча түрк элдеринде кеңири тараган. Алардын ичинен кыргыздын кыл кыягы тембри, добушу, күүлөнүшү, жалпы формасы, чабылышы, тартылышы жагынан казактардын кыл кобызына, кара калпактардын кобызына, тувалыктардын иглесине, хакастардын ыыхына, алтайлыктардын иклемине окшош.

Кыл кыяктын коңур добушу адамдын үн интонациясына өтө жакын. Анда адамдардын ар кандай турмушун, согуштук жүрүшүн баяндаган күүлөр тартылат. Адамдардын күлгөнү, ыйлаганы, кошкону, баланын, келиндин, кемпирдин, чалдын үндөрү, жан-жаныбарлардын аракети, табигый көрүнүштөрү так тууралып баяндалат. Кыл кыяк көбүнчө кенже эпосторду айтуучулардын, жомокчулардын жана элдик ырчылардын коштоочу аспабы катары пайдаланылган. Булардан тышкары кыргыздардын чоор, ооз комуз, жылаажын, сыбызгы, добулбас, керней, сурнай өңдүү толуп жаткан музыкалык аспаптары болгон. Алардын айрымдары бүгүнкү күнгө чейин колдонулууда.

Белгилүү музыка изилдөөчү, профессор С. Субаналиев илимий изилдөөнүн натыйжасында кыргыз эли байыркы замандарда пайдаланган 25тен ашуун унутта калган музыкалык аспаптарды изилдеп, ар бирине мүнөздөмө берип чыккан.



Профессор С. Субаналиев комуздун байыркы түрүн студенттерге тааныштырууда.




Кыргыз элинин музыкалык аспаптары.
1. Комуз. 2. Керней. 3. Чоор. 4.Жыгач ооз комуз.
5. Темир комуз. 6. Добулбас. 7. Сурнай. 8. Кыл кыяк.

## СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Оозеки чыгармачылык деген эмне?
2. «Манас» эпосунун мааниси жөнүндө кыскача айтып бергиле.
3. Кенже эпосторго кайсы чыгармалар кирет?
4. Лирикалык ырларга мүнөздөмө бергиле.
5. Эмгек ырларынын мааниси кандай?
6. Салт, ырым-жырым ырлары кайсы учурда ырдалган?
7. Колдонмо өнөр кандайча өнүккөн?
8. Элдик музыканын өнүгүшү, музыкалык аспаптар жөнүндө айтып бергиле.

## МАЗМУНУ


§ 1. Тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк ................. 4
§ 2. «Манас» эпосу кыргызстан тарыхынын көөнөрбөс булагы ................. 11
§ 3. Кыргызстандын аймагындагы таш доору ................. 23
§ 4. Коло доору. Ош тургун жайы ................. 31
§ 5. Сак уруулары жана алгачкы мамлекеттер ................. 41
§ 6. Байыркы кыргыздар ................. 57
§§7–8. Түрк кагандыктарынын доору ................. 65
§ 9. Кыргыздардын Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөшү ................. 79
§ 10. Улуу кыргыз дөөлөтү ................. 84
§§11 – 12. Енисей кыргыздарынын социалдык-экономикалык турмушу ................. 90
§ 13. Карахандар мамлекети. Кара кытайлар жана наймандар ................. 101
§§14 –15. Монгол империясынын доору ................. 109
§§16–17. Моголстан. Амир Темирдин мамлекети ................. 120
§§18–19. Кыргыз элинин калыптанып бүтүшү ................. 128
§§20 – 21. Кыргыз элинин коншу элдер менен мамилеси (XV к. – XIX к. биринчи жарымы) ................. 139
§§22–23. Кыргызстан Кокон хандыгынын мезгилинде ................. 154
§§24–25. XVIII–XIX кк. Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы ................. 166
§§26–27. Кыргызстандын маданияты ................. 179
§ 28. Социалдык-философиялык ойлордун өнүгүшү ................. 200
§ 29. Кыргыздардын диний ишенимдери ................. 209
§§30–31. Элдик чыгармачылык ................. 221


Мукабанын сыртында Манап-бийдин монументалдык-скульптуралык эстелиги.
Скульпторлору: Д. Жолчиев, Э. Эшмухамедов.
*Токмок ш., 2009-жыл.*


Окуу басылмасы

**Осмонов Өскөн Жусупбекович**
**Мырзакматова Айгүл Сапарбековна**

**КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ: УРУНТТУУ УЧУРЛАР**
**(Байыркы доордон XIX к. ортосуна чейин)**

Орто мектептин 10-классы үчүн окуу китеби

Редакторлору: *С. Ш. Төлөгөнова, С. С. Дуулатова*
Сүрөтчүлөрү: *Р. А. Исаков, Э. Р. Исаков*
Дизайнери *Д. Тимур*
Техникалык редактору *В. В. Крутякова*
Корректору *Н. М. Эсенаманова*
Компьютердик калыпка салган *У. С. Дуулатова*

Басууга 26.06.2012-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Форматы $60x90^1/_{16}$. «Мектеп» ариби. 15,0 физ. басма табак.
Нускасы 52 000. Заказ № 201.

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалган жана сигналдык нускасы бекитилген.
«St.art LTD» ЖЧК типографиясында басылды

«Билим-компьютер» басмаканасы
720065, Бишкек ш., Восток-5 кичи р-ну, 14/2

«St.art LTD» ЖЧК
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46



**Осмонов Өскөн Жусупбекович** – тарых илимдеринин доктору (1994), профессор (1996), Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү (2006), КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер (2008).



**Мырзакматова Айгүл Сапарбековна** – КРнын Билим берүүсүнүн отличниги, доцент.

